**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН Б. ЖАМГЕРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.07.18.574**

Кол жазма укугунда

УДК: 947. 083: 398

**Наркеев Сапарбек Анарбекович**

# ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАР ОРУС КОЛОНИАЛИЗМИ БОЮНЧА ТАРЫХЫЙ-ЭТНОГРАФИЯЛЫК БУЛАК КАТАРЫ

(XIX к. экинчи жарымы - XX к. - биринчи чейреги)

Адистиги: 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология

***тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук***

***даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясы***

**Илимий жетекчиси:** **тарых илимдеринин доктору, профессор О.К. Каратаев**

**БИШКЕК – 2021**

**МАЗМУНУ**

**Киришүү** ……………………………………….………..........................3

**Биринчи бөлүм. Элдик оозеки чыгармалар тарыхый-этнографиялык булак. Орусия падышачылыгынын жүргүзгөн саясатынын оозеки чыгармаларда чагылдырылышы. Булактаануу жана тарыхнаама**

1.1. Тарыхый-этнографиялык (этнологиялык) булактар жана Совет дооруна чейинки тарыхнаама...........................................................................................7

1.2. Совет доорундагы элдик оозеки чыгармаларды, фольклордун үлгүлөрүн изилдөөнүн тарыхнаамасы (1918-1991 жж)...................................................19

1.3. Эгемендүүлүк доорунда элдик оозеки чыгармаларды изилдөөлөр (1991-2020 жж.).......................................................................................................28

**Экинчи бөлүм. Элдик оозеки чыгармаларды изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери**

2.1. Элдик оозеки чыгармаларды изилдөөнүн теориялык негиздери ...............34

2.2. Изилдөөнүн методологиясы жана методдору ............................................50

**Үчүнчү бөлүм. Элдик оозеки чыгармаларды тарыхый-этнографиялык жактан иликтөө жана азаттык идеясынын чагылдырылышы**

3.1. XIX кылымдын аягы –XX кылымдын башында орус падышачылыгынын оторчулук саясатын чагылдырган элдик оозеки чыгармалар тарыхый-этнографиялык булак катары..........................................................................61

3.2. Орусия падышалыгынын жергиликтүү элге карата жүргүзгөн отордук саясаты элдик оозеки чыгармаларда жана тарыхый-этнографиялык булактарда баяндалышы ........................................................................................ 115

**Төртүнчү бөлүм. Кыргыздардын оторчулукка каршы күрөшүнүн элдик оозеки чыгармаларда, фольклордун үлгүлөрүндө баяндалышы. Тарыхый-этнографиялык өңүттөгү иликтөө**

4.1. Анжиян кыргыздарынын көтөрүлүшү – элдик оозеки чыгармаларда ......144

4.2. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышы.......................................................................159

**Корутунду**……………………………...…..................................................178

**Тиркемелер.**.............................................................................................................

**Информаторлордун тизмеси..**.........................................................................179

**Колдонулган адабияттар жана булактардын тизмеси ...**..............................185

# Киришүү

**Теманын актуалдуулугу.** Кыргызстан жана кыргыз калкы эгемендүүлүккө ээ болгондон тартып (1991-ж.бери карай), элибиздин басып өткөн карт тарыхына, тагыраак айтканда этногенез маселелерине, этникалык тарыхына, этносаясий жана руханий баалуулуктарына болгон илиий өңүттөгү кызыгуулар жанданды. Гуманитардык багыттагы илимдер, анын ичинен тарых жана этнография илими - элдик оозеки чыгармаларсыз, фольклорсуз изилденүүсү мүмкүн эмес. Себеби, аталган булактар тарых жана этнография этносаясаясат таануу илимдери үчүн көөнөргүс булак катары кызмат өтөрү ырас. Ириде, кыргыз элинин тарыхы элдик, этнографиясы элдик оозеки чыгармаларда, фольклордун айрым жанрларында (санжыралык же генеалогиялык маалыматтар, болмуштар, тарыхый баяндар) абдан мыкты сакталып калган.

Ал эми элдик оозеки чыгармаларда, фольклордун үлгүлөрүндө калктын каада-салттары, үрп-адаттары, жөрөлгөлөрү, салттуу маданияты, элдин тарыхый-философиялык эс-тутуму, этносаясий маданияты, этнопсихологиясы жашаган аймагындагы жер-суу аталыштары, инсандар туралуу маалыматтар ж.б. этнографиялык (этнологиялык) булактар арбын кездешет. Ооба, элдик оозеки чыгармалар, фольклордун үлгүлөрү ж.б. тарыхый-этнографиялык маалыматтар этностун өзүн-өзү аңдап түшүнүүсүнүн, этносаясат таануу илиминде негизги булак болуп калары шексиз. Себеби, этнологиялык маалыматтар, каада-салт, үрп-адат, жөрөлгө жана салттуу маданиятка байланышы бар тарыхый окуялар калктын тарыхый тагдырына, эс-тутумуна, психологиясына этносаясий аң-сезимине таасир этет, тагыраак айтканда, оозеки чыгармаларда өткөн доордун тарыхы, жашоо шарты (салттуу маданияты, тамак-ашы, кийим-кечеси, музыкасы, дастандары ж.б.), образы ж.б. тарыхый-этнографиялык, этносаясат таанучу маалыматтарды берген окуяларды, тарыхый кубулуштарды чагылдырары калетсиз.

Орус падышалыгынын оторчулук доорун изилдөөдө (1876-1918 жж.) элдик оозеки маалыматтарга жана оторчулук же колониялдык доордо жашап өткөн заманчы-акындар Молдо Нияз, Молдо Кылыч, Жеңижок ж.б. чыгармалары маанилүү булак катары кызмат өтөйт. орус оторчулук доорун изилдөө этнография , этносаясат таануу илиминде актуалдуу маселелердин бири болуп саналат. Ириде, элдик фольклордо, анын ичинде оозеки жана жазуу түрүндө айтылган чыгармаларда оторчулук доорго сын-көз караш менен карап, эски заманды барктаган учурлар кездешет. Демек, элдик чыгармаларды тарыхый жана илимий булактар менен салыштырып изилдөө кыргыз этносунун келип чыгышын, этногенезин, этникалык тарыхын, этносаясий жана салттуу маданиятын тарыхый-этнографиялык, этносаясат таануу өңүттө иликтөөлөр кыргыз тарыхынын жана этнография илиминин айрым баскычтарын, ак тактарын калыбына келтирүүгө көмөк берери белгилүү.

Элдик оозеки чыгармаларда, ж.б. тарыхый баяндарда ошол тарыхый доорлордо болуп өткөн этносаясий процесстер окуянын негизги өзөктүү окуялары чагылдырылган. Жазуу маданиятынын өнүкпөй калган шарттарында оторчулук доордогу тарыхый-этнографиялык маалыматтардын көпчүлүгү оозеки түрдө айтылып келген. Мурдагы Совет доорунда падышалык Орусиянын оторчулук саясатынын изилдениши тарыхый жазма даректерге таянып жазылганы белгилүү. Совет доорунда жана эгемендик доорунда оозеки чыгармалар тарыхый булактардын катарына кирбей калгандыктан, инсаният же инсантаануу, этносаясат таануу жаатында айрым мүчүлүштүктөргө жол берилгени маалым. Бул доордо кыргыздарга кошуна болуп калышкан Орусия падышачылыгы жана Англия сыяктуу “чоң оюнчу” державалардын аскердик-дипломатиялык саясатынын таасирлери күч болгон. Чыгыш тараптан циньдик Кытайдын таасири да сезилерлик болгондугу белгилүү. Чоң мамлекеттердин Борбордук Азияга жана ага чектеш аймактарга үстөмдүк кылуу үчүн уюштурган “геосаясий оюндары” кыргыз элинин бир мамлекетке биригүүсүнө тоскоолдук жаратышкан, “бөлүп-жарып башкар”, “момпосуй жана камчы” саясатын ишке ашырганын элдик фольклордун маалыматтары тастыктап турат.

Ошондон улам, оторчулук дооруна тарыхый жазма булактардын негизинде гана иликтөөлөр жүргүзбөстөн, элдик оозеки чыгармалардын көмөгү аркылуу дагы салыштырып изилдөө соңку мезгилдин талабы болуп калды.

Кыргызстандын аймагына ар кандай максаттар жана атайын аскердик-чалгын тапшырмалары менен келген саякатчылар, аскер адамдары, дипломаттар, тыңчылар кыргыздардын жашоо-турмушуна, каада-салтына, жөрөлгөлөрүнө, чарбалык укладына, тилине, салттуу маданиятына отурукташкан ж.б. элдерден болгон айрымачылыктарына да саресеп салышкан, бул багыттагы тарыхый-этногафиялык маалыматтар батыштын жана орус илим адамдарынын XIX к. экинчи жарымы – XX к. биринчи чейрегинде жазышкан жана изилдешкен эмгектеринде даана чагылдырылганы илимге белгилүү. Мисалга, орус армиясынын генерал-лейтенанты Н.Г.Гродеков жана чиновник К.К.Казанский кыргыздардын улуттук этнографиялык оюндарынын бири болгон “көк бөрү” мелдешин көрүшүп, анын прикладдык жана түпкү маанилерин аңдап-түшүнүүгө аракет жасашкан: “XIX к. орус императордук армиясынын генерал-лейтенанты, Орто Азияны изилдеген окумуштуу Н.Г.Гродеков [80, 132-б] кыргыздардагы спорттук оюнду сүрөттөп жазган: “Жайма көк бөрү” же “аламан көк бөрү” улак тартууга арналган байгелер берилип бүткөндөн кийин калыстын же болбосо той-аштын ээсинин кулактандыруусу менен өткөрүлгөн. Айрым учурларда жайманы оюндун биринчи фазасында эле жарыялашкан. Натыйжада, оюнда ар бир катышуучу жеке өзү үчүн аракеттенген. Ошол эле учурда оюндагы таймашта бири-бирин колдооону алдын-ала сүйлөшүшүп, өз ара келишип алышкан улакчылардын беттешүүдөгү соорун үчүн ийгиликти камсыз кылуусу салыштырмалуу жеңил болгондугу ырас. Албетте, мындай шериктештердин катарында күч-кубаттуу жана тажрыйбалуу улакчылар зарыл болгон. Оюнчулардын алдындагы максат улакты тартып алып качып, негизинен чөлкөмдөгү калктын ичинен марттыгы менен айырмаланган кадырлуу, бай адамдын боз үйүнүн босогосунун алдына таштоо болгон. Мурдатан келе жаткан шартка ылайык үй ээси жеңүүчүгө сырт кийим (тон, чапан), мал же акча түрүндө белек тартуу кылышы керек болгон.

Айрым учурларда оюнду узартуу үчүн жаңы союлган улак бергендиги тууралуу да маалыматтар кезигет.

1895-ж. Алайда “көк бөрү” оюнуна Ташкенттен келген орус чиновниги К.К.Казанский [106, 74-75-б] (ал “кукбурэ” деп жазат) адигине жана жапалак (мунгуш) урууларынын ортосундагы мелдешке күбө болгон. “...Бизге көчмөндөр келишти жана “кукбурэ” (кырг. “Көк бөрү”) салттуу оюнун көргөзө башташты. Көпчүлүгү шынга бойлуу, кыймылы начар, көз жана тери ооруударынан запкы жеген, мүнөздөрү жоош көрүнгөн кыргыздар атка минишкенде таптакыр өгөрүштү, биз көргөн көрүнүш түп тамырынан бери өзгөрдү. Ат үстүндөгү кыргыз шамдагай, ийилчек, ишенимдүү боло түштү, кыргыздардын эпчил жана чарчабаган чабандес, ат үстүндө узак жол жана татаалдыктарга кадыресе чыдашкандары бизди таң калтырды. “Кукбурэ” оюну абдан кызыктуу өттү, жеңген тарап болгон жапалак уруусуна баалуу сооруундар ыйгарылды”-деп жазган К.К. Казанский. Бул мисалдардан Кыргызстандын аймагына келген илимпоздор, саякатчылар, аскер адамдары ж.б. эмгектеринде этнографиялык зарыл материалдардын бар экендигин байкайбыз.

Элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнүн же фольклордун бир жанры деп аталып калган санжыранын кыргыздардын этникалык тарыхын изилдөөдө мааниси зор. Негизинен, “алай кыргыздары”, “анжиян кыргыздары” деген аттар менен тарыхка кирген түштүк кыргыздары, анын ичинде кыргыздын оң канатындагы эң ири уруулук бирикме болгон адыгинелер батыш илим адамдарынын да назарында болушкан. Орус аскердик-чалгындоо кызматынын изилдөөчүсү Л.Ф.Костенко 1876-ж. Кыргызстандын түштүгүн Россия империясы жаңы эле басып алгандан соң кыргыздар тууралу жыйналган маалыматтарды ирээтке келтирип басмадан чыгарган. Чоң Алай чөлкөмүндөгү Алтын-Дараа, Көк-Суу, Дараут-Коргон тараптагы Ичкиликтер (Булгачылар) уруусу, Кичи Алайды байырлаган оң канатка кирген уруулар жөнүндө жазат. Иликтөөчү Мунгуш уруусун 12 урукка, Адыгинени 14 урууга ажыраткан: ”1.Бюрю (Бөрү), 2.Барге (Баргы), 3.Ольджаке (Олжоке), 4.Тауке (Тооке), 5.Караварге (Кара баргы), 6. Сарыварге (Сары баргы), 7.Тасдар (Таздар), 8.

Кокчеуглу (Көкчө уулу), 9.Ильчебек (Элчибек), 10.Сартдар (Сарттар), 11.Савай (Савай), 12. Джуру (Жору), 13. Ардай (Ардай), 14.Муник (Мөнөк)...” Мунгуштар болсо төмөндөгүдөй уруктарга ажырайт: “...1.Кудагачинь (Кодогочун), 2. Джапалакь (Жапалак), 3. Түлейкен (Төлөйкөн), 4.Джоош (Жоош), 5. Жильгелды (Жылкелди), 6. Сарлар (Сарылар), 7. Сарай (Сарай), 8. Кук джатык (Көк жатык), 9.Соколок (Соколок), 10. Тейке (Тэке), 11. Ирке кашка (Эрке кашка), Монгол (Монгол)”- уруктары тууралу маалыматтарды келтирген Л.Ф.Костенко [123., 72-б]. Демек, кыргыз элдик оозеки чыгармалары, кыргыздардын этникалык саясий аң сезимин, этникалык эс тутумун чагылдыруучу документ болуп саналат.

**Диссертациянын темасынын негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.** Диссертация Б. Осмонов атындагы Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы кафедрасында аткарылды жана демилгелүү иш болуп саналат.

**Диссертациялык иштин максаты**. XIX кылымдын экинчи жарымында кыргыздарды орус падышалыгынын кыргыз жерин жана элин каратып алуусун,кыргыздардын ж.б. этностордун колонизаторлорго каршы биргелешкен күрөшүн, XIX к. экинчи жарымы – XX к. биринчи чейрегиндеги Орусия империясынын колониялдык-административдик башкаруу системасы жана отордук саясатынын орношу; оторчулардын этносаясатынын негизинде келип чыккан кыргыз элинин азаттык күрөшүнүн элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын тарыхый-этнографиялык булак катары изилдөө, талдоо жана системалаштыруу болуп калды.

Бул максатка жетүү үчүн **төмөндөгүдөй милдеттер** коюлган:

- кыргыз элинин XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы социалдык-экономикалык абалын жана азаттык күрөшүн булакнаамалык адабияттар менен элдик оозеки чыгармаларга салыштыруу, тарыхый-этнографиялык, этносаясат таануу өңүттөн изилдөө;

- элдик оозеки чыгармалардын, фольклордун айрым жанрларынын (санжыра, болмуш, уламыш, тарыхый баяндар) тарыхый-этнографиялык, этносаясат таануу булак катары маанилүүлүгүн ачып берүү;

- элдик оозеки чыгармалардын, фольклордун үлгүлөрүнүн тарых, этнография илимдериндеги ээлеген ордун жана ролун аныктоо үчүн фольклордук чыгармалардын теориялык жана методологоиялык негиздерине көңүл бөлүү;

- элдик фольклордун үлгүлөрүндөгү (мисалы, санжыралык маалыматтар) азаттык идеясынын калыптануусунун эволюциясын тарыхый-этнографиялык, этносаясий өңүттө сыпаттоо;

- акын-заманчылардын этносаясий көз-караштарын, алардын оторчулук, элдин жашоо шарты, келечеги тууралуу айткан көз караштарын тарыхый-этнографиялык, этноосаясий өңүттө карап чыгуу;

- автор тарабынан калк арасынан жыйналган материалдардын, элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүнүн ичиндеги кыргыздардын этнологиялык, этносаясат таануу маселелерине саресеп салуу;

- Орусиянын отордук саясатынын кыргыздардын этносаясий аң сезиминин оң жана терс жактарынын оозеки элдик чыгармаларда чагылдырылышын иликтөө, бул маселеде айрым түзөтүүлөрдү, тактоолорду киргизүү.

**Иштин илимий жаңылыгы**. Кыргыз тарыхы жана этнография илиминде XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы орус падышачылыгынын отордук саясатын, элдин азаттык күрөшүн элдик оозеки чыгармалардын негизинде изилдөө алгачкы ирет өз алдынча илимий проблема катары диссертациялык деңгээлде тарыхый-этнографиялык, этносаясат таануу өңүттөгү иликтөөгө алынды;

- тарыхый жана этнографиялык булактардан болгон элдик оозеки чыгармалардын тарыхый окуяларды калыбына келтирүүдөгү орду жана ролу такталды;

- элдик оозеки чыгармалардын, анын ичинен фольклордун айрым жанрларынын (санжыралык маалыматтар ж.б.) теориялык жана методологиялык негиздери изилденди;

- XIX к. экинчи жарымы – XX к. биринчи чейрегиндеги тарыхый жана этнсаясий окуяларга байланыштуу маалыматтар автор тарабынан калк арасынан жыйналган этнографиялык талаа материалдарынын (санжыра, болмуш, тарыхый баян ж.б.) эсебинен байытылды;

- отордук саясатка каршы күрөштү чагылдырган, мурда илимге белгисиз болуп келген тарыхый-этнографиялык, этносаясий маалыматтардын жаңы үлгүлөрү табылып, илимге сунуш этилди;

- изилдөөнүн жыйынтыгында орус падышалыгынын отордук жана баскынчы саясатына каршы күрөштү жетектеген, эл башкарып, элин-жерин коргогон, айрым себептер менен эскерилбей келген, тагдыры чиеленишкен инсандардын этнократиялык тарыхый орду тастыкталып, ишмердүүлүктөрү такталды, тарыхый жана этнографиялык булактардын негизинде илимий чөйрөгө сунушталды;

- элдик оозеки чыгармалар тарыхый-этнографиялык булак болуу менен орус падышачылыгына каршы кыргыздардын азаттыкка чыгуу күрөштөрү далилдүү фактылар жана элдик оозеки чыгармалардагы маалыматтар менен тастыкталды;

- изилдөө объектиси болгон элдик оозеки чыгармалардын негизинде тарыхый окуялар менен элдик оозеки чыгармалардын тарыхый-этнографиялык параллелдүү жалпылыктары такталды;

- 1873-1876-жылдардагы, 1898-жылдагы Анжиян кыргыздарынын көтөрүлүшү жана 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүшү кыргыз мамлекеттүүлүгү, азаттыкка чыгуу үчүн этносаясий күрөштөрү тарыхый-этнографиялык булактардын жана элдик оозеки маалыматтардын негизинде "кыргыз элинин азаттык күрөшүнүн ыкмасы" деп аталып, бул маселеде жаңы көз караштар сунушталды.

**Диссертациянын илимий-практикалык мааниси.** Диссертация үчүн жыйналган маалыматтар, изилдөөнүн жыйынтыктары, айтылган пикирлер жана көз караштар кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын жана этнографиясын окуп-үйрөнүүдө, чөлкөм таануу, инсан таануу багыттарындагы изилдөөлөрдө, жалпы Ата Мекен тарыхын иликтөө иштеринде, атайын жана тандап алуу курстарын даярдоодо, орто жана жогорку окуу жайларынын окуу жана тарбия берүү процесстеринде кеңири пайдаланууга болот. Мындан сырткары, диссертациянын материалдарын элдик оозеки чыгармаларды изилдөөдө кеңири пайдалануу менен, окуу процессине зарыл болгон этнографиялык, тарыхый, этносаясат таануу жана фольклордук багыттагы китептерди жазууда пайдаланууга болот.

**Коргоого алынып чыгылуучу негизги жоболор:**

- Элдик оозеки чыгармалар, фольклордун айрым жанрларынын тарыхый окуяларды жана кубулуштарды изилдөөдө тарыхый-этнографиялык этносаясат таануучу булак болуп калат;
- тарыхый-этнографиялык булактардын бир тарабы болгон элдик оозеки чыгармалар, фольклордун үлгүлөрү менен тарыхый жазма булактарды айкалыштырып изилдөө иштери аталган проблема боюнча олуттуу натыйжаларын берери ырас;
- фольклордун бир жанры болгон генеалогиялык баяндар (санжыралар, болмуштар, тарыхый баяндар) XIX к. орто чени - XX к. биринчи жарымы боюнча тастыкталган тарыхый булак катары кызмат өтөй алат;
- элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүндөгү өткөн тарыхый доорлордун урунтуу тарыхый окуялары, белгилүү тарыхый инсандары жана алардын тагдырлары боюнча маанилүү булак болуп калат;
- диссертациялык иште автор тарабынан Кыргызстандын аймагында жана андан сыртта жашаган калктын оозунан жыйналып алынган этнографиялык талаа материалдары пайдаланылды;

- XIX кылымдын экинчи жарымы - XIX кылымдын башында кыргыздардын “үч чоң державалардын” (Орусия, Англия, Цинь Кытайы) стратегиялык талашына айлануусу, кыргыздардын саясий бытырандуулугу булактаануучулук адабияттарда жана элдик оозеки чыгармаларда, фольклордо бирдей тастыкталат;

- диссертациялык иште орус падышалыгынын колониалдык жана баскынчы саясатына каршы күрөштү жетектеген, айрым себептер менен эскерилбей келген инсандардын тарыхый орду тастыкталып, ишмердүүлүктөрү такталды, тарыхый жана этнографиялык булактардын негизинде илимий чөйрөгө сунуш этилет

- колониалдык саясатка каршы күрөштү чагылдырган, мурда илимге белгисиз болуп келген фольклордук, тарыхый-этнографиялык маалыматтардын жаңы үлгүлөрү табылып, иликтенди;

- азаттык, мамлекеттүүлүк үчүн кандуу күрөштөрдө кыргыздан чыккан тарыхый инсандардын мекенчилдигин, кыргыз жерин, элин сактоодо жан аябай каармандыктарын көрсөтүшкөндүгү элдик оозеки чыгармалардагы маалыматтарда, тарыхый-этнографиялык булактарда чагылдырылган;

- орус падышалыгына каршы азаттык күрөштөрдө кыргыздардын башкаруучу төбөлдөрүнүн өнөктөштүгү, этносаясий жактан азаттыкка умтулуулары маанилүү саясий ролго ээ болгон. Падышачылыктын администрациясы жана куралдуу күчтөрү кыргыздардын үстүнөн туруктуу бийлигин орнотууну ишке ашыргандыгын тарыхый-этнографиялык булактардан болгон элдик оозеки чыгармалар, фольклордук булактардын үлгүлөрү да ырастайт;

- заманчы - философ акындардын боштондук, теңчилик, тынчтык жана кыргыздын болочок жашоосу тууралуу айткан, жазган чыгармаларына тарыхый-этнографиялык, этносаясий өңүттө анализденет, изилденет;

- Түштүк кыргыз урууларынын башкаруучулары Алымбек датка, Алымкул аталык, Исхак Асан уулу, Полотбек Токтогул уулу, Шер датка,

Шамырза датка, Миңбай датка, Момун даткалар Кокон хандыгын кыргыз мамлекети катары кабыл алышып, ордо саясатына активдүү катышкандыгын элдик оозеки чыгармалардын маалыматтарында, фольклордун үлгүлөрүндө такталат;

- диссертациядагы изилдөөлөрдүн негизги объектиси болгон элдик оозеки чыгармалар, фольклорун айрым жанрларындагы (мисалы, санжыралык маалыматтар) маалыматтар менен тарыхый окуялар жана элдик оозеки чыгармалардын ортосунда тарыхый-этнографиялык параллелдүү жалпылыктар такталды.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:**

- автор тарабынан Кыргызстандын Ысык-Көл, Нарын, Чүй, Талас, Жалал-Абад, Ош, Баткен областтарында жашаган кыргыздарды мүлдө кыдырылып, эл оозунан сурамжылоолор, маалыматтар чогултулуп, жыйналган материалдарга талдоолор жүргүзүлдү;

- изденүүчү тараптан республикалык илимий китепканалардан, архивдерден, илимий китепканалардан зарыл маалыматтар иргелип алынды;

- диссертациялык иште автор тарабынан калк арасынан жыйналган этнографиялык (этнологиялык) өңүттөгү маалыматтардын басымдуу бөлүгү пайдаланылды;

- изилденүүчү маселе боюнча көптөгөн тарыхый жазма булактар жана тарыхнаамалык адабияттар, илимий адабияттар, тарыхый документация (архивдик материалдар) иликтенди, анализ жасалды;

- орус окумуштуу-саякатчыларынын, аскер чыгыш таануучуларынын кыргыз элинин саясий-социалдык абалы менен катар каада-салты, тили, маданияты, жөрөлгөлөрү тууралу берген маалыматтары изилденди;

- айрым тарыхый булактарда, изилдөөлөрдө эскерилбей же маани берилбей калган тарыхый окуяларга жана кубулуштарга элдик оозеки чыгармалардын, тарыхый-этнографиялык материалдардын көмөгү менен тактоолор киргизилди;

- ата мекендик жана башка өлкөлөрдөгү илимпоздордун монографияларына саресеп салынды, таанымал изилдөөчүлөр, фольклорчу, белгилүү тарыхчы-этнографтардан кеп-кеңештер, сунуштар алынды;

- автор тарабынан илимге жаңы тарыхый-этнографиялык (этнологиялык) материалдар, маалыматтар киргизилди.

**Илимий изилдөөнүн апробацияланышы:** Диссертациялык изилдөөнүн негизги теориялык, методикалык жана практикалык негиздери, илимий-практикалык жыйынтыктары Эл аралык жана Республикалык Симпозиумдарда, Конгресстерде, илимий конференцияларда, тегерек үстөлдөрдө апробацияланды.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу.** Диссертациянын темасынын алкагында автор тарабынан ар кыл илимий басылмаларда 13 илимий макаласы жарыяланды.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү** коюлган милдет, максат жана изилденүүчү маселелерди чечүүнүн логикалык ырааттуулугу менен шартталган. Иш киришүүдөн, төрт бөлүмдөн, тогуз параграфтан, корутундудан, тиркемелерден жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат. 360 аталыштагы колдонулган адабияттар жана булактардын, информаторлордун, тиркемелердин тизмеси берилди. Диссертациялык иштин көлөмү 219 беттен турат.

# Биринчи бөлүм. Элдик оозеки чыгармалар тарыхый-этнографиялык булак. Орусия падышачылыгынын жүргүзгөн саясатынын элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышы. Булактаануу жана тарыхнаама

## 1.1. Тарыхый-этнографиялык (этнологиялык) булактар жана Совет дооруна чейинки тарыхнаама

Кыргызстандын Орусия оторчулугуна баш ийиши туралуу элдик оозеки маалыматтарды тарыхый-этнографиялык, этносаясат таануу илимдеринде булак катары колдонуу, асыресе соңку мезгилге чейин изилденбей келгендиги чындык. Элдик фольклорду тарыхый булак катары колдонуунун негизги максаты, элдик оозеки чыгарма ар бир этностун маданиятынын негизин жана тарыхый эс тутумун, идентүүлүгүн түзөт. Демек, элдик оозеки маалыматтар тарыхый эс тутумду, этносаясий аң сезимин толук чагылдырып бере алат. Кыргыз журтунун аймагындагы орус отордук доорун элдик оозеки чыгармалардын негизинде иликтеген эмгек азырынча сейрек.

Орто Азиянын, Кыргызстандын жаратылышына, анын ичинде Аксы, Анжиян, Алай аймагында жашаган кыргыз калкына, алар катышкан окуяларга жана руханий дүйнөсүнө жалпы сереп салган мындай чыгармалар публицистикалык, журналисттик жана адабий чыгарма түрүндө көп эле жарык көргөн. Авторлордун басымдуу көпчүлүгү ошол мезгилдин окуяларынын катышуучулары болгондуктан, алардын изилдөөлөрү фактылык материалдарды кеңири берүү жагынан башкалардан айырмаланып турат.

Оторчулук дооруна чейинки, ошол эле отор доору мезгилиндеги жалпы орус тилиндеги кеңири адабиятты шарттуу түрдө үчкө бөлүп алсак туура болот. Биринчиси, тарыхый булак катары “Ветхий Завет» [68]. Бул эмгекти оторчулардын дини туралуу маалыматты алууда пайдаландык. Ал эми «Инжил» [95], бул эмгектен кыргыз элинин тарыхый эс тутумунда сакталган Машаяк деп кыргыздар Иисус Христосту атагандыгы тууралуу маалыматты элдин оозеки эс тутумунда сакталгандыгын салыштырдык. Ошондой эле кыргыз элинин

салттык ислам дини туралуу маалыматты Жеңижок [232] акындын ырлары менен “Исламдын кыскача баяны” [96] эмгеги пайдаланды.

Кыргызстандын Мамлекеттик архивинде фольклордук маалыматтар[15, 16, 17, 18], согуштан кийин элдик иинтелигенттердин куугунтукка алынышы [12, 19], орус отордук доорун изилдеген инсандар туралуу маалыматтар сакталып турат.

Кыргыздын алгачкы тарыхчы-этнографы Б. Солтоноев менен Талып Байболот уулунун (Талып Молдо) жана фольклор таануучу Н. Веселовскийдин[66] “Түркстан крайындагы орустардын жеңип алуулары туралуу кыргыз ырлары” Санкт-Петербургдан 1894-жылы жарыкка чыккан. XIX кылымдагы казак акыны Жанкиси Бинин «Кокон ханына айтканы» деген ырынан жана “Эл адабияты сериясы: Тарыхый ырлар, кошоктор жана окуяларды” алууга болот [250]. Мында дагы орус оторчулугуна тийиштүү эмгектер бар, ошондой эле оторчулук доордо жашап, ошол доордун саясий-социалдык процесстерин башынан өткөргөн акын Молдо Нияздын «Санат дигарасттар» [237] деген аталыштагы эмгегинде отор доорун абдан мыкты баяндаган эмгектердин бири болуп саналат.

Талып Молдонун жазган маалыматтарында орус колониалдык саясаты туралуу ачык-айкын сын-пикир айткан акын-тарыхчы катары белгилүү. Талып Байболот уулунун (Талып Молдо) орус колонизаторлору келгенде кыргыздын бий, бектеринин ал-абалы туралуу мындайча эскерет: “Ал убакта жаңыдан оруска караган четтеги казак-кыргыз Алматыдагы губернатор Колпаковскийдин өкмөтүнөн ар бир ойозго башчы акимин өзүнө тийиштүү аскери менен коюп, кээ бир саясий айыптуу деп кармаган кишисин катлешке деп туюк үйгө кармаганын көрүп, баш кишилер чоочуп, “бул жаман жоо экен, мен буга карабаймын”, – деп бугудан Балбай баатыр, Алматы казагынан Шоорук баатыр, Тазабек баатырлар менен Кулжа Султанына качып кетти. Кийин кыргыз, казактардан башчы кылып, жүздөн ашык казак-орустарды жиберип, андытып, бейкут жаткан Балбай баатырды, Шоорук баатырды кармап алып келип, Алматы

түрмөсүнө салды. Балбай баатыр ошол Алматы түрмөсүндө жатып өлдү" – деген маалымат берилет.

Элдик оозеки маалыматтарга караганда Талып Молдонун [27] жазып калтырган эмгегинен орус оторчуларынын кыргыз элинде ээнбаш саясаты тууралуу ачуу чындыкты айткандарына назар салсак, анда: "Ойоздун жасоолдору тилмеч менен айылга барып, байлардын жакшы аттарын коркутуп алып, ичик, чапан, согумга семиз бээ, ирик кой алып кетишчү"- деп эскерет. Мындай ээнбаш орус оторчуларынын саясаты, элдин нараазылыгын күчөткөн. Оторчулардын башкаруучулары баш көтөргөн журт башчыларды орус отордук бийлигине каршы чыккан деп жазалоосу күч алган. Ошондой жазага Балбай баатыр туш болгон. Ал туралуу элдин "Балбай" поэмасында: "Көлдү орус алган сон / Кантип жүрөм ич күйүп" - деп берилет. Балбайдын кыргыз жери, эли деп жан дүйнөсү ооруп, ошол учурдагы айрым кыргыз бий-бектеринин орус бийлигине сатылып кеткенине нааразы болгон. Ал орус аскерлери менен катуу кармашып, жалтанбаган, кайраткерлиги менен чыныгы баатыр экендиги поэмада этносаясий жактан баа берсек болот. Ал эми орус отордук бийлигин колдогон Боромбай баштаган төбөлдөр болгон. Анын "Боромбайдын, Балбайдын" [23] керээзи деген элдик ыры КРнын УИАнын кол жазмалар фондусунда сакталып турат.

Солтобай тарабынан айтылган жана Арстанбек тарабынан так аткарылганына таасирленүүгө болот. Бул окуя 1858-жылдары болгону баяндалат. Орус колониализми, Шабдан баатыр тууралуу маалыматтарды манасчы Сагымбайдын ырлары менен катар эле Ысак Шайбековдун [20], О. Сыдыковдун (Чаар Осмоналы)[188] "Тарих–и кыргыз Шадмания", Пишпек уездинин кыргыздарынын 30-июнь 1905-жылдагы Ш. Жантаевдин жетекчилигинде Орус бийлигине кайрылып "петиция" даярдаганы белгилүү. Ошондой эле Ч.Валихановдун [60] "Аблай хан туралы жыр" жазган ырлары да тастыктайт.

"Балбайды" айтуучу Б. Б. Айтбаев [21] 1926-жылы Х.Карасаев жыйнаган (латын арибинде), "Балбай" айтуучу Жакшылык Сарык уулу, Османалы

Мамыркан уулу; “Балбай, Балбак” белгисиз автор (латын арибинде) 1940-ж., ошондой эле К.Мифтаков [24] тарабынан жазылып алынган кол жазмаларды атоого болот.

Заманчы Молдо Кылычтын [238] «Казалдар» аттуу эмгегинде орус колониалдык саясаты ачык эле сынга алынган. Кыргыз тарыхындагы мыкты ырлардын катарын толуктаган мыкты чыгарма. Чыгарманын баалуулугу XIX жана XX кылымдын башындагы Чүй аймагындагы, анын ичинен Токмок шаарындагы соода-сатык жумуштары жана орус келгиндеринин колониалдык саясаты ар тараптуу баяндалат.

Кыргыз Улуттук Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондунда 1916-жылдагы мезгилге тиешелүү “Козголоң ырынын [26], Талып Байболотовдун [27] кол жазмасы, Аксы жергесин [1] анын ичинен Кызыл-Жар районунан 1916-жылдары оорук жумуштарына канча адам тартылганы туралуу архивдик маалыматтар кездешет.

Совет дооруна чейинки тарыхнаамалык эмгектерден К. Абазанын [35], Корытовдун [116] эмгеги Полот хан туралуу алгачкы маалыматтарды берет. Н. Павловдун “Кокондское ханство” деген аталыштагы эмгекти белгилейбиз. “Пишпек жана Токмок чептеринин алынышы” деген эмгекти жана 1907-жылы жарыкка чыккан. Ошондой эле “Кыргыздардын чарбасына колонизациянын тийгизген таасири” деген эмгекте кыргыз чарбасында бир топ прогресстер болгонун баяндалат. А.И. Левшиндин [124] киргиз-кайсактардан айырмаланган чыныгы кыргыздар жөнүндөгү изилдөөсү берилген. Ошондой эле Д.И. Мушкетов [125] Кыргызстандын Көк-Арт өрөөндөрү аркылуу, Нарын аймагын кыдырып, Нарын дарыясы, Ысык-Көл, Соң-Көл, Чатыр-Көл жана жер-суу аталыштары, гидрогеологиялык изилдөөлөрдү жүргүзгөн.

Кыргыздардын ээлеген жерлери Анжиян менен Кашкардын ортосунда жайгашкан. Алар өз башкаруучуларын “бий” деп аташат. Бирок, XIX кылымдын биринчи жарымында Орусия менен Кокон хандыгынын байланышы орноп, соода кызыкчылыгына карата эки өлкөнүн өкүлчүлүктөрү байланыша баштаган убакта түштүк кыргыз уруулары боюнча материалдар көбөйө баштаган.

Кокон хандыгында расмий максат менен барган, эң биринчи орус адамы өзгөчө Сибирь корпусунун офицери, котормочу Филипп Назаров болгон. Ал өзүнүн жол дептеринде Кокон хандыгы, Кокон шаары жана хандыктын тургундары жөнүндө кыскача маалымат берген. Андан кийин Сибирь казак-орус аскеринин ишенимдүү өкүлү Н.И. Потанин - Ички Азияны кыдырган белгилүү саякатчы Г.Н. Потаниндин [161] атасы ферганалыктар жөнүндө маалымат берген. Ал 1829-жылы Петербургдан мекенине кайтып бара жаткан кокон элчилерин Ташкент шаарына чейин узатып барган. Көргөн жана уккан маалыматтары жөнүндө ал атайын 14 баяндама жасап, ал кийин 1831-жылы Аскер журналына басылып чыккан. Ф. Назаров менен Н. Потаниндин жазма кабарлары орус коомчулугунун көңүлүн буруп, 50-60-жылдарда падышалык Орусиянын Орто Азияга болгон саясий кызыкчылыгы өөрчүгөн мезгилде жаңы маалыматтар менен толукталган.

Кокон хандыгы жана анын калкы жөнүндө конкреттүү маалыматтар 1860-жылдары жарык көрө баштаган. Мындай маалымат орус географы, этнографы, публицисти, фольклористи жана ботаниги Г.И. Потанинге [162] таандык.

1849-1852-жылдары сибирдик эки казак-орус: Милюшин менен Батарышкин Кокон хандыгынын туткунунда болушкан. Алардын берген маалыматтары жаш Кудаяр-хандын бийлиги мезгилиндеги Кокондогу окуяларды чагылдырган. Бул материалдар Орус Географиялык Коомунун (РГО) анык мүчөсү А. Макшеев тарабынан жарык көргөн. Ферганалык кыргыздарга тийешелүү кийинки кыска маалымат Венгер Академиясынын мүчөсү, Түркияда жашап жана иштеп, чыгыш тилдерин жакшы өздөштүргөн белгилүү саякатчы теги еврейлерден болгон Арминий Вамбериге [61] (1832-1913) таандык. А. Вамбери 1861-жылы Будапештке кайтып, бир аздан соң Рашид Эфенди деген ат менен дервиш кийимин кийип, Түркия аркылуу Иранга өтөт. Ал Тегерандан 1863-жылы Чыгыш тарапка саякатка чыгып, Орто Азиянын Түркмөнстан, Хива, Бухара, Самарканд шаарларын кыдырган. Анын англис тилиндеги саякат китеби 1864-жылы жарык көргөн. Китепте Кокон хандыгында болбосо да, уккан, окуган материалдарынын негизинде ал мамлекет жана анын тургундары,

кыргыздар жөнүндө кызыктуу тарыхый-этнографиялык маалыматтарды берген.

«Вестник Императорского Русского географического общества» (ВИРГО) аттуу ошол кездеги популярдуу журналга Казак Максимовдун «Кокондо болушу» аттуу аңгемеси жарык көргөн. Фергана өрөөнүн жана анын калкы жөнүндө түрдүү маалыматтарды жарыкка чыгарып турган. Алардын авторлорунун арасында белгилүү Орусиялык чыгыш таануучу В.В. Веньяминов-Зерновдун (1830–1904) [65] ролу чоң. Окумуштуу 1851-жылы Петербургдан Оренбург шаарына Батыш Сибирь генерал-губернатору жана аскер адамы В.А. Перовскийдин кол алдына жиберилген. Ал бул жерде Орто Азия, анын жаратылышы, экономикасы, калкы жөнүндө көптөгөн материалдар менен таанышып, Ферганада болбогону менен окуган маалыматтардын негизинде 1860-жылдан баштап Кокон хандыгы, анын Орусия менен мамилеси, калкы, кыргыздар жөнүндө Алим-хандан Кудаяр-ханга чейинки мезгили боюнча баары биригип, 322 аталыштагы илимий-популярдуу эмгектерди жарыкка чыгаргандыгы маалым.

Орусиялык белгилүү зоолог, Түркстанды изилдеген саякатчы Н.А. Северцовдун [181] (1827–1885) Кокон тарыхына карата башынан өткөн окуясы да кызыктуу. Коконда бир ай туткунда болгон. Сыр-Дайра облусунун ошол кездеги башчысы, генерал Данзастын аракети менен бошонгон Н.Северцов ошол окуяны макала кылып жарыялаган. Кийин, 1864-жылы генерал Г. Черняевди коштоп Чүй жана Сыр-Дарыя аралыгын кыдырган. 1865-1867-жылдары ТеңирТоону изилдеген, 1868-жылы Кожендтин аймагы менен таанышкан. 1877-1878-жылдары Фергана-Памир илимий экспедициясынын башчысы катары бул аймактарда болуп, көптөгөн келгиндердин айылдары, ошондой эле Фергана өрөөндөрүндө кыргыз эли көпчүлүктү түзөрү [160, 7-б] тууралуу баалуу материалдарды топтогон.

Дагы бир эмгектердин негизгиси, албетте, академик В.В. Бартольддун [51] изилдөөлөрү. Академиктин «Кыргыздар» деген тарыхый очерки XVIII-XIX кылымдарды камтыган Мавераннахр арасы жана ал чөлкөмдө жашаган кыргыздар жөнүндө азын-оолак маалыматтарды берет.

Белгилүү казак окумуштуусу Чокан Валихановдун [59, 60] эмгектери да баалуу. Анын бир катар изилдөөлөрүндө Кокон хандыгынын ички абалы, түндүк кыргыз урууларынын Кокон хандыгына болгон мамилеси жөнүндөгү пикирлери, «Манас» эпосу туралуу этнографиялык маалыматтары жана отор доорундагы бий жана казылар, оторчулардын сот иштери тууралуу маалыматтар диссертация үчүн маанилүү. Ал кыргыздардын жашоо-турмушуна, каада-салт жана үрп-адаттарына байкоо жүргүзгөн. Ал эмгегинде тынымсыз жүргөн ички карама-каршылыктар Бухаралык эмирдин басып киришине шарт түзгөнүн туура белгилейт.

1868-жылы орус-кокон келишими түзүлгөндөн кийин Кокон хандыгынын ээлигине тарыхчы-этнографтар, чыгыштаануучулар атайын илимий максаттар менен келе башташкан. Кокон хандыгынын социалдык абалы, калктын турмуш-тиричилиги, жашоо шарты, айрым этнографиялык өңүттөгү байкоолору, хандыктын ички-тышкы саясаты, алык-салык системасы жөнүндө маалымат берген А. Кундун [100], К. Палендин [153] эмгектеринде чагылдырылган. Бул эмгектер чөлкөмдөгү калктын жашоосун чагылдырган этнографиялык булактар болуп калары ырас.

XIX кылымдын 70-жылдарындагы Кокон хандыгынын саясий, социалдык-экономикалык турмушун чагылдырган эмгектердин ичинен 1868-жылы Ташкенге, анан Фергана өрөөнүнө келген чыгыш таануучу А.Л. Кундун [100] эмгектери этнография илими үчүн баалуу. Анын изилдөөсүндө Кокон хандыгынын ички абалы, Кудаяр хандын элге каршы зордук-зомбулугу мүнөздөлүп, айрым элдик толкундоолордун себептери көрсөтүлгөн. А.Л.Кун жогорудагы аталган саясий маселелер менен катар жергиликтүү калктын жашоо тиричилигин баяндаган этнографиялык малыматтар кездешет. Автордун эмгектеринде так талашуу үчүн болгон көчмөндөр менен отурукташкан калктын ортосундагы саясий күрөштөр кеңири чагылдырылган.

Кокон хандыгындагы алык-салык системасынын түрлөрү Н.Н. Пантусов [154, 155] тарабынан изилденип, көлөмдүү тарыхый очерк түрүндө жарык көргөн. Автордун маалыматы боюнча, өзгөчө Кудаяр хандын мезгилинде

салыктын түрлөрүнүн эбегейсиз көбөйгөнүн белгилейт. Кыргызстандын түштүк аймактарынын жери жана калкы тууралуу баалуу материалдар саякатчы А.П.Федченконун [203] Фергана өрөөнү, Алай, Памир тоолоруна болгон саякатынын жыйынтыгындагы даректер, эмгектеринде жайгаштырылган. А.П. Федченконун Шералынын саясий бейнесине кайрылуусу кызыктуу. 1868-1871-жылдары Кокон хандыгында болгон саякатчы хан Шералыны эл арасында чечкиндүү эмес, таасири жок бош адам катары баалап, анын эл арасында «шавля», «ботко» сыяктуу атка конгонун белгилейт. С.Хедин [186 ] эмгегинде Алай кыргыздары алардын жашоо образы тууралуу жана кыргыздар жер суу аталыштарында «арт» терминин колдонушарын белгилейт.

Өзүнүн көрүп-билгендери жана тарыхый ж.б. булактардын негизинде Кокон хандыгынын саясий тарыхын чагылдырган көлөмдүү эмгектин жана кыргыздардын чарбалык турмушун, маданиятын, социалдык абалын сүрөттөгөн очерктин автору белгилүү чыгыштаануучу В.П. Наливкин [136] болуп саналат. В.П. Наливкин 40 жыл бою Түркстан крайында жашап, эмгектенген. Өзбек тилин жакшы өздөштүргөн, өмүрүнүн акыркы жылдарында үй-бүлөсү менен азыркы Аксы районунун борбору Кербен шаарынан 10-15 чакырым алыстыкта турган Нанай кыштагына көчүп келип, мугалим болуп эмгектенген. В.П. Наливкиндин жана анын жубайынын чыгармалары «Кокон хандыгынын кыскача тарыхы» аттуу эмгеги жана бир нече макалалары азыркы күнгө чейин өз баалуулугун жоготпой келет. В. П. Наливкиндин Кокон тарыхына арналган эмгеги автордун оригиналдуу пикирлери менен да өзгөчөлөнөт. Автор китептин баш жагында кыргыз, багыш, найман, могол, кырк жана башка урууларды, а түгүл казактарды да 92 боолуу өзбектер деп салттуу атап келген көчмөн өзбектеринин илатиййа конфедерациясына киргизгендигинен көрсөтөт [136, 30, 2,3, 12-15-бб.]. Анын мындай жазуусу ошол дордогу кыргыз элинин ички жашоо ыкмасын билбегендигинен жана орус оторчулардын саясатын колдогондуктан болгон.

Ошондой эле отор доорундагы Фергана аймагындагы кыргыз уруулары тууралуу Н. Ситняковский [174, 99-б] жазган маалыматтарда отуз уул жана

ичкилик кыргыз уруулары шурудай тизмектеп жазган маалыматтары айтсак болот. Бул кыргыз уруулары хандыктын ордосундагы кыргыз элинин таасирдүү уруулардан экендигин белгилейбиз.

Кокон хандыгынын ички турмушун чагылдырган баалуу эмгектерге жергиликтүү өкүл Саттар-хан Абдул Гафаровдун эмгегин кошууга болот. Орус тилин жакшы билген, жер-салык комиссиясында котормочу болуп эмгектенген Саттар-хан Абдул-Гафаров эмгегинде хандыктын административдик түзүлүшү, сот системасы, жазалоонун түрлөрү, аскердик иштердин абалын кеңири чагылдырган.

Үчүнчү топ аскер тарыхчыларынын эмгектеринен турат. Аларда негизинен саясий окуялар сүрөттөлгөн. Кыргызстандын түштүгүн каратып алуунун жүрүшү жана анын конкреттүү окуялары боюнча орус аскер тарыхчыларынын кеңири изилдөөлөрү бизге келип жетти. Аларда согуштук салгылашуулардын жүрүшү, шаарлардын каратылышы, сепилдерди камоо жана тике чабуул коюу сүрөттөлгөн. Ошондой эле, чыгармаларда жергиликтүү элдин да, басып келе жаткан орус армиясынын жоокерлеринин да абалы чагылдырылган. Орусиянын Орто Азиядагы соода кызыкчылыгын канааттандыруусу үчүн башталган падышачылыктын Түркстанды каратуу иш аракети, анын ичинде кыргыздардын жерине басып кирүү бир катар саясий жана аскерий авторлор тарабынан цивилизациялык миссия катары орчундуу максат деп эсептелген. Ошондуктан, бул эмгектерде арбын кезиккен саясий ой-пикирлерди жолуктурганда изилдөөчүлөр бул пикирлерди сын-көз караш менен талдап чыгуулары зарыл. Ушул эле пикирде А. Н. Куропаткин [120] да турган. В.В. Григорьев [80], М.И. Венюков [63,64] сыяктуу окумуштуулар Орусиянын Орто Азияга көңүл буруусунун тарыхый аспектилерин карап, аны илимий жактан негиздөөгө аракет жасашкан.

Түркстанды, анын ичинде Фергана өрөөнүн, түштүк кыргыз урууларын каратууга арналган эмгектерден К. К. Абазанын [35], А. И. Макшеевдин [129], М. А. Терентьевдин [189,190] жана башкалардын эмгектерин атоого болот. Бул авторлордун эмгектеринин негизги идеясы жогоруда айтылган миссияны ишке

ашыруу үчүн орус куралынын Түркстандагы ишмердигин даңазалоо болгон. Орусиянын Түркстанды, анын ичинде Кыргызстанды каратуусуна түздөн-түз байланышкан эмгектерди жараткан изилдөөчүлөрдөн аскер тарыхчысы, генерал М. А. Терентьевди атасак болот. Ал орус тарыхнаамасынын расмий көз караштарын жактоочулардын ичинен эң ириси. Анын тарыхнаамада белгилүү Орусиянын Орто Азияны каратып алуусуна арналган 3 томдук көлөмдүү монографиясы жана ошол темага жакын бир нече китептери чыккан.

Ошол учурдагы тарыхый абалды сүрөттөөдө М. А. Терентьев зор эмгек жасаган. Мындай эмгектердин көбүндө орус армиясынын адилетсиз, жазалоочу мүнөзүн жаап-жашыруу үчүн окуялардын курч көрүнүштөрү атайылап жашырылган. Кыргызстандын Орусия падышалыгы тарабынан каратып алуу процессине арналган кеңири тарыхый адабияттардын арасында биздин темабызга жакыныраак болгон Түштүк Кыргызстанды басып алуу аракети, анын ичинде Алайга уюштурулган М. Скобелевдин Кышкы экспедициясы туралуу маалыматтар кирет. Алардын ичинен жогоруда эскерилген М.А. Терентьевдин эмгеги менен катар эле А.Г. Серебренниковдун макалаларынын жыйындысынан турган чыгармасы өзгөчө кызыгууну жаратат. А.Г. Серебренников [184] “1875-1876-жылдардагы Кокон жүрүшү” деген эмгегин 1890-жылы басмадан чыгарып, анда ал Кокон жүрүшүн 4 этапка бөлүп караган. Ушул эле окуяларды А.Г. Серебренников макалалардын жыйынтыгы катары 1897, 1899-жылдардагы «Военный сборник” журналына да сандан-санга жарыялаган. Автордун бул эмгеги согуштук жүрүштөрдүн командирлеринин ар күнкү билдирүүлөрүнүн, жогорку аскер башчыларынын расмий буйруктарынын, ошол кездеги басма сөз материалдарынын, отчеттордун жана согуштук жүрүшкө катышкан орус аскер адамдарынын оозеки айтып бергендерине негизделип жазылган. Эмгек бай маалымат камтыгандыгы, Орусиянын ошол кездеги аскердик догмаларынын идеясындагы чыгарма болгондугу менен айырмаланып турат. Түркстанды Орусияга каратуунун себептерин, жүрүшүн жана жыйынтыктарын, Орусия өкмөтүнүн Түркстандагы саясатын мезгилдүү басма сөзгө жарыялаган түрдүү эмгектер чагылдырылган

маалыматтар түзөт.

Салт боюнча мезгилдүү басма сөз материалдары да негизинен тарыхый булак болуп эсептелет. Бирок, ири журналдарга, мезгилдүү жыйнактарга жарыяланган көлөмдүү изилдөөлөр, толук кандуу илимий эмгек катары аталууга укуктуу. Алар «Русский вестник», «Исторический вестник», «Вестник Европа», «Военный сборник», «Орусиянын Географиялык коомунун» (РГО) Известиялары, Запискалары, Вестниктери.

Аталган мезгилдүү басылмалардын баарына сереп салуу мүмкүн эмес. Журналдардын ичинен Кыргызстанды басып алуу процессинин конкреттүү жүрүшүн чагылдырууда «Военный сборник» журналы эң орчундуу маанини ээлеп турары бышык. «Военный сборниктин», айрыкча 1875-1878 жана 1897-, 1899-жылдардагы сандарында орус колонизаторлорунун Кокон хандыгын, түштүк кыргыз урууларын басып алышынын жүрүшү, 1873-1876-жылдардагы элдик кыймыл жана анын жол башчысы Полот хан жөнүндөгү материалдар берилген. Бул маалыматтарды элдик оозеки чыгармалар менен салыштырып, дыкаттык менен карап чыгуу керек.

“Орус Географиялык коомунун” (РГО) «Известиялары», «Вестниктери», кат алышуулары да изилденип жаткан тема боюнча бай маалыматтарды берет. Маселен, В. В. Веньяминов-Зерновдун [65,107-132] макалаларында Фергана, Алай чөлкөмдөрүндө болгон саясий, аскердик-стратегиялык саякаттарынын, согуштук жүрүштөрүнүн мезгилиндеги жыйналган материалдары чагылдырылган. Орусиянын басып алуу саясатына керектүү зарыл маалыматтарды топтоо менен катар эле, алардын ошол саясатты толук колдогондугун байкоого болот.

Бирок, бул жагдайларга карабастан, революцияга чейинки мезгилде окуялардын изин суутпай жазылган, баалуу тарыхый фактылык материал жыйналган. Жыйынтыктап айтканда, отор доорундагы авторлор расмий оторчулардын көз карашын чагылдырып, белгилүү бир социалдык буйрукту аткарганына карабастан, алардын эмгектеринде конкреттүү тарыхый фактылар, статистикалык маалыматтар келтирилген. Авторлордун дээрлик көпчүлүгү

окуялардын түздөн-түз катышуучулары болушкан.

Демек, бул доордогу эмгектердин тарыхнаамалык мааниси жогору экендигин белгилеп кетүү керек. Бирок, жаңы доордун авторлорунун изилдөөлөрү азыркы тарыхнааманын методологиялык принциптерине жооп бербейт. Алардын эмгектеринде Орусиянын чыгышка карай умтулуусундагы саясий-стратегиялык себептер негизинен туура белгиленген. Муну олуттуу тарыхнаамалык жетишкендик деп баалоого болот. Буга чейин тарыхчылардын илимий эмгектеринде пайдаланылбай келген санжыраларды, уламыштарды, элдик оозеки маалыматтарды илимий изилдөө иштерде кеңири пайдаланылды. Алсак, кыргыздардын этнографиясы, каада-салты, үрп-адаттары, турмуш-тиричилиги, уруулары жөнүндө баалуу маалыматтар топтолгон, түрдүү жыйнактарда, мезгилдүү басма сөздө чыккан булактардын авторлорунан төмөнкүлөрдү баса көрсөтүү абзел. Алар: дарыгер Ф.К. Зибберштейн, Ч.Ч. Валиханов, М.И. Венюков, А. Голубев, К.П. Кауфман, Л. Костенко, А. Кун, А.Н. Куропаткин, П.П. Семенов, А. Северцов, А.П. Федченко, М. Михайлов жана башкалар.

Бул материалдарда падышачылыктын басып алуучулук саясатын тикеден-тике жактаган расмий көз караштар кезигет. Ушундай тариздеги булактардын арасында биз изилдеп жаткан теманын окуяларына байланышкан бир катар маалыматтарды камтыган басылмалар бар. Алардын катарында А.И. Левшиндин[124], М. Веннюковдун [64], Н.А. Северцовдун [181] эмгектеринде биз изилдеп жаткан темага байланыштуу материалдар арбын. Тарыхнаамалык бөлүмдө полковник А.Г. Серебренников [184] топтогон Түркстан крайын каратуу боюнча материалдардын жыйнагы булак катары да абдан баалуу.

Ал эми А. Е. Фелькерзамдын [336] кыргыздардын килем токуу чеберчилиги абдан мыкты экендигин изилдеп жазган эмгектердин катарын толуктайт.

Кыргызстандын XIX-XX кылымдардын башындагы тарыхы боюнча булактар негизинен орус тилиндеги тарыхый булактар болуп саналат. XIX к. Кыргызстандын тарыхы боюнча маанилүү тарыхый булактардын бирине

«Түркстан жыйнагын» (Туркестанские ведомости) кошууга болот. Бул жыйнак колониялык доордо жаралган маанилүү булактардын бири болуп саналат. Биринчи Түркстан генерал-губернатору К. П. Кауфмандын [107] (1818–1882) буйругу тапшырмасы менен 1868-жылдан тартып В.И. Межов Орто Азиянын тарыхын, этнографиясын чагылдырган көп томдуу эмгекти түзүүгө киришкен.

Бул журналдан Ат-Башыдагы чума оорусу, Жети-Суудагы жашоо жана Алайлык кара-кыргыздардын ханышасы Курманжан датка, Анжиан көтөрүлүшү тууралуу малыматтарды кездештиребиз. Анжиандагы азаттык кыймылы тууралуу алгач ирет генерал-губернатор С. М. Духовскийге жазган билдирүүсүндө азаттык көтөрүлүшүн диний фанатизм, дини бөтөн элдерге каршы күрөш катары эсептеген. Ал эми С.В. Сальковдун [173] «Андижандагы 1898-жылдагы көтөрүлүш» (“Андижанское восстание 1898 г”) аттуу эмгегинде Мадали-эшен, анын ишмердиги тууралуу маалымат берүү менен эски Кокон хандыгын түптөөгө аракеттенген жана диндик фанатизмге умтулган деген пикирди карманган.

Е. Смирнов [174], М. Терентьев [190], Н. Остроумов [147], Н.С. Лыкошин [126] Анжыяндык кыргыздардын көтөрүлүшүн буйруктардын жана массалык маалыматтарда жарыяланган материалдардын негизинде жазышкан. Жогорудагы эмгектер Совет дооруна чейинки орус оторчулук доорун таасын чагылдырган олуттуу эмгектердин катарын толуктап турат. Бул эмгектерди изилдөө үчүн элдик оозеки чыгармаларды туура пайдаланып изилдөөгө алуу башкы маселелерден болуп саналат. Д.И. Мушкетов [125, 5-б] отор мезгилинде Көгарт, Жазы өрөөндөрүндө жлыкылардын көп экендигин, кыргыздардын Анжиан, Жалал-Абад, Өзгөн шаарларында базарлары бар деген маалыматтарды жазган.

Ошентип, оторчулук доордогу тарыхый булактарды кайрадан дыкаттык менен карап чыгуу, анализдөө жаңыча көз караштар менен системалаштыруу, ал маалыматарды элдик оозеки чыгармалар менен салыштыруу башкы проблемалардан, иликтөөдөн өткөрүү болуп саналат.

## 1.2. Совет доорундагы элдик оозеки чыгармаларды , фольклордун үлгүлөрүн изилдөөнүн Тарыхнаамасы (1918-1991-жж)

Совет доорунун алгачкы жылдарында жана совет дooруна чейин да кыргыз тарыхын изилдеген кыргыз тарыхчыларынын алгачкы катарын Б.Солтоноевдин [186] "Кызыл кыргыз тарыхы" бул эмгек эки китептен турат, экинчи китеби отор доорун жана 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөш туралуу мыкты чагылдырган тарыхый эмгек болуп эсептелет. Мындан сырткары, кыргыздын алгачкы тарыхчыларынын бири Б. Солтоноевдин изилдөөлөрү кыргыз тарыхы, этнографиясы жана фольклористикасы үчүн өтө маанилүү. Окумуштуу кыргыздардын этногенези, этникалык тарыхы, салттуу маданиятына, анын ичинен диний ишенимдери, социалдык жиктешүүсү, уруулук курамы, жайгашуусу, жыл санагы, кийим-кечеги, улуттук салттуу оюндарынын түрлөрү ж.б. чагылдырган этнографиялык булак катары кызмат өтөйт.

Ошондой эле оторчулук доор тууралуу Б. Д. Джамгерчиновдун [83, 84, 85, 86, 87] эмгектери кыргыз тарыхындагы оторчулук доорго байланыштуу алгачкы мыкты жазылган илимий эмгектер болуп эсептелет. С.Е.Маловго багышталган "С.Е. Маловго белек" аттуу эмгегинде кыргыздардын уруулук курамы жана жайгашуусу боюнча жеткиликтүү маалыматтарды берген. Совет жылдарында "Очерки киргизской литературы" деген эмгек 1970-жылдары Москвадан жарыкка чыккан, бул эмгекте Молдо Кылычтын казалдары жарыкка чыккан, ошондой эле кайрадан ушул жылдары жарыкка чыкка бул эмгекте заманчы акындардын эмгектери да камтылган. Ошондой эле "Кыргыз элдик оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки" 1973-жылы жарыкка чыккан эмгекте элдик оозеки чыгармаларга адабияттык иликтөөлөр камтылган.

Совет доорунда Андижан азаттык кыймылы туралуу Е. Федоров очеркинде оторчулардын падышасы Николай биринчиге каршы көтөрүлүш болгонун жазган. Ал эми Сенг-Заде [183] көтөрүлүштүн катышуучулары эски бийликти, феодализмди сактоого аракеттенген деген пикирди карманган. А. Чукубаев [213], А.Хасановдор [208] антифеодалдык, антиколониалдык көтөрүлүш катары сыпатташкан. Ошондой эле согуштан кийин элдик интеллигенттерди куугунтуктоо күч алган. Айрыкча, Кыргызстанда жүргүзүлгөн космополитизмге жана буржуазиялык улутчулдукка каршы күрөш компаниясы 1947-1950-жылдары адабият менен искусстводо кулач жайган. Себеби бул жылдары А.А Ждановдун, М.А Сусловдун жана «Правда» газетасынын редактору Д.Т. Шепиловдун «антипатриоттор» – “булар эски падышалык Россияны эңсегендер” деген макаласы жарыяланат. Ошондон улам Кыргызстандагы окумуштуу-филологдор Т. Саманчин, З. Бектенов, адабиятчы Т. Байджиевдер сынга кабылган. Алар кыргыз адабиятынын жана фольклорунун совет дооруна чейинки доорун алгач ирет изилдеп чыгышкандар эле. Бирок тилекке каршы, XX кылымдын 30-жылдарында советтик кыргыздардын интеллигенттери репрессияга дуушар болгон оор кырдаалда кыргыз элинин интеллигенциясы калыптанды. Алар ошол доордо репрессияларга, коркутууларга кабылган [11].

Анын башкы себеби заманчы акындарды изилдегени жана элдик оозеки чыгармаларды мактоого алганы, эски доорду, буржуазиялык коомду каалагандыгы деп сынга кабылышкан. Айрыкча, согуштан кийин советтик Кыргызстанда маданий илим-билим берүү борборлорундагы ишмердүүлүктөрдү жана агартуу борборлорун, басмаканаларды текшерүү кайрадан күч алган. Текшерүү учурларына чейин жарыкка чыгып колдоого алынган, чыгармачыл интеллигенттердин эмгектеринде кыргыз элинин маданияты жана колонизация доорундагы жашоо абалын жазгандар, советтик сынга кайрадан кабылышкан.

Кыргызстандын КП(б)нын БКнин 1947-жыл 4-январдагы бюросунун токтомунда: «Буга байланыштуу Кыргыз МАМБАСынан» 1943-жылы жарыкка

чыккан «Кыргыз адабиятынын очерки» [11, 71] Богданованын, Жакишеванын, Саманчин жана Рахматуллиндин эмгектеринде кыргыз адабияты тууралуу бир катар катачылыктарды кетиргендиктен, атайын комиссия түзүү зарылдыгын тапшырат… Кыргызстандын КП(б) БКнин комиссиясына бир айлык мөөнөт ичинде атайын түзүлгөн комиссия «Кыргыз адабиятынын очерки» деген китеп тууралуу өз бүтүмдөрүн жана сунуштарын берүүнү тапшырган. Мындай учурда СССР Илимдер Академиясынын Кыргыз филиалынын Адабият, тил жана тарых институтунун ишмердиги критиканын, сындын чордонуна айланган. Алардын кызматкерлерине «кыргыз элинин тилин, адабиятын жана тарыхын» иштеп чыгуу, туура багытта жазуу, чагылдыруу ардактуу жоопкерчилиги тапшырылган» [11, л.67]. Ошол учурдагы тарыхчылардын “революцияга чейинки инсандардын жана тарыхый окуялардын фольклордогу чагылдырылуусу бир тараптуу макталган жана алардын терс жактарын жаап жашырган” деген катуу сынга тушуккан. Башкача айтканда, “феодалдарды (феодалдык акындарды) революциялчыл акын катары көрсөтүшкөндүгүндө” [11, л.71], – деп белгилешкен. С. Ильясов БКП(б)нын БКнин 26-августтагы токтомдоруна таянуу менен жогорудагы маалыматтар «өтө чоң, одоно ката кетирген [11, л.71]», – деп баса белгилейт. Анын ичинен, айрыкча Кыргызстандын этнография жана маданият, тарых адистиктери катуу сындалган. Анын сынында жазылган 5-пунктунда ката кетирген эмгектерге түзөтүү киргизүү менен кайрадан басмадан чыгарууну сунуштайт. Алтынчы пунктунда СССРдин КыргФАНга толук өз алдынчалуулукту берүүнү сунуштаган [11, л.9] С. Ильясов муну менен кыргыз элинин тарыхын жана адабиятын кыйын, оор кырдаалдан сактап калган.

С. Ильясов кыргыз гуманитардык илимине даңгыр жол салуу менен бирге, кыргыз окумуштууларына мезгилге жараша илимди изилдөөдө кылдат болууну айткан. Советтик идеологиядан сактануу максатында С. Ильясов аргасыздан кырдаалга жараша кылдаттыкты талап кылып, ар бир иште анын оң жана терс жагы болорун айткан. Айрыкча окумуштуу А.Н.Бернштамдын «Ормон хандын XIX кылымда жашаган кыргыз урууларын бириктирүүгө

жасаган аракетин, орус падышасы Иван IVнүн орус мамлекетин борборлоштурууга жасаган аракетин» [11.л.58] хан Ормон кайталаган деген көз карашы үчүн жана кыргыз элинин феодал хандарын идеализациялаган деп катуу сынга кабылган.

Мындай катуу сынга тарыхчы Б. Жамгырчинов да туш келген. Ал «Ормон хандын доорундагы кыргыздар» деген макаланын темасы туура эмес аталган деп сынга алынган. "Советтик тарых илими жана кыргыз тарыхы хандардын тарыхын изилдебейт. Элдин тарыхын окуп үйрөнөт" - деген сынга туш келген. Ошондой эле, Россия падышачылыгы кыргыз жерлерин каратып алган деген трактовка туура эмес, "өз ыктыяры менен кошулган деген сөз мүнөздүү" деп белгиленген [11, л.61-67]. Кыргызстандын КП(б)нын БКнин пропаганда жана агитация бөлүмүнүн орун басары А. Исаев белгилүү этнограф С.М. Абрамзонду революцияга чейинки таптык коомдогу эки маданият тууралуу В.И. Лениндин жазгандарын четке каккан – эзүүчү тап, элдик жана прогрессивдүү маданияттар болгонун эске албаган деп катуу сындалган.

Сынчы катарында С. Исаев: «Кыргызстандын эли орус сатраптары жана колонизаторлорунун маданиятынан таасирленбеген, башкача айтканда орус элинин алдыңкы маданият ишмерлери аркылуу орун-очок таап, маданиятта өнүгүү жолун тапкан [12, л.45]», – деп баса көрсөткөн. Андан ары өзү жазган справкада республикадагы кыргыздын алгачкы филология илимдеринин кандидаты элдик оозеки чыгармаларды иликтеген Т. Саманчиндин революцияга чейинки кыргыз адабияты деген бөлүмүн сынга алган. Анда кыргыз фольклорундагы «Зар заман» деген чыгарма, бул ырда элдин арманы Россия менен тыгыз байланышкан. А. Исаевдин айтуусунда: Т. Саманчиндин эң ири жаңылыштыгы анын XIX к. кыргыз адабиятына негизсиз баа бергендигинде жана эскичиликти ашыкча мактаганы болуп саналат деген пикирди карманган. Мындай сынга алуу, чындыгында негизсиз болгон. Анткени, окумуштуу изилдөөсүн ошол доорго байланыштырган. Бул тууралуу жазуучу К. Маликов БКП(б)БКнын биринчи катчысы Н.С. Боголюбовго жазган катында: "1946-1947-жылдары гана мен чындап түшүнө баштадым, анткени

падышачылык бийлик Түндүк Кыргызстанды жеңип алган эмес, Орусияга кошуп алган деген пикир эбак колдоо тапкан учур эле”. Андан ары ал өз сөзүн улап, К. Маликов: “Илим тездик менен алга карап өнүгүүдө, анткени илимде жаңы талаптар, тарыхый көз караштар пайда болуп, жаңылыктар менен толукталууда, ал эми менин китебим талкууга алынбады. Ошондуктан биздин акыркы учурдагы саясый илимдердин көз караштарына дал келеби» [12.л.45] – деген  аргасыз ойлорду жазууга мажбур болгон. Советтик идеологияга дал келбеген деп бир катар илимий эмгектер, жалпысынан 22 жарыяланган эмгектин тизмеси түзүлүп, иш пландары жана тематикасы Кыргызстандын БКП (б)нын БКдеги бюродо бекитилген [12, л.46]. Айрым жетекчилер алардын ичинде Адабият, тарых жана тил институтунун директору кызматынан алынган жана бир катар кызматкерлерге административдик чаралар колдонулган.

Арийне, ошол сындан кийин, бул багытта Кыргызстандын басмаканаларын ыксыз текшерүүлөр күчөгөн. Бардык жарыяланган идеологиялык жана методикалык багыттагы эмгектерде орунсуз катачылыктар бар деп эсептелген. Маселен,  Сталиндин сүрөтү жок экен, Советтер Союзунун мамлекеттик гимни окуу китебинин аягында жазылбаган деп айыпка жыгылышкан. Айрыкча, 1947-жылы жарыкка чыккан профессор Шестаковдун «СССР тарыхы» 3-4-класстар үчүн (1940-ж чыккан), «Улуу Ата Мекендик согуш» деген бүтүндөй бапта көп жаңылыштыктарга жол берилген. Китептеги бапта «Европадагы эң ири эки мамлекет – СССР жана Германия» тууралуу маалымат кездешпейт. Кол салышпоо тууралуу келишимде СССРдин тынчтык саясаты айтылбайт [13, л.71]», – деген жаңылыштыктар белгиленген. Ошол учурдагы Кыргызстандын КП (б) БКнин жыйынында көрсөтүлгөндөй: «Кыргыз ИАФда большевиктик сын жана өзүн-өзү сындоо башталган, өз учурунда кетирген кемчиликтерди белгилөө жана оңдоо сыяктуу маселелер президиумда, институтта жана анын секторлорунда каралган [14, л.97] ».

Бул иштин чоо-жайын билдирүү максатында Кыргызстандын БКП(б) БКнын биринчи катчысы Н. С. Боголюбовго 1948-жылы 16-августта ТТАИ партбюросунун мүчөсү А. Минжылкиев тарабынан докладдагы маалыматтарды

топтоо жана СССР БКП(Б) БКнын токтомдорун реализациялоо жана турмушка ашыруу максатында доклад даярдалган. Докладда: «Николай Семенович! Мен өзүмдүн мүмкүнчүлүгүмө жараша, сизге кабарлаймын. Бул иш эбегейсиз мээнетти жана чоң ишти талап кылат, ошондуктан өзүмдүн көз карашымдын негизинде так фактыларды, негизги жана маанилүү маалыматтарды китептердин негизинде кабарлаймын [14, л.69-70]», – деп кабарлайт А. Миңжылкиев. Автор өз маалыматында ТТАИдагы бир топ окумуштуулардын топтору тууралуу идеологиялык маалымат берген. Аларга Шүкүров Д.Ш.- СССРдин КыргИАФнын президиумдун председателинин орун басары, Сооронбаев К.С. – директор ТТАИ, Саманчин Т.С. – КыргИАФнын адабият секторунун башчысы, Тайгургенов – ТТАИнун адабият секторунун кызматкери, Жакишев У.Ж. – Кыргыз ССРнин Министрлер Советиндеги искусство бөлүмүнүн башчысы, Орозалиев К.Ж. – Кыргызстан КП(б)БКнин агитация жана пропаганда бөлүмүнүн секретары, Байджиев Т – ТТАИнун Манас эпосу секторунун башчысы, Бектенов З. – ТТАИнун адабият секторунун кызматкери, Карасаев Х. – ТТАИнун илимий кызматкери, Токомбаев А. – Кыргызстан жазуучулар союзунун төрагасы кирген [14, л.84]. Аларды “жооптуу мамлекеттик кызматтарды уруулук түзүлүш менен ээлеген жана буржуазиялык-улутчулдук идеаларды калк арасында жайылткан. Кемчиликтери тарыхта, фольклордо жана адабиятта эски реакциячыл акындарды колдоп, катачылыктарга жол берген. Элдин башын айланткан” - деген жалаа менен жогорудагы аты аталган инсандарга атайын айыптар коюлган. Бул туралуу Ш.Ж. Батырбаева: “Мындай айыптоо ыкмасы кыргыз тарыхын, фольклорун жана адабиятын ашкерелөө жана биротоло улуттук сезимди жок кылууга барабар болгон”, –деп тура баа берген.

Ошону менен катар А.Минжылкиев 28 барактан турган өз билдирүүсүндө кыргыздын тарыхчы жана адабиятчыларынын эмгектерине анализди төмөндөгүдөй фактыларды системага салып айыптап көрсөткөн: Советтик патриотизмди четке каккан; Кыргыз элинин басып өткөнүн идеализациялаган; Кыргызстандын Россияга кошулушунун терс жактарын гана көрсөтүп,

прогрессивдүү фактыларын четке каккан; Кыргызстанда советтик бийликти орнотууда, өзгөчө компартиянын ролун тааныгысы келбеген; Айыл чарбасын коллективдаштирүүгө, индустриализациялоого каршы багытталган ырларды элге жайылткан; Эмгектеринде СССР элдеринин бекем достугуна, биримдигине (союзуна) жана советтик офицерге каршы ишенбөөчүлүктү калк арасына таркаткан; Кыргыз жана казак элдерин Кашгариядагы Бакдөөлөттүн бийлигине биригүүгө чакырган [33, №1519 (10-а)], – деп баса белгилеп айыпташкан.

ТТАИга ушул маалыматтарды берүү менен бирге эле А. Минжылкиев “интитуттун кыргыз эмес улутундагы кызматкерлери (Юдахин, Абрамзон, Кутарев, Зима, Батманов, Самарин ж.б.) институттун башчылары тарабынан материалдык, моралдык жана саясий колдоо алып турушкан”- деп белгилеген. Ушундай айыптоолор менен бирге эле «институттун жетекчилери өтө чоң каталарга жол беришкен” - деп жазган. Анткени, жогорудагы окумуштуулар «тил билбегендиктен, алардын идеологиясынан, жетегинен бошоно алган эмес. Алар кыргыз элинин салтын, тилин билбегендиктен одоно каталарга жол берген» [33, л.88-90] – деген сындарды айткан. Аны менен катар эле жетекчилик талкуулап, бир пункт менен мындайча көрсөтөт: «Бир дагы китептин идеологиялык жана саясый катачылыктары оңдолбогон. Китептер басмадан ондолуп-түзөтүү менен чыгарылган эмес» [19, л.90] – деп белгилеген.

Андан ары карай, А. Минжылкиев Кыргызстан КП (б) БКнин секретары катары К. Орозалиевди «кыргыз адабятындагы жана фольклорундагы катачылыктарды оңдобойт, көзөмөлгө албайт, текшербейт» [19, л.91-92] , – деп жетекчиликти айыптаган. Деги эле элдик фольклорду жана адабиятты көзөмөлгө алуу деген компартиянын программасы болгон, себеби улуттук аң сезимди, космополитизмди жокко чыгарууда советтик идеологиянын бирден бир ыкмасы катары кызмат кылган. Чындыгында, тарых жана адабиятты партия тыкыр, ыксыз текшерип тургандыктан, алардын жазган эмгектери бир беткейликке жол ачкан. Ошондой эле партиянын тапшырмасын тыкан аткарган К. Орозалиев, СССРдин КыргИАФнын ишин тескерисинче текшерүү жыйынтыгын, сындарын басмага бербөөнү суранган [19, л.91-92]. Себеби жеке

коопсуздугун коргоо максатында жана тарых алдындагы жоопкерчилигинен абдан сактанган.

Советтик кыргыздардын 1949-жылга чейин мынчалык басма сөз беттеринде кыргыз фольклору жана адабиятынын интелигенттери сынга кабылган эмес. Ал туралуу докладчы сөзүнүн аягында: «Сизден өтүнөмүн жогорудагы маселе боюнча аты аталган инсандар тууралуу менин ойлорумду эске алып, чечим кабыл алууну, ошондой эле азырынча мени билбегени дурус, ошону менен катар чочулоо бар, анткени менин жумушума жолтоо болбосун жана тоскоолдук болбосо экен» [19, л. 91-93], – деп билдирген. Андан кийин Кыргызстандын БКП(б) БКнын бюросунда [19, л. 93-97] эки ирет ноябрь айында Н.С. Боголюбовдун суроосу менен ТТАИнун ишмердиги тууралуу докладчиктин текшерген ишинин жыйынтыгы туралуу жыйын болуп өткөн, анда негизги докладчик болуп А.А. Фадеев чыгып, кыргыз адабиятчысы Т. Саманчиндин эмгектери тууралуу доклад окуган. Т.Саманчинди революцияга чейинки Молдо Кылычтын [238] чыгармачылыгын ашыкча мактоого алган деп, улутчулдук тенденция маселесине арналган эмгек деп оюн айткан. Айрым кыргыз интеллигенциясы, анын ичинен Кыргызстан жазуучулар Союзу активдүү түрдө Т. Саманчиндин эмгектерин катуу сындаган. Ошол учурдан баштап, кырдаалды байкаган Кыргызстан КП БКнин секретары К. Орозалиев аргасыздан реакция жасоого, көңүл бөлгөнгө мажбур болгон. Бирок окумуштууларды куугунтуктаган деген пикир чындыкка дал келбейт. Анткени ал аргасыздан конкреттүү чечим кабыл алган, мезгил ошондой чечимди талап кылган. Андан ары Кыргызстандагы репрессия кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгын изилдеген В.М. Жирмунскийдин [90] ТТАИ тарабынан 1948-жылы жарыкка чыккан «Манас эпосун изилдөөгө киришүү» деген китеби менен тыгыз байланыштуу. Анткени, В.Г. Жирмунскийге 1949-жылы дүйнөгө таанымал ленинграддык филологдор менен биргеликте «антипатриоттук топ» деген жашыруун топту негиздеген деген айып тагыла баштаган.

Жыйынтыгында республиканын аймагында ким аны менен кызматташкан жана пикирлешкен болсо, алар куугунтукка кабылган. Алардын бири «Ма-

нас» эпосун изилдөө боюнча кызматташкан жана баш сөзүн жазган редактор катары Т. Саманчин менен катарлаш бир топ кыргыз интелигенттери куугунтукка жана айыптоого кириптер болгон. Андан кийин сталиндик репрессиянын курмандыктары жана тарых илими, адабий сынчылар, «Манас» эпосунун айланасындагы сындарга байланыштуу кайчы пикирлер келип чыккан. Өзгөчө катуу сынга окумуштуу А.Н. Бернштам, С.М. Абрамзон сынга кабылып, жүн тыткандай тытмаланган. Ал эми үч адабий сынчы журт алдында кечирим сураганына карбастан, аларды сот жообуна тартышкан. Алар Т. Саманчин (1949-жыл 17-ноябрь), Т.И. Байджиев (1950-жыл 10-январь), З. Бектенов (1950-жыл май айы), булардын бары XIX-XX к. реакциячыл акындарды колдоого алышкан, эски замандын эмгектерин калк арасында жайылткан деп айыпталышкан. Аны менен катар эле кыргыз совет элинин арасында улутчулдукту күчөткөн деген ыксыз айыптоолор менен бирге эле, батышчыл көз караштарды колдоого алган деп айыпталып, соттолушкан. Ошентип, 1937-1938-жылдардагы репрессия кыргыз элинин зыялыларын жана саясый ишмерлерин ыксыз жазага тарткан болсо, ал эми 1948-50-жылдары  алдыңкы катардагы адабият жана илимий ишмерлерин элдик интеллигенциянын өкүлдөрү куугунтукталган. Алар аргасыздан жазган эмгектерин жазууда сак болушуп, жагынуучулук жана коркуу менен этият жазышып, күн кечирип калган.

Ошондой эле, улуттук сезим мокой баштагандыгын Ш. Дж. Батырбаева белгилейт [49]. Деги эле элдик фольклорду изилдегендер жана адабиятты көзөмөлгө алуу деген компартиянын программасы болгон, себеби советтик идеологиянын бирден бир ыкмасы катары кызмат кылган. Ш.Дж. Батырбаева: «Элдик фольклорду, адабиятты көзөмөлдөө бул улуттун маданиятын тарыхын жок кылууга тете иш болгон» [49], - деп туура баа берген. Ошентип, Совет доорунда элдик оозеки чыгармаларды тарыхый булак катары колдонуу солгундап, эскинин калдыгы катары эске алынган эмес.

К. Үсенбаевдин «Кыргызстандагы 1916-жылдагы көтөрүлүш» [196] деген эмгегинде элдик оозеки маалыматтарды, фольклорду кылдат пайдаланган эмгектердин катарын толуктайт, ал эми И.Молдобаевдин «Кыргыз фольклору

тарыхый этнографиялык булак катары» [211] деген мыкты эмгеги жаралган. Ал эмгеги элдик оозеки чыгармаларды изилдөөдө жол көрсөткөн компас катары кызмат көрсөтө алат.

Жыйынтыгында, Совет доорунда элдик оозеки чыгармаларды изилдөөдө корунуу менен сейрек гана учурда тарыхый булак катары колдонуу колго алынган. Бирок элдик оозеки чыгармаларды совет идеологиясына карап басмадан чыгаруу, изилдөө иштеринде окумуштуулар кылдат боло баштаган.

## 1.3. Эгемендик доорунда элдик оозеки чыгармаларды изилдөөлөр (1991-2020-жж)

Эгемендүүлүк кыргыз тарыхында орус падышасынын отордук саясатын элдик оозеки чыгармалар, тарыхый-этнографиялык маалыматтарды камтыган фольклорду катарлаш коюп изилдеген эмгектер жаралып жатат. Совет доорунда элдик оозеки чыгармалар тарыхый-этнографиялык булак катары эске алынбаган. Ошондуктан, бул маселе илимий жактан талдоого алынган эмес. Эгемендиктин азыркы доорунда тарыхка болгон кызыгуу артууда. Кыргыз тарыхын элдик оозеки чыгармаларысыз элестетүү кыйын. Ал эми бул багытта жазылган тарыхый-этнографиялык эмгектер, адабият багытында жана тарых илиминин тармагында изилдөөлөр колго алынууда. Элдик оозеки чыгармаларды катарлаш изилдеген мыкты эмгектердин сап башында Т. Кененсариев, Э. Авазовдун [109] бул эмгекте Анжияндагы азаттык күрөштө кыргыз элинин орду жана баркы бийик экендигин тарыхый булактарды, элдик оозеки маалыматтарды тарыхый жактан салыштырып изилдеген эгемендик доордогу мыкты эмгектердин сап башында турат. Ошол эле учурда Б. Ураимов [195,112-б] түштүк кыргыз жериндеги 1900-1916-жылдагы азаттык күрөш тууралуу эмгегинде Мандикер сурап ак паша / Кыргызга түштү мүшкүлү. Бул алаамат, не балээ,/ Көрмөк белек бул күндү/ деген ыр саптары азаттыкка умутулган элдин этносаясий жактан жетилгенин даана элдик ыр саптар менен тастыктап изилдеген мыкты эмгектердин катарын толуктайт.

Ошону менен катар эле санжыралык маалыматтар кенен жайгаштырылган «Кыргыздар» аттуу көп томдуу жыйнактын автору К. Жусуповдун [121,122] жетекчилиги астында 4 ирет кайрадан бастырылып жарыкка чыкты. Бул эмгек кыргыз уруулары, кокон доорундагы кыргыз тарыхы, кыргыздардын маданияты, каада-салты, үрп-адаты ж.б. кучагына камтыган, орус падышалыгынын аймактарды каратып алуусу туралуу тарыхый маалыматтарды кенен ачып берет.

Азыркы кыргыз тарыхнаамасынын бирден-бир жаңычылдыгы, Кокон хандыгы кыргыз элинин мамлекеттүүлүгү, кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн бир көрүнүшү болгон деген көз караш тарых илимине расмий алып чыккан изилдөөлөрдүн пайда болгондугунда. Ал көз караш окуу китептерине, окуу программаларына да кире баштады. Бул багытта тарыхчылар Т. Кененсариевдин [108,109,110, 111, 112, 113], К. Молдокасымовдун [270, 271, 272, 273, 274, 275 ] илимий эмгектери элдик оозеки маалыматтарды колдонгондугу менен айырмаланат. Жогорудагы аты аталган изилдөөчүлөр Кокон хандыгын «орток хандык» катары кароо керектиги боюнча сунуштары илимий чөйрө тарабынан колдоого алынууда. Бирок, бул сунуш менен катар эле «Кокон хандыгы кыргыздардын хандыгы» - деп тактоого аракеттенген деген пикирлер калыптана баштагандыгын айта кетели.

Т. Кененсариев кыргыз тарыхынын тарыхнаамасында Кокон хандыгынын тарыхын, Кыргызстандын Россия империясына каратылган маселелерин изилдеген, ошондой эле бул доор тууралуу жаңы илимий концепциясын сунуштаган. Автор Кокон хандыгындагы кыргыздардын ролу, белгилүү тарыхый инсандар, XIX кылымдын 50-70-жылдарындагы саясий абалга карата бир катар илимий эмгектерди жараткан. Т. Кененсариев [111] «Кыргыздар жана Кокон хандыгы» аттуу эмгегинде XVIII-XIX кк. Фергана өрөөнүндөгү этносаясий кырдаалга токтолуп, хандыктын түптөлүшү, саясий өнүгүүсү, кыргыз уруу башчыларынын хандыктын турмушундагы ордун жана ролун жаңыча көз караш менен изилдөөгө алган.

Профессор Т. Кененсариев “Кокон хандыгы моноулуттуу эмес, көп улуттуу мамлекет, себеби бул мамлекетти кыргыздар менен катарлаш жашаган элдер тарабынан негизделген мамлекеттүүлүк” - деп тастыктайт. Анткени, Т. Кененсариев эмгектеринде Кокон хандыгындагы саясий иштерге активдүү катышкан Курманжан датка, Полот хан, Алымкул лашкер башы сыяктуу улуу инсандардын ишмердигин, отор доорундагы тарыхый булактардын негизинде изилдөө жүргүзүп, алардын тарыхтагы ролун айкын-ачык көрсөтө алган.

Тарыхчы К. Молдокасымов Шералы хандын аялы Жаркынайымдын ордодогу ордун өзгөчө белгилөө менен Жаркынайым канайымды «хандыкты башкарууга жакын аралашып, ханга акыл кошуп, уулу Кудаяр ханга кеңеш берип турган кыргыздын чыгаан кызы катары сүрөттөгөн» макаласы баалуу эмгектерден болуп эсептелет. Эгемендик доордогу мыкты эмгектердин катарын Т. К.Чоротегин менен Т. Н.Өмүрбековдун[150] биргелешип жазган эмгегинде түндүк кыргыз урууларынын орусияга кошулушу тууралуу жаңы ойлору эгемен доордун алгачкы жылдары жарыяланган эмгек болгон, ошондой эле профессор Б. Абытовдун [40]. Ж. Алымбаевдин [47] эмгектери толуктайт. Ж. Алымбаев өзүнүн тарыхнаамалык монографиясында XVIII-XIX кылымдардагы кыргыз тарыхынын олуттуу дооруна карата тарыхнаамалык кеңири анализди берген. Т. Өмүрзакованын [151] Курманжан датка туралуу элдик оозеки чыгармаларды колдонуп изилдеген эмгегин белгилөөгө болот. Постсоветтик доордо Кокон тарыхнаамасына олуттуу салым кошуп көптөгөн макалаларды, илимий монографияларды жараткан окумуштуулардын катарына Т.К. Бейсембиевди [55] кошууга болот. Автордун 1987-жылы жарык көргөн илимий изилдөөсү Кокон хандыгы боюнча XVIII-XIX кылымдарды жазган. 40ка жакын эмгектерге комплекстүү анализ жүргүзгөн көп жылдык эмгегин жараткан. Бул эмгек Кокон хандыгы туралуу илимий жактан изилденген мыкты эмгектерден десек болот.

Ошону менен катар, XIX кылымдагы инсандардын маселесин өз алдынча изилдөөгө алган авторлордун бири Т. Өмүрбеков [149, 285-б.] болуп саналат. Автор улуу инсандар Ормон хан, Боромбай, Алымбек датка, Курманжан датка, Алымкул аталык ж.б. коомдук-саясий жана мамлекеттик ишмерлерди ар тараптуу изилдөөгө алат. Ал Нүзүп миң башынын мезгилине кайрылып, Шералы хан шайланып, ордодо Анжиян, Алайлык кыргыз бийлеринин, билермандарынын таасири күч алган соң, аркалык кыргыздардын арасында оңтойлуу саясий кырдаал түзүлгөнүн автор туура белгилеп өткөн.

Эгемендик мезгилдеги тарыхнааманы жыйынтыктап жатып, төмөнкүнү белгилөөгө болот. Чынында Фергана өрөөнүндөгү Кокон хандыгы жана анда жашаган тургундар, орус оторчулугунун тарыхы боюнча маалыматтар арбын.

Бирок, ошол эле учурда, Кыргыз тарыхнаамасында ушул проблемаларды тереңирээк чечүүнү талап кылган бир катар маанилүү маселелер бар. Кыргызстандын айрым аймактарынын (Теңир-Тоо аймагындагы, Көгарт өрөөнү, Аксы, Анжиан, Алай аймактары, ичкилик кыргыз уруулары туруктаган аймактар) тарыхын элдик оозеки чыгармаларга таянып изилдөө. Анын ичинен региондун тарыхын изилдөө, ал аймактардан чыккан тарыхтын көмүскөсүндө калып кеткен тарыхый инсандардын өмүр-таржымалын, саясий ишмердүүлүгүн ар тараптуу элдик маалыматтардын негизинде кеңири изилдөөгө алуу маселелери учур талабы болууда.

Тарыхыбыздагы азыркы интернеттеги маалыматтар маселен, “Сейдъ Могомед Худояр-ханъ Коканский”, бул эмгек “Нива” журналынын 1873-жылдын №18, 276, 285 сандарындагы жарыяланган “Кокон ордосун бийлеген хандар кара кыргыз уруусунан болот. Азыркы башкарган хан кыргыз Нарбото бийдин урпагы”, - деген да маалымат кездешет. Бул сыяктуу маалыматтар Кокон хандыгы кыргыздардын мамлекети экендигин тастыктоочу маселени кайрадан карап чыгуу маселеси актуалдуу бойдон турат. Анткени, элдин арасында сурамжылоолор жана элдик айтымдарга караганда Кокон ордосунун дарбазасында “Кокон кыргыз хандыгы” деген жазуу болгонун, ал жазуу кийин алынып салганын Нарали уулу Кадыш атасынан укканын айтат. Анын айтуусунда ал жазуу совет доорунда алынган деген маалыматты бизге кабарлады. Ошентип, элдик оозеки чыгармаларды тарых менен катарлаш коюп изилдөө мезгилдин талабы болууда.

Анткени, буга чейин биринчиден тарыхый аймактар этнографиялык багытта гана изилденип келген. Экинчиден, буга чейин тарыхчылардын илимий эмгектеринде пайдаланылбай келген санжыраларды, уламыштарды, оозеки маалыматтарды, окуяны өз көзү менен көргөн катышуучулардын эскерүүлөрүн, тыкыр илимий талдоо аркылуу илимий изилдөө иштеринде кеңири пайдалануу маселеси турат. Акыркы кездеги маанилүү тарыхый булактардын катарына кыргыздардын Кокон хандыгынын саясий турмушун чагылдырган Кокон тарыхнаамасынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири, теги кыргыз Зиябидин Максымдын эмгегин кошууга болот. Зиябидин Максымдын [127] эмгеги

эгемендик доордо которулуп, басмадан жарыкка чыккан. Жергиликтүү булактардын катарына кыргыз элинин ичинен чыккан айрым аалым адамдардын чыгармаларын да киргизүүгө болот.

Кыргыз тарыхында алгач ирет чет элдик батыш мамлекеттеринин саякатчыларынын эмгектерин пайдаланып, изилдеген эмгектерден Ч. Турдалиеванын [194] эмгеги абдан мыкты жазылган. Мында кыргыз жериндеги орус оторчуларынын саясий жана социалдык саясатына, дини, жашоо турмушундагы прогресс тууралуу, ошондой эле кыргыз аялдарынын коомдогу орду туралуу кызыктуу маалыматтар изилденген бараандуу эмгектердин катарын толуктап турат. Ошондой эле «Ормон хан илимий эмгектерде жана архивдик малыматтарда» деген эмгек Ормон хан тууралуу бараандуу маалыматтарды камтыган эмгектерден болору бышык. Ушул сыяктуу эле Б. Боотаеванын [56] эмгегинде кыргыздардын Кокон ордосундагы азаттыкка умтулуулары, ордодогу кыргыздардын ролу туралуу кызыктуу маалымат кездешет. В. Анарбекованын эмгегинде кошок ырларды анализдеген мыкты эмгектердин катарын толуктайт.

Эгемендик доордо чет элдик окумуштуулардын, саякатчылардын эмгектерин изилдеген эмгектерден Ч.Турдалиеванын [194], Г.Д. Проердин [328] эмгегинде кыргыз элинин XIX кылымдын экинчи жарымы XX кылымдын башындагы кыргыздын этносаясий элиталарынын коомдогу ээлеген орду, статустары, алардын мөөрлөрү тууралуу кызыктуу маалыматтарды кабарлайт. Ал эми М.Буттинонун [318] эмгегинде орус оторчуларынын отордук саясаты, шайлоо системасы, 1898-жылдагы кыргыз элинин азаттык күрөштөрү тууралуу маалыматтар кездешет.

Ошондой эле түрк тилинде жазылган профессор Т. Чоротегиндин, О. Каратаев менен С. Эралиевдин этнографиялык сөздүгүндө кыргыз урууларынын этнонимдерине анализ чечмелөө берилген, ошондой түрк калкынын тарыхчысы Х Баймырзанын, Ф. Каранын, Н.Чапрастын жана Н.Четиндин эмгектерин атасак болот.

Чет элдик окумуштуулардан Р. А. Пиердин [327] эмгегинде Алымкул аталыктын эрдиктери, Ташкент алдындагы падышалык бийликке каршы азаттык

үчүн күрөш жана Полот хан баштаган кыргыздардын улуттук-боштондук күрөштөрү тууралуу баяндалат. Эң бир мыкты маалыматы “казак элинин” чыныгы аталышы “кыргыз” экендигин таамай белгилеген.

Ал эми өзбек тарыхчылары азыркы доордо Анжиан көтөрүлүшү тууралуу эгемен көз караш менен жазган А. Эгамназаровдун [223, 224,], А. Эркиновдун Мадали эшенди азаттык кыймылдын жактоочусу катары жазган эмгеги [226] жана Ш. Шамсудинов, Ш. Каримов, У. Убайдуллаевдердин [216], эмгектеринен кыргыз тарыхына тиешеси бар маалыматтарды алууга болот.

1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүш тууралуу алгачкы эмгектердин катарын Ж Абдрахмановдун [37] эскерүүсүн, К. Үсөнбаевдин [195, 196, 197, 198] оторчулук доорго тиешелүү эмгектерин атоого болот. Анын ичинен 1916-жылдагы окуяга байланыштуу тарыхый булактар, элдик сурамжылоолор абдан кенен пайдалангандыгы менен жазылган мыкты эмгектердин сап башында турат. Ошону менен катар Табылды Актандын [241] эмгегинде элдик оозеки маалыматтар мыкты анализге алынганын байкоого болот. 1916-жылдагы окуяны камтыган документтик материалдардан [34] түзүлүп, эмгекке керектүү архивдик документтер пайдаланылган.

Ушул доор тууралуу тарыхтын актай барактарын ар тараптуу изилдеген казак тарыхчысы А.Ш. Махаеванын [132], Т. К. Шейшекановдун [218], Р. Жолдошовдун [265] эмгектеринде кыргыз элинин азаттыкка умутулуусу тууралуу жазылган, баалуу маалыматтар арбын кездешет.

Ошентип, Совет дооруна чейинки тарыхый булактар орус оторчуларынын кызыкчылыгын көздөп жазылгандыгына карабастан ошол доорго тиешелүү маалыматтарды алууга болот. Ошону менен катар эле совет доорундагы кыргыз тарыхынын тарыхнаамасындагы изилдөөлөрдө кыргыз элинин оторчуларга баш ийгендиги тууралуу маселеде, бир беткейликке жол бергенин байкоого болот, бирок архивдик маалыматтар абдан арбын берилгендиги менен айырмаланып турат.

Ал эми эгемендик доордогу Орусия падышалыгына баш ийген маселени жана оторчулардын саясатын архивдик маалыматтар менен бирге эле окумуштуулардын эмгектерин катарлаш коюп изилдегендиги, буга чейин эске алынбай келген илимий боштукту элдик оозеки чыгармаларды изилдеп иликтеген эмгектердин пайда болушу, ошол кетирген кемчиликтерди оңдогонго жана жаңы илимий көз караштардын жаралышына жол ачып бере алат.

# Экинчи бөлүм. Элдик оозеки чыгармаларды изилдөөнүн теориялык-методологиялык негиздери

## 2.1.Элдик оозеки чыгармаларды изилдөөнүн теориялык негиздери

***Изилдөөнүн объектиси*** - Орус падышачылыгынын каратып алууларын, башкаруу, социалдык-экономикалык саясатын элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын изилдөө. Кудаяр хандын адилетсиз бийлигине жана Орус падышалыгынын басып алуучулук саясатына каршы Теңир-Тоолук азаматтардын азаттыкка умутулуусу, ошондой эле оторчулардын отор саясаты тууралуу жана 1873-1876-жылдардагы кыргыздардын азаттыкка чыгуу көтөрүлүшүн, 1898-жылдагы Анжиян кыргыздарынын азаттык көтөрүлүштөгү ролун, 1916-жылдагы кыргыз элинин азаттык күрөштөрүн элдик оозеки чыгармалардын негизинде тарыхый-этнографиялык, тарыхый-салыштырмалуу ыкма менен изилдөө, системалаштыруу, анализге алуу.

***Изилдөөнүн предмети*** – Кыргыздардын XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы саясий абалы, алгачкы кыргыз-орус падышалыгынын дипломатиялык байланыштары, Орус падышалыгына каршы күрөштөр. Теңир-Тоо, Анжиян жана Аксы, Алай кыргыздарынын Кокон хандыгындагы орду жана алардын Орус падышалыгынын отордук саясаты жана ага каршы туруусу, азаттыкка умтулуусу элдин, тарыхый инсандардын окуяларга катышуусун элдик оозеки чыгармалардын негизинде изилдеп чыгуу.

Ошону менен катар, оторчулук дооруна тиешелүү кыргыздардын элдик ырларын, макалдарынын ички структурасын, композициялык түзүлүшүн изилдөөгө алуу. Мында эпикалык чыгармалардын башталышы, байланышы,

окуялардын жүрүшү, аскердик кагылышуулары, конфликтилери же сюжеттик түзүмү кандай деген маселелерге тарыхты катарлаш коюп, жооп издөө керек.

Тиешелүү этнографиялык терминдердин келип чыгышын иликтеп чыгуу зарылчылыгы бар. Ошону менен катар эле кыргыз элинин байыркы этнографиялык сөздөрүн элдик оозеки чыгармалардын негизинде изилдөөдө анын курамы жана түзүлүү структурасы көркөм адабияттан бир кыйла айырмаланып турат. Ошондуктан бул маселени карап чыгууда адабияттык жана эски этнографиялык сөздөрдү тактоо, анализ берүү зарыл.

Элдик оозеки чыгармалар менен фольклордун үлгүлөрү абдан тыгыз байланышкан. Бирок элдик оозеки чыгармалардын өзүнүн поэтикалык үнү болот. Бул маселени Л.Я. Пропп [165., 28-б] "фольклор көркөм каражаттар менен толукталуу менен бирге эле, анын идеялык мазмуну өтө тереңде жатат. Анын идеялык мазмунун ачып берүү фольклор таанучуунун негизги маселеси", - деп таамай баса белгилеген. Деги эле фольклор элдин, улуттун кайра жаралуусун жана этносаясий жактан жетилишин, сакталышын ар дайым сактап келген. Ошондой эле фольклордо окуянын негизги тамыры сакталып калат. Ошол себептен кыргыз элинин фольклордук чыгармаларынын чындыгы бар экендиги, ар дайым кызыгууну жана талаш-тартыш пикирлерди жаратып келген.

Элдик оозеки чыгармалар эпикалык чыгарма, лирикалык, дидактикалык жанрлар деп бөлүп карайт И. Молдобаев [211, 1-б]. Ал эми эпикалык чыгарма дегенибиз - эпикалык тек, эпостук тек-көркөм адабияттагы үч тектин бири [ 310]. Элдик оозеки чыгармалардагы лирикалык жанр дегенибиз- (гректердин кылдуу музыкалык аспабы лиранын коштоосу менен аткарылган ырлар дегендин негизинде пайда болгон.) [311]. Мында элдин жашоосундагы лирикалык каармандын ички сезимдери (кубанычы, өкүнүчү, арзуусу, толкундануусу, түйшөлүүсү, арманы ж.у.с.) аркылуу баян этилет, ушул сезимдерден анын дүйнөгө болгон көз карашы, турмуш, азаттык туралуу ой толгоосу, эл –журтка, адамга болгон мамилеси так айтылат.

Кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларындагы дидактикалык жанр-

(грекче – үйрөтүүчү, насааттоочу) - акыл насаат берүүчү, таалим-тарбия үйрөтүүчү, курч сөздүү, тарыхый элдик чакан көркөм чыгармалар[312] Ошентип, элдик оозеки чыгармаларды тарыхый-этнографиялык булак катары колдонууга болорун мезгил тастыктады. Элдик оозеки чыгармалар мифтерден башталат.

Эл оозунда айтылган мифтерде чындыктын башаты бар, ошол эле “Үркөрдүн кызы үлпүлдөк сулуу”, “ Айдагы кыз”, “Ак сары ат, көк сары ат ”, “Жети каракчы”, (“жетиген”), “Үч үркөр “ жылдыз ” же “ Тоотай мерген жана үч аркар ” ушул сыяктуу байыркы доорлордо пайда болуп, эл арасында айтылып калган. Эл арасында айтылган мифтерде чындыктын “бир үзүмү” жашайт. Ал мифтер биринчиден, кайсы доорго таандык экендигин талдоо; экинчиден, ырдын эволюциялык жетилишин аныктоо, тагырак айтканда көркөмдүк деңгээлине назар буруу.

Кыргыздардын элдик оозеки ырларында жана санжыраларында байыртан эле ар бир урукта, уруудагы мыкты адамдардын материалдык жактан жетишкендиги, алардын басып өткөн жолу, жаш муундарга кызыгууну пайда кылган , ошондуктан, уруу аксакалдары, керемет сөз ээлери, уруулаштарына баатыр азаматтары туралуу айтып берип, муундан-муунга айтылып, эл арасына жетип, андан ары куйма кулактар аркылуу, жалпы кыргыз элине тараган.

Бул туралуу изилдөөчү С.И.Радцигтин пикирине токтолсок: “Байыркы доорлордо ата-бабаларынын жараткан эрдиктерин айтып берүү, алардын урукташтарына кадыр-барк алып келген. Ошондуктан, уруктун аксакалы ата-бабаларынын жетишкендиктерин, айтуучу адегенде кандаштарына эргүү менен айткан, андан соң, үйгө келген конокторуна кубануу менен айтып берген ”[168.,39-б]. Чындыгында, адамзатта болгон окуяларды айтып берүү ушундай жол менен башталган, башкача болушу мүмкүн эмес. Демек, кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларынын пайда болушу да ушул доорлордо негизделген.

Ошентип, “Манас” эпосунун башаты б.з.ч. 3-миң жылдыкты камтыйт, сбеби анын байыркылыгы “Манас” эпосу адегенде жогорудагыдай оозеки ыкмада, адегенде кандаштарына, кийинчерээк, уруулаштарына айтып берилип,

атадан, балага, муундан, муунга уланып турган.

Ошентип, “Манас” эпосу элдик оозеки чыгарма катарында эзелки доорлордо башталып, улам көркөмдөлүп биздин доорго жетти. Отор доорунда деле эл ичинде Манас эпосу айтылып турган. “Манас” эпосу менен байыркы шумерлердин “Гилгамеш” (Билгамес, Билги Манас) эпосторундагы жер, суу, от туралуу айтылган окуялардын шайкештигин байкоо салсак, анда С.А.Наркеевдин эмгегинде [142,100-102-б.], Гилгамеш эпосунда: *Качан асман бөлүнгөндө, мына ошондо/ Качан жер, асмандан бөлүнгөндө, мына ошондо/,- деп баяндалса, ал эми Манас эпосунда: Асмандагы өзүңдүн/, Бир өзүнөн бүткөндөй/. Ат баскандай жерлери/, Буга калыңынан түткөндөй/.Жер жер болгондо/,Суу, суу болгондо” - деп баяндалат.* Бул эки эпостун окшоштуктары ааламдын жаралышы туралуу жана байыркы эрен Гилгамеш менен Манас баатырдын эрдиктери туралуу үндөштүктү дароо эле байкоого болот. Ушул доордо айтылган гректердин эпосу “Илиада ” (Илиада VI. 243-253.) эпосундагы Трояндын падышасынын 50 уулу аялдары жана балдары, 12 кызы күйөөлөрү менен бирге бир үйдө жашаганы туралуу маселеге кайрылсак: “Биз мындан байыркы гректердин баатырдык доорунун уруктук түзүлүшүнүн күчүндө турган мезгили болгонун жана ошол эле кезде кыйроо доорунда турган” - деген Ф.Энгельстин” [225, 102-б] оюна кошулабыз. Ал эми байыркы кыргыздар да уруу, урук болуп жашап, жай турмушта өз алдынча, ал эми душман келгенде биригип, капилет келген душмандын катыгын берген.

Аны менен катар эле элдик искусствонун дагы бир тармагы кол өнөрчүлүк, мында жыгачтан, кийизден, таштан темирден, сөөктөн жана темирден жасалган традициялуу буюмдарды камтыган элдик искусство болуп саналарын С.И.Вайнштейн баса белгилейт[58, 123стр.]. Демек, фольклорду комплекстүү изилдөө-учурдун талабы болууда.

Кыргыз фольклору табият менен тыгыз байланышкан. Ошондуктан этникалык экология кыргыздардын тоолордо жыл мезгилдерине карап, малга ылайыктуу жайыттарга ылайыкташып жер которушканы айкын тастыктап турат. Кыргыз элинде ар бир уруунун жери ыйык эсептелинген, жер Көк асман

- теңир  менен тыгыз байланышкан, ошондуктан туулган жер кандайдыр бир сырдуу күчкө ээ. Туулган жер менен  Көк асманды-Теңирди,  туулган жердин ээси жана ата-бабалардын арбагы,  урпактарынын бардыгы менен ар дайым байланышта болуп турат деген аң-сезим кыргыздарда жашап келген. Эгерде жер суунун ээлеринин бири  урпактарын кабылдабай койсо, экинчиси урпактарын кабыл алат деген түшүнүктө болгон. Ушул маселеге улай эле кыргыз элинин Теңирчилик ишенимдерин изилдөөнү терең детүү керек.

Тарыхый инсандардын тагдыры туралуу байыркы, орто кылымдарда, азыркы кезде деле, мыкты харизмалуу адамдардын колдоочусу болот деген ишеним болгон. Аларды ата-бабаларынын духу колдоп турат. Ошондуктан алардын ишин асмандан теңир карап турат деген ишеним жан дүйнөсүнөн бекем орун алган. Мындай байланыш ал адамдын жолун ачып, ишин алгалаткан, ошондон улам  байыркы кыргыздар,  ата-бабалардан калган салтты бекем улантуу зарыл деген ишеним жаралган. Мындай ишеним, сыйынуу ыкмаларын карысы да,  жашы да ыйык сактап, муундан-муунга аздектеп айтып келген. Ошондон улам эл сыйлаган, эл башкарган мыкты адамдарды  көзү өткөндөн  кийин да,  урук-тууган дарын колдоп  турат деген ишенимде болушуп, арбактарды ыйык катары эсептешкен. Маселен, Ормон-хан, Алымбек-датка, Ташбай-датка, Алымкул-аталыктардын арбагы колдойт деген ишенимдер кыргыздарда сакталып калган.

Деги эле кыргыз элинин элдик оозеки чыгармалары реалдуулукка, турмуш чындыгына жакын болгон. А эми уламыштарга келсек, алардын каармандары бир мезгилде баатырлар, уруу башчылары болгон, доор алмашып окуялар акырындык менен коомдогу өзгөрүүлөрдөн улам окуялар уламышка айланды. Ал эми уламыш – дегенибиз тарыхый негизде куралып, эл ичинде төбөсү көрүнгөн баатыр,  же баатырлардын түпкү аталарынын туулгандыгына байланышкан кара сөз баяндары менен эл мекендеген жер-суу, тоо-таш, жайлоо, кыштоо, булак башаттардын тарых- таржымалын сактаган мурас,-деп жазат Н.О. Нарынбаева [137, 12-б]. Мындай кара сөз уламыштарга кыргыз элинде абдан көп кезигет.

Ал эми “уламыш”,- деген сөздүн уңгусу “ула”, мүчөсү “маш-мыш-иретке салуу”; ошентип, уламыш деген сөз пайда болгон, ошондон улам окуяны улоо, баяндоо - уламыш деп аталат. “Уламыш - разговоры, слухи, переходящие от одного к другому; уламыштан укканым жок, Түмөнбай, же уламыштан уктум эле, Чыйырды эркек тууду - деп айтылат К. К. Юдахиндин [228, 303-б] сөздүгүндө.

Уламыш тарыхый чындыкка өтө жакын болот. Мисалы, Нүзүп бий, Алымбек датка, Ормон хан, Курманжан датка туралуу айтылган уламыштар тарыхый чындыкка бир топ жакын болот. Курманжан датка туралуу эки уламыш бар. Эки уламыштын вариантын кыскача баяндасак, *биринчиси азыркы учурдагы Кытайдагы кыргыздардан чыккан бий Каргабаштын уулу Сарыга турмушка чыгат, анын “болочок күйөөсү”, ал учурда ооруп калат, бирок үч айдан кийин аргасыздан Улуу-Чаттан Алайкууга келет. Ал Алайкууга келип, күн кечтегенде Тегирмен-Сай жайлоосундагы эски күмбөзгө жашырынып уктап калат. Ошол учурда кеч киргенде, карышкыр, Курманжан даткага кол салганда, ал тумшукка уруп жайлаган экен деп айтылат, дагы бир уламышта, ал кирип турган Кызыл-Дайра суусун кечип өтүп, эсине келсе, жолборстун соорусун кучактап жаткан экен. Мына ошондон баштап Курманжанды ар дайым жолборс колдоп, анын келечек тарыхый тагдырына ачык жол ачылат, - деп баяндайт кытайлык кыргыз Макелек Өмүрбай* [313]. Бул уламыштар Алайлык жана Кытайлык кыргыздардын ичинде да так айтылган жана эки уламыш тең тектеш болуп, эмпирикалык жактан да, элдин сезим туюмдарынын, эс тутумдарын салыштырганыбызда окшоштуктарды байкайбыз. “Чоң оюнчу” мамлекеттердин геосаясатынан улам жана “бөлүп-жарып, башкар” деген падышалык Орусиянын оторчулук саясатынын запкысынан, байыртан бир жер, бир элдин бөлүнүп калганына карабастан, кыргыз эли тарыхый эс тутумдарында, сезим туюмдарында бул уламышты сактап келишкен.

Демек, уламыштардын окшоштугу кыргыз элинин байыртан жери, эли бир болгондугунун белгиси биринчиден, экинчиден Курманжан датканын Алайкуууга кыз катары, таза абийри менен кайра келиши, кыргыз кызынын

барк-нарктуулугунун белгиси болуп саналат.

Ошентип, Курманжан датка Алымбек даткага таза абийри менен турмушка чыккан деп тастыктасак болот. Мына ушул жагдайдан алып караганда, анын кийинки тагдыры: “Баштаган аракеттери аягына чейин тездик менен жогорулаган. Жалпысынан алганда уламышта убакыттын өтүшү байкалбайт. Бирок бир гана эмпирикалык мейкиндик жана да эмпирикалык убакыт жана да баатырдын күндөп, айлап, жылдап жасаган иш аракетинен байкалат”,- деп жазат В.Я.Пропп [165,95-б]. В.Я.Пропптун айткан пикири уламыштагы Курманжан датканын тагдырына шайкеш келип, анын тагдыры аны такшалтты, анын эркин бекемдеди, уламыштагы анын колдоочусу “жолборс” болгондугу анын баатырдык мүнөзүнүн белгисин тастыктайт. Ал эми мейкиндиктин, убакыттын өтүшү менен анын сезими, туюму, тарыхый эс тутуму аны бийиктетти.

Ошондуктан, кыргыз элдик оозеки чыгармаларындагы мындай уламыштар эмпирикалык жактан аң-сезимдүү кабылданып жана мейкиндикте убакыттын өтүшү менен тарыхый процесстерди өздөштүрүүнүн өзү Курманжан датканын таза абстракциясы болду. Деги эле ар бир элдин тарыхый инсандарынын жашаган аймагы, тутунган динине жана үрп, адат салтына жараша инсандар калыптанат. Тарыхый инсандардын жеке касиеттери элди бириктирген, алардын эрдиктери туралуу эл арасында кошок ырлар пайда болгон. Кошок-деген сөз “кош”, - деген сөздөн пайда болуп, көбөйтүп айтуу деген маанини билдирет. Кошок айтуу негизинен көзү өткөн баатырларга, кол башчыларга карата, анын аялдарынын, жакындарынын арман, күйүт формасында айтышкан ырлар.

Мисалы Ы. Шайбеков жазып алган кошокто, Шабдан туралуу: “*Анжиян менен Наманган, Багындырып алган чын. Анын төмөн жагында, Үлкөн шахар чоң Ташкен. Казак, кыргыз оңу, сол, Баары болгон сизге жем. Бирге жүргөн адамга, Бөлүп бердиң жемиңден. Баяке ажы, Манапбай, Үлкөн болгон демиңден...”* [250, 236-б.] -деген кошок ыры айтып тургандай 1862-жылы Шабдан Баатыр Ташкент шаарын коргоого активдүү катышып, өз эрдигин

көрсөткөн [149, 269-б.]. Ал ошондон кийин гана оторчулардын бийлигин, алардын аскеринин кубаттуулугун сезгендиктен падышалык бийликти ыктыярдуу тааныган жана оторчуларга кызмат кылганын кошок ыр тастыктоодо.

Дагы бир элдик оозеки чыгармалардын бир бутагы дидактикалык жанр- эмгек ырлары же “календардык ыр-дыйканчылык ыры” байыркы мезгилден башталып, оторчулук доордо да социалдык ыр катары эл арасында ырдалган “ Бекбекей”-кой кайтарганда кыз-келин жана балдар ырдаган, ал эми “Шырылдаң”- ырын жылкычылар ырдаган, ал эми дыйканчылык ыры катары “чечкор, опмайда” ырларын атасак болот. Ал эми тарыхый ырлар кол-жол башчыларга арналып эл арасында айтылып келген. Тарыхый окуяларды ырдаган кыргыз акындарын оозеки жазма ырлар жана жазма ырлар деп экиге бөлсөк болот. Оозеки жазма ырларга Токтогул, Арстанбек, Туяк ырчы сыяктууларды, ошондой эле жазма оозеки акындарга Молдо Кылыч, Молдо Ныяз, Алдаш Молдо, Тоголок Молдо, Жумамүдүн Молдо сыяктуу акындарды атасак болот. Бул акындардын ырларында падышалык бийликтин оторчул доорундагы заманын сындап ырдашкан.

Мисалы: *Ою менен сурашып, Орус бизди тергеди,*-деп М.Кылыч [238,153-б] ырдаган ырда келгиндердин бийлиги кыргыз элин башкаруу менен гана чектелбестен, сот иштерин жүргүзүп, суракка алганын кабарласа, ал эми Молдо Ныяз [237, 57-б]: *Албарс кафир бек болду, Калбады жакшы бийибиз,* - деп оторчулар менен биригип алган кыргыздын бий, бектери да биргелешип башкарганын жана да адилеттүү бийлик кылган кыргыз бийлери калбаганын ачык сындап, аны менен бирге эле кыргыз башкаруучулары да орусташып жатканын ырларында тастыктайт.

Ал эми падышалык оторчулар туралуу элдик оозеки ыкмада айткан акындардын бири: *Бул орусту карасаң, Суу-сууга салды бекетти. Болуштарды карасаң, Катыныңдай кекетти,*- деп Арстанбек Буйлаш уулу [ 254. , 29-б]: ырдаган. Жогорудагы ыр саптары баяндагандай эле оторчулук доордогу пайда болгон оозеки адабияттын бир бөлүгү катары караганда, келгиндер суунун

башын, суулуу жерлерди кыргыздардан тартып алышкан. Арстанбек Буйлаш уулу отор доорунда бий катары элдин талаш иштерин акыйкат чечип келгинен элдик маалыматтар да ырастайт. Ошентип, акын арстаекбитн ырларында оторчу бийлик кыргыздарга орой жана кемсинтүү менен мамиле жасашканын ырда так баяндайт, бул тарыхый элдик оозеки чыгармада күчтүү сезимдер менен тарыхый чындык, так айтылууда.

Ошондуктан, элдик оозеки чыгармаларда баяндалган окуяларды кыргыз эли байыртан, орто кылымдарда, жаңы доордо да башынан кечирген тарыхый процесстерди тарыхый жактан талдоого алып, изилдеп үйрөнүүнүн негизги борборуна айлантышы керек. Элдик ырлар тарыхтын чындыгын кабарлайт, анткени фольклор биринчиден "жааматтын аң-сезими", элдин менчиги, жалпы элдин акыл-эс тутуму; экинчиден фольклор кыргыз элинин өзүн-өзү аңдоосу, таанып билүүсү, этнополитологиясы; үчүнчүдөн традициялык жүрүм-туруму, кыргыз элинин тарыхый окуяларынын баяндоочусу болуп саналат.

Ошондой тарыхый окуялардын бири катары 1898-жылдагы Анжияндык кыргыздардын азаттык көтөрүлүшү туралуу окуя туралуу ырда: *Туранынын Ак эшен, Таазим кылат саламны. Ат жетбеген алыска Жазыбатат саламны. Оң-солго кат берет, Оң колго уштап каламны[316., 121-б],* - деп Нурмолдо Наркул уулу тарыхый окуянын башкы уюштуруучуларынын бири Мадали эшенге Түрк султанынан кат келгендигин ырда кабарлайт жана да, оң-сол дегени кыргыздын оң канат жана сол канат урууларына кат жөнөткөнүн тарыхый булактар да ырастайт. Ошондой эле Ак эшен кат-кабарын Аксыга, Алайга, Теңир-Тоолук кыргыздарга да чабарманын чаптырганын тарыхчы акын катары так таамай баяндоодо.

Аны менен катар эле азаттыкка умтулгандардын жеңилиши туралуу айласыздан ырында: *Мадаличе "маштансаң", ...Кырылган бойдон каласың, Чарыгың бовойт "замбирек", Балакетке каласың, [316, 122-б],* -деп Нурмолдо ырда чындыкты айтуу менен катар эле "*Токтогулдай томолой, Жакшылар тартар жаласын*" *[316, 122-б],*-деп окуяны так кабарлайт. Тарыхый ырларды тарыхый жактан салыштырып карасак, чындыгында эшендин ийиги замбирек

боло алган эмес, эл кыргынга учураган, бирок азаттыкка умтулуу токтогон эмес, ошондой эле азаттыктын идеологу Токтогул Сатылганов сыяктуу эл жакшылары оторчул бийлик тарабынан ак жеринен Сибирге сүргүнгө айдалганын Нурмолдо акын так баяндоодо.

Кыргыз фольклорунда, деги эле фольклордо болуп жаткан окуя бир эле учурда эки жерде болбойт, окуя эмпирикалык жактан алып караганда мейкиндикте жана убакытта башталат, бирок анын сыртында болуп жаткан процесстерди кабарлай албайт,-деп эсептейт Я.В.Пропп [165, 92-б]. Ушул сыяктуу эле Анжиян кыргыздарынын аймагында болуп жаткан окуяларды Нурмолдо так айтат, бирок Алай, Аксы, Теңир-Тоо аймагында болуп жаткан окуялардан кабардар болгон эмес. Бирок, көчмөн кыргыздар кабарды "узун кулактар" аркылуу кабарлап турган, бирок бул деген кыргыз цивилизациясы болгон эмес деген чечимге тура келбейт.

Бул багыттан алып караганда руханий маданиятты, анын ичинен номаддардын маданиятын А.Тойнби 21 цивилизация бар, бирок номадизм цивилизациясын алардын катарына кошкон эмес. Көчмөн элдердин, анын ичнен кыргыз цивилизациясы болгон. Ал эми "номад", - деген сөз байыркы грек тилинен которгондо "малчы, көчмөн", латын тилинде "көчмөн", ал эми индоевропалыктардын тилинде "бөлүнүү"[314] дегенди билдирет.

Бул жагдайдан алып караганда ар бир доордо кыргыз элинин ичинде ар бир адамдын социалдык статустары болгон, ошого жараша милдет, укуктары иштелип чыккан. Маселен, Кокон хандыгынын мезгилинде бий, бектердин, даткалардын, муңчулардын тиешелүү укук, милдеттери болгон, жадагалса ар биринин мөөрү болгон. Мисалы, Үмөталынын, Ормон (датка) хандын, Боромбайдын, Кедейбай датканын, Нарали хандын [тиркемени караңыз]. Ар бир башкаруучуда мөөрдүн болушу, кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн бир формасы болгондугунун далили. Демек, көчмөн кыргыз элинде да башкаруу институттары болгондуктун белгиси.

Кыргыз элин Орусия падышачылыгы XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башында оторчулук саясатын ишке ашырган мезгилде да, кыргыз элинин жашоо шартында, негизинен көчмөндүк жашоо сакталып калды.

"Көчмөн жашоо болсо да оторчулук дордо да Кыргыз элинин кол өнөрчүлүгү байыркы "сак-скиф айбанаттар стили" сакталган, ошондуктан байыркы номаддардын татаал жана кызыгууну жараткан, искусствосу менен абдан тыгыз байланышта болгон" - деп эсептейт В.А. Коренянко [115,123-б]. Оторчулук доордо да кыргыз элинин кол өнөрчүлүгү өнүгүп-өсүп турган, ошондой эле кол өнөрчүлүк тууралуу "Манас" эпосунда жана элдик оозеки чыгармаларда так баяндалган. Байыркы номаддардын искусствосу кыргыз элинин көркөм сүрөт искусствосу менен тыгыз байланышып, алардын жашоо турмушунан кенен жана терең орун алган,-деп таамай жазган Я. Штофер [222, 29-б]. Ошондуктан, Кыргыздардын кол өнөрчүлүгү, элдик оозеки чыгармачылыгы оторчулук доордо да алга карай өнүгүп өсүп турганын Э. Хантингтондун фото документтери, сүрөттөрү тастыктайт (тиркемени караңыз).

Ошондуктан, көчмөн кыргыз цивилизациясы болгондугун далилдөө багытында материалдык өндүрүшүн, мал чарбасын, социалдык мамилелерин изилдеп, ишке ашыруу аракеттери болууда. Чындыгында, номад кыргыздардын үй-бүлө куруу, жана андагы таалим – тарбия, ата менен баланын, кыз менен эненин байланыштары изилдөөгө, байкоого алуу керек. Мында бүбү-бакшылардын адат-салттары, эрежелер эч качан шек жараткан эмес. Кыскасы бүбү-бакшылардын айткандары кыргыз коомун, кайсы бир деңгээлде кыймылдаткыч күчү болуп турган деп эсептешибиз керек.

Маселен, жаздын келиши туралуу бакшылар, оторчулук доордо деле элге кабарлап айтып турган. Оторчулук мезгилде кыргыздар жаз мезгилинде малдын "төл" учурунда кылдат, сак болушуп, мал жандыктар төл аяктап, малдын козу, улактары, торпоктору басып калгандан баштап, алар жер которгон, ошондуктан "номаддар тез-тез жер которуп, тынымсыз кыймылда болушкан" - деп жазат Н.Масанов [130, 104-б].

Ал эми "төл" деген сөз "төлөндү-ордун ээледи деген маанини билдирет,

ошондой эле мал чарбачылыгында малды “төлдөдү, тууду” - деп айтышкан, кыргыз эс тутумунда “төл” деген сөздүн дагы бир мааниси, “төл” учуру-жаз айларын билдирсе, экинчи бир мааниси “туут” деп жаз мезгилин, мал жандыктан төл алган мезгилин кабарлайт, ошондой эле, “куут” деп күз мезгилин айтышкан. Мал чарбачылыгына байланышкан терминдерден “от-чөп” маанисин да, ошондой эле “от-күн” маанисин да билдирет.

Ошентип, кыргыздар оторчулук доорунда да жер которуу менен төрт түлүк малдын башын аман сактап калган, кыргыз эли үчүн орус оторчулук доорунда да төрт түлүк мал деп жылкы, уй, кой-эчки, төө негизги байлык болуп эсептелген. Падышалык бийликке баш ийгенден кийин да кыргыз эли мал чарбачылыгы менен кошо дыйканчылыкты кошо алып жүргөн жана кыргыз элинин дүйнө таанымы “теңирчилик” дүйнө таанымы менен тыгыз байланышкан.

Бул туралуу Ю.И.Дробышевдин [88, 5-б] “номаддардын руханий маданияты, алардын көчмөн турмушу менен тыгыз байланышып, өзгөчөлөнүп турган” - деп айткан маселелерин кайрадан иликтеп чыгуу зарылчылыгы пайда болууда. Тарыхчы А.Алымбаевдин [46.,6-б] пикирине таянсак: “Этникалык аң-сезимди калыптандырууда, ошол этностун келип чыгышына байланышкан уламыш-мифтерди сактап алып жүрүү өзгөчө мааниге ээ”.

Бул багытта социалдык фольклордун табиятына токтолуу зарылчылыгы бар, бирок социалдык жашоо күн санап алга карай, тынымсыз өнүгүүдө, ошондуктан, кыргыз элдик оозеки маалыматтарын тыкыр карап чыгуу зарылчылыгы турат. Анткени, адабият менен фольклор абдан тыгыз байланышкан, бирок элдик оозеки чыгармалардын өзүнүн поэтикалык үнү болот. Бул маселени Л.Я.Пропп [165, 28-б]: “Элдик оозеки чыгарма оозеки айтылат, ал эми адабият жазуу түрүндө сакталат” - деп баса белгилеген жана адабият бир пайда болгондон кийин өзгөрүүсүз калат. Адабиятта автор жана окурман гана болсо, ал эми фольклордо аткаруучу жана угуучу болот. Ал өзү катышкан окуяны же уккан окуяны айтып берет. Маселен, манасчылар аткаруучу катары окуяларды кээде билип, кээде апыртып, сезим туюмдары

менен баяндап айтып, окуяга жаңы түс жаратышат. Мында айтуучунун жеке чеберчилиги, таланты, шыгы, социалдык абалы, жашоого болгон көз карашы абдан чоң мааниге эгедер экенин эстен чыгарбоо керек.

Кыргыз элинин заттык жана руханий маданиятын жан дүйнөсүндө сактаган акындар, кол өнөрчүлөр, чечендер, жайчылар, кара сөздүн чеберлери кыргыз элинин көп кылымдык тарыхынын алтын сандыгы болуп саналышат. Демек, фольклор ж.б. этнографиялык маалыматтар кыргыз элин бириктирген чоң күчкө ээ болуп саналат. Ошондуктан, кыргыздар оторчулук мезгилде да акындарын, баатырларын, туулган жерин, ата-бабалардын рухун аздектеп келген.

Бул багытта тарыхчы-этнограф Ю.И.Дробышев: «жаңы жерге жер которгон номад… жапайы жаратылышка кадам таштап жатып, атайын жер ээсине арнап сыйынуу ритуалын аткарат, башкача айтканда тоо таштын ээсине сыйынат» [88,120-б] -деп так белгилеген. Мындай көрүнүш кыргыздарда байыртадан эле, ата-бабадан калган жерди ыйык деп эсептешип, ал жерлерди кыштоо, жаздоо, жайлоо катары пайдаланышкан. Бул конуштар, журттар кыргыздар үчүн ыйык болуп саналган. Кыргыздардын мындай шарттардагы жашоосу туралуу Э.Н.Масанов [130., 85-б]: «Кыргыздарда жер жааматтын менчиги болгон. Андагы урук-туугандар бирдей укукка ээ болушкан», - деп жазган. Мында айдоо жер, кыштоо, жаздоо, жайлоолору болгон, башка чоочун урыулар, уруктар менен бирге отурукташа алган эмес. Ошондуктан, кыргыздар ар дайым уруу-уруу болуп жашаган. Душмандарга да уруу-уруу болуп жана сырттан душман келсе ар бир уруу биргелешип “кыргыз” деген ураан менен согушкан.

Ушул багытта «Материалы по киргизскому землепользованию» деген эмгекти назар салсак, анда биз кыргыз чарбасынын бардык этаптарын, формасын жана алардын коом, табият менен мамилесин изилдөөгө жол ачат. Бул багытта көрүнүктүү эмгектерден П. Румянцева, А. Кауфман, В. Скалова, П. Хворостанский сыяктуулардын эмгектерин пайдаланып казактардын жашоо тиричилигине, айлана чөйрөгө жасаган мамилелерине салыштырып, байкоо

салып анализдесек болот.

Эгерде биз тарыхка кайрылсак, анда XIX экинчи жарымынан- XX к. башында революцияга чейинки тарыхнаамаларга көз чаптырсак, кыргыз элинин социалдык жашоосу кескин өзгөрө баштаган, ал туралуу малыматтарда: "Көптөгөн талаалардын аймагы, табияты боюнча көчмөндөргө тиешелүү болуп, алар үчүн кызмат кылгандай, эгерде күч менен отурукташтырсак, анда регресс башталат, ал эми талаалар ээн калат», - деп жазат В.В. Радлов. Чындыгында талааларды, тоолордогу жайыттарды кыргыз номадысыз элестетүү мүмкүн эмес. (В.В.Радлов, 1989: 345). Демек, номад кыргыз үчүн тоолор жана талаалар киндиктеш. Кыргыз табият менен эриш-аркак жашап келген байыркы эл.

Кыргыз номаддын антропогендик географиялык мүнөзүндө аны курчап турган чөйрөсүнүн ролу эбегейсиз. Ошондуктан, кыргыз баласынын конушуна болгон сакралдык мамилеси жана анын жоопкерчилиги абдан күчтүү болгон. Анын жоопкерчилиги анын жайгашкан жеринин фауна, флораларына болгон сакралдык мамилесинен байкалган. Ошондуктан алар экологиянын тең салмактуулугун сакташкан.

Ал эми кыргыздардын байыркы майрамдары болгонбу деген маселени биз орустардын майрамдарын изилдеген окумуштуунун пикири менен тастыктоого аракеттенсек болот. Бул туралуу Л.Ю Пропп [165, 66-б] «Орустардын агрардык майрамдары» - деген темада орус дыйкандарынын календардык түшүнүктөрү туралуу кызыктуу маалыматтарды жазат. Биздин пикирибизде «кыргыздардын агрардык майрамдары» туралуу айтсак 12 жылдын аталышы, жер-сууга сыйынуусу, жер айдаганда ырдалган ырлар, жер кайсы мезгилде айдаларын кыргыздар «үч үркөр» жылдызына карап байкоо салышкан.

Ал эми отор доорунда деле түшүм жыйнаганда «Опмайда» ырынын ырдалышы, «чечкор» майрамы, жайлоодогу «шернелери» бул кыргыздын чарбалык багыттагы майрамдары болгон. Бул элдик майрамдар кыргыздардын элдик оозеки чыгармаларынын калыптанышына, этникалык музыкасынын, этнопсихикасынын өсүп-өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизген. Дагы бир белгилөөчү жагдай элдик оозеки чыгармаларда кыргыз баатырларынын минген

аты туралуу археологиялык малыматтарга таянып, В.В. Радлов “Жез доорундагы көрүстөндөрдөн табылышы, аттардын маркумдар менен кошо көмүлүшү, Берель көрүстөнүнө тиешелүү 16 жылкынын сөөктөрүнүн табылышын баяндап келип, булар менен кошо эле аска бетинде тартылган аттуу адамдын сүрөтүнө байкоо салган. Алтайдагы байыркы мезгилдеги урууларды номаддар (көчмөндөр) болгон деп эсептейт. Алар мал чарбасында жылкы, уй, төө, кой, эчки багуу менен катар, дыйканчылык менен да кесиптенишкен деп жыйынтык чыгарат (Радлов, 1989: 471–474). Ушуну менен бирге, жылкы адамдын социалдык статусун билдирген деген пикирди карманат.

Анткени, айырым коргондордон 20дан ашык жылкынын сөөктөрү кездешкендиктен ушул пикирди айткан (Радлов, 1989: 463). В.В. Радлов (1989: 467–468) өзгөчө Алтайдагы көчмөндөрдүн искусствосуна дыкат көңүл бөлгөн. Ошондуктан кыргыздар байыртан “Ат-адамдын канаты”, “Атың барда жер тааны, атаң барда эл тааны” - деп айтышкан. Байыртадан эле кыргыз эли көзү өткөң адамдын минген атын кошо көмгөн, азыркы учурда минген атын адамдын карашына багыштап союшат.

Ошондуктан – деп, жазат таанымал тарыхчы-этнограф П.К.Дашковский [82., 54-б]: «Жылкы тиги дүйнөдө да синкретикалык мааниге ээ жаныбар маанисин туюнткан; ошону менен бирге, номаддардын диндик-мифологиялык фантастикалык көз карашы жана көчмөн турмушта жаныбарлардын идолун копиялоо катары кабылдаган» - деген пикирин жазат. Чет элдик саякатчылар келгенде Өзгөндө кыргыздардын жылкы базары болгонун тарыхчы Ч.Турдалиева белгилеген [194.,121-б]. Бул пикирлерди эске алуу менен бирге, Түштүк Сибирде жашаган байыркы кыргыз урууларынын жылкыга болгон ыйык мамилеси туралуу элдик оозеки чыгармаларда абдан көп маалыматтар кездешет. Деги эле жылкыга болгон ыйык (сакралдуу) мамиле кыргыздарда оторчулук доордо да эволюциялык жол менен өнүгө берген. Бирок, оторчулук доордо кыргыздын мыкты жылкыларын, кийген кийимдерин (тон ж.б.) орус оторчулары, бий, болуштар тартып алгандарын, ошондой эле 1916-жылдагы улуттук- боштондук көтөрүлүшү учурунда салыктын чыдагыс жогорулаганын

элдик ырларда : *Адилет кетти болуштан, Байпак менен тон алды. Аркан менен жип алды,...Күчөп кетти алманы, Күйүп кетти жандары. Жарды кедей дыйкандын, Ичке толду арманы* - деген ыр саптарында тастыктайт[ 293].

Тарыхый-этнографиялык жактан салыштырып караганда орус оторчуларынын белгиленгенден ашыкча салыктарды жыйнап алгандары, ошондон улам карапайым дыйкандын, малчылардын турмушу начарлаганын элдин кош эзүүдө калганын баяндаса, ал эми *Нурмолдонун ыр саптарында[316, 123-б]: "Йолун тосту ашкере жахангир орус аскери. Жардамга бизни чакырды, Баспайлычы тескери* - деген ыр саптары "орус падышалыгынын оторчуларына каршылык кылбастан жардамга баралы, согуш талаасынан алыс аймакта мандикер эле болуп иштеп берели, бөөдө кан төгүлбөсүн" - деп элди тынчтыкка, оторчулардын буйругуна баш ийүүгө чакырган.

Бул бир жагынан Нурмолдонун тынчтыкты каалаганы болсо, экинчиден акын катары элдин ынтымагын тилеген идеясы аркылуу Аксы аймагында тынчтыкты жана ынтымакты сактап калган акын. Ал акын катары ырларынын көркөмдүгү менен тарыхчы акын катары улуу акын болуп саналат.

Ошентип, орус оторчулук дооруна тиешелүү кыргыз элдик оозеки чыгармаларынын ичинен социалдык фольклорун, тарыхый ырларын жана ошол мезгилде жашаган акындардын ырларын ар тараптуу изилдөө мезгилдин актуалдуу маселелеринен экендигин белгилейбиз.

## 2.2. Изилдөөнүн методологиясы жана методдору

Азыркы учурда орус падышалыгынын оторчулук доорун элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын тарыхый булак катары изилдөөдө тарыхый-салыштырмалуулук методу башкы мааниге эгедер. Салыштырмалуулук методу элдик оозеки маалыматтарды тарыхый-этнографиялык, тарыхый-генетикалык, тарыхый-салыштырмалуулук жана окшоштук жактарынан салыштыруу зарыл. Ошону менен катар, аймактык фольклордун жана улуттук фольклордун окшоштугу жана айырмачылыктарына байкоо салуу абзел. Аймактык фольклордун негизинде, улуттук фольклор пайда болуп, бири-бирин толуктап турат. Ириде, этнографиялык маалыматтар да тарыхый фольклорду толуктап, изилдөө багыттарында зор натыйжаларды берет. Бүгүнкү илимде бир нече илимдердин тогошкон жеринде изилдөөлөрдү ишке ашыруу өз натыйжаларын берип жатканы ырас.

Ал эми тарыхый фольклор элдин акылы, этнополитологиясы, тарыхый эс-тутуму жана идентүүлүгү. Ошондуктан, орус оторчулук доорунун башталышы менен XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кылымдын башындагы Кыргызстандагы саясий жана социалдык окуялар, элдин этникалык тарыхый эс-тутумунда, этносаясий аң сезиминде жашап келген. Элдин тарыхый эс-тутумунда кандай этносаясий окуялар болгондугун элдик оозеки чыгармалар, анын ичинен индивидуалдуу айтуучулар катары заманчы - акындар болгон олуя Калыгул, акын Арстанбек Буйлаш уулу, жазгыч акындар Молдо Кылыч жана Молдо Нияз, Жеңижок акындардын эмгектери менен катар эле элден

жыйналган фольклордук маалыматтар оторчулук доор туралуу маалымат бере алат. Олуя Калыгулдун: [255., 74-б] ырларында: “*Кармап турган улугуң орус болот, Кой ордуна бакканы доңуз болот. Миң түтүнгө, бир түтүн болуш болот. Болуштарың орус болуш болот”*- деген ыр саптарына кездешебиз, ырда негизинен казак акындарынын таасири да бар экендигин жана ырдын баш саптарында орус калкынын антропологиясы айтылса, кийинки саптарында Оторчулардын кыргыз жерлерин басып алып, жерлерин тартып алып, чарбасында мал жандыктар менен катар эле доңуз багарын саясий башкаруусунда болуштук башкаруу болорун, болуштар оторчулардын кызыкчылыгын көздөп, кызмат кылаарын баяндайт. Ал эми Арстанбек Буйлаш уулунун ырында [316, 70-б] : *Миң үйлүүгө баш болуп, Болуш чыгат дечү эле. ... Буйрук менен кондурган, Конуш чыгат дечү эле* - деген ыр саптары эки акындын орус оторчуларынын саясий башкаруусу кыргыз элинин этносаясий абалы туралуу так маалыматты баяндоодо. Буга караганда эки ыр саптар бири–бирине бир топ жакындыгы бар экендигин байкайбыз, бир жагынан эки инсандын бир доордо жашаганын билдирсе, олуя Калыгулга караганда Арстанбек акындын ыр саптарынан көркөмдүк кара сөз каражаттарын, сөз уйкаштыктары мыкты айтылган. Бирок эки инсандын айтайын деген ойлору оторчулардын башкаруу саясатын, чарбачылыгын таамай, так баяндоодо жана да бири-биринин ойлорун толуктап турууда.

Жазма акын Молдо Нияз [316, 57-б]*:”Осол болду элибиз, Орус кафир бегибиз, Азамат эрлер жок болду, Албарс кафир бек болду, Калбады жакшы бийибиз”,* - деген ыр саптарына караганда, оторчулардын саясаты Анжиян кыргыздарынын азаттык күрөшүнөн кийин кескин өзгөрүп, оторчу башкаруучулар кыргыздын жакшыларын куугунтуктоо жана жергиликтүү кыргыздарга карата катаал чараларды тымызын ишке ашыра баштаганын ыр саптарында кабарлайт.

Анткени, оторчулук мезгилдеги тарыхый окуялар Кыргызстандагы оторчулардын экономикалык, саясий жана маданий жактан өзгөрүүлөрүнө таасирин тийгизгенине токтолууга туура келет. Бул жагдайда элдик ырларда: "*Тоону кесип бериптир, Лесничий кысталак. Күндө салат анысы, Коломто деп штараф"*- деген ыр саптарына караганда кыргыздар оторчулар келгенде суугат жеринен, кийинчерээк болсо жайытынан ажырады. Ошол эле кезде малдын башынын саны кыскарды, эл арасында жакырчылык улам көбөйө берген. Ошол мезгилдин ичиндеги өзгөрүүлөр заманчыл - акындардын коомдук-саясий, социалдык көз-караштарын, дүйнө таанымдарын өнүгүүсүн, шартка жараша калыптанышын ырастаган.

Олуя Калыгул, акындар Арстанбек жана Молдо Кылычтын жашаган доору патриархалдык-феодалдык түзүлүш жана орус падышалыгынын оторчулук саясатынын таасиринде калыптанган жана жаңы калыптанып жаткан коомдук-социалдык мамилелер системасына туш келген. Мындай коомдук процесс социалдык-экономикалык укладдын көп түрдүүлүгү, Орто Азияда болуп жаткан татаал, ары кооптуу геосаясий абал, ага жараша диндик идеялардын (диний, этникалык) өкүм сүрүшү, жалпы этномаданий, этносаясий (социопсихологиялык, нравалык, гуманисттик) кризисттер менен коштолуп турган мезгилге тура келген. Ошол саясий процесстер заманчы акындарга абдан таасирин тийгизген.

Ал эми XIX кылымдагы жана - XX кылымдын башындагы кыргыз коомунун социалдык-экономикалык, этносаясий жана этномаданий абалы көп жагынан татаал болгон. Отр доорундагы тарыхый окуяларды бир тараптуу баалоо мүмкүн эмес. Себеби, колониялык саясат бир жагынан реакциячыл, басып алуучулук мүнөзгө ээ болгонун элдик ырда: *"Ушул орус келгенде, Аштык чыгар жерди алар"*- деп ырдаган акын Арстанбек [316, 71-б], ал эми экинчи жагынан өзүнүн айрым этносаясий, социалдык-экономикалык, маданий натыйжалары менен Кыргызстанда белгилүү бир өлчөмдө прогрессивдүү маанисин белгилейбиз. Бул көрүнүштү биз, акын - заманчылардын коомдук көз караштарын, этносаясий, этикалык жана эстетикалык ой-толгоолорун илимий

талдоодо сөзсүз эске алышыбыз керек. Анткени, акындардын дүйнө таанымы мына ушул жогоруда аталган жагдайдын түздөн-түз туундусу.

Заманчыл-акындардын дүйнө таанымдарына туура баа бериш үчүн кийинки жагдайды белгилөө өтө маанилүү. Белгилүү болгондой, дин - коомдук көрүнүш катары адам баласы айлана-чөйрөнүн, жаратылыштын жана коомдук кубулуштардын сырларын түшүнүүгө жасаган аракетинин негизинде мифтен кийин пайда болгон коомдук аң-сезимдин бир формасы. Оторчулук доорунда “эки чоң геосаясий оюнчу” мамлекеттер дин кызматкерлерин кызыкчылыктарына пайдаланган. Ал туралуу А.В.Белоглазов[54, 88-б]. Орто Азияны каратып алууда эки чоң геосаясий оюнчулар ислам факторуна токтолушкан. Алар ислам динине дурус мамиледе болушканын жашырышкан эмес. Орус падышалыгы татар мусулмандарына таянган болсо, ал эми англичандар Индиянын түндүгүндөгү мусулмандарды пайдаланышкандыгы тарыхый факт болуп саналат. Ошондуктан, татар мусумандары орустар менен бирге кыргыз жерине көп келишкен. Бирок кыргыздар ислам динин салттык дини менен эриш-аркак, байланышта карманган. Бул туралуу: *“Чала чыккан сабатым, Чар китептен сабатым”*,- деп ырдаган Молдо Кылычтын пикиринен байкасак болот. Биринчиден акындын чар китеби - бул Куран и-Керим китеби болуп эсептелет. Ал эми “Чар-чор”- “Яр” деген сөз “төрт шер”, “төрт дөө” - дегенди да билдирет. Аларга Мухамбет пайгамбардын ишин улантуучулар: Омар, Осмон, Абубакир, Али болушкан [119, 11-б.]. Дин жалпы эле адамзатты тынчсыздандырып келген татаал маселелерден, коомдо жүрүп жаткан процесстерден таптакыр эле бөлүнүп кетпегени тарыхтан бизге белгилүү.

Ал эми кыргыз элинде ак дин, туура дин, калыс дин, туруктуу дин деген диний түшүнүктөр болгон. Ак динден бардык диндер салаалап чыгаарын дин таануучу Т. Кунашов билдерет[293]. Ак дин тууралуу Манас эпосунда, элдик оозеки чыгармаларда кеп салынат, ошондой эле ак деген сөздөн тамак, жүрөк, алмак, чакмак деген сөздөр келип чыккан болушу ыктымал. Бул багытта жадидчилердин да ролу таасирдүү болгонун байкоого болот. Жашоодогу

муктаждыктар ар дайым диндин иш-аракеттеринин ажырагыс бир компоненти болуп келген. Динде иллюзиялуу, фантастикалуу ойлор менен катар эле, адамдардын таламдары да өзгөчө формада баяндалган. Диндин тарыхый-салыштырмалуулук, аксиологиялык, психологиялык, коммуникативдик, интегративдик, дүйнө таануучулук өңдүү функцияларынын баары оторчулук тарыхый доордо позитивдүү элементтерге ээ болушкан. Ушундан улам төмөнкү ойду айтууга туура келет: Инсан катары исламдык идеологиясы өкүм сүрүп турган мезгилдин шартында калыптанып, мусулман дининин духунда тарбия көргөн Калыгул олуя, Арстанбек жана Молдо Кылыч, ошол эле учурда *«Мусулман абад жок болуп, Мурунку марттар жайланди»*-деп ырдаган Молдо Нияз [237, 61–б.] өз мезгилиндеги коомдогу терс көрүнүштөрдү уруулук моралдын негизинен эле эмес, улуттук баалуулуктардын жана диний өңүттөн да отор доорун катуу сынга алган.

Жалпы эле кыргыз акындарынын, анын ичинде заманчыл-акындардын дүйнө таанымына туура баа бериш үчүн, дагы бир жагдайды эске алуу керек. Акындарды совет доорунда демократ жана буржуазиячыл деп ажыратып айтып келген. Мындай субъективдүү бөлүштүрүүнүн натыйжасында айрым акындардын мурастары көкөлөтүлүп мактался, ал эми айрымдарын объективдүү баага ээ болбой, жалаң сынга кабылган. Демократ – акындар менен заманчыл – акындардын чыгармаларынын маңызын, Совет мезгилинде бири-бирине карама-каршы коюу күч алган.

Тарыхыйлык жана системалык-структуралык принциптер. Кыргызстандын XIX кылымдын экинчи жарымындагы - XX кылымдын башындагы саясий өнүгүшүн изилдөөдө **историзм принциби** өзгөчө керек. Себеби, тигил же бул көрүнүштүн өткөн доордо кандай болгондугун, анын кантип өнүккөндүгүн жана кандай абалга жеткендигин историзм принциби аркылуу анализге алуу керек. Бул туралуу Тагай Эмил уулунун ырында[317, 3-бет.]: “*Калк эдик бир миллион чамасында, Караган Россиянын фаанасына. Мал багып, өзлүгүнчө оокат эткен, Сайрандап Сахаранын даласында. Каратты бизди орус шол чамада, Тарыхка миң сегиз жүз элүү сана. Ок атпай, кылыч*

*чаппай карадыңыз, Тойбойбуз жер-сууңа деди жана” - деген* ыр саптар кыргыз элинин XIX кылымдын башындагы же автор кабарлагандай 1850-жылдары орус оторчулары жаңыдан келе баштаган мезгили эле, оторчулар акырындык менен жер-сууну ээлешти.

Ал эми XX кылымдын башындагы дээрлик жерлерди ээлеп алышкан, андан ары карай оторчу бийликтин саясий өнүгүүсүн жана андан кийинки Орусиянын Кыргызстандагы оторчулук саясатынын маанисин тереңдеген, аларды иликтөөдө элдик оозеки чыгармалардын ордун салыштырмалуу ыкмада талдадык. Бул туралуу: “*Чакырды деп – Сталпын/, Алматы барып келгенсиң/. Жашырып алдың теңгесин/, “Жайылтам”- деп котурду/. Казынадан эки миң/, Акчалай алдың теңгесин/. Сталпындин теңгесин/. Сыртынан сатып жүрөсүң/, Эл-журттун жерлерин/”*- деп ырдаган Алдаш Молдо [135, 193-б.]. 1906-жылы Россия империясынын Министрлер Советинин төрагасы П.А.Столыпин [314] Орусияда агрардык рефома жүргүзгөн. Бул реформа боюнча дыйкандар жеке менчикке жер алып чарба-хутор түзгөнгө уруксат берилген. Орусиянын калк жыш жайгашкан жерлеринен дыйкандарды Орто-Азияга жана Кыргызстанга көчүрүп келүү менен оторчулардын плацдармын түзгөн. Алар үчүн банктардан жеңилдетилген насыя акчалар берилген. Мындан пайдаланган оторчу келгиндер, оторчу бийлик менен катар эле Баракан сыяктуу болуштар, бийлер кыргыз жерлерин ачык да, тымызын келгиндерге жерди сата беришкенин Алдаш Молдо так ыр менен тастыктап кабарлоодо. Мына ушунун өзүнөн жалпы эле изилденип жаткан мезгилдин бүткүл дүйнөлүк тарыхый прогресске кандай айкалышкандыгын баамдоого болот. Мына ушундан пайдаланган кыргыздын айрым бир мыктылары элди отурукташтырып айыл түзгөнгө жетишкен. Андан ары карай Алдаш Молдо [119, 42-б ]: “*Талып Молдо, Эр Тамыр, Касымбек, Бекбоо, Көкүл. Жерин өлчөп алышкан, Хрестиан аталып, Кыштагын бөлүп алышкан,* -деп окуянын тарыхый чындыгын кабарлайт, себеби Талып Молдо Жети-Өгүз районунда Чырак айылын негиздеген болсо, Темир Молдо Ысык-Көл районундагы Корумду, Кара Буурул (азыр анын атында Темир айылы), Булан-Сөгөттү, Он-Жети-Карагай айылдарын негиздегенин К. Койлубаев ырастайт.

Ошондуктан, бул доордогу элдин жашоосунун, элдин оторчулук мезгилге болгон мамилесин  изилдөөдө, ар бир автор тигил же бул маселени абсолюттук чындыкка объективдүү жазууга тийиш деген ойдон алыспыз. Абсолюттук чындык жаратылышта гана кездешет, ал эми тарыхтын чындыгы салыштырмалуу болот эмеспи.

Демек, Кыргызстандын XIX кылымдын 50-70-жылдарындагы жана XX кылымдын башындагы саясый өнүгүүсүн, анын Орусия империясы тарабынан каратылышын изилдөөдө биз колубуздан келишинче салыштырмалуу чындыкка элдик оозеки чыгармалардын негизинде жакындоого аракеттендик, жаңы доордогу жана советтик тарыхнаамадагы көз караштарды четке кагып койбостон, алардын азыркы тарыхнааманын пикирлерине жооп берген жагдайларын колдодук жана колдондук.

Маселен, кыргыз элинин турмушунда бир топ эле прогрессивдүү алга жылуулар болгонун да айта кетүү  биздин милдетибиз. Мисалы: *“Карагайдын башында, Чыны болот дечү эле, Чыны менен жүргүзгөн, Зымы боло дечү эле”- деп ырдаган Арстанбек[316, 71-б.].* Оторчулардын келиши менен байланыш каражаттары Бишкек менен Токмокту байланыштырган телеграфтар ишке кирген. Ошол эле учурда негизги жыйынтыктарды, концептуалдуу ойлорду айтууда субьективдүүлүктөн алыстоого, калыс болууга аракеттендик. Тарыхыйлык принциби Кыргызстандын аймагындагы  кыргыз урууларынын XIX-XX кылымдардагы тарыхый жолунда уруулук чабыштар, оторчуларга баш ийбегенге аракеттенишип каршылыктарды уюштурган, аргасыздан качууга мажбур болушкан ал туралуу Арстанбек [316, 67-б]: “*Башка чапса былк этпес, Өлүк болгон көп бугу*”.., бугу менен сарыбагыштын чабышын акын кабарлоодо, андан ары карай ырында: *“Анжиян көздөй качканбыз, Азаптуу жолду басканбыз* ”- деп ырдаган акын Арстанбек. Бул сыяктуу салыштыруулар изилдөөдө элдик оозеки чыгармалар менен байланышын, себеп-натыйжа чынжыры менен аныктадык.

***Тарыхыйлык принциби*** Орус падышалыгынын отордук саясатын, кыргыз урууларынын  этнопсаясий абалын, эл жакшыларынын орус

оторчулугуна каршы аракеттерин, тарыхый жолун изилдөөдө тарыхый салыштырма ыкма менен изилдедик. Бул туралуу А.Хасанов [207, 89-б] элден жазып алган ырында: *“Алтын кылат болоттон, Мамыр чыккан колоттон”* - деп баяндайт. Мундуз уруусунун башчысы гана эмес, бүтүндөй кыргыз элинин азаттыгын талап кылган Мамыр Мергендин эрдиги этнополитологиялык алып караганда кыргыз элинин этносаясий аракеттери туралуу баяндалууда. Байыртан кыргыз эли уруу-уруу болуп жашагандыктан орус оторчуларына этносаяий жактан каршы туруп, азаттыкка чыгуу күрөштөрүндө ар бир уруусу менен, андан кийин башка уруулаш, кандаш туугандары менен, кыргыз жеринин азаттыгы үчүн жан аябай күрөшүп, көз каранды эместикти коргошкон.

Мында тарыхый инсандардын ролу абдан зор мааниге ээ болгонун элдик оозеки чыгармалардын жана маалыматтардын негизинде Алымбек датканын, Осмон датканын, Алымкул аталыктын, Зиябидин Магзунинин ишмердиктерин изилдедик. XIX кылымдын экинчи жарымынан орус отордук саясаты Фергана аймагындагы кыргыздарды багындырууга куралдуу күч менен аракеттене баштайт. Ошондуктан, кыргыздар Кокон кыргыз хандыгын сактап калуу, адилеттүү хандык бийликти орнотуу аракеттерин ишке ашыра баштагандыгын элдик оозеки чыгармаларды салыштырмалуу ыкма менен изилдедик. Айрыкча бул тенденция 1873-1876-жылдары башталган Орусиянын аскеринин Кокон хандыгын жоюуга карата жапырыгынын учурунда жана Абдылдабектин азаттык күрөшүндө ачык байкалган[112, 295-304-бб.].

Кыргыз эли Кокон хандыгында кыргыз этносаясий бийлигин бекемдөө үчүн, Искак Полот хан үчүн, экинчи Полот бек Токтогул уулу –Н.С.А.) Кокон мамлекетин сактап калуу үчүн орус баскынчылары менен күрөшкөн инсан болгон. Ошондуктан эл арасында: “*Баш үстүндө от жаккан, Ташкендин элин топ чапкан* - деген ыр саптары, ошондой эле “*Полот хан деген эр экен, Кыргыздан чыккан шер экен*”- деген ыр саптар Полот хандын кол башчы экендигин тактап турат. Анын оторчуларга каршы азаттык күрөшү 1875-жылдын 25-декабрынан 1976-жылдын 9-январына чейинки өткөн Эки-Суу [112, 254-262-бб.] (Кара-Дарыя менен Нарын дарыясынын аймагы) арасындагы

кыргынга дуушар болду, ошол күрөштүн эң кайгылуу күндөрү болгон. Бирок, тарых логикасы ушундай экен, көтөрүлүш жеңилип кыргыздар да азаттыгынан кол жууду. Алар Орусиянын колониясы болуу тагдырына аргасыздан, мажбурланып баш ийүү тагдырына туш келген. Мына ушундай татаал процесстер жана өзгөчөлүктөр кыргыз тарыхынын окуялары - тарыхыйлык принциби менен байланышып турат.

***Диалектикалык биримдик принцибинде*** теңир-тоолук жана аксылык, анжиандык, алайлык кыргыздардын тарыхы дайыма кыймылда болуп, өнүгүп жана эволюцияланып турган тарыхый процесс экендигинен ачык көрүнөт. Анткени, Кыргызстандын бардык аймактары, андан да кеңири бүтүндөй алганда Түркстандын аймагы Орусиянын колониялык тутумуна кириши менен түшүндүрүлөт.

Демек, бул диалектикалык биримдикти көрсөтүп турат. Системалык-структуралык принцип Кыргызстандын бардык аймагы XIX-XX кылымдын башындагы тарыхынын бүтүндөй жаңы доордогу, орус падышалыгынын отордук саясатынын системасында кыргыз эли аргасыздан жана ыктыярдуу да жашап тургандыгы менен да түшүндүрсө болот.

Анткени, Кыргызстандын аймагы, Түркстандын аймагы өз алдынча, башкалар менен байланышпаган аймак катары каралбайт, бул бүтүн бир аймак. Аталган эки кылымдагы тарыхыбыз, башка коңшу аймактарда жашаган калктар менен тагдырлаш болгон жана түндүктөн акырындык менен басып келе жаткан Орусиянын колониясы болуу келечегине объективдүү аргасыздан, кээде ыктыярдуу кошулганын элдик оозеки ырлар, маалыматтар ар тараптуу аныктайт. Демек, кыргыз элинин аргасыздан жана ыктыярдуу орус падышалыгынын бийлигин таанууда ушундай концептуалдык изилдөө системалык-структуралык принципти туура колдонуу зарылдыгын пайда кылды.

XIX кылымдагы жана XX кылымдын башындагы Орусиянын, Орто Азиянын жана Кыргызстандын тарыхый өнүгүүсү мезгилдин татаал, көп кырдуу саясий окуяларынын жүрүшү менен баяндалат. Ошондуктан, бул доордогу орус оторчулугун толук баамдоо үчүн, изилдөө процессинде актуалдаштыруу,

салыштырмалуу, тарыхый-генетикалык, доорлорго бөлүштүрүү ыкмалары кеңири пайдаланылды. Актуалдаштыруу ыкмасы деп жалпысынан актуалдуу болуп эсептелген теманын ичиндеги эң маанилүү болгон кай бир окуялардын жана фактылардын айланасында изилдөө процессин уюштурууну айтабыз. Маселен Узун-Агачтагы, Пишпек алдындагы, Ташкент алдындагы жана 1873-1876-жылдардагы кыргыз элинин азаттык көтөрүлүштөрү, 1898-жылдагы Анжияндык кыргыздардын улуттук-боштондук көтөрүлүшү жана оторчулар менен болгон согуштук кырдаалды кыргыз элинин этносаясий аракеттерин изилдөөдө пайдаландык. Мындай ыкма изилденип жаткан маселенин ичиндеги көптөгөн окуялардын ургаалдууларын иргеп, аларды тереңирээк иликтөөнүн негизинде илимдин бөксөлөрүн толтурууда, фольклордун жардамы менен кыргыз тарыхнаамасынын өнүгүшүнө белгилүү салым киргизүүгө шарт түздү.

Фольклордогу **салыштырмалуу ыкма**-бул коомдун, элдин руханий этносаяий жактан өнүгүшүндө универсалдуулугун жана социалдык бирдейлигин бири-бирине тийгизген таасирин, анын калыптанышындагы ролун, ошондой эле элдик маданияттын компоненттеринин негизинде жалпы факторлор ачыкталат жана бири-бирин толуктайт тилдик, элдин психикасы коомдогу болуп жаткан окуялары чагылдырылат - деп жазат Б.Н. Путилов [166, 64-б].

Кокон хандыгындагы окуяларды жана Орусиянын ошол мезгилдеги коомдук өнүгүүсүндөгү көрүнүштөрдү, кыргыз урууларынын этносаясый абалын, кайсыл бир бий, манаптардын этносаясий аракеттерин, мисалы Алымбек датканын Узун-Агач салгылашуусунан кыргыз колу менен согуш талаасынан чыгып кетиши, анын "..*кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча мамлекет уюштуруу же кокон ордосун толук ээлөө болучу*" - деп жазат Т. Кененсариев [112, 107-б.]. Анын максаты "*Кокон кыргыз хандыгын бекемдегенге"аракеттенгенин элдик ырда: "өз алдынча кыргызды мамлекет курууга жетишпеди Алымбек"*- деген ыр саптары тастыктайт. Алымкул аталыктын, Боромбай бийдин аракеттерин элдик оозеки чыгармалар менен салыштыруу, керектүү тарыхый мыйзам ченемдүүлүктөрдү далилдөөгө аракеттендик.

Тарыхый-генетикалык ыкма кай бир саясий фактыларды мүнөздөөдө (айталы Искактын Полот хандын ысмы менен болгон көтөрүлүш, 1916-жылы Мөкүш Шабдан уулунун хан шайланышы), анын түпкү себеби кайсыл мыйзам чемендүүлүктөн келип чыккандыгын аныктоодо элден алынган маалыматтар жардамчы булак болуп бере алды. Доорлорго бөлүштүрүү ыкмасы келки саясый окуяларды анын урунттуу бурулуштарынын негизинде мезгилдерге жана баскычтарга бөлүштүрүү менен Кыргызстандын Орусияга каратылышын, 1873-1876-жылдардагы, 1898-жылдагы жана 1916-жылдагы элдик кыймылдын мүнөзүн тереңирээк түшүнүүдө элдик оозеки чыгармалардагы, фольклордогу маалыматтар, акындардын ырлары тарыхый-этнографиялык булактар катары жардам берди.

Окуялардын башталышы, жеткен чеги, аякташын тактоодо, ***хронологиялык бөлүштүрүү*** ыкмасы биздин темага абдан пайдалуу ыкма болду. Бул ыкма тигил же бул процесстин кантип башталганын, анын өнүгүшүн жана жыйынтыктарын конркеттүү белгилөөдө баалуу жардамдарын тийгизди. Маселен, тарыхнаамалык серепти даярдоодо, Кыргызстандагы орус отордук саясатынын саясий өнүгүүсүн, Анжиян, Алай, Аксы аймактарынын өнүгүү процессин чагылдырууда жана башка тарыхый окуялардын хронологиялык тизмегин аныктоодо жардамы тийди.

Тарыхый окуялар коомдо өз ара диалектикалык байланышта турары белгилүү. Демек, максаты, мүнөзү жагынан тигил же бул тарыхый окуя тектеш маселеде кайсыл бир деңгээлде бир беткей окшоштуктарды көрсөтүшү толук ыктымал. Ошондуктан, Кыргызстандын аймагындагы орус оторчуларынын бийлигинин тарыхын иликтөөдө бул процессти башка аймактардагы окшоштуктар менен салыштыруу аркылуу, анын мыйзам ченемин тактоого болот.

Демек, диссертациядагы ар бир урунтуу маселелерди элдик оозеки чыгармаларды изилдөөдө ***салыштырмалуу ыкма*** аркылуу аткарылды. Бул биздин диссертациянын илимий максатына жетүүдө дурус көмөгүн берди. Ар кандай окуяларды, мисалы, диссертациянын ичинде кезиккен тигил же бул

окуялар жөнүндө баяндоодо, аны анализдөө жана фактологиялык материалдардын негизинде анализ-синтез ыкмасы өз жемишин берди. Эмпирикалык фактылар демекчи элди аралаганыбызда Ош, Жалал-абад аймагындагы элдер Полот ханды, Кокон хандыгын кыргыз мамлекети деген тарыхый эс-тутуму, этносаясий абалын, кыргыз элинин этносаясий аң сезиминде ушул убакта да жашарын байкадык. Бул маселени илимий жактан анализдегенге аракеттендик, ошондой эле мындай учурда элдик ырлар тарыхый окуялардын концептуалдуу өнүгүшүн баамдоого жардамчы боло алды.

Демек, диссертациядагы ар бир мерчемдүү маселелерди изилдөө салыштырмалуу ыкма, информаторлор менен маектешүү аркылуу аткарылды. Бул биздин диссертациянын илимий максатына жетүүдө жеткиликтүү жардам бере алды. *Эмпирикалык фактылар*, элдик оозеки чыгармалар, анын ичинде тарыхый-этнографиялык маалыматтар илимий жактан анализденип, тарыхый окуялардын концептуалдуу өнүгүшүн баамдоого жардамчы боло алды.

Ошентип, оторчулук доорго тиешелүү элдик оозеки маалыматтарды изилдөө маселеси орчундуу ойлорду жана пикирлерди пайда кылат. Аны менен катар эле заманчы акындардын, элдик ырларды салтуу маданияттыбыздагы элдик оозеки чыгармалар катары таанып жана тарыхый-этнографиялык булак катары колдонуп системага салуу жана анализ чыгаруу оторчулук доорду таанып билүүчүлүккө, отор доорундагы элдин тарыхый, этносаясий өнүгүү жолун ачып берүүгө кенен жол ачат.

Жыйынтыктап айтканда жогорудагы аталган ыкмалар кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларын изилдөөдө башкы ролго ээ болду. Илимде коплекстүү илимий изилдөөлөр бар, бирок биз үчүн жогорудагы илимий изилдөө ыкмалары натыйжа бере алды деп эсептейбиз.

# Үчүнчү бөлүм. Элдик оозеки чыгармаларды тарыхый-этнографиялык жактан иликтөө жана азаттык идеясынын чагылдырылышы

## 3.1. XIX кылымдын экинчи жарымы - XX кк. башындагы орус падышачылыгынын оторчулук саясатын чагылдырган элдик оозеки чыгармалар тарыхый-этнографиялык булак катары

**Саясий кырдаал**. XIX кылымдын экинчи жарымында Кыргызстандын аймагында “чоң геосаясий оюнчулардын” күрөшүнүн курчуп турган мезгили болгон. “Чоң оюнчу” мамлекеттерге Англия, Орусия падышалыгы жана циньдик Кытай кирген. Бул доорду тарыхчы Ч.Турдалиева [194, 108-бет] өзүнүн эмгегинде: “XIX кылымдын орто ченинде Орус падышачылыгынын Борбордук Азияны каратып алууларын, эл аралык аренада экспонсионисттик проект катары карашып, саясатчылардын жана аскер адамдарынын арасында ишке ашырып турган мезгилинин бышып турган чагы экенин, анын биринчи этабында аскер адамдары жана саякатчылар жана изилдөөчүлөр катышкан” – деп белгилеген. Алар “чоң оюнчу” мамлекеттердин кызыкчылыктарын ишке ашырган. Ошондой эле падышалык бийликтин кыргыз жерине көз артып, каратып турган учурунун биринчи этабы ишке ашкан мезгили болгон.

Чоң оюнчу мамлекеттердин ичинен Орусия падышалыгы оторчулук саясатын ишке ашырууга белсенип киришкен. Анткени, Орусия падышачылыгы Орто Азияны жана казак жерлерин каратып алуу пландарын, улам ишке ашырып турган. Акырындык менен казак жерлери орус падышалыгына каратылган соң, кезек кыргыз жерине келерин элдин көсөмдөрү, окуялардын курчуп турган мезгилин так баамдашкан. Ал эми бул

тууралуу Калыгул олуя [212, 74-б.] алдын ала байкап, мындайча ырдаган: *“Кармап турган улугуң орус болот / Кой ордуна бакканы доңуз болот / Миң түтүнгө, бир түтүн болуш болот / Болуштарың оруска коруш болот / Кыргыз сага кара таш конуш болот / Жердин, суунун ээси орус болот / Узун чөптү шыпырып орус келет / Кыска чөптү жолотпой коруп келет / Кызылдай сенин жаныңды соруп келет*”. Калыгул олуя катары орус падышачылыгынын куралдуу аскерлери акырындык менен канатташ жашаган казак элин каратылганы туралуу маалыматы болгон жана ал процесстерге көз салып, байкап турган. Ошондон улам, эртедир-кечби орус падышалыгы келерин сезген. Кыргыз жергесине орус соодагерлеринин, саякатчыларынын келишинин өзгөчө максаттары бар экенин баам салган. Орус падышалыгынын аскерлери кыргыз жерлерин каратып алуу менен гана чектелбейт. Алар андан ары карай падышалык оторчулар кыргыз элин, жерин түздөн-түз башкарып калат, - деп алдын ала этносаясий жактан көрөгөчтүк менен Калыгул олуя так баяндаган.

Ал эми орус падышалыгынын кыргыз эли менен дипломатиялык алгачкы байланыштары туралуу “Атаке алгачкы кыргыз-орус байланыштарын бекемдеген” - деп жазат В. Плоских [158, 35-б.]. Ал ошондой эле Атаке Анжиянда дыйканчылык менен эмгектенген, анын каздырган арыгы бар деп элдик маалыматтарга токтолгон. Бирок ал жерде Асаке жана Ботокара деген саяк уруусунан тараган эки бир туугандын урпактары жашарын санжыра боюнча Тоголок Молдо тастыктайт. Асаке - саяк уруусунан ал эми Атаке бий сарыбагыш уруусунан, демек эки башка инсан, эки башка жерде жашаган. Анжиянда негизинен Жунгар чабуулу учурунда кыргыздын саяк уруусу жашап келген. Ошентип, орус падышачылыгы соода кербендерди, аскердик саякатчыларды «тыңчы» жана “байкоочу” катарында Кыргызстанга жөнөтүп турган. Ал мезгилди элдик ырларда [306]: “*Омбудан орус келди / Манаптар кымыз, сүтүн берди / Чулдурап сүйлөп келди... / Бирине* - *бирин сатып / Оруска катын берди”* – деп ырдалган.

Орус соодагерлери кыргыздын бектеринин, байларынын оруска ыкташын көздөп, манаптарга кымбат баалуу кийимдерди тартуу кылган жана белектерди

беришкенин, жогорудагы ыр саптарында баяндагандай кыргыздын жакшылары орус соодагерлеринин белектерин алуу менен гана чектелип калбастан, бирибирин жамандап, орус падышасына жагынуу жолдорун издегендер да болгон. Ошондой каттардын биринде [145, 248-б.]: «…Бирок биздин ордодо да чектен чыккан кыргыздар бар. Аларды жөнгө салуу үчүн биздин мүмкүнчүлүктөр жетишпейт…» - деп арызданган каттар кездешет. Элдик ырлар да, тарыхый фактылар да далилдегендей, аларга манаптар, бийлер аргымак атын тартуу менен гана чектелбестен, бир уруу, экинчи бир урууну жамандап каттарды жазышкан. Мындай көрүнүш Орус падышалыгынын бийликтерине, тыңчыларына абдан жаккан, ошондой эле тарапташтарын падышалык бийликти колдоого үндөп, орус бийлигин акырын, тымызын колдоп турууга чакырган.

Ал эми фергана өрөөндөрүндө негизинен кыргыздар жана сарттар жашагандыгы туралуу оторчулардын саякатчылары В.П. Наливкин, Ситняковскийдин эмгектеринде кыргыз уруулары анын ичинен отуз уул, жана алардын курамдары туралуу маалымат берет, ошондой эле кыргыздарды этносаясий абалын «оң» жана «сол» урууларга бөлүнүшүн так белгилейт. Ошондой эле О.Ф. Костенко эмгегинде [ 122, 171-180-бб] Ысык-Көл, Чатыр-Көл, Соң-Көл, Нарын дарыясы, Ак-Шыйрак, Жетим-Тоо жана жер-суу аталыштары тууралуу маалыматты кабарлаган. Бул аймактар негизинен хандыктын аймагы катары эсептелинген.

Ал эми бул аймакта жашаган кыргыздар жана Фергана аймагында жашаган отурукташкан сарттарга караганда кыргыздар эркин жүргөн, кайраттуу, хандыктын ишенимдүү коргоочу калкы экендигин белгилешет. Бирок кыргыздар оруска акырындык менен ыктай башташкан, маселен: кыргыздын желдең уруусуна окшогон уруулары да, оруска ыктай баштаган, бул бир жагынан ал кездеги саясий кырдаалга да байланыштуу болуп жаткан. Анын башкы себеби катары кокондуктар менен болгон араздашуулар, кармашуулар, сарбаздардын [228, 137-б.] (сарбаз - Кокон хандыгындагы аттуу аскер, биринчи мааниси түс сары, экинчи бир мааниси чоң, бийик жана баз – дегени «бас», «басчы» маанисин билдирет) муңчулардын – муңчу хандыктын аймагындагы

элдин арызын ханга жеткирүүчү адам. Хандыктагы ээнбаштыктар жана уруулук кагылыштар менен катар тез-тез элдин наразылыгы болуп турган. Аксыда Кудаяр хандын доорунда муңчунун милдетин Домбу аткарган. Ал ханга элдин арыз-муңун кабарлап турган. Домбу бийлер тарабынан киши колдуу болгон. Себеби ал байлардын салык бербегинин, элди акыйкат башкарбаганын жана адилетсиз башкаруучуну ханга кабарлап турган муңчунун милдетин аткарганын Наркеев Анарбек кабарлайт [ 297].

Хан Кудаяр Домбунун өлүмүнөн кийин, элден кун талап кылган жана элдин акыркы топчусуна чейин кун жыйнаган. Ошондон улам эл арасында «Домбунун куну» деген сөз калган [297]. Мындай кырдаалда ар бир уруу, уруулук кызыкчылыктарын коргоо аракеттерин ишке ашырган. Бир тарабынан орус падышасына жагынуучулук аракетин ишке ашырган болсо, кайсы бир жагынан Орусия империясынын экономикасы жогору болгон кубатуу мамлекет экендигин сезишип, эл билермандары төмөнкү элдик ыр саптарда: “*Атаке, Меркубандар, Омбуга барып келген / Орусуң укмуш экен / Кетмени зор экен / Келмеси жок эл экен” [307]- деп айтылган ы*рдагы маалымат боюнча орус бийлигине алгач элчи жөнөткөн кыргыздын сарыбагыш уруусунун бийи - Атаке баатырдын падышалык бийликке жазган катында [145, 249 –б.]: Орус император айымы Екатерина II ге: «Орусияга Ташкент көпөстөрүнүн кербенин өткөрүп жана узатып туруу кызматын кабылдооңузду көптөн-көп суранам» - деп жазылган. Жазылган маалыматка караганда, Атаке баатыр кербендердин гана коопсуздугун сактап беремин деп билдирип жатат. Бул дегендик Атаке бийдин, падышанын бийлигин тааныгандык эмес, орус падышалыгына Атаке бий дипломатиялык кызматташууну сунуштоодо. Ал эми ошону менен катар эле падышалык бийлик менен кээ бир уруу башчылар кызматташууну каалаган болсо, айрымдары Орусиянын бийлигине адегенде өз кызыкчылыгынын негизинде кызматташууну каалаганын ушул кат далилдеп турат.

Кырдаалды дыкат баамдаган оторчулардын агенттери, Орусиянын падышалык бийлигинин кызыкчылыгын колдогондорду колдоп, кээде уруулардын арасына акырын «чок» таштаган. Ошондой эле алардын саякатчылары, эл

ичиндеги кадыр-барктуу адамдар тууралуу маалыматтарды жана кабарларды топтоп, орус бийлигине билдирип турган. Маселен, Т.В. Нюхалов менен дарыгер Ф.К. Зибберштейн [145, 249-б] 1825-жылдын июль-август айларында Ысык-Көл өрөөнүнө келип кыргыздар тууралуу маалыматты падышага кабарлап турган. Ал эми жогорудагы ырда айтылып жаткан Меркубандар - бул жалпы эле орус саякатчы-тыңчыларын айтып жатат. Бул адам 1813-жылдары А.Л. Бубенов мырза менен соода кербендин башчысы менен кыргыз жерине алгач келген орус падышасынын адамдарынын бири Миркубан Ниязов чыныгы реалдуу адам. Арийне, тили жакын болгон адамды кыргыздар эстен чыгарбай «Меркубан» деп атаган чыгар.

Ал эми Омбудан келген орус саякатчылары тууралуу акын Тоголок Молдо [245, 57-б]: "*Омбудан орус келгенде, / Кыргызды жаңы көргөндө/"* - деп ырдаган экен. Орус саякатчылары адегенде эле кыргыздын көчмөн жашоосуна назар таштаганын байкоого болот. Ошол эле учурда кыргыз элчилери жогорудагы ыр саптары кабарлагандай эле Орус падышалыгында жашаган элдин жашоо-тиричилигине кыргыз элчилери кызыгышкан, алардын жашоосу өтө жогору экенин, кенен кан сарайларына да суктанышканын ырда баяндалган.

Алардын «каманы жаман экен» деген ыр саптарына караганда, элдик ырда орустар мал чарбасында доңуз багарын айтып жатат, доңуз багуу кыргыздар үчүн «жат» көрүнүш эле. Алардын колдонгон эмгек куралдары, кыргыздардын эмгек куралдардан бир кыйла бышык, темирден экендигин, колдонууга ыңгайлуу экенин ыр саптарында кабарлоодо. Бирок «орустардын чалмасы да, келмеси да жок», - дегени алардын дини, жашоо образы башка, башкача айтканда христиандар экенин ырда баяндайт.

Ошол эле кезде орус падышалыгы кыргыз элчилерин меймандостук менен тосуп алганын ырда кабарлайт. Ал эми Орусиянын жери туралуу, элдик ырда: "*Карагай, чер токойлуу / Жери сонун эл экен / Омбуга барган Олжобай / Коштоп барган Орозбай / Кийинкисин ойлобой / Көкүрөгүн тоскон ай"* [308] - деп ырда баяндалгандай орус жеринин кеӊ талаасы жана карагай токойлору, кыргыз элчилерин таӊ калтырбай койгон эмес. Кыргыз элчилери падышалык

орус элинин да эмгекчилдигин да байкашкан. Ал эми 1824-жылдын 6-декабрында Орус падышалыгына барышкан желдең уругунун элчилери Жапалак Кутлин, Байтөлө Манчин, Көккөз Куйкин, Байгожо Жантелин, Калыжан Тимуров, ырдагы айтылган Орозбай - бул Орозо Бектемировдор болгон.

Ошол мезгилде кыргыз элчилери Омбунун башчысы гвардиянын полковниги С.Б. Броневскийге жазган катында [145, 249-б.]: «Улуу падыша менен жолугушууга шарт түзүп берет деп бекем ишенебиз! Биз силердин кербендерди Кашкарга жана Ак-Сууга чейин коштоп жүрүүнү каалайбыз» - деген кат жазылган. Бул уруулар да кербендердин коопсуздугу жана ал кызматтары үчүн тиешелүү акыны алууну гана каалашканын жана да кызматташууну сунуштап жатканын баамдоого болот.

Элдик ырдагы Олжобай - орус падышалыгына 1825-жылдын 5-январында бугунун арык уругунан барган Акылбек Олжобай уулу жана Алгазы Шераалы уулу жана желдең уругунун өкүлү Алымбек Жапалак уулу баштаган 8 адам Омбудагы орус бийлигинин кабыл алуусунда болушкан. Омбуга барган кыргыз элчилери, орус калкынын жашоосу бизден өтө жогору экенин, кенен хан сарайларына суктанышкан, ошондуктан ырда «Кийинкисин ойлобой, Көкүрөгүн тоскон ай» - деп орус оторчуларынын тымызын аракетин да байкап айткан.(Тиркемеде алардын мөөрлөрү берилген)

Бул окуядан кийин Орусиянын падышалык бийлиги түндүк кыргыз жеринде таасир көрсөтүү жана кыргыз эли менен жакындашууну көздөгөн. Мына ушул доорду алдын ала көрө билген Калыгул олуя: *Өңү Сары, көзү көк / Орус деген эл келер / Арканга өлчөп жер бөлөр / Калк кысылар, Заманың бузулар* [234, 522-б.] – деген.

Демек, Калыгул акын кыргыз жерине келген орустардын антропологиясын жана орус падышалыгы эртедир-кечтир келип, жерибизди оторлоштурат жана «арканга өлчөп жер бөлөт» - дегени бул жерибизди жеке менчикке берет, ээлеп алат, ээн эркин жүрө албай калабыз, малга жайыт тарыйт дегени эле. Калыгул олуя оторчулар басып алганда, эл отуруктaшууга аргасыз болот, арга-

сыздан жан сактоо үчүн адамдар малай болуп орустун колунда иштерин этно-саясий кырдаалын Калыгул олуя айтып кеткен.

Чындыгында, ал учурда Орусиянын башкаруучуларынын аскердик жортуулдары улам казак жеринен, кыргыз жерине багыт алуусу күчөй баштаганын Д.П. Кожомжарова [148, 67-б] да белгилейт. Анын пикиринде, орустар барган жеринде орустардын кадырын күчөтүүгө бардык аракеттерин жумшаган, улам казак жеринен кыргыз жерин көздөй аскердик күчү менен жыла баштаганын Калыгул олуя тереңден билген. Калыгул олуя айткандай орустун аскерлеринин келиши менен эл отурукташууга аргасыз болот.

Аргасыздан жан сактоо үчүн, кыргыздар малай болуп орустун колунда иштейт деп эскерткен. Калыгул олуя акындын дагы бир ырында: "*Ошол орус келетко / Жабырды орус беретко / Жабырына орустун / Жандык баары көнөтко / Алматы келсе бул орус / Ааламды бүтүн жеңетко»* [255, 73-б] - деп алдын-ала орус падышалыгынын саясатын так кесе айткан. Андан ары ал ырында эл кысымга алынат деп баяндаган.

Оторчулардын кыргыз жерлерин каратып алуусунун негизги максаттарына көңүл бөлсөк, анда деп жазат Б. Жамгерчинов [182, 5-б]: «Орус оторчуларынын эки максаты болгон… Биринчиси, мамлекеттин финансы булагы жана ички базарга жаңы өндүрүш, экинчиси, отордук саясатты ишке ашырууда, калк жыш жайгашкан борбордук губерниялардан элди жаңы аймактарга көчүрүү эң башкы максаттары болуп саналган" - деп тура, так баса белгилеген. Ошентип, орус падышалыгы Кыргызстандын түндүк аймагын каратып алууну тездеткен жана куралдуу аракеттерин күчөткөн.

Чындыгында эле, орус падышалыгынын тыңчылары стратегиялык маанилүү жерлерди билип, соода кербен жолдоруна байкоо жүргүзгөн, кайсы манап, бий менен баарлашса болорун изилдешкен жана ойлорун ишке ашырууну пландаштырган. Алардын ичинен материалдык кызыкчылыкка кызыккандарына сыйлык, акча, буюм берип, өз тарабына тарта баштаган. Ошондуктан, Орус падышалыгы алдын-ала кыргыз жерин оторлоштуруунун

планын кылдат иштеп чыгышкан, тымызын аракеттерин баштаган жана падышалык бийликке билдирип турушкан.

Ошол эле учурда тараптар кыргыз-орус падышалыгынын байланыштарын чыңдоого бир топ аракеттерди жасаган. Ошентип, орус падышалыгы куралдуу, дипломатиялык аракеттер менен реалдуу колониалдык саясатын иш жүзүнө ашырууну гана көздөгөнүн элдик оозеки маалыматтар, тарыхый булактар да таасын баяндаганын баамдоого болот.

**Кыргыз элиндеги бугу жана сарыбагыш урууларынын аракеттери:**

Оторчулардын акырындык менен келе баштаган доордо Ормон менен Боромбайдын таламдары тууралуу элдик ырда: “*Жергемде тынчтык болсо / Боромбай, Ормон хандар / Эзелтен эки башка / Чабышпай калат беле / Эр Осмон, Үмөтаалылар / Элим деп жүрөк тоскон”* [308] - деп ырда айтылгандай эл буларды «эки башка» таламдары бар инсан деген. Себеби, Боромбай Орусия падышалыгына ыктаган болсо, ал эми Ормон-хан Теңир-Тоодогу, Чүйдөгү кыргыздардын башын бириктирип, ал өз алдынча Кыргыз мамлекетин түзүүгө бел байлагандыгында, ал доор туралуу эл ырларында*: “Омбудан орус обдулуп / Достошууга кол сунган / Кыргыздын түзүп хандыгын / Хан Ормон элим деп турган”* [ 235, 23-б] - деп айтылган ыр да айтылгандай Ормон хан “Кыргыз хандыгын” түзүүгө аракеттенгенин тастыктап турат. Ошол эле учурда Орусия падышалыгынын элчилери, саякатчылары, тыңчылары Омбудан келишип, кыргыз эли менен дипломатиялык мамилени бекемдегенге чон аракеттерди жасаган.

Сөз кезеги келип турганда айтуу керек, чет элдик маалымат булактарында Ормон хандын хандык титулу менен бирге эле даткалык чини да болгон экен [Ормон хандын мөөрү да болгон. Тиркемени караңыз]. Бул доордо кыргыз элинин жакшыларынын мөөрлөрү болгон). Ал эми Ормон хан Нүзүп бийдин бийлиги кулагандан кийин, кайрадан кыргыз хандыгын тикелөөгө аракеттенген. Аны менен бирге эле, Ормон хан кыргыз урууларынын башын бириктирүүгө жана орус бийлиги менен бир нече ирет сүйлөшүүлөрдү жүргүзүүгө аракет жасаган. Бирок сүйлөшүүлөрү ийгиликсиз аяктаган. Ал эми

анын катуулугун, бийлигин бекемдегенге күч колдонгонун Калыгул олуя: “Ойлосоңчу, хан Ормон? / Арты кайдан оңолгон / Карап турсам кан соргон! / Кийин келчү кезекти / Ойлоп тапкан эсептин” [235, 23-б] - деген ыр саптары ачык айкын кабарлап турат. Ошондой эле элдик маалыматтарга караганда хан Ормон элди акыйкат башкарганга аракеттенген. Баш ийбеген урууларга каршы аттанып турган. Бирок ошол эле учурда анын адилетсиздигин олуя акын Калыгул Ормон ханга сынды таамай айта билген. Ошондуктан, кыргыз элинде «хан бийлигинен, нарк, салт улуу; Баш кесмек бар, тил кесмек жок» - деп бийлик ээлерине карата сын айтылган. Акын Калыгул олуя сарыбагыш менен бугунун чабышын токтотууга абдан көп аракеттенген. Ушундай эле ойлордун айтылганын, элдик санжыралар жана жазуучу Т. Сыдыкбековдун [244, 231-б] «Бел-Белес» аттуу эмгегинде да уруулук бөлүнүүдөн ар дайым кыргыз эли жапа чеккенин эскерсе, К. Осмоналиев [240, 321-б] да «Көчмөндөр кагылышы» аттуу чыгармасында Калыгулдун элчилигине жогору баа берүү менен бирдикте, акындын бул жаңжалды тынчтык жол менен чечүүгө жасаган аракетин да тура баалаган. Ошондой эле Ормон хан Калыгул олуянын сунушун укпагандыгын да жазуучу катары ырастап жазат.

Бул согушта сарыбагыштар жеңишке жетишти. Бирок эки тараптан тең ондогон адамдар набыт болуп, таланды. Сарыбагыштын манаптары кеңешип, бугулардан Ормондун куну үчүн 1000 төө, 3000 жылкы, 9 сулуу кыз, 40 күлүк ат, 7 эрдин канын (тирүү же өлүк) төлөөнү жана көл калаасын бошотууну, Ормондун кызы Куландын «кызылына» (азасына) деп 40 кыз, жесиринин «карасына» (Ормондун аялы) деп 60 аял берүүсүн талап кылышкан [186, 23-б.]. Бул согушту токтотууга казактардан Тезек төрө жана Сүйүнбай акындар катышканын А.Ш. Махаева [132, 83-б] жазган. Ошондо Сүйүнбай акын*:* *“Үмөтаалы, Чаргының / Жоолашкан өз элин”*- деп ырдоо менен өз калкын өзү кырбоого, жоолашпоого, ошондой эле бий Үмөтаалыны бий катары өзүнүн мөөрүндө «Үмөтаалы бий Ормон датка уулу» деген жазуу болгон [караңыз: тиркемеде мөөрдүн сүрөтү бар]. Ал эми Сүйүнбай акын Чаргын баштаган жоокерлерди тынчтыкта, бир туугандыкта жашоого чакырган. Бирок кийин да

уруулук чабыш, орус келгиндеринин кутумдугу менен улантылганын элдик маалыматтар айкындайт. Бирок Ормон хандын шейит болушу жана анын куну жөнүндө элдик ырда: “*Сарыбагышка болушуп / Ормондун кунун бергин деп / Ормондун куну сан жылкы / Элчиге Катаган Мамек барганда / Муратаалы Тилекмат / Ала турган окшоду”* [Ала-Тоо журналы, 1989-ж., 129-б].

Айтылган маалыматка караганда сан жылкы дегени чамасы 3000 жылкы, 500 күлүк ат талап кылган деп айтылса, ал эми Б. Солтоноев [186, 25-б.] болсо 40 күлүк ат деп так айтат. Демек, Б. Солтоноевдин айткан пикирин туура деп ойлойбуз. Кээ бир маалыматтарда Ормондун куну кийин жеке Тилекматтын «хандын» куну болбойт деген сөзүнөн улам жана казактын төрөсү Тезектин ортого түшүүсүнүн натыйжасында Ормондун куну бүтөт. Бул уруулук араздашуу тууралуу Кыргыз улуттук илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусундагы ырда: «*Сарыбагыш менен бугудан / Саяк менен чородон / Санат жеткис көп өлдү / Сарыбулак, Күрмөнтү / Акпай суусу бөгөлдү / Алсыз начар көп өлдү / Аң чөнөктөр бөгөлдү”* [24], - деп берилген.

Мына ушундай коогаландуу окуядан кыргыз эли жапа чегип, 800 адам өлгөн. 1855- жылдагы кагылыштан Төрөгелди баатырдын буту аттан кулап сынат. Айрым изилдөөлөрдө 3 жыл туткунда болот. Колго түшкөн Төрөгелдинин бутун, Балбай үч жолу сындырат, ал эми үч жолу сынганы жөнүндө төмөндөгү ыр күбө: “Бутун үч жолу толгоп сындырдым, Балбансынган Төкөңдү” [Ала-Тоо Журналы, № 6, 1989-ж., 129-бет] - деп ырда баяндалат. Ал учурда орус отрядынын жакындап калганын угуп, Төрөгелдини кое берген. Андан кийин 1856-жылы сарыбагыштардан Шамен менен Ботокан бугуларга барып, өлгөндөрдүн куну кечирилсин - деп сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөндөн кийин Төрөгелди баатыр бугулардын Энтер баатырына алмашылды, - деп айтылат.

Ал эми Калыгул олуя менен Боромбай айласыздан кыргындан кутулуунун бир формасы катары Россиянын букаралыгына өтүү деген бүтүмгө келишкен. Бул окуядан соң, Боромбай Каркыра жайлоосунда отурганда кишилерин жыйып алып, орус бийлигине өтүү жөнүндө Т. Өмүрбековдун [149, 102-б] эмгегинде: «Бугу, сарыбагыш бир кылжырдын баласы, жети ата тууганыбыз элек,

орус деген түптүү чоң журт, калың эл, оруска карайлы, журт эс алып, оокат кылсын»- дегенде, - «Мейлиңиз караса карайлы» - дешкен. Ушундай максат менен элчилерди Боромбай 12 манаптын мөөрү басылган грамотаны жана Камчыбек Шералы уулун баш кылып, Омбуга жөнөткөн жана сүйлөшүүлөрдү баштаган. Бугунун элчилиги 1854-жылдын 24-сентябрында (айрым маалыматтарда 26-сентябрь деп жазылып жүрөт, негизи акыркы маалымат туурадай) алар Батыш-Сибирь генерал-губернаторлугунун борбору Омбу шаарына барышкан. 1855-жылдын 17-январында Омбудагы ак сарайда, бугу уруусунун атынан ишенимдүү жана ыйгарымдуу өкүлү катары Камчыбек Шералин [112, 74-б] Орусиянын карамагына өткөндүгү жөнүндө Куран кармап ант берген. Ошол эле жылы 1855-жылдын күзүндөгү чечим боюнча М.М. Хоментовский, Г. Гасфорддун колдоосу менен казак-орустардан турган жана казак султандарынын жигиттери менен 1856-жылы 10-май күнү Верный чыңдоосунан көлгө келген. Экспедициянын курамында көрүнүктүү окумуштуу, тыңчы Ч.Ч. Валиханов да бар - деп жазат Б. Жамгерчинов [87, 88-б]. Алардын негизги максаты кыргыз жерин колонизациялоонун пландарын иштеп чыгуу болгон.

Андан көп өтпөй 1857-жылы Боромбай көзү өтөөрдө төмөнкүдөй керээз айткан ырда: “*Өмүрзак Балбай Түркейим / Шапак уулу Качыбек / Башка жерге конбочу / Дагы кирчи оруска”* [Ала-тоо журналы, 6, 1989-ж., 134-бет] - деп керээз айтылат. Бул ырда кыргыз элинин бугу урууусунун алгачкы элчилеринин бири Качыбек Шералиндин өз атасынын атын ырга таянуу менен Шапак уулу Качыбек деп айтсак, ал эми В. М. Плоскихтин эмгегинде Шапак жана Качыбек деп эки башка инсан катары эскерет.

Ырдагы маалыматка караганда, бугу уруусу орус падышалыгы менен кызматташууну, достук мамилени чыңдоону кабарлайт. Боромбай манап, Качыбек Шералинди 1855-жылы Верныйга жөнөткөн, мында ал орус бийлигинин тез арада келип, Тезек султан менен Үмөтаалыны тартипке чакырууну жана Орус чыңдоосун Күнгөй Ала-Тоого курууну суранган. Анын бул аракетин элдик ырда: *Калк коргогон эр элең / Баштап келип орусту / Пааналаткан сен элең, Паашага жаккан эр элең* [Ала-Тоо журналы, 6, 1989-ж., 136-бет], - деп

элдик ырда баяндалат. Ал эми чындыгында Боромбайдын орус падышалыгы менен дипломатиялык мамилелерди бекемдөөсү, кыргыз элинин бугу уруулары үчүн, эң башкы ийгилик жетишкендик эле. Себеби орус бийлиги менен кызматташуусу ошол доордун прогрессивдүү чакырыгы катары жалпы журтка жаккан. Анткени Боромбай бир тууган элдин уруулук чабыштардан тажаганын, азап чеккенин сезген.

Ошондуктан, орус оторчулук бийлигин тааныган жана Качыбекти беш ирет падышалык бийлик менен кызматташууга элчи катары жиберген. Бугу уруусунун дипломаты катары Качыбек беш жолу Омбуга (Омскиге) барганын элдик маалыматтар да ырастайт [52, 75-б]. Ал эми тарыхый булактарда 1814-ж атасы Качыбек менен, 1825-жылы агасы Алгазы менен барат. 1844-жылы Омбуда генерал-губернатор П.М. Капцев кабыл алат. 1847-жылы 25-октябрь айында Верныйда шаардын приставы М.Л. Перемольский кабылдаган. 25-июнь1848-жылы Качыбекти Омбунун генерел-губернатору П.Л. Горчаков кабыл алган. Кайрадан 1851-жылы август айында жана 1853-жылы 20-октябрда Верныйда М.Л. Перемольский менен жолугушкан. 1854-жылы ноябрь айында Омбуда Качыбекти генерал-губернатор Г.Х. Гасфорд кабыл алган. 1854-жылы 2-декабрда Санкт-Петербургда Качыбек элчи Николай I Павлович Романовдун кабыл алуусунда болгон.

Ошентип, 1855-жылы 17-январда кыргыз элинин бугу уруусунун атынан Качыбек Омбу шаарында Куранды кармап, Орус падышалыгынын карамагына ыктыярдуу өтүшүн ырастап, салтанаттуу ант берген. Натыйжада, Ысык-Көл кыргыздарынын Орусияга расмий түрдө кошулушу, кыргыздардын тарыхында маанилүү окуя катары бааланат. Ошондуктан орус бийлиги тууралуу элдик ырларда баяндалгандай «оруска барып кол сунган» - дегендей Орус оторчулугу Боромбайдын эмгегин жогору баалап ага бугунун башкы манабы-султаны мансабын, подполковник чинин берген [112, 74-б]. Ал өмүрүнүн акырына чейин Ысык-Көлдүн тескейиндеги Жети-Өгүз аймагынын Жууку суусунун боюндагы Кызыл-Үңкүр деген жеринде бийлик жүргүзгөнүн Жээнбай Түрк [Кыргыз Туусу. 2003, 19, 21-август] жазат. Боромбайдын керээзин замандашы чоң акын

Солтобай Токтоболот уулу (1838-1918) ыр менен төмөнкүчө ырдаган: "*Баштап келдим орусту / Баш карматтым болушту / Баш катырбай моюн сун / Келе турган заманга / Кеңейтип кеттим конушту / Шарият менен мыйзамга / Өрөөнүмө бак сайдым / Эгин айдап бак тигип / Өзүмө кийин калганга / Өрнөк болсун деп сайдым"* [Кыргыз Туусу., 2003, 19, 21-август] - деп ырдалат. Бул ыр саптарында баяндалгандай эле Боромбай өз элинин гана эмес бүтүн кыргыз элинин келечегин Орусия падышалыгы менен бирге болууга чакырган.

Боромбай Кыргыз элинин тынчтыкта жашоосун отурукташуу маданияты менен байланышта караган, ал келечекти көрө билген. Ал өз доорунун кайраткери жана саясий ишмери экенин ар тараптуу далилдей алган. Боромбай эл башчысы катары элдин уруулук айкаштан азап чеккенин, орус падышалыгынын келиши менен эми тынчтык орной баштаганын, элдин тынчтыкта жашоосу, бак тигип, дыйканчылык менен эмгектенүүсү жалпы элди прогресске алып барарын билген инсан болгон. Ошону менен бирге эле мезгилге жараша Орусиянын мыйзамдарына, болуштарына баш ийүү гана элдин өнүгүүсүнө жагымдуу шарт жаратарын, алдын ала көрө билген.

Ал эми Боромбай жөнүндө тарыхчы Т.Өмүрбеков [149, 106-б] «Ал Россияга ык алуунун башкы демилгечиси жана 50-жылдары, элчилик байланыштардын уюштуруучусу болгон. Боромбай бийдин бул өнүттөгү ишмердигине баа бергенде, анын демилгеси ошол доордогу татаал тарыхый кырдаал менен шартталгандыгын, аргасыз жана туура чечим экенин эске алуубуз керек», - деп туура баа берген. Бирок ал учурда, эл аралык саясий кырдаал улам « чоң оюнчу» мамлекеттердин кармашуусу менен курчуп турган чак эле. Ошондон улам падышалык орусия улам кыргыз жерин каратып алуу үчүн, аскер күчтөрү менен ичкери карай шашылыш, багыт алып, жерлерди каратып баштады.

Маалыматтар баяндагандай орус падышалыгынын аскерлери хандыкка караштуу чептерге куралдуу кол сала баштайт. Ошондон баштап түндүк кыргыз жериндеги хандыктын бийлигинин таасири начарлай баштаганын жана

аймактагы чептерди орус падышачылыгынын аскерлери улам басып ала баштаган.

Ал туралуу элдик ырларда: "*Орустун колу чогулуп / Бишкек менен Токмокту / Замбили менен атышты / Аскерлери качышты / Атабек менен Алишер / Атышуудан адашты / Тозокко түштү баштары" [298*]. Жогорудагы ыр саптарында айтылгандай, орус армиясы куралдуу аскердик күчү, замбирек менен Бишкек жана Токмок чептерин аткылаганын ырда баяндаса, ал эми тарыхый булактарда адегенде Токмок чебинин башчысы Ханкулга кат жөнөткөн, андан кийин орус падышасы куралдуу кол салып, замбирек менен аткылаган. Кокон кыргыз аскерлеринин аргасын кетирген. Ал эми тарихый маалыматтарда, ага жооп иретинде чептен эки адам чыгып, эки күн убакыт берүүнү суранышкан.

Алар Пишпек чебинин башчысы саруу Атабек датканын кабыл алуусуна чабарман кеткенин кабарлашат [157, 65-б.]. Андан кийин орус аскер башчысы Кубат аттуу кыргыз жигитти жөнөттү, ал Токмок чебинин башчысы сарт Ханкулду багынып берүүсүн кабарлайт, бирок саруу Атабек датка «коргоноорун, чепти орус бийлигине өткөрүп бербестигин кабарлайт» [69, 28-29-б] - деп айтылат орус булактарында. Ал эми элдик ырда замбил менен атышты деп айтса, чындыгында кечки алтыдан жетиге чейин артиллериялык аткылоо болгон, согуш болуп жатканда, аларды падышанын аскерлерин жетектегендер артиллериянын штаб-капитаны Обуха жана подпоручик Логинов, корпустун командири адьютант, поручик Блюментальдар болушкан. Бир нече сааттардан соң Ханкул сарт багынгандыгын билдирип, Циммерманга барган.

Чептен орус бийлиги эки чоюн замбирек, 11 чептин куралын жана 47 жөнөкөй курал, 35 кылыч, бир нече барабан, бир топ ок-дарыларды тартып алган. 200 адамдан 70 гана сарбаз калган, аргасыздан тирүү калган кыргыздар согушууну каалабастан чептен чыгып кеткен [69, 29-30-б]. Ошентип, Токмок чеби жер менен жексен болду. Орусия падышалыгы арка кыргыздарындагы кокон кыргыз чебин талкалады. Падышалык Орус оторчулары арка кыргыздарындагы бийлигин, улам бекемдей баштады.

Буга байланыштуу А. Ремнев [171, 1-2-б]: «Империя түштүккө карай улам жулунуп кирип баруудa. Анын ичинде Борбордук Азиядан жаңы жерлерди жана элдерди каратып алууга умтулууда, ошондой эле падышалык Орусия бийлигин таңуулоого аракеттене баштады», - деп так айткан. Жогорудагы маалымат баяндагандай Орусия империясы уламдан-улам куралдуу күч менен басып алууну ишке ашыра баштаган. Эми кезек Пишпек чебине келди, Пишпек чеби кокондуктардын Ак-Мечиттеги чебинен 4 эсе чоң болгон [69, 31-б]. Пишпек чебин саруу уруусунан чыккан, Жаркынайымдын күйөө баласы Атабек датка башкарган. Ал эми сарт Меркелик Алишер датка биргелишип коргоону ойлошкон. Бирок элдик ырда айтылгандай «Пишпек менен Токмокту, Замбили менен атышты», - деген ыр саптарына караганда Пишпек чеби 5 күндүк коргонуудан соң багынууга аргасыз болду. Кокондуктардан 20 адам өлдү, 50 адам жарадар болду. Бардыгы 627 адам туткунга түштү, 84 соодагер, анын ичинен 5 орус соодагери да болгон, 63 аял жана 38 жаш балдар болгон. Чеп алынары менен комендanttыкка Сапер поручик Титов дайындалган. Саруу Атабек датканын кызыл желеги, ал эми Алишердин ак желеги орус аскерлери тарабынан алынган. Бир гаубица, 10 фунттук калибр, бир 2 атар калибр-лафетасы жок, 11 чоюн замбирек, 49 крепостнойлук мылтык, эски кытай мылтыктары, 367 ар түрдүү куралдар, 6 пистолет, 16 шит, 7 саадак, 5 барабан, 4 керней, 114 пуд согуштук дары, 366 кылыч жана көптөгөн жардыруучу зат колго алынган [69, 30-31-б].

Ошентип, Орусиянын падышалык бийлиги 1860-жылы 5-сентябрда Пишпек чебин каратуу үчүн 7 күн бою 600 киши согушуп, Кокон чебин жардырууга 217 пуд дары жумшаган [69, 31-б]. «Пишпек чебин эки ирет алды, 1864-жылы Токмокту алды» - деп жазат. В.А.Васильев. Ошентип, орус бийлиги буга чейин 1859-жылы Кастекте орус чыңдоосун курганын жана басып алуунун жаңы кадамын баштады деп В. Бартольд [51, 62-б] айткан кабардын чындыгы, ачыкка чыкты. Анткени, Орусия падышалыгы Пишпек чебин алуу менен орус колонизаторлору түндүк кыргыз жерин басып алуунун эң бир ыплас формасын ишке ашырды жана тарых барактарынан Кокон кыргыз чебин жер менен-жексен кылды.

Пишпек чебинин алынышын акын М. Нияз ырында [237, 62-б]: «*Олуя-Ата, Пишкеги / Орус кафир ол кетти»,* - деген ыр саптары айтып тургандай, орус оторчулары куралдын күчү менен Олуя-Атаны жана Пишпекти, ошондой эле Токмокту каратып алганын акын так, даана ырында тастыктайт.

Чүйдөгү Токмок, Пишпек чептерин, падышачылык орусиянын басып алуусу туралуу орус маалымат булактарында мындай деп чагылдырылган: «Пишпек менен Токмок чеби Орусиянын эң башкы душмандарынын уюгу болгон. Каракчылардын уясын талкалоо зарыл. Эгерде сарттар каршылык көрсөтсө, анда алар чоюн менен оттун жамгырында калат. Эгерде кыргыздар Орус падышасынын бийлигин таанымбаса, анда чоң кайгы күтүп жатат» , - деп жазат полковник Циммерман [157, 47-б]. Орусиянын падышалык бийлиги ушундай куралдуу, кандуу аракеттери менен Чүй аймагындагы негизги чептерди, артиллериялык аткылоо менен, куралдын күчү менен кыргыз жерлерин каратып ала баштаганын элдик ырда «замбили менен атышты», - деп так ырларда баяндап айтышкан.

**Узун-Агач салгылашуусу жана Алымбек датка:** 1860-жылдары Кастекке жакын Узун-Агачта жана Каскеленде падышалык аскерлер менен чоң кармашуулар болуп өтөт. Ал учурдагы окуяны элдик ырда: «*Алтымышынчы жылы эле / Беш миңче аскер орустун / Өктөбүрдүн айы эле / Алымбектин калың кол / Колпаковский башында / Подполковник чин менен / Узун-Агач жеринде / Алымбек менен беттешти / Он сегиз миң кеминде / Биринчи сапар кездешти»* [94., 188-б], - айтылган. Элдик ырдагы маалыматта кармашуу күз айында башталган деп айтылат. Тарыхый маалыматта 1860-жылдын октябрь айынын орто ченинде, чамасы октябрь айынын 15-21-инде салгылашуу болсо керек. Алымбек датка баштаган кыргыз колу ырда 18 миң деп айтылат. Негизи кыргыздардан турган 12 миң кол болгон. Алымбек датка туралуу О. Сыдыков [188., 118-б] «Коконго барып кан болгон, Алымбек датка зор болгон» - деп эскерет.

Чындыгында эми кокон ордосун толук ээлөө болучу,-деп жазат Т. Кененсариев [112., 107- б], ал эми биздин пикирде Алымбек датка «кыргыз

хандыгын» түзүүгө аракеттенген. Узун-Агачтагы согушка Кыргыз колу алдын ала Аксы, Алай, Талас жана Чүй, Кетмен-Төбө, Теңир-Тоо аймактарынан кол чогултулганын элдик ырлар, санжыралар баян этет. Тарыхый булактарга карасак, анда Канат Шаанын 20 миңдей жоокери жана 10 замбиреги болгон. Кудаяр хан Канат Шаага Ташкенттен Чүйгө чейинки аймакты башкаруусун буйрук кылат. Ошол мезгилде Кокон хандыгы кыргыздардан Узун-Агачтагы салгылашууга деп элден салык-алым алууну курчуткандыктан, эл да нааразы болгон. Себеби элден арбын алым ала баштаганын элдик ырларда: *«Олжолоп элдин малдарын / Ат байла», - деп сабаткан* [234., 372-373-б]. Маселен, Канат Шаа кызмат абалына маашырлана Жангарач бийден 500 ат, ар бир айылдан 2 каптан таруу жыйнап берүүсүн талап кылган [112., 104-б]. Ошондой эле, Пишпек чебин калыбына келтирүүгө 1000 адам бересиң деген, мындай өкүм-зордук, элдин наразылыгын күчөткөн. Айрым бир булактарда Узун-Агачтагы салгылашууга Алымбек датка баштаган кыргыз колу катышкан эмес. Тарыхый булактарда, элдик ырларда катышкан деген маалымат бар.

Чындыгында Алымбек датка кокон кыргыз ордосунда жана да Аксы жана Анжиан, Алай арка кыргыздарынын арасында кадыр-баркы бийик болгон. Анын саясий жана аскердик тажрыйбасы да жетиштүү даражада эле. Ошондуктан Алымбек датка кокон Кыргыз хандыгында кыргыздардын таасирин, кадыр-баркын бекемдегенге аракеттенген. Анын саясий ишмердиги тууралуу маалыматтарда: «Малабекти хан көтөргөндө кийиздин бир бурчун Алимбек кыргыз, экинчи бурчун Сеитбек кыргыз кармады. Дагы бир ак кийиздин бир четин Полот-хан кармагандыгын”,- З. Магзуми жазган [127, 220-б]. Ал эми кыргыздардын бийлиги Мала хандын 40 айлык бийлиги учурунда толук ишке ашпай калгандыктан, Алымбек датка Малахандын бийлигин кулатып, кайрадан Шамуратты хан көтөргөн,-деп жазган З. Магзуми [127, 224-б]. Алымбек датканын мындай чагылгандай тез аракеттери кыргыз мамлекетин өз алдынча бекемдегенге жасаган аракет катары карасак болот.

Өз учурунда бул туралуу өзбек тарыхчысы Х. Бабабеков [50, 72-б]: «Алымбектин көтөрүлүшкө жетекчи болушу, кыргыздардын экономикалык

кызыкчылыгы же ханды алмаштыруу гана маселеси эмес, биринчи кезекте мамлекеттеги бийликтин иерархиясына ээлик кылуу, ошондой эле Алымбек өз алдынча кыргыз мамлекетин түзүүгө аркеттенген», - деп тура, так баа берген. Ошондуктан, ал аркалык кыргыздардын арасында да кадыры-баркы бийик болгон жана алар менен карым-катышта болуп турганын элдик ырда: *«Өз алдынча кыргызды / мамлекет куруугa, падыша болуп калууга / жетишпеди Алымбек»*,- деген ыр саптары да тастыктайт.

Чындыгында Алымбек датка орус оторчулары менен достук кызматташууга аракеттенгенин Ч. Валиханов [60, 56-б] да жазган болсо, ал эми тарыхчы О. Сыдыков: [188, 117-118-б]: "*Коконго барып кан болгон / Алымбек датка зор болгон/ Эри өлгөн соң Курманжан / Кокондун барып канынан / Даткалыкка жол алган"* , - деп баяндаган. Ошондуктан, кыргыз эли Алымбекти "ордо ханы", - деп эсептеген. Ошондой эле, Курманжан-датка күйөөсү Алымбек датканын көзү өткөн соң, даткалык чинин алганы тарыхый факт экендигин тарыхый маалыматтар менен катар эле О. Сыдыков да ырастайт. Ошол эле учурда Алымбек датка кыргыздын бий, бектеринин саясий жактан жетиле электигин билген, сезген. Ошондуктан ал ойлорун толук ишке ашыра албаган жана орус оторчуларынын улам аймактарды басып алуу саясатын ооздуктоого жетише албады. Натыйжада, кыргыздын эл жакшылары аргасыздан оторчулардын бийлигин кырдаалга жараша тааный баштады.

Ал эми алыскы тоолуктар жана Чаткал аймагындагы жашаган кыргыздардын саруу, багыш, кытай, кушчу урууларынын манаптары: Кыдыраалы, Эгемберди, Сатымендер орус бийлигин таанышты. Чаткалдык кыргыздардын кытай уруусунан Сейит датка, Сарымсак бий орус баскынчыла-рына каршы 200 дөн ашык жигити менен каршылык көрсөткөн. Ал туралуу: «*Сарымсак, Сеит датка баш болуп / Мына ошондо кеп айтты / Элдин бары чогулган / Датка туруп шар айтты / Эр азаматтар тиригип / Бир тамырдай биригип / Биргелешип туруугa / Жердин баарын коруган"* [301], – деп ырда айтылат.

Элдин айтымында чаткалдык Сарымсак бий, Сеит датка оруска каршы туруугa күч топтоп, элди, жерди коргоого калкты биригүүгө чакырган, бирок күчтөр тен келбегендиктен, аргасыздан, абалдын оор экенин сезип, элди кыргындан сактап алуу максатында М.Г.Черняевге багыштап, орус падышалыгынын карамагына өтүүнү каалагандыгын билдирип кат жазган. Ошентип, Чаткалдык кыргыздар падышалык бийликтин күч-кубатын баамдап, ыктыярдуу таанууга аргасыз болушкан.

Чымкенттеги салгылашуу жана Миңбай датка жана Алымкул аталык туралуу: Падышалык аскерлер Чымкентке карай улам жылган, Чымкент чеби ( Чымкент чебинин сүрөтү тиркемеден караңыз) хандыктын абдан чоң чеби болуп эсептелген. Чымкент - деген аталыш чоң шаар, чоң чеп деген маанини билдирсе керек. Чымкенттеги салгылашууда Алымкул аталыктын орус падышалыгынын аскерлерине каршы туруудагы эрдигин М. Нияз [237., 62-б] ырларында мындайча баяндаган: “*Он эки миң топ алып / Кыймылдатпай жайыдан / Замбирекчини мол алып / Жылбас кылды Алымкул / Жасоол, сардар көп алып / Кыргын салып (оруска) / Кызыл чырай ат минип / Кыйганы келди Алымкул / Кыл куйругун шарт түйүп / Олжо кылып кафирдин / Алды- кийинин карабай / Атын алды Алымкул / Алымкул чыкты казатка / Өлтүрбөстөн коркутуп / Түнү- күнү турбастан / Өтүн алды Алымкул”*, – деп ырга салган.

Маалыматтарда полковник М.Г Черняевдин 7-июлда 10 замбиреги бар чоң кошууну менен Чымкентке жүрүш баштайт, аларды колдоп орустардын полковниги Н.А. Веревкин, Түркестан тараптан капитан Мейер менен кошо бир нече аскерлер замбиректен ок чыгаруу менен согушту баштаган. Жогорудагы ырда баяндалгандай, Алымкулдун «он эки миң колу» болгон деп айтылат. Ал эми тарых барактарында 1864-жылдын 15-16-июлдагы эки күндүк Ак-Булактын алдындагы кармашка Алымкулдун 4-6 миңдей аскери болгон. Молдо Нияз согушту уккан адам катары эмес ошол замандын жашоочусу катары негизги окуяны ырга салып баяндоодо, ал эми калган аскерлердин 2-3 миңдейи жалаң кыргыздардан турган Миңбай датканын кошууну эле. Молдо Ныяздын айтка-нында чындык бар. Себеби: «Эки аскердик бөлүк биригип, Алымкулдун жалпы

аскерлеринин саны 10-12 миңдей болгон» - деп акындын айтканы туура [237, 62-б]. Бул эки күндүк согушта эки тарап тең оор жоготууга учураган, ошондуктан согушту токтотууну эп көрүп, элчи жөнөткөн.

Ал катта негизинен бардык маселени тынчтык жол менен чечүүгө жана чек ара маселесин, жерлерди орустар каратып алып жатканын тынчсыздануу менен кабыл алганын байкоого болот. Г. Черняев жоопту окумуштуу, чалгынчы Н. Северцов аркылуу жөнөткөн. Түзүлгөн оор кырдаалды туура байкаган Г. Черняев, Чымкент шаарын тезирээк ээлөөнү пландаштырган. Ал 1864-жылдын сентябрынын башында Олуя-Ата жана Түркестан багыты боюнча аскерлерин жөнөттү. Бул окуя туралуу Молдо Нияздын ырында: "*Оягыдан сурасаң / Тахкын кылды Ташкентти / Оруска казак кол берди / Эл давлати эссиз эр / Быягыдан / сурасаң / Эр Миңбай датка зор барды / Чымкенттин үстүн чаң кылып / Эр Миңбайдан баш кетти / Олуя-Ата, Пишкеги /Орус кафир ол кетти / Армансыз уруш көп кылып / Коконго карап кол кетти"* [237., 71-72-бб], - деп берилген.

Молдо Нияздын ырында бир топ так маалыматтар айтылган. Анализдеп көрсөк, Пишпек, Токмок чептерин падышалык аскерлер куралдын күчү менен 1860-1862-жылдары эле басып алганын так баяндоо менен бирге эле, алар кайрадан согушту улантып, Чымкенттеги салгылашууга киришкен, ал эми экинчи жолку салгылашууга Алымкулдун ишенимдүү адамы Миңбай датканын көзөмөлүндө турган замбиректер жана мергендер шайма-шай келтирилген. Миңбай датка өзү Чымкенттеги согушка катышкан. Ал туралуу Н. Веселовский [66., 32-34-бб] жазып алган элдик ырда: "*Ага карап ок жаадырды, (капырлар) / Менде күч-кубат калбады / Боз үйүмдүн түндүгү кулады / Кара көздөн жаш кетти / Кара жерге сел кетти / Оо менин Теңирим! / Менде күч-кубат калбады / Боз үйүмдүн түндүгү кулады / Кара көздөн жаш кетти / Кара жерге сел кетти / Согуш оту алоолонду / Каапырлардын огу келип жетти / Миңбай Баатыр эстен танды / Миңбай Баатырдын кабарын угуп / Алымкул эмне кылаарын билбей / Элиң менен өлкөң калды / Жериң сенин чөлгө айланды / Булбулум колдон учтуң / Топ кызыл гүлүм колдон түштүң / Миңбай кетип*

*кабыргам кашайды / Жок мындай болуу мага уят / Эгер мындай болсом / Менин өлкөм, элим колдон учат»,* – деп ырдаган экен Алымкул аталык.

Падыша аскерлеринин жамгырдай жаадырган огунан Миңбай даткага ок тийип кайтыш болот. Ал эми Миңбай датканын согуштук аракетин көзү менен көргөн казактын жалындуу акыны Майлуукожо [133., 222-б] мындайча ырдаган: «*Атылды замбиректин дабышы тынбай / Кыямат күн болду ушундай / ошондо кайрат көрсөттү кыпчак Миңбай»,* - деп жазган. Чымкенттеги салгылашуудан орус аскери 6 адамынан ажыраган, 41 жоокери жарадар болгон.

Миңбай датка "орустарга каршы жан аябай бекем каршы туруп катуу каршылык көрсөттү" , - деп ырда баяндалууда Миңбай датка да эл, жердин бүтүндүгү, кыргыз элинин азаттыгы үчүн өмүрүн арнаган мекенчил инсан экендигин Чымкенттеги салгылашууда далилдеди. Анын баатырдыгы тууралуу З. Максым: [127, 98-б] «Миңбай баатыр-кыпчак экенин айтышты», - деп жазат. Ал чыныгы баатырдык менен азаттык үчүн согушта, Миңбай датка курман болду. Бирок Алымкул аталык эң ишенген стратегинен ажырады, ал абалды дароо колго алып, чыйралып кыргыз эли, жери деп жоокерлердин демине дем берген.

Ошентип, падышалык колонизаторлордун кырып жоюу, бөлүп - жаруу саясатына каршы туруп Миңбай датка жана Алымкул аталык: ырда баяндалгандай: «Менин мамлекетим, жерим, кандай абалда болот», - деп орус оторчулугу менен өмүрүнүн акыр аягына чейин баатырларча согушканын элдик ыр таамай далилдеп турат.

Алымкул аталыктын кыргыз журту деп, анын мекенчилдигин ырдан байкоого болот. Чымкенттеги согуш туралуу тарых булактарында: «Миң башы парваначыга ок тийип, шейит болду», - деп жазылган Т. Кененсариев түзгөн эмгекте [111а., 49-б]. Кырдаалды байкаган Алымкул аталык, Чымкенттен аргасыздан негизги күчтөрүн алып жөнөөр алдында: «Жакыпбек орустардын артынан түшсүн, ал эми Нармухаммед парваначы, Ниязали датка, Темир паңсат жана Мухаммед Юсуф паңсаттар Олуя-Атага барышсын. Алардын максаты – Маңгыттын түз жолу менен Олуя-Атага кирүү жана ал тараптан орустарды кир-

гизбөө керек» , - деп буйрук кылган. Мындан Алымкулдун аскерий стратег, мекенчил инсан экенин да байкоого болот.

Анын жөнөткөн аскер башчылары тез эле орустар кетип калды деп кайра келген. Алымкул миң башы алардын коркоктугун баамдаган Батырбек кыргыздын кебине ишенип, падышанын аскерлери менен согушкандан корккон Байзак датканы, Мулла Зарип паңсатты, Темир паңсатты жана Мухаммад Юсуф паңсаттарды, Чымкенттен тышкары чыгарып аттырып, ал эми Байзакты жана Ниязалы бийди замбиректин оозуна байлап, аттырып жиберген.

Ошондон улам эл арасында азыр да, элдин тарыхый эс тутумунда «*замбирекке байлап аттырып жиберем*»[304] , - деген лакап сөз айтылып калган. Чымкенттеги салгылашуу болор алдында саруу уруусунан чыккан, Кокон ордосундагы белгилүү аскер башчы Атабек датка Алымкулга «орустардын аскери күчтүү, аларга каршы замбирек менен гана согушуу керек, ошондуктан аскер күчтөрүн сепилге жайгаштыралы» , - деп кеңеш берген, бирок сунушту Алымкул кабыл алган эмес. Мындай сунушту уккан Алымкул Атабекти «чыккынчылык кылып жатат»,- деп ойлоп, буйрук чыгарып, Кетмен-Төбөгө жөнөтүп жиберген. Согуштук кырдаалда эки аскер башчынын араздашуусун, орус оторчуларын колдогон чыккынчылар атайын уюштурганын эл азыр да айтышат. Ал эми Жакыпбек араң качып кутулган [111а., 50-б]. Бул кабарды уккан полковник Г. Черняев абалдан пайдаланып, чепке орус кошууну менен кайрадан кол салат.

Ал эми орустар Мырза Акмат кушбегини алдап, анысы аз келгенсип, Г. Черняевдин орус аскерлери чегинимиш болуп, Кокон аскерлерин талкалап, кайрадан 1864-жылдын 21-сентябрында Чымкентти ээлеп алат. Демек, стратегиялык мааниси бар Чымкент чебин жана шаарын орус оторчуларынын каратып алуусу, падышалык аскерлер үчүн, абдан чоң жеңиш болгон. Анткени бул тууралуу Дюгамелге Г. Черняев мындай деп кубануу менен кат жазган: «Бул цитадель эң көрүнүктүү кол жеткис жайда салынган. Ал эми калган чептер кокондуктардын тек гана коргонуу чеби сыяктуу, ошондой эле бул чепте хандыктын күчтүү куралданган артиллериясы жана бир нече жардыруучу

куралдар, снаряддар бар. Ошол эле кезде 10 миңдеген гарнизон, негизинен хандыктын эң мыкты даярданган аскери жайгашкандыгын белгилейбиз. Улуу урматтуу төрөм ! Ушул жеңиштүү окуя жөнүндө сизге билдирип жатып, крайдагы жарым миллион калкы бар, Чымкенттин кулашы менен улуу урматтуу императордун карамагына өтүшү, эң чоң мааниси бар күн болуп саналат», - деп кубануу менен билдирүү берген.

Катта баяндалгандай падышалык армиянын адамдары Чымкентти ачык эле басып алганын кубануу менен билдирип жатат. Кырдаалдын оорлоп кеткенине байланыштуу кээ бир адамдар Алымкулга тынчтык жол менен орустарга багынып берүүнү сунуштаган. Бирок келечекти көрө билген, кыраакы Алымкул ошол учурда минтип айткан экен: *«Бул маселе албетте, журттун тынчтыгын көздөйт. Бирок, аны ишке ашырсак, бүт Түркстан калкы, аскер башчылар өз тынчтыгын көздөп, буга чейин мусулмандарды Орусияга каратып, тынчтык келишимин түзүп кетиптир. ...кайрат көрсөтүшсө, бул жактан Оренбург, тигил жактан Симфераполь жана Шамиге чейин алат элек деп тирүүбүздө өзүбүзгө, өлгөндөн кийин балдарыбыз менен неберелерибизге каргыш жөнөтүшү мүмкүн. Ал эми уруш болсо, эч ким өлбөй, жалгыз мен өлүп, калк кутулар»,* - деп жооп айтканын Молдо Юнусжан [111а, 55-б] жазган. Демек, Алымкулдун (айрым элдик маалыматтарда Алымкулду басыз кыпчак деп айтышат) бул сөзүнөн анын чыныгы элдик уул, мекенчил кыргыздын кыраан аскер башчысы, элдин, жердин биримдигин ойлогон, иш билги мамлекеттик ишмер экенин билебиз. Бул салгылашуудан кийин, орус падышалыгы ачык да, тымызын да Ташкентти каратып алууну пландаштырып турган.

Ошол учурда Жетишаар мамлекетинен жардам сурап келген элчилерге Алымкул аталык 5-май 1865-жыл жазган катында: “Жакып, сен кокондук сарт же ....коркок эмессиң”, - деп жазган Н.Туран эмгегинде[143., 43-б]. Кийин Бузурук кожо өлгөндөн кйиин Жакыпбек Жети-Шаар мамлекетинде “хан” деп жарыяланат, ал эми Жакыпбек кыргыздын курама уруусунан болгон. Бул жерде айта кетүүчү жагдай Кашкар аймагы да хандыкка кыйыр болсо да баш

ийип турган жана ал аймакта кашкар кыргыздары жашаган. Бирок абалдын курчуп кеткенин билген орус бийлиги 1864-жылы 25-сентябрында Чугучак келишиминин негизинде Ак-Сууга бир жөө ротаны, 50 казакты, тоо артиллериясын жөнөткөн.

Бул туурасында Б. Жамгырчинов «эми бугулар гана эмес, Теңир-Тоо кыргыздары да орус бийлигин тааныгандыгын чындап сезишти», - деп жазган болсо, ал эми Т. Өмүрбеков, Т. Чоротегиндердин [150., 20-б] көз карашында: «ушундай катаал кырдаалда коңшулардын кысымынан кутулууну эңсеген чериктердин айрым манаптарына ак падышанын бийлиги жеңил болчудай сезилген. Орусиянын курамына кирүү, оңтойлуудай сезилген», - деген ойлорун айтышкан. Чындыгында, бугулардын, чериктердин жана калган кыргыз урууларынын орус оторчулук бийлигин таануусу, аргасыз абал болгон. Анткени туш тараптан «үч чоң» мамлекеттин кыргыз жерине көз артуусу күчөгөндүктөн, кыргыздын бий, бектери орус бийлигин тааный баштаган. Ал эми абалдын улам курчуганын билген Кетмен-Төбөлүк саяктын манабы Рыскулбек (элдик маалыматтарда датка деп да айтышат) 10 миң түтүн эли менен дароо орус бийлигине кошулуу оюн билдирип, Г. Черняевге 1864-жылдын декабрында кат жолдойт.

Ошентип, ал орус падышалыгынын бийлигин тааныйт. Натыйжада хандыктын аймагында кырдаал улам татаалдана баштайт. Учурдан пайдаланган генерал М.Г. Черняев жашыруун да, ачык да мүмкүн болушунча Ташкентте орус бийлигине, армиясына жүзүн бурган адамдарды жана көпөстөрдү, бий, бектерди жана сарттарды өздөрүнө тартуу үчүн белек-бечкектерди берип, ыңгайлуу учурду күтүп жаткан.

Ошентип, кырдаалдын татаалданганын билген орус падышасынын баскынчылары Ташкент шаарына басып кирет. Ал туралуу Мулла Халбек Ибн Мусса Андижанинин [111а, 60-б] «Алымкулдун салгылашуулар баяны» аттуу ырында: "*Сел сыяктуу каапыр келе жатат / Мурункудан да көбүрөөк болуп / Бул Ташкенде көп окуя бар / Бирөөлөр жеңсе, бирөөлөр жеңилет / Өтө ылдам келди түрдүү кабар / Учкан куштай Коконго жетти ал / Генерал Г. Черняев*

*көп аскер менен / Ташкенди карай келе жатат / Деген кабар келди шахка ошол тапта" - деген* ырында баяндалгандай, орус аскерлери согушка атайын даярданып, кол топтоп, согушка киргенин жана орустардын согуштук аракетин Алымкулга кабарлоо максатында чабарман Коконго кеткенин, Алымкулду шах дегени аны кыргыз эли хан катары, мамлекеттин башчысы катары эсептегендиги туралуу ырда баяндалат. Чындыгында булактарда кабар Ташкенттеги Куш удайчы [66, 44-б] (тыңчыдан) Алымкул удайчыга кат кабар келген.

Ал катта: «Генерал Г.Черняев Шортепеге конуп, Ташкенди басып алууга даярданууда Ташкенттин калкынын пейили өзгөрүп, ой-пикири бузулган окшойт» - деп жазылган кабарды окуйт. Жогорудагы ырда генерал Черняевдин көп кол менен хандыктын стратегиялык мааниси бар жерин карай согуштук жол менен басып алуучулук саясатын ишке ашырууну максат кылганын кабарлап жатат. Ал туралуу элдик ырда [66., 44-б]*: "Каапырлардын аскери сансыз деген, Санап чыгуу кыйын экен / Алар Ниязбекке келип калды / Анан да ээлеп алды"* – ырда кабарлангандай, көп сандаган орус аскерлери улам жылып келе жатканын жана Ниязбек чебине орус аскерлери келип калганын айтып жатат. Тарыхый маалыматка карасак, анда 1865-жылы 28-апрелде Г. Черняев жетектеген орус аскерлери кайрадан жүрүшүн баштап, Ташкенттин чыгышындагы Ниязбек чебин ээлеп [206., 175-б] алганын элдик ыр абдан так кабарлоодо, элдик ырда укмуштуудай таамай баяндайт.

Аталган чеп, Ташкент шаары үчүн зор стратегиялык мааниге ээ эле. Анткени, чепте шаарды суу менен жабдыган жашыруун сугат системасы жайгашкан. Мына ушул абалды Т. Өмүрбеков [150., 228-229-б]: «Алымкул аталык канчалык жан үрөп аракет кылса да жакындап калган согуш коркунучун жоё албады» - деп жазган. Ооба, Алымкул аталык согуштук абалдын оорлугун калыбына келтире алмак эмес. Себеби, орус бийлиги бардык куралдуу күч кубатын стратегиялык мааниси бар 100 миң калктуу Ташкент шаарын ээлөөгө күн мурунтан эле даярданып коюшкан болчу. Ал эми Алымкулдун аскердик куралдары аздык кылган, ал эми аскердик курам жагынан гана утушка ээ болгон.

Ташкенттеги салгылашуу жана Алымкул аталык. Ташкент алдындагы согуштук кырдаал тууралуу Н. Веселовский [66, 45-б] жазып алган ырда: «*Алымкул буйрук берди / Ал тараптан келишсин / Андижан менен Аксыдан / Бектер аргымагына минишсин / Маргелан менен Аксыдан / Желдей сызып жетип келишсин / Баш-Арык менен Бадамдан / Он миң үч жүз адам келсин / Тезирээк келсин адамдар / Аларга айт, эртең бизди / Төрө-Коргон, Жар-Мазар / Хоженттен күтсүн!”,* – деп берилет. Ырда айтылгандай Алымкул хандыктын аймагынан Ташкентти коргоп калуу үчүн күн-түн дебей алыскы Аксы, Алай аймактарынан да кол жыйнаган, замбиректерин, жөө аскерлерин согушка даярдаган, башкача айтканда, 10 300 аскер топтоо зарылдыгын ырда баяндалган.

Ал эми тарыхый булактарда Хоженттен Ханзаада бек, Мухаммед Алымбек, Сейитбек кытай уруусунан (Аксылык деген элдик айтымдар бар) даткалар миңдеген аскерлери менен жолугушканы айтылат. Бул туралуу ырда [66., 52-б]: «*Ар кимдин өз акылы бар / Айтканга убакыт тар / Даяр туруп, даяр болгула! / Кыпчак менен кыргыздар / Бир-бириңди колдогула!/ Эгер Ташкент алынса, Сарттарга окшоп качпагыла!»* – деп ырдалат. Алымкул аталыктын эң ишенген аскерлери кыргыз менен кыпчактар болгон. Ал «сарттарга окшоп качпагыла» дегени согуштук кырдаалда сарттар, падышалык аскерлердин тыңчыларына, байлык үчүн сатылып жатканын, ал билип, угуп турган. Ошондуктан кыргыз менен кыпчактар бир тууган элбиз, бир журтбуз, бирибирибизди колдойлу, мекенибизди коргойлу деген чакырык менен кайрылган.

Бирок согуштук кырдаал улам татаалданган сайын Алымкул аталык жоокерлерге кайрылып: «ар ким өз акылы менен согушуусу керек, кыргыз менен кыпчактар бир атанын балдары болосуңар, согушта жана тынчтыкта бир-бириңерди колдогула» - деп жоокерлерине кайрылган.

Себеби, Алымкулдун армиясынын негизги ядросун кыргыз, кыпчактар түзгөн. Алымкул аталык сарттарга караганда, кыргыз-кыпчакка көбүрөөк таянганын элдик ырда так баяндоодо. Себеби, «кыргыз-кыпчак бир эл, тамыры да бир, ошондон улам кыргыз менен кыпчактар бири-биринди колдогула !» - деп

айткан. Себеби кыргыз урууларынын этносаясий идентүүлүгү бекем болгон, саясий идентүүлүгү бекем эл, саясий күрөштөрдө күчтүү болушат[ ]. Ошондуктан кыргыз урууларынын саясий процесстерге катышуусуна кенен жол ачкан. Чындыгында тарыхый булактарда Алымкул аталык Ташкент алдында падышалык Орусиянын аскерлеринин басып алуучулук согушуна каршы, азаттык үчүн согушкан жана кыргыз Кокон мамлекеттинин биримдигин сактап калуу аракетин камсыздаганга аракеттенген.

Ал эми сарттар орус баскынчыларын колдогон, айрымдары согуш учурунда соода менен алектенгенин тарыхчы Н. Веселовскийдин ырлары кабарлайт.Чынында эле М.Г Черняев да жогорудагы оюбузду тастыктайт, анын маалыматы боюнча Ташкенттеги орус падышалыгынын кызыкчылыгын коргогон топтун башында Саатбай деген соодогер болгондугун Н.А. Халфин да тастыктайт [205.,117-б]. Саткындарды орус колонисттери да билишип, сарттарга материалдык колдоо да көрсөткөн. Сарттар падышанын бийлигин жашыруун колдоп турган. Падышалык бийликтин тыңчылары кыргыздар менен кыпчактарды бир эл экенин билишкен жана табиятынан согушкер, аларды колонизациялоо татаал, ошондуктан алар көп кыйнчылыктарды пайда кылат [61, 294-б] - деп билдиришкен. Ал учурдагы Кокон аскеринин абалын, даярдыгын Мулла Халбек Ибн Мусса Андижани [111а, 60-61-б] ырында: “Кат мазмунун окуп улуу шах / Жооп катты дароо жаздырды: / *«Отурсаң, тур, аттан, даяр бол! / Доолбас кагып, сапка тизил / Кырмызы кийим кийип / Оронуп-чулганып ал күн / Каарынан пикири болду уйгу-туйгу / Күнү-түнү шамалдай атын чапты / Аскер башчы Алымкул ажы / Ишсиз күтүп тургансыйт бир балээни / Шаардагы эки жүздөй замбирек / Ал замбиректерди аттарга чиркеп / «Алло Акбар», аттандык жоого» - деди* / Ал жерден тездик менен жөнөп кетти / Аттандырды оң-солго жакындарын / Бардыгы куралданган баатырларың» , – деп ырдалат. Ырда көрүнүп тургандай, Алымкулдун кырмызы кызыл кийингени бабалардын салтын улантканы, ошондой эле кошумча 200 замбиректи атка чиркегин , - деп айтканы бир кыйла тактыкты жана кошумча изилдөөнү талап этет.

Чындыгында, Алымкулдун замбиреги мындан аз болушу ыктымал, бери эле дегенде өзү менен кошо 20дай эмес, кээ бир маалыматта 40 замбирек менен шаарды коргоого алган деген маалыматтар бар. Ташкенттин алдындагы согушта орус оторчу аскерлердин 220дай замбиреги болгон. Алымкул убактылуу 1865-жылы Ташкент алдындагы оторчулар менен салгылашууда жеңишке жеткенин А.К. Гейнс баса белгилеген [77, 321-б ]. Балким акын Мулла Халбек Ибн Мусса Андижани адашып айтып жатышы да ыктымал. А бирок эки тараптын тең согуш аракетин акын так баяндаган: «*Эки жүз замбиректен бирдей атып, Өлгөндөр короодогу койдой жатып. Кол башчы өзү да мылтык атып, Өлүктөрдөн дыйкандай кырман жасатып. Эки жоонун арасы эки жүз кадамдай, Буйрук менен орус чегинбей келет, Жүзүнө тийген ок токсонун өлтүрөт. Тирүү калганы он-он беш орус солдат»* [111а., 61-б].

Акын Мулла Халбек Ибн Мусса Андижанинин баядамасына караганда, Алымкул аскер башчынын падышалык аскерлер менен салгылашуусунда, орус падышалык аскери тарабынан 200 замбирегинен ок жаадырылат жана орус солдаттарынан 90дой адам курман болот.

Демек, маалыматтарга таянсак, анда чындыгында ырда орустардын кээде 220, кээ бир ырдын саптарында 200 замбиреги болгон деп айтылат. Падышалык аскердин 200 замбиреги болгону чындык. 1865-жылы 7-майда орус аскерлери Ниязбек чебинен шаарга 8 чакырым алыстыкта жайгашкан Сары-Тепе деген жерге жылат. Ушул жерден алар шаардын Түндүк-Чыгышын ээлеп алууга даярдык көрүшөт. Бул кабар Кожент шаарында Бухара эмиринин баскынчыл саясатына каршы чараларды көрүп жүргөн Алымкулга жетет. Ташкент шаарын коргоодо, Н. Веселовскийдин [66, 67-68-б] «Орустардын келиши» деген ыры так күбө болот: «*Кабар кетти алыска / Орус келди согушка / Дарбазаны жапкыла / (чыңдагыла) Ташкент биздин шаардын / Бектер менен пансаттар / Колго курал алалы / Чепте бекем туралы / Согушпастан жана улуу орус падышасы деп / Баары артка чегинди / Губернатор Черняев келди / Туркестанга токтоду / Головачев баштап согушту / Кырк күн өтпөй / Ташкентке орус кел-*

*ди жакындап / Аскер башчы Алымкул / Орус менен согушту / Шаардыктар ага жардам беришти / Өзүнүн жоокери атты / Алымкул кетти келбес жайга».*

Алымкул алты миңге жакын колу менен шашылыш Ташкенди коргоо үчүн жолго чыгат. Алымкулдун аскерине Ташкенттеги кыргыздар, казактар жана кыпчактар жардам көрсөткөн. Бирок кырк күн дегени маалыматтарда 40 миң колу болгон. Ныязбек чебин орус падышасынын каратып алуусу, Ташкент шаарын суу өмүрүнөн кол үзүү болгон - деп эскерет Д.Ю. Южаков өзүнүн Ташкент шаарын каратып алуунун 16 жылдыгындагы эскерүүсүндө. Алымкулдун кошууну менен Черяевдин аскерлери 9-майда Сары-Тепе деген жерде кездешет. Молдо Нияз аскер башчы Алымкулдун Ташкенттеги кармашы жөнүндө төмөндөгү ырды жазган: *"Кафирге карап үч жолу / Бөйдөй тийди Алымкул / Казат кылды Алымкул / Ач бөрүдөй ачынып / Ахыреттин башына / Азат кылды Алымкул / Койдой кырды Алымкул / Кумардан чыгып армансыз / Уруш кылды Алымкул / Кызыл канын агызып / Суудай кылды Алымкул" [239., 65-б],*- деп ырда так баяндалат. Ал эми 1865-жыдын 9-майдагы Алымкул аталыктын Ташкент алдындагы орус аскерлерине каршы согушунда, Алымкул миң башы орус аскерлерине катуу каршылык көрсөткөн.

Ташкенттин жанындагы Шуртепедеги салгылашуура Кокондун 60 миң аскери менен 40 замбирекчиси катышкан- башкы командачысы Молдо Алымкул жетектеген. Кечил Кит-ко [180., 20-б] жазган маалыматта 30 миң жоокер жана 60 артиллериясы болгон десе, Н.А. Халфин [205, 121-122-б.]: "Ташкентти коргоодо Алымкулдун 6 миң аскери, 40 пушкасы болгондугун, ошол салгылашууда Алымкулдун курман болушу, М.Г.Черняевге «Кокон хандыгынын тагдырына» чекит коюуга негиз жараткан", - деп туура белгилеген.

Ал эми орус күчтөрүн М.Г.Черняев жетектеп, алардын 2500 ден көбүрөөк жоокерлери, 220 замбиреги бар эле. Бул согушта оторчулардын аскеринен 125 адам жарадар жана өлгөнү 88, анын ичинен 3 офицер, 25 адам жарадар болгон. Адам күчү жагынан кыргыз Кокон аскерлери көп болгону менен кокондуктардын согуштук куралдары талапка жооп берген эмес. Ташкент алдындагы оторчулар менен салгылашууда Алымкул миң башы Фулад (Полот

кыргызга- Н.С.А.) кыргызга орустар оторчуларын каршы согушууну жана жеке таарынычтарды токтотууну суранып муңчу Молдо Жунусжанды жөнөткөндө, ал орой жооп кайтарган”, - деп баяндайт Т.Бейсембиев [55, 128-б].

Ошентип, кырдаал оорлошкон жана Ташкенттин жанындагы Шур-Тепедеги уруш алты күнгө созулган. Ал эми Молдо Алымкул үч күн тынымсыз согушканын акын Молдо Нияз ырында так баяндайт жана согушта 300 жоокеринен ажыраган. Ташкентти орустардан коргоодо аскер башчы Алымкул шейит кеткен. Н. Веселовский жазган эмгекте Алымкулду өзүнүн жоокери атып өлтүргөнүн кабарлайт. Ушул сыяктуу пикирди З. Максым [127., 234-б] «θзүнүн адамдарынын ичинен бирөөсү Алымкулду жактырбай, «ушул жерде эле өлтүрүп кутулалы», - деген жаман ниетте ок атты”, - деп билдирет. Мыкты стратег Молдо Алымкулдун өлүмү менен Кокон аскерлеринин, аскер башчыларынын ортосунда өз ара келишпөөчүлүктөр башталган [112., 137-б]. Ал эми Молдо Алымкулга капилеттен ок жаңылганын Молдо Ныяз [237., 65-б] мындайча жазган: «*Бетпактар моюн сунарда / Хадия кылып башыңды / Оро(су)га оонарда / Азиздарга кошулуп / Мусулман журт тынарда / Азиз башың ол эде / Ок жаңылды өзүңө / Аршка башың жетти эде / От жагылды көзүңө / Давлеттиң кетти кашыңан / Ат боорудан кан кетти / Эфакта жаның үзүлдү / Жаннатка карап жан кетти / Чырактай көзүң сүзүлдү / Жибектей жаның эшилип / Мусафар Ташкент шаарында / Көңүлүң көлдөй көшүлүп / Бейит болдуң Алымкул,*”- деп баяндалат. Ырда Алымкулдун өлүмү туралуу эмгектерде «оор жарадар болду» же «окко учту» десе, Т. Касымбеков [106. 572-б] «Сынган кылыч» романында Кокон ордосундагы бийлик талашуулардын кесепетинен Алымкулдун каршылаштарынын тыңчысы (удайчы) уурданып келип, Алымкулду артынан атканы айтылат.

Ал эми Ташкент шаарынын жашоочусу Мухаммед Салих Кори Ташкендинин айтымында кармаш болуп жатканда Абдылдабек деген Кокон замбиректеринин башчысына биринчи батареясына буйрук кылат. Өзү да ошо тарапка ат үстүндө бара жатканда ичине ок жаңылганын, ага карабастан Дурманча

дөөңсөөсүндө кармашты башкарып турганын Т.Кененсариев [112, 139-б] баяндайт.

Ал эми акыркы кездеги баяндамаларга караганда тарыхчы К.Молдокасымовдун [272, 273] өзүнүн саткын жоокерлери тарабынан атылган, ошентип, Алымкулдун аскерлери чачырап, баш аламандыкка кабылган соң, кыргыздар чоң жоготууга учураган. Алымкулдун курман болушу менен кокон кыргыз хандыгынын жоокерлеринин арасында кайраткерлик солгундап кетип, оторчулардын жеңишине жол ачкан.

Алымкул жөндөмдүү, шамдагай жана өтө энергиялуу, акылдуу аскер адамы, - деп жогору баалаган А.К. Гейнс [77, 321-б.]. ошондой эле Н.А. Халфин [205, 122-б.]: 9-майдагы согушта курман болгон, Алымкул кокондун көрүнүктүү башкаруучусу, полковедеци жана мамлекеттик ишмери болгон, - деп туура баа берген.

Анткени, ал кыргыздан чыккан аскер башчы жана иш жүзүндө кыргыздын Кокон ордосунун башкаруучусу жана кол башчысы эле, ал туралуу Молдо Нияздын [237, 60-б.] ырында: "*Кыргыз, сарттын ичинде / Кыпчактан чыккан март эде*", - деп ырда кыргыз экендиги таамай баяндаган. Демек, ырда Алымкул чыныгы кыргыздын уулу экенин тастыктап жатат. Андан кийинки ыр саптарында: "*Кызыл-чаар шер эде / Кыргыздан чыккан эр эде",*- деп ырында так кабарлайт. Чындыгында эле, Молдо Нияздын ыр саптары тастыктагандай эле Алымкул баатыр гана эмес, кыргыздан чыккан шер, эр, кол башчы, жол башчы экендигин акындын ырлары так баяндайт.

Ошентип, Алымкулдун орус колонизаторлоруна каршы тике туруп, каршылык көрсөтүүсү, анын жалтанбаган жолборс экендигин Молдо Ныяздын ыр саптары тастыктоодо. Демек, Алымкулду ар дайым эл «кыргыздан чыккан хан», - деп эсептеген, ошондуктан З. Максым [ 127, 234-б.] "Алымкул Кокон салтанатына кирип, тактыга отуруптур", - деп так жазган болсо, анын пикирин тастыктап, Молдо Ныяз ырында [237, 65-б.] анын хандык бийлиги туралуу: "*Төрө Алымкул адалат / Келип конду ордого / Кыргыз. кыпчак жигитиң / Көрүп жатты давлатти / Хан болду чыгып карадан",* - деп кокон ордосундагы хан

экендигин ырында тастыктоодо, ошол эле учурда анын шейит болгону жөнүндө акын Молдо Нияз [239, 65-б]: "*Ордодон туйгун учту деп / Бухарга чапты сүйүнчү / Оруска чапты сүйүнчү / Ак жолборс көзү өттү эде / Кыргыздын ханы өлдү деп/ Саратанда кыш түштү / Кытайга чапты сүйүнчү / Сан журтунун башыга / Бутпарас маңгыт аралаш / Кыяматтай күн түштү*", - деп баяндалат. Алымкулдун салгылашууда курман болушу менен кыргыз эли, жери эгемендигинен кол үзгөн. Кыргыз элинин кайраткерин жок кылуу менен орус бийлигинин колониалдык саясатын ишке ашырууга, ачык жол ачылган. Ал эми Алымкул туралуу З. Максым [127, 37-б] жазган эмгекте: «*Алымкул өтө эстүү акылдуу киши эле, Мурда лашкар башы болуп жүргөн. Алла Тааланын амири менен Кокон хандыгында башчы болду. Бул да анын акыл эстүүлүгүнүн натыйжасы эле»* ,- деп таамай жазган. Эң негизгиси Алымкул карапайым кыргыздын уулу болгон жана кыргыз элинин азаттыгы жана келечеги үчүн, орус колонизаторлоруна каршы акыр аягына дейре бекем турду. Ташкент алдындагы согушта кыргыз эли уюштурууучу стратегинен, ханынан ажыраган, Алымкул шейит болгон сон Кокондук кыргыз сарбаздары тез эле орус бийлигине багынды.

Натыйжада, Г. Черняев жетектеген Орус падышалыгынын куралдуу аскерлерлери 1865-жылдын 17-майында Ташкент шаарын басып алды. Ал эми 24-майда Хожент шаарын каратты. Ошентип, 1865-жылы биринчи губернаторлукка генерал-адьютант К.П. Кауфман дайындалды, 17-майынан баштап ага чексиз укуктар берилди [191, 334-б]. Жаңы дайындалган орус падышасынын башкаруучусу туралуу тарыхчы Р.Ю.Почекаев [164, 340-б]: Жергиликтүү калк «жарым падыша» (полуцарь) деп аташкан. Ошол учурдан Орто Азия - Түркестан деп атала баштайт.

**Теңир-Тоолук кыргыздардын азаттык үчүн оторчуларга каршы күрөшү.** Ал учурда аркалык кыргыздардан орустарга баш ийбейбиз деп, Балбай баштаган 1500 киши, 1865-жылдын жаз айларында Кытайга көчүп кетүүгө аракет жасаган. Бирок падышалык аскерлер Текесте бугулардын көчүн токтотууга үлгүрүп калды [112,142-б]. 1867-жылы полковник Полтарацкийдин

жетекчилигинде 2 замбирек жана 181 жоокери бугунун чоң манаптарынын бири Сарпектин уулу Күчүк баштаган топтун жардамы менен Балбай, Дуралы, Шоорук жана Сабатырды туткундашат. 1867-жылдын сентябрында Верный (Алма-Ата) түрмөсүндө 4 ай жаткан 76 жаштагы Балбай баатыр көз жумган [112, 143-б]. Балбайдын орус оторчулугуна наразы болгонун элдик маалыматтарда: биринчиси болуштук шайлоодо Балбайдын бугу уруусунун ичинен эң улуусу болгон, бирок орус оторчулары салтты эске албаганын тарыхчы А. Койчуев жазса, ал эми Б. Аракеев Балбай баатырды чыккынчылар кармап берген деп эскерет. Мына ушул окуялардан кийин бугу уруусу биротоло тынчып, орус оторчуларынын бийлигин бир тобу ыктыярдуу, (бир тобу аргасыздан) тааныган [284, Кыргыз Туусу. 19-октябрь,1991]. Айрым маалыматтарда 1864-жылдары Алымкул аталык Тяньшандагы кыргыз айылдарына келгендигин тарыхый маалыматтар тастыктайт. Буга караганда Балбай жана анын жакын адамдары менен Алымкул аталыкка жолуккан болушу ыктымал. Кыргыздын эки азаматы согуштук тактиканы билген стратегдер болушкан. Алар орус оторчуларына каршы күрөштү биргеликте улантуу жөнүндө сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн болушу мүмкүн [244, 56-б].

Ошол эле учурда Үмөтаалы баштаган 5 миң үйлүү сарыбагыштар 1867-жылы орус окумуштуусу Н.А. Северцов[ 181, 147-б] менен сүйлөшүүлөрдү Оттук суусунун жээгинде жолугушкан, сүйлөшүүгө бий Үмөтаалынын уулу Чакмакташ, жигити Байбагул жана 4 киши кошо келет. Андан кийин 1868-жылы Тогуз-Тородо жаңы административдик аймак түзүүнү көздөп жүргөн Загряжский жана Шабдан Жантай уулунун коштоосунда Мамырканга Жакыпбек менен байланышы бар деп «күнөө» коюулат да, аны Верныйга түрмөгө камашат. Буга жооп кылып Осмон 700 түтүндү Кокон чегине өткөрүп жиберип, Загряжскийди баш кылып, Баякени, Келдибекти туткундап, Көкарт өрөөнүнө кирип кетет. Эл ичинде “майордун тереги” деген кеп калган. Молдо Кылычтын [238, 158-б] «Зар заман» ырында: “*Тактысынан айрылды / Канча жылда кайрылды / Кокондуктун хандары / Кан Ормондун баласы / Эр*

*Тайлактын Осмону / Үмөтаалы, Чаргынды / Качып барып Кашкарга / Кашкар барып келген соң / Кадырынан тайгылды”* ,- деп баяндалат.

Ошондуктан, орус падышалыгынын жагымсыз иш аракетине наараазы болгон Осмон датка 1868-жылга чейин орус бийлигин тааныган эмес. Ошондон улам, Осмон Тайлаков орустардан өч алуу үчүн, Загряжскийдин аскерине кол салат. Орус аскер башчысын туткундоо аракетин ишке ашырууга аракеттенген. Ойлогон максаты ишке ашпаганын билип, анын ордуна Шабдандын жигити Бай акени, чыккынчылык кылганы үчүн, саяк тууганы Келдибекти жана алар менен жүргөн бир нече кишини туткундап, Загряжскийдин жеке буюм-тайымдарын олжолоп алды да Көгарт өрөөнүнө кирип кетти [Советтик Кыргызстан. 07.09.91].

Ал эми Осмондун, Балбайдын мындай аракеттери, падышалык бийликке жасаган каршылыгынын бир формасы же «азаттык күрөштүн-кыргыз формасы» экендигин тастыктайт. Оторчулардын отордук саясаты кыргыздардын этнократтарына таасирин, залакасын тийгизген. Арийне Осмон датка оторчулукка каршы күрөшкөн бирден бир мекенчил эр азамат болгону ырас. Осмон датка туралуу Ч. Валиханов [59, 386-б]: Чоро саякты Тайлактын уулу Осмон башкарат. Куртка чебинин элбеги Мамаразык Осмонду кадырлап, пансад (полковник), датка, - деп айтканын Ч. Валиханов [59, 387-б] эскерип жазган.

Ал эми Куртка чеби туралуу*: “Эң кийинки Курткага/ Беги турган деп айткан./ Нарын суунун боюнда,/ чеби турган деп айтат”* - деп Тоголок Молдо ырдаган экен. Ошондой эле, эл ичинде азырда Осмон датка деп айтышат, ал салтты, наркты бекем кармап ыйык сактаганын, ал жол башчы ганамес жерди иштетүүнү да мыкты билгенин Ч.Валиханов эскерет. Деги эле арка кыргыздары Кокон хандыгы менен жакшы ымалада болушкан, ал тууралуу Б.Солтоноев [186, 101-б]: “Тарыхтарды болсун, карыялардын айтуусунда болсун, кокондук менен араздашпасатан, аны менен катышып турган”, - деп жазат. Чынында эле, соода-сатык байланыштары жана да кадырлуу инсандар кайтыш болсо, Арт-санбабка койгонун да баса белгилейт.

Ошондуктан, Осмон даткага оторчулардын жосунсуз жоруктары жакпагандыктан, кырдаалдын татаалданган учуруна карабастан, эл жакшылары болгон бугу манабы Тилекмат, сарыбагыш манабы Үмөтаалы менен биргеликте Жакыпбектин мамлекети менен кызматташууга аракеттенген. Булардын максаты Жети-Суудагы Жакыпбек менен биригип орус падышалыгынын бийлигин кулатууну ойлогон, Жакыпбек 8500 аскерин Жети-Сууга жөнөтүүгө жана орус падышалыгына каршы туруугa аракеттенген. Алардын Жакыпбек менен жакшы мамиледе болушу биринчиден Жакыпбек кыргыздын курама уруусунан, экинчиден мамлекеттик кызматта турган адамдары да Байдөөлөт датка, Сыдыкбек датка, Ташбай датка жана Алымкул аталыктын уулу Шермухаммед сыяктуулар кыргыз болушкан, үчүнчүдөн алардын аскеринин негизги курамын кокондон барган кыргыздар жана чыгыш Түркестандык кыргыздар түзүшкөн. Ошондуктан кыргыз элинин азаттыгын ойлогон.

Бирок учурдан пайдаланган Англиянын тыңчысы Т.Д. Форсайт мамлекетинин кызыкчылыгын көздөп, Кашкарда «Ибрагим эфенди» деген ат менен жүрүп, «Форсайт» Жакыпбекти жана Үмөтаалы, Нурдөөлөттү, Мураталыны, Тилекматты орус бийлигине каршы «газаватка» аттандырууга аракеттенген. Оторчулар Тилекмат, Үмөтаалы, Муратаалыларды туткундаган соң, суракка алган. Ыр толук ошол маалыматты ырастап айтууда. Ал эми андан соң Тилекмат туткунга түшүп, Верныйга жөнөтүлдү. Үмөтаалы болсо Тенир-Тоодогу келгин колонизатор орустар менен Эки-Чаттагы кармашта өлгөн 2 орус жоокеринин ар биринин куну үчүн 75 жылкы, жарат алган 7 солдаты үчүн 100 жылкы, 5 аскеринин ар бирине 25 тен кун төлөйт (акчалай эсептегенде 7500 сом, бир жылкы ал учурда 20 сом турган). Үмөтаалы 1868-жылы бул кунду 60 жашында кутулуп бүткөн [151, 21-б]. Ошентип, 1867-1868-жылдары жүргүзүлгөн реформа боюнча тяньшандык кыргыздар Ормонов Үмөтаалы жана Чаргын Ормонов, ошондой эле Осмон Тайлаковдор манаптык жана болуштукка шайлануу укуктарынан ажыратылган [211, 107-б]. Падышалык орустардын кемсинтүүсү, Тенир-Тоолук эки эр азаматтын аргасыздан баш ийгени, алардын азаттыкка умтулуусу «азаттыктын кыргыз ыкмасы» болуп саналат.

Оторчулардын кыргыздын жакшыларын кемсинтүүсү, ар дайым каршылыктарды жаратып келген. Алардын мындай абалга туш келиши кыргыз салтынын бузулушуна жол ачкан.Үмөтаалынын ушундай оор абалга туш келгенин байкаган Н. Аристов: «анын орус бийлигине аргасыздан баш ийиши жана туугандарынын орус бийлигин колдоп, бир чечимге келиши, кыргыз элинин салты боюнча душманга аргасыздан жеке керт башын тартуулаганга барабар болгон» , - деп жазат[ 211, 107-б]. Ошону менен катар, Осмон датканын, Алымкул аталыктын Ташкент алдындагы оторчулардан жеңилишин жана анын өлүмүнөн кийин, кокон кыргыз мамлекетинин кыйрашына алып келгенин акын Молдо Ныяз [237, 66-б]: "Осмон кетти кашыңан, Давлатиң кетти башыңан" , - деп кыргыздын жакшыларынын бириге албай калганын сезип, мамлекеттибизден ажырадык деп, аргасыздан ырдаган.

Ал эми эки кайраткердин азаттыкка умтулуусун тарыхчы А.Н. Бернштам: [53, 445-б.] «Үмөталынын (Ормон хандын уулу) жана Балбайдын басып алуучуларга каршы уруулаштары менен биргеликте күрөшкө чыгуусу, кыргыз элинин көз карандысыздыкка, азаттыкка умтулуусунун прогрессивдүү багытынын аракети», - деп туура белгилеген. Биздин көз караште алардын оторчуларга каршы уруулаштары менен бирдикте азаттыкка умутулуусу, жалпы кыргыз элинин өз алдынча көз карандысыздыкка умтулуусунун кыргыз ыкмасы экендигин тастыктагандыкта турат. Чындыгында, оторчулар кыргыз салтын бузуп, эл башчылардын кадырына шек келтирген чечимдерди кабыл алышкан. Ошондуктан Осмон, Чаргын, Үмөталы сыяктуулардын өз алдынча азаттыкка умтулуусу прогрессивдүү көрүнүш жана азаттыкка умтулуунун кыргыз ыкмасы деп эсептесек туура болот.

**1873-1876-жж улуттук-боштондук көтөрүлүш.** Орус оторчулары арка кыргыздарын каратып алгандан кийин, түштүк кыргыздарына орус саякатчылары көз салып, байкап турушкан жана ыңгайлуу учурду күтүшкөн [210, 33-б]. Кырдаалдын татаалданганын билген кыргыздын бий, бектери жана Эки-Суу арасындагы кыргыздар Орус оторчуларына каршы кыргыз этносунун идентүүлүгүн сактап калууга жана Кокон ордосундагы кыргыздын бийлигин

орнотууну көздөп, көтөрүлүшкө чыгат. Ал көтөрүлүштүн башында Мамыр Мерген турган. Бул туралуу *Өзбек тарыхчысы* Носиржон Топилдиев*:[192,15-20-б] "1873-1875-йилллари Узганд ва Уш киргиз жамолалари Маъмур Мирганиев рахбарлигида баш кутаридилар", -* деп жазган. Ал эми Орус падышалыгынын отордук бийлигине, хандык бийликке каршы турганын элдик ырда [302]: "*Көктө жылдыз / Жерде кыргыз / элден Мундуз / Азаттык деп айгайлап / Мамыр деген чыкты кыргыз / Мындан биз Мамырдын жалпы кыргыз"*, - деп адилетсиз хан бийлигине каршы күрөшкө үндөп, азаттыкка умутулган кыргыз көтөрүлүшчүлөрүнүн колун жетектеп чыккан, ошондуктан Мамыр Мерген чыныгы элдик патриот, баатыр экендигин билебиз. Бирок абалдын курчуп жатканын сезген Мамыр, аргасыздан 1874-жылы падышалык Орусиянын бийлигинин администрациясына 1700 үй-бүлөнүн атынан кат менен кайрылган, бирок падышалык бийлик жооп берген эмес.

Андан кийин экинчи ирет 1874-жылдын май айында Мамыр Мергенди колдогон Кара-Кулжалык кыргыздардан турган 5-6 миң [201, 43-б] көтөрүлүшчүлөр Анжиядан алыс эмес жердеги Коргон-Бардан сепилин, айрым булактарда Базар-Коргон кыштагын каратып алган деп айтылат [7]. Ал эми Мамыр Мергендин колу элдик ырда он миң деп айтылат. Маалымат булактарда Анжиянга басып киргенде 5-6 миң адам болгону кабарланат. Мына ушул чабуулда Мамыр Мерген адилетсиз хандын бийлигин колдогон сарттарды, анын колдоочуларын көгөнгө байлап сабагандыгын эл азыр да эскерет. Мамыр Мергендин толук аракети төмөндөгү ыр саптарынан ачык көрүнөт: "*Баатыр Мамыр баш болуп / Айтса көңүл каш болуп / Орокчусун чогултуп / Файы такка минем деп" [104,34-б ],-* деп айтылган ыр саптарында жана элдин айткандарына караганда, ал орус оторлугуна каршы [210, 107-б] жана Кокондо кыргыз хандыгын тикелегенди каалаган. Ошондуктан, ал кыргыздардын азаттыкка чыгуу күрөшүн баштап чыккан.

Демек, Мамыр Мерген Анжиян, Ош, Алай, Аксы аймактарындагы, деги эле түштүк жана түндүк аймагында жашаган малчы-дыйкан кыргыздын мундуз,

багыш, кутчу, басыз урууларын бириктирип азаттыкка чыгууга аракет жасаган деп түшүнсөк болот.

Ошондуктан, ал Алайда, Өзгөн, Кара-Кулжада, Токмок аймактарында болуп, таяныч издеген жана Кокон шаарын, хандыгын алууга аракеттенген. Элдик ырларда Лашкер болууну көздөгөнүн айтса, сексен күн дегени бул эки айлап күрөшкө даярданганын билебиз жана да ал атайын сепкилдүү сексен ат менен күрөшкө кирген болуу керек, анткени сепкилдүү ат кыргызда чабдар ат, ыйык ат катары эсептелет. Дагы бир элдик ырда*: “Тамыры болот кыргыздан / Мамыр чыккан мундуздан / Ордону алсам деп турган*”, - деген ыр саптар Мамыр Мергендин ордодо кыргыз бийлигин орнотууну каалаганын тастыктайт.

Тилекке каршы, азаттыкка умтулган көтөрүлүшчүлөрдү 2 миң сарбаздан турган хандын аскери басып коюшат. Көтөрүлүшчүлөрдүн бир нечеси туткунга түшөт. Ал эми Мамыр Мерген уулу Нарын тараптагы Капка өрөөнүнө качып кетет. Кокон бийлигинин өтүнүчү боюнча Токмок уездинин башчысынын буйругу менен 1874-жылы 15-июлда кармалып, «көтөрүлүштүн чордонунан алыстатуу жана орус ээликтериндеги кыргыздарды Кокон тополоңунан алыстатууга жана мүмкүнчүлүгүн жоготуу» максаты менен Лепси уездине (Казакстан) камакка алынды” [87, 382-б] , - деп айтылат маалыматтарда. Ал кийин энесинин суранычы боюнча туулган жерине келген деген кабарлар бар.

Аксыдагы элдик кыймыл. Хандыкта саясий кырдаал татаалдай баштаганын билген эл жакшылары, дароо кырдаалды колго алууну ишке ашырышкан. Натыйжада кыргыздын кызыкчылыгын көздөгөн Болот ханды [299] хандык тактыга отургузушту. Ал туралуу элдик ырларда: “*Ак боз жылкы аталды / Полот бек хан деп ураалап / Кыргыз, кыпчак турушту / Обдулуп бизге кол сунган / Орусуң деги оңбосун”,*- деген ыр саптарына караганда, Аксыдагы элдик азаттыкка чыгуу аракеттери Сафед-Буланда элдик курултай менен хан шайланат. Курултай кыргыз элинин эң чоң жана жогорку саясий бийлиги болгон. Элдик курултай бардык кыргыз элинин урууларынын кызыкчылыгын адилеттүү чечкен. Элдик курултайдын чечими бардык уруулар үчүн милдеттүү аткарылган. Курултайдын чечими менен кокон ордосундагы

кыргыздардын этнократтарынын биримдигин бкемдеген ордодогу саясий процесстерге кыргыздар катышуу менен микромамлекеттен, макромамлкетке умтулушкан.

Демек, кыргыздардын ордодогу “этносаясаясий процесстерге активдүү катышуусу – этносаясат”,- болуп эсептелет деп жазган Р.Г.Абдулатиповдун ойлору туура экендигин тастыктайт [332, 64-б]. Ошенти, 1873-жылдын жай айларында Исхактын жетекчилигинде кыргыздар, кыпчактардын малчы, дыйкандары биригишип, көтөрүлүш баштайт. Азаттык көтөрүлүшү Аксы аймагында башталып, бүтүндөй Фергана аймагына тарады. Искак Полоттун ишенимдүү адамдары Алымкул аталыктын тууганы Мусулманкул жана Момун Шамурзак уулу болгон [201, 43-б].

Ал эми ошол эле жылдары Аксыда эл кайрадан Искак менен бирге Кокон бийлигине каршы көтөрүлүшөт, ошондуктан окумуштуу А. Хасанов [210, 43-б] 1873-жылдагы элдик көтөрүлүштүн кыймылдаткыч күчү катары кыргыз элинин дыйкандары жана малчылары болгон деп эсептеген. Ал эми Н. Корытов болсо Исхакты Кыргыздын көтөрүлүшчүлөрүнүн башчысы болгон деген көз карашты карманат. Ошол эле жылдары Эки-Суу арасында Мамыр кайрадан эркиндикке чыгуу максатын көздөп, “Анжиан кыргыздарынын” көтөрүлүшү башталганын тарыхчы А. Хасанов [210, 43-б.] баса белгилейт. Ал эми Масы айылына кайрылып келген Мамырдын колдоочуларын карактоо максатында кокондук жазалоочу отряд келет. Анын жетекчиси Ахматбек Батыр-башы болгон. Кокондуктун жазалоочу аскери тууралуу элдик айтымдарда [299]*: “Кармаганы көк ак туу / Коконго салды урушту / Ханабадда турушту/Уруш болуп алаамат./ Дагыр,Сардык, Батырлар./ Мал, мүлк менен / Кокондукка кармалат” [299],* - деп айтылат. Чындыгында, кокондун жазалоочу отряды Масылык 40 кыргызды туткунга алат жана 3 кыргызды Даирбек, Садык жана Батыр-башыны өлтүрүшкөн. Андан башка жазалоочу сарбаздар Масыдан 120 ат, 5 төө, 30 уй, 130 кой жана 450 түтүн үйдү талап тоношкондугун [210, 131-б] маалымат булактары кабарлайт.

Мамыр орус бийлигинен колдоо табууга аракет жасаган, бирок майнап чыккан эмес. Экинчи ирет Мамыр Мерген Базар-Коргонго басып кирет, ал учурда элдик айтымдарда 10 миң колу болгонун кабарлашат. Ошол эле кезде "*Абдылдабек менен Мамырлар, Оруска каршы туруп согушту"* [299] , - деген ыр саптарында, алар биргеликте каршы туруп, согушканын элдик маалыматтар баяндайт.

Ал эми Мамырдын каршылыгын «кыргыз элинин акыйкаттык жана Кокон кыргыз мамлекетин сактап калуу аракети катары жана улуттук-боштондукка чыгуу каршылыгынын этносаясий аракетинин бир формасы катары кабылдайбыз, ошол эле учурда анын тайманбастан, азаттыкка умтулуусунан ачык байкалат. Анын азаттыкка умтулуусун колдоп, Аксылыктар, Чаткалдык кыргыздар 1874-жылдын июль айларында Момун Шамурзак уулунун башчылыгында, 10 миң адам улуттук-боштондук көтөрүлүшкө чыгат [210, 139-140-б]. Алар Кызыл-Токойдо хандын аскерлери менен катуу салгылашат. Бирок аксылык кыргыздар жеңилет. Мамыр Мерген менен Момун Шамурзак уулунун бир эле жылда, бир мезгилде көтөрүлүшкө чыгуусу, алардын кайсы бир денгээлде байланышта болуп турган жана эл башында кол башчы катары кыргыз мамлекеттүүлүгүн курууга аракет жасагандыгын элдик ырларда: «*Чаткалдан чыккан шер эле / Каапырдан коргоп эл, жерди / Кыргыздан чыккан эр эле»* [299] , - деп элдик чыгармаларда айтылат.

Мамыр Мерген жана Исхак Полот хан колго түшкөндөн кийин, тарыхый булактарда 1875-жылы 27-сентябрда Бото-Карада экинчи ирет Исхак Полот кайрадан хан көтөрүлөт. Эмне үчүн Исхак-Полот хан кайрадан хан шайланат. Бул багытта тарых барактарын карасак, эки Полот ханды учуратабыз. Алибий макаланын автору түндүк Ферганаﾠны изилдеп Чаткал болуштугуна келип, атактуу Момун датканын уулу Турсунбекке жолугат. *Андан төмөндөгүдөй маалыматтарды жазып алат: «Полот хан менен Момун датка Кара-Суу дарыясынын боюндагы Алты Кайрагач (азыркы Аксы районуна караштуу Кара-Жыгач айылы) деген жерде алар колго түшөт деген кабарды алат. Ошондой эле андан ары Полот хан Кокондо дарга Асылат. Ал эми Момун*

*датка Ташкентте дарга асылган. Бул окуяны Турсунбек апасы менен Момун датканын дарга асылганын өз көзү менен көргөнүн кабарлайт» [44,ТВ.].* Эгерде Алибийдин берген маалыматына таянсак, Полот хан-Исхак Асан бий уулу-бостон уруусунан, ал эми Полотбек Токтогул уулу Момун датка-Момун Шамурзак уулу кыргыздын багыш уруусунан, - деп эсептейт тарыхчы Нурбек Туран. Бирок акын А. Акбаровдун жазган маалыматтарында Момун Шамырза уулун кыргыздын сол канатындагы кытай уруусунан деп баса белгилейт.

Ошентип, көтөрүлүш негизинен элдик-улуттук боштондукка чыгуу мүнөзүндө болгон, алар Кокондогу адилетсиз хандын бийлигине каршы күрөшкөн, себеби, кыргыздын бий, бектери үчүн Кокон хандыгы кыргыздын мамлекети катары кабыл алынган. Себеби кыргыздар кокон хандыгынын «куралдуу күчтөрүнүн негизги өзөгүн түзгөн» - деп жазат Н.Д.Северцов[181, 147-б].

Ошондуктан хандыкты сактап калуу этносаясий жактан кыргыз элинин ыйык милдети катары эсептелинген, азыр да элдин тарыхый эс тутумунда сакталып калган. Демек, азаттык үчүн күрөштө, Полот хандын ролу өтө чоң болгон. Бул маалыматты элдик ырлар да ырастайт. *Боз адырдан чаң чыкты, Бостондон Полот хан чыкты / Карадан Полот хан чыкты / Кара-Дарыядан чаң чыкты / Анжияндан чаң чыкты / Алдуудан Полот хан чыкты* [304] – деп баяндалган ыр саптарына караганда, чындыгында Полот хан ичкилик кыргыздын бостон уруусунан деп айтылганын жана ал кыргыз элинин калың катмарынан чыгып, этносаясий жактан жетилип, элди жетектеп азаттыкка умтулуп чыккан эр азамат экендигин элдик ырлар тастыктайт.

Чындыгында, Болот хан кыргыз элинин тендигин, эркиндигин, азаттыгын жана кыргыз хандыгын түзүүгө аракеттенген инсан. Кыргыз эли Болот ханды «кыргыз элинин ханы» деп эсептешкен. Ошондуктан, ал кыргыздардын азаттык күрөшүн улантуу максатында Коккондо кайрадан кыргыз хандыгын, бийлигин, мамлекетүүлүгүн бекемдегенге аракеттенген. Андан ары кыргыздар сарттардын башына түшкөн балее болду деп баяндайт маалымат булактары [24]. *Полот хандын көтөрүлүшү туралуу өзбек тарыхчысы Н. Топилдиев:* [193, 18-20-б]

*«Шу ийли мулло Исакхон Хасанбой деген бир «сохта хон» кузголони бошланган. Уши киргизлар «Пулотхон» номи билан хон килиб кутариб Худоёрхонга карши чикканлар», - деп жазган.* Н. Топилдиев туура эмес маалымат жазган, биринчиден сох кыргыздары Исхакты хан шайлаган эмес, экинчиден болгону, ал өзү охналык кыргыздардын бостон уруусунан, үчүнчүдөн Исхакты Аксылык кыргыздар хан шайлашкан. Алгачкы азаттык күрөштөр Аксыда жана Эки-Суу арасында башталган. Ал эми З. Максым жазган эмгекте [127, 238-239-б.]: адегенде З. Максым "Кыргыз-кыпчак биригип, Полоткан деген бир жетим баланы хан көтөрүштү" - деп жазат, андан кийин "Кыргыздар Полот хан дегенди хан көтөрүшүп, анан бийлик кыргыздарга өттү ",- деп жазат. З. Максым Полоткан туралуу эки жерде эки башка пикирди айтууда, демек, биринчиси Исхак Асан уулу болушу ыктымал, ал эми экинчиси Полоткан-Полотбек Токтогул уулу болушу мүмкүн. Полоткан Ташкент алдындагы салгылашууга да катышканын Т. Бейсембиев [55,128-б] Пулат кыргыз тууралуу жазат.

Кыргыз эли ар дайым хандыктын башына оор иш түшкөндө, кокон ордосун, кыргыздын хандыгы катары сырткы душмандардан коргоп келген. Ал эми хандыкта күндөн-күнгө абал курчуганын билгендер, Исхак Болот хандын дарга асылганын билишкендиктен, кайрадан ошол эле ысым менен 1875-жылдын 17-сентябрында Анжыяндын Ботокара деген жеринде Полотбекти (Полот бек Токтогул уулу) хандыкка көтөрдү [24], ал эми бул туралуу өзбек тарыхчылары «*Кузголонъчилар Пулот хон номи билан юрган Исхак муллани Бутакора кишлагида хан деб эйлон киладилар»* [216, 83-б] - деп жазат Р. Шамсудинов, Ш. Каримов, У. Убайдуллаев сыяктуу өзбек тарыхчылары.

Ал эми кыргыз элинин салтында ханды кайра-кайра шайлабайт, эгерде хан тактысынан баш тартса же кайтыш болсо же качып кетсе гана хан шайланат. Демек, Ботокарада шайланган Исхак Асан бий уулу эмес - Полотбек Токтогул уулу төөлөс уруусунан болуп эсептелет, бул туралуу Нурбек Жолдошов [141, 76-б] эмгегинде жазат. Ошондон улам, хан Полотбек чыныгы көтөрүлүштүн жетекчиси катары күрөштү уланта баштаган, себеби ал ордодо негизги аскер башчы катары кызмат кылган, тажрыйбасы мыкты болгон, ал өз атынан акча

чыгарган. Полот хан туралуу З. Максым жазган эмгекте [127, 220-б]: “Малабекти хан көтөргөндө кийиздин бир жеринен Полот кыргыз кармады, - деп жазат.

Ал эми элди башкаруу үчүн жана хандык орунга баруу үчүн да ордонун оюнун мыкты билген инсандар гана хан болууга татыктуу болуп саналат. Ошондуктан Полот хан ордодо жана согуш таласында да тапталып калган инсан эле, ошол себептен ал бийликти алууга даяр болуп тапталып калган, ал кырдаалда туура кабыл алып хан болууга макулдук бергендиктен, кыргыздар экинчи ирет коконго хан шайлашкан.

Полот бек Токтогул уулу 1875-жылы Ботокарада хан шайланган. Ал тууралуу тарыхый булакка баам салсак, “Полот хан шаан-шөкөттүү болду. Кыргыздар сарттардын башына келген балээ болду”, - деп эскерет З. Максым [127, 239-б.]. *Ал чыгарган тенгелер салмагы 2,71-2,88 грамм күмүштөн болуп, араб арибинде «Сейид Мухаммед Фулад хан гази, 1292», артында «Латиф Кокондо жасалган»*[117, 4, 26, 39-б] , - деген жазуулары бар.

Ошентип, ал акча-тыйын реформасын жүргүзгөн, анын акча реформасын ишке ашыруусу кокон кыргыз хандыгынын, мамлекеттүүлүгүнүн дагы бир формасы болуп эсептелинген. Ошондуктан, ал кыргыз элинин колдоосуна ээ болуп, сентябрдын орто чендеринде, анын жактоочулары 60-80 миңге өсүп чыкты. Полот хандын ордосу катары Асаке - Атаке шаары аталды, ошондой эле хан Полотбек мамлекеттик иштерге жигердүү киришти, бардык мыкты аскер жетекчилерине бийлик бутактарынан, кыргыздарга орун берди. Өз кезегинде А.Серебрянников [184, 62-б.]. “Полот хан кыргыздардын кызыкчылыгын коргогон”,- деп айткан.

Ал эми жогорудагы маалыматтарга таянып, Полот ханды кыргыз мамлекетинин башчысы жана таянычы болгон деп айта алабыз. Аны колдогон Курманжандын уулдары Асанбек менен Мамытбек, адыгине бийи Оморбек датка, Кийикбай паңсат ар түрдүү согуштук-адмнистративдик кызматтарга коюлду [184, 62-63-б.]. Полот хандын «көөкөр мөөрү» да болгон, ал бардык мамлекеттик кызматтарга негизинен кыргыздарды койгон, хан Полотбектин

бийлигин элдик ырда*: “Эр Манастай сүрү бар / Ардактап муну билип ал / Үч жылдан бери тайгыбай / Кармашып келди кыргыздар / Кудаяр ханды тактыдан / Кубалап салдың ишиң ак! / Каптаган орус капырдын / Жолун тостуң Молдо Ысак / кыргызым, Ыйык куран / исламды Коргоп чыктың / жолуң-ак! Кокондо – кыргыз хандыгын”,* - деп элден жазып алган Ш. Абдраманов [36,225-б.]. *Мында* негизинен 1875-жылдардагы окуя туралуу баяндалууда, ар бир тарыхый инсанды, байыркы бабаларынын эрдиги, шердиги шыктандыргандай эле, хан Полотбекти Эр Манаска салыштырган.

Ушуну менен катар ырда кыргыздар башка кошуна элдерди кошуп алып, азаттыкка умтулуп, үч жылдан бери кыргыздар Кокон хандыгын сактоо максатында, 1873-1875-жылдан бери тынымсыз күрөшкөнүн ырда баяндоодо. Андан ары карай кыргыздар эркиндикти, салттык ислам динин сактоо максатында жана орус оторчуларынан коргонуу үчүн, азаттыкка умтулуусун улантканын ырда кабарлайт.

Бул учурда «Русский Туркестандагы» маалыматта Полот хандын 60-80 миң аскери болгон[112, 236-б],-деп айтылат анын ичинен 18 миңге жакын атчан аскери негизинен тоолук кыргыздардан түзүлгөн, көтөрүлүштүн курамын да кыргыздар түзгөн деген ойду да айтууга туура келет. Полот хандын бийлик жүргүзүү учурунда кырдаалга жараша өлүм жазасына тартуу күчөгөн. Ал эми Н. Корытов [116, 30-32-б.] жазгандай, бычактарын куруна байланган 12 кыргызга дайыма иш табылып турган. Бул жерде айтуучу жагдай, Манас атанын да 12 аскер башчысы болгон. Андан кийин ал хан ордосун Коконго көчүрүүнү максат кылат. Бул учурда Полот хандын кыргыздардан турган 4 миң атчан аскерлери, 9 замбиреги калган. Бирок кара келтек менен куралданган көтөрүлүшчүлөр орус падышасынын тишине чейин куралданган аскерине тең келүү маселеси курч турган. Бирок ошондой коркунучка карабастан, 14-декабрда Полот хан Кокон шаарына кирди. Аны шаардын калкы, Мазанник айылынан ордого чейин килем төшөп салтанаттуу тосуп алды [201, 70-б.]. Элдик ырда [305]*: «Кыргыздын ханы Полот хан / Кокондо элди башкарган / Азаттык деп жар салып / Манастап*

*ураан чакырган*» , - деген ыр саптары кабарлагандай кыргызды бир аймакка биригүүгө, бир мамлекетке бириккенге чакырган жана Полот хандын жетекчилигинде кыргыздар азаттыкка умтулган, анын күрөшү кыргыздардын тарыхый өзүн-өзү аңдоосун жаратканын ырдан байкайбыз. Ошондуктан, ал хандыктын аймагында тартипти жана жазалоону күчөткөн. Анын мындай каардуу аракеттери туралуу Т. Кененсариев: «Катаал шарт жана айыгышкан күрөш Исхакты мындай кадамдарга айласыздан түрткөн», - деп белгилейт [112, 248-б]. Анын катуулугу ушунда өз атасына да үч жолу эскерткен: Менин саясий иштериме кийлигишпе , - деп айтат Полот хан, бирок атасы укпагандыктан аны өлүм жазасына буйруган,- деп жазган өз учурунда тарыхчы К. Үсөнбаев [202, 104-б.]. Биз Полот хандын мамлекеттин тагдырын, жеке мансабынан жогору койгон инсан экендигин жана кыргыз мамлекетин түзүүгө аракеттенген буйруктарынан байкайбыз. Ошол эле учурда ал кыргыз элинин азаттыгын биринчи орунга койгон. Полот хандын ошол учурдагы хандык аты тарыхый булактарда Абу Музафар ва Мансур Амири мусилимин Саид Мухаммад Пулат Гозий [89, 14-20-б.] , - деп жазылган. Полот хан ар дайым жалпы журттун тагдырын ойлогон жана кыргыздан чыккан бий, бектерди элге кызмат кылганга чакырганын, анын жазган буйруктарынан таасын байкоого болот. Анын Сарт даткага жазган буйругунда [89, 20-б.]: «*Сенин жан-жөкөрлөрүндү, өзүңө ала турган шериктериңди, жаштардан болобу же карылардан болобу, ага карабай жөндөмүнө, акылына карап мансап бериш, башчы кылып коюш, аларды тандап алыш сенин эркиңе тапшырылды. Ички-тышкы акыбалды башкарып, аларды жашырбай бизге билдирип туруусуна буйрук кылдык»* , - деп жазылат.

Анын жазган буйруктарынан, биз Полот хандын элди адилет башкарууга үндөгөнүн жана анын мыкты кол башчы, жол башчы экенин жана калкты адат-салт, нарк, акыл-эс менен башкарууга чакырганын баамдайбыз. Ошону менен катар ал Кокон мамлекетин кыргыз элинин эгемендигин түзүү ишин ишке ашырган, анын башкаруу иштерди, чарбалык иштерди жолго салган аракетте-

ринен билебиз, учурда мындай аракети баа жеткис экенин, эл баалап айтып, эскерип келет.

Ошондуктан кыргыздар Полот ханды катуу колдошкон, көтөрүлүшчүлөрдүн духу да, жогору жана бийик көтөрүлгөн. Полот хандын мыкты аскер башчы жана кол башчы экендигин сезген, орус оторчусу айласыздан К. П. Кауфман [190, 394-б.] кыргыздарды, кыпчактарды ооздуктап, Кокон-ду ээлемейинче биз тынч жашай албайбыз деген.

Оторчулар менен болгон кыл чайнашуу кырдаалдарында Полот хан кокон кыргыз мамлекетинин бийлик ээси катары, кашык каны калганча орус оторчуларына, Кокон кыргыз хандыгынын саткындарына каршы күрөшүүнү чечет. Айрым көтөрүлүшчүлөр багынып бергенден кийин, Полот ханды колдогон жана кыргыз элинин эркиндигин ойлогон көтөрүлүшчүлөр Полот хандын аскеринин курамында калган. Чындыгында Полот хандын аскеринде такыр багынууну каалабаган кыргыздар калганын тарыхчы М.А. Терентьев да жазган [190, 394-б.]. Кокон хандыгындагы кыргыздардын азаттык күрөшү тууралуу: «Чынында эле кыргыздар жан аябай салгылашат, алар душмандан качпайт, кашык каны калганча салыгылашат», - деп Тасниби Гариб [78., 274-275-бб] таамай белгилеген. Ушул маалымат кабарлагандай Кокон хандыгы кыргыз элинин мамлекети экендигинин ачык тарыхый фактысы болуп саналат. Биз мындан кыргыз элинин азаттыкка умутулуусун жана этносаясий аракети так байкалып турат. Бул оюбузду ушул учурдагы окуяны изилдеген А.Н. Бернштамдын пикиринде [53, 444-б]: «Кыргыздар өздөрүнүн азаттыгын сактап калуу үчүн, аскердик жана дипломатиялык каражаттар менен аракеттенген», - деп таамай белгилеген. Тарыхый жактан алып караганда, Полот хан баштаган кыргыздар кокон кыргыз мамлекетин жана азаттыгын сактап калуу үчүн бардык күч кубатын жумшаган.

Ошондуктан Полот ханды кыргыздын чыныгы ханы деп эсептешкен жана ал тууралуу элдик ырда төмөнкүдөй айтылат [303]: “*Болот хан өзү ким эле / Кыргызга жанган шам эле / Кыргыздын түзүп хандыгын / Кылымга теңдеш жан эле / Ордого сайып кызыл туу / Оруска салган ызы-чуу / Кыргыз деп дайым чакырган / Бириккин деп”,* - айттырган.

Демек, элдик оозеки ырлар баяндагандай хандык бийлик кыргыз эли үчүн, мамлекеттүүлүктүн бир формасы катары эсептелген. Ырда баяндалгандай эле Полот хан нукура кыргыз мамлекетин түзүүгө аракеттенген, болгондо да орус оторчуларына каршы күрөшкөнүн жана кыргыз деп ураан чакырганын элдик оозеки ырлар менен катар Анжиянда жашаган тажик, өзбек аксакалдары да Кокон кыргыздардын мамлекети деп эсептейт.

Полот ханды «*кыргыздын ханы*» деп эсептелгендигин элдик ырларда так баяндалган. Полот хандын акыркы күчү Үч-Коргондо турганда 27-январдан 28-январга караган түнү Полот хандын аскерлерине орус күчтөрү кол салат. Орус аскеринин жетекчиси Меллер Закомельский жана А.Н. Куропаткин бул согушта Момундун байрагын, 5 замбиректи, 100 милтелүү мылтыкты Искактын жеке буюмдарын жана 20 кой, 100 төө колго түшүрүшкөн. Полот хан-Искак оор жоготууга учурады, ал бутунун жаратынан кыйналды, тоодогу үңкүрлөрдө баш калкалаган.

Биздеги маалыматка караганда, чынында Кара-Суу шаарынын тоо тарабында «*Полот хандын үңкүрү», Кызыл-Суу деген жеринде жайгашкан* [214, 70-71-б.] *жана элдик маалыматтарда Кадам-Жайдын Чаба-Сай деген жеринде да үңкүрү бар”*, - деген көз караш бар. Полот хан орус бийлиги менен сүйлөшүүнү көздөп 18 элчини жөнөткөн, бирок орус бийлиги аларды камакка алган [201, 105-б.]. Полот хан 1875-жылы колго түшкөн орустарга кас мамиле жасаган эмес, ал колго түшкөн орус солдатына ишеним көрсөтүп, 1875-жылы көтөрүлүшчүлөрдүн бир отрядын жетектөөгө тапшырма бергени маалыматтарда айтылат [201, 105-б.]. Полот хандын ошол учурдагы абалын Нурмолдонун ырында [239, 43-б.]: “*Батмандап алдык жазаны / «Пай-пайлап» тарттык азаны / Полот ханды колдобой / Башынан чырпай пашаны*”, - деген армандуу ыр саптары айтылат. Жалпы кыргыз эли “Полот хандай баатырыбызды колдой албадык, анын азабын эми тартып жатабыз”, - деп акын отор доору орногондо аргасыздан ырдаган экен. Кыргыз элинин акыркы ханы Полот ханды Мырзакул жана Оштук Бекжан аттуу чыккынчылар 30 кишилик топ менен М.Д. Скоболевди коштоп барып, 19 - февралда кармашкан.

Ал эми Т. Эргешовдун жазган маалыматында Эшимбек баатыр орус бийлигине кабарлаган деп айтылат. Ошондой эле өзбек тарыхчысы Н. Топилдиев [192, 15-б] Полот ханды колго түшүрүүдө Орозбай Худаёрхон жана Ашымберди Камбаровду орус оторчулары алтын тыйынга сатып алып, пайдаланганын жазган, ал эми элдик ырда Эшимбек дегендин ысым айтылат. Ашымбердинин аты Эшимберди болуп эл арасында айтылып калышы толук мыйзамдуу, ошондон улам элдик ырда Ашымбердини - Эшимбек деп ырда кабарланууда, ал эми айтуучунун маалыматында: «Эшимбек мүмкүн билет», - деген сөзү Коконго дароо жетип, оторчулар аскер тобун жөнөтүп, куралданган «Чапкыла Кызыл-Суунун элин!», - деп буйрук беришти. Эшимбек Полот ханга кеңеш айтат: «Качыңыз жер оодарып башка жакка». Полот хан качпайм деп баш тартат. Полот хан: «Анда кимге убалы? Орустар эртең элди кырып салса? Мен элге, досторума ыраазымын, Элим тынч калсын баатыр Эшимбегим! Эртеге өзүм барып колго түшөм, Эл үчүн мен ушундай чечимге келдим», - деп айтканын элдик чыгармалар ырастайт. Ошондой эле ал «Алайга жашырына албайм, *Мен анте албайм, колго өзүм түшүп берейин, силерге, жалпы калкка, досум Абдылдабекке ыраазымын!»* , - дейт.

Демек, өзбек тарыхчысы Н.Топилдиев Полот ханды кармоого катышкан чыккынчылар Орозбай Худаёрхон жана Ашымберди Камбаров деп так кабарлайт, ал эми элдик маалыматта кыргыз тилинде Эшимберди деп гана учкай кабарлайт. Ошентип, хан Полотбек-Токтогул уулу чыккынчылар оторчуларга кабарлап койгон соң, ал өз ыктыяры менен орус оторчуларына колго түшөт. 1876-жылы 29-февралда орус баскынчыларынын буйругу чыгып, ханга угузулду, андан соң аны орус оторчулары 1-мартта 1876-жылы Маргалаңдын чоң базарында дарга асышты. Бул туралуу акын А. Калбаевдин Айымбү энесинен уккан, Полот хан туралуу ырында [299]: *«Хан таажысын кийгеним / Элим деп, элим сүйгөнүм / Эр азамат жигитке / Кол баштатып жүргөнүм / Кыргыз, казак калкыма, көлөкөсү тийгеним / Хан Манастын тукуму»*, - деген ыр саптарына караганда Полот хан кыргыздын гана эмес, кыргыз менен казактын ханы болуу аракети болгонун, ата-бабадан калган адат

менен салтты бекем кармоо зарылдыгын, эгемен мамлекетти түзүү идеясын ырда кабарлайт.

Демек, кыргыздар саясый жактан өз алдынчалуулукка умтулганын, элдин тарыхый эс тутуму айкын баяндоодо. Чындыгында Полот хан «эр жүрөк адам», – деп жазат И. Юшкова [283, 5-б.]. Ага туулган жер кымбат экенин, өзүн өлүмгө кыйып жатып, ата журтун, мекенин генерал Скобелевдин тукум курут кылуучу «кышкы экспедициясынан» элди сактоо менен далилдейт.

Ал эми Б. Жамгерчинов [84, 338-б.] 1875-1876-жылдардагы көтөрүлүштү жалпы элдик жана боштондук күрөшү деп белгилеген тарыхчы илимпоз катарында. Полот хан аз убакыт болсо да, кокон кыргыз мамлекетин түзүүгө аракеттенген. Орус оторчулары кыргыздын акыркы ханы Полот хан - Полотбек Токтогул уулун дарга асуусу жана Анжиян, Алай, Аксы аймактарындагы кыргыздарды куралдуу каратып алуусу, падышалык бийликтин баскынчыл, оторчул саясаты экендигин элдик ырлар жана тарыхый булактар да тастыктайт.

Ошондуктан, эл ичинде Полот хан туралуу ырлар, «Полот хан» деген уламыш, кошоктор жана эл арасында «Кыргыздын акыркы ханы Полот хан !», «Полот хан кыргыз ханы !», «Полот хандай болот бол!» , - деген сөз айтылып калган. Ушуга байланыштуу Кыргыз элинин залкар комузчусу, кыргыз элине таанымал «күү атасы Ниязалы Борош уулу, Полот ханга арнап «Кайран Полот хан» [140,122-128-б.], - деген күү чыгарган. Ошентип, падышалык бийлик тарабынан кыргыздардын элин, кыргыздын Кокон хандыгын ачыктан ачык басып алуу аракети, ишке ашкан. Кыргыздын ханы дарга асылгандан кийин да, кыргыз элинин азаттыкка умтулуусу токтогон эмес.

Алайлык кыргыздардын азаттык күрөшү. Полот хан дарга асылгандан кийин, Абдылдабек Полот хандын жолун улап, азаттыкка умтулган кыргыз көтөрүлүшчүлөрүн жетектей баштайт. Ал эми Алымбек датканын уулу Абдылдабек өз учурунда Кудаяр хандан датка наамын алган [40,7-б.]. Атасынан мураска калган Ош шаарындагы Ак медресеси туралуу маалыматта*: «... благородные улемы, и шейхисламы, и (все лица)... чубаризат-пансат Абдуллабек-датка купил на берегу сая вилайета Оша многочисленные лавки с пригодной*

*для застройки землей,… …В месяц раджабе почитаемом года 1292 (1875 г.). Однако, документ скреплен малой печатью Худояр-хана с датой 1279 г.х. (1865 г.)"* - деп баяндалат. Ал эми Абдылдабек датканын азаттыкка умтулуусу Алай тоолорунда улантылат. Аларды каратып алууну көздөгөн орус оторчулары тарабынан куралдуу 400 орус-казак отрядын түзүшөт. Анын башында генерал М.Д. Скобелев турган, топтун 300 аскерин Гүлчөгө калтырып, ал жерге чыңдоо кура берүүнү буйрук кылат. Бул мезгилде Абдылдабектин 1500дөй жоокери бар болгонун тарыхчы - окумуштуу Б. Жумабаев баса белгилейт [Ала Тоо. 1990, №10., 82-84].

Ошол учурда М.Д. Скобелев Маргалаңдан Ошко ири бөлүктөрдү жөнөттү. Алгач Гүлчөгө Штакельбергдин отрядын жөнөтүп, 22-апрелде өзү да Гүлчө чыңдоосуна келип калды [112, 284-б.]. Генерал М.Д. Скобелев баш ийбеген толук кыргыздарды биротоло талкалоону чечип, ири аскер күчүн даярдаган. Анын курамында 120 кишиден турган аткычтар ротасы, 30 кишилик Борисовдун саперлору турган. 129 кишиден турган аткычтар дивизиону, бир ракеталык взвод, 130 кишилик казак-орус жүздүгү, М.Д. Скобелевдин өзүнүн конвою, баары биригип 442 киши болгон. Отряд 24-апрелде Гүлчөдөн өйдө жактагы Жаңырык капчыгайын көздөй бет алды [112, 284-б.], - деп жазылат маалымат булактарында. Ал эми элдик ырларда ал окуя туралуу *[300]: Оторчу турду шайма шай / Орокчу турду жайма жай / Өмүрбек датка баш болду / Абдылдабек каш болду / Колдорунда таш болду,* - деп баяндалат элдик ыр саптарда. Бирок орус падышасынын бийлигине каршы туруууда, кол башчы Абдылдабектин кошуунунда эч кандай замбирек, алыска атар мылтык жок эле. Түтөтмө мылтык да сейрек болуп, жигиттер негизинен кылыч, айбалта, найза чокмор менен гана куралданышканын жана устат катары Өмүрбек датка болгонун элдик ыр саптары так кабарлайт.

Ошентип, Бүлөөлү кыштагынын жанындагы Жаңырык аттуу тар капчыгайында Абдылдабек, Сулайман удайчы, Өмүрбек датка, Бекжан (ал апрелдин башында Абдылдабектин колуна түшүп, көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кеткен эле), Таныкул-Берди паңсат, Валихан төрө баштаган 1,5 миң чамалуу кыргыз

көтөрүлүшчүлөрү таштан үч айланта коргонуучу чеп куруп, түп жагына лагерин жайгаштырган. Кырдаалдын оорлоп жатканын билген Курманжан датка, кандай гана болбосун орус бийлигине баш ийбей кыргыздардын эркиндигин сактап калууну чечкен [112, 284-б.].

Мындай оор кырдаалдагы аскердик даярдык, падышалык бийлик үчүн Жаңырык капчыгайында коргонуп жаткан, Абдылдабектин кошуунун талкалоо оторчуларга кыйынга турган. Оторчулардын мындай аракеттери  отор бийлигин бекемдөөдө абдан мааниге ээ болгон. Ошондуктан оторчулардын кол башчысы М.Д. Скобелев кармашты өтө тыкандык менен уюштурду, - деп жазган Т. Кененсариев [112, 285-б].

Анткени кокон хандыгы кыргыздардын хандыгы экендигин этибарга албаган орус бийлиги кыргыздарды курал менен багынтууга киришкен. Ал эми кыргыздар кокон кыргыз хандыгын сактап калуу максатын көздөшкөн, ошол себептен кыргыздар оторчуларга каршы бекем турган. Кыргыздардын жашынып жаткан жерин чыккынчы Ыманкул аттуу жигит капитан М.Е. Ионовго айтып берген [227, 172-184-б.]. Чыккынчы жөнүндө элдик маалыматтарда Мамадемин деп айтылат. Элдик ырларда [104, 35-б.]: *Кокуй кылып таштады / Кочкорчу жолду баштады / Мамадемин көк өтүк / Казаны сынып күл болсун! / Катыны ыйлап тул болсун! / Босого бойлоп уул өлсүн! / Бойго жеткен кызы өлсүн! / Бул кайсы көрдөн жол тапты / Бууну жик-жик бөлүнсүн,* – деп айтылат.

Элдик маалыматтарда айтылган Кочкорчу Мамадемин - бул тарыхый булактарда айтылган Ыманкул аттуу чыккынчы болуп саналат. Эл анын чыккынчы экендигин билген, элдик малыматтарда элди, жерди саткандыгы үчүн ага карата наалат, каргыш айтканын элдик ыр таасын кабарлоодо. Ыманкул чыккынчы, кийин орустардын коштоосу менен Чүй тарапка көчүрүлүп кеткенин элдик маалыматтар да ырастайт.

Ошентип, оторчулардын жазалоочу аскерлери Гүлчөдөн 8 чакырым жерден түндүккө карай бөлүнүп кеткен, Тамгатерек капчыгайы аркылуу Буудайлык суусун, Сасыкбел ашуусу менен Сопу-Коргонго жетпей кыргыздардын тылы-

нан чыгышат. Андан кийин Бүлөөлү капчыгайынын башынан түшүп, качкандардын алдын тороону пландаштырат. Бул кошуун 24үнөн 25-апрелге караган түнү башталат. Кармаш 200 метрдей аралык калганда башталды. Ушул кармаш жөнүндө төмөндөгүдөй ыр саптары жазылып калган [104., 36-б]: *Эрте менен саарда / Үч жүз солдат көрүндү / Тил билбеген каапырдын / Огу чыкты бызылдап / Ону көрүп беглерим Сары баштуу каапырдан / Ыктай бердиң Алайга / Ортобузда Кызыларт / Ашып кеттиң жан бегим* .

Элдик ырларда орус-казактарынан үч жүз солдат кармашка катышканы туралуу баяндалат. Тарыхчы Б. Жумабаев орустун 390 аскери катышканын жазат. Ал эми тарыхый булактарда 442 солдат катышканы тууралуу маалымдалат [190, 413-б.]. Негизи элдик маалымат да бир аз гана ката кетирген, бир аз айырмачылык менен так маалыматты айтып, окуяны так баяндайт. Алайлык арстан кыргыздар «кара келтек» менен кыргыз жерин коргоого алышкан.

Алардын азаттыкка умтулуусу жана жерди коргоого жасаган акыркы аракеттери болгон. Бирок Алай кыргыздары бир нече саат кармаштан кийин, оторчулардын мөндүрдөй жааган огуна туруштук бералбай калган. Аргасыздан кыргыз кошууну чегинүүгө тура келген. Айласы кеткен кыргыздар, Курманжан датка баштаган улгайган топ чегинип, тоо таянып, алдыга кетет.

Аларды коргоого алып, Абдылдабек Алай тоолорунун бийик жайлоолоруна карай качты. Ушул окуядан кийин качкын кыргыздар жөнүндө О. Сыдыков [243, 117-118-б.]: Алымбектин балдары / Таштап кетти карабай, / Аша качты Алайды / Мал-мүлк, катын баланы / Анда өлдү барганы / Кайта келди калганы, - деп ырдаган маалыматка караганда, Абдылдабектин аскери падышанын аскеринен женилгенден кийин туш тарапка кача баштаганын, айрымдары элге кайра кошулганын кабарлайт.

Абдылдабек чет элдик аскерлер менен кабарлашууга аракет жасаган, бирок ал аракетинен майнап чыккан эмес, ал туралуу Молдо Ныяздын ырларында: [237,59-б]. *Франк менен Ооганын / Басып келбейт Алайга / Наамы келет, өзү жок,* - деген ыр саптарына караганда Абдылдабектин кошуунуна франктар, оогандыктар, жардам берген деген маалыматтардын да чындыгы бар. Себеби

алардын агенттери менен сүйлөшүүлөр гана болгон, бирок алар тараптан эч кандай жардам болгон эмес деп Молдо Ныяз туура айтып жатат. Кайсы бир деңгээлде сүйлөшүүлөр болсо да, ал эч качан иш жүзүнө ашмак эмес, жолдун алыстыгы, орус күчтөрүнүн чек арада жайгашуусу тоскоолдук кылган.

Ал эми азатттык үчүн кармашта Алай кыргыздары 150дөй эр азаматынан ажырады, 3-4 киши гана туткунга түштү, 8 фальконет, 80 мылтык, 3 байрак орус баскынчыларынын колуна түштү. Генерал М.Д. Скобелевдин отрядынан 24 киши өлдү жана жарадар болду.

Натыйжада Алай кыргыздарын, падышалык бийлик толук баш ийдирүүнү ишке ашырууну көздөп, генерал М.Д. Скобелев Ошто атайын «Алай илимий-согуштук экспедициясын» даярдады. Ошентип, 1876-жылдын 22-июлунда экспедицияны баштоого буйрук берилди. Экспедицияны баштоого К.П. Кауфман 26-июлда буйрук чыгарды [112, 295-б.]. Кошуундун курамында Шабдан Жантай уулу, нөкөрү Баяке, экинчи иниси Байбосун баштаган 40тан ашуун жигиттери катышкан.

Ошол эле учурда Абдылдабектин жазган катты, 26-июлда Сопу-Коргон деген жерде М.Д.Скобелевге иниси Асанбек алып келип берди. Ал катта [104, 15-б.]: *«Жогорку себептер менен биз эми кашык каныбыз калганча силерге каршы күрөшө беребиз. Биз көчмөнбүз, ошондуктан бизге эч кандай мүлктүн кереги жок, Кудайдын берген даамына жана тузуна ыраазыбыз»,* – деп жазылган катта.

Абдылдабектин жазган катынын мазмунуна караганда, ал элдин жана жердин азаттыгын бийик кармаган инсан экенин байкоого болот. Ошондой эле катта бир гана Шабданга гана ишенээрин айтышкан. Майор М.Е. Ионов 29-июлда өз отряды менен Кашкардан кайтып Ооганстанга өтүп бара жаткан Курманжан датканын көчүн кууп жетип, датка айымды колго түшүрдү.

Курманжан Датка каршылык көрсөтпөдү, кичүү уулу Камчыбекти жана небереси Мырзапаязды алып, ал Чоң-Алайдан оторчу М.Д. Скобелевге келди. Курманжан датканыйымды М.Д. Скобелев чоң ызаат менен тосуп алып, сый көрсөттү жана ага орус бийлиги мурдагыдай эле сый көрсөтүшөрүн, ата кону-

шуна келүүгө жана балдарын, элди орус бийлигине кабыл алып, аларга көмөктөшөөрүн да сунуштайт.

Бирок, Алай кыргыздары күрөштү 1876-жылдын акырына чейин жүргүзгөн. Ошентип, кыргыздар орус оторчуларына баатырларча күрөшүп, аргасыздан гана баш ийген, ал туралуу А. Вамбери [61, 294-б] «Кыргыздар түпкүлүгүнөн согушкер эл, аларды оторлоштуруу өтө кыйынга турат, айрыкча Орусия үчүн көп эмгек кылууга тура келет», - деп өз учурунда таамай белгилеген. Чындыгында кыргыз эли оторчуларга каршы акыр аягына дейре турушту, анын бир далили катары Алайлык кыргыздардын ганамес «кыргыз элинин азаттыгын» бийик кармаган «азаттыктын арстаны» айласыздан оторчулардын бийлигине баш ийгенин Абдылдабек жана иниси Мамытбек Сох өрөөнүндөгү салгылашууда далилдеди, чоң жоготууга учурады, бирок куралын таштаган жок, Витгенштейин баштаган орус падышалык бийлиги жеңишке жетишти. Ошол учурдагы окуя жөнүндө [104, 36-б.]: *Ортобузда Акбайтал / Аша бердиң жан бегим / Аксуу менен Мургабы / Баса бердиң жан бегим / Гойтезектин белини / Көрүп кеттиң жан бегим / Барып калдың Кундузга / Тил билбеген чүрчүткө / Барып калдың Бүрчүткө / Үртүк салдың Сабылга / Барып калдың Кабылга,* – деп ыр тастыктайт.

Ооба бул салгылаштан соң Абдылдабек иниси Мамытбекти кошуп, Ооганстан тарапка айласыздан өтүп кеткенин Б. Жамгырчинов да баяндайт [87, 399-б.]. Ал жактагы анын абалын элдик маалымат баяндагандай [104, 36-37-б.]: *Амирдин зору Шералы / Бул кайсы жердин беги деп / Муну кандай зайып тууган деп / Каерден келген пааша деп / Маяна берди миң тилла,* – дейт.

Ошентип, Абдылдабеккке Кабулдун ханы сый көрсөтүп, миң тилла маяна берген экен. Меккеге барам деп турганда, ооруп калып, оорудан кайтыш болот. Анын сөөгүн иниси Мамытбек балга ороп, Алайга алып келгендигин элдик санжыра баяндайт. Натыйжада Алайлык кыргыздар эркиндиктин туусун бийик кармап, аргасыздан орус бийлигине багынып, ал эми Мадыдагы жолугушууда Курманжан датка Алайлык кыргыздардын көтөрүлүшүн тынчытууга макулдугун берди. Бул тууралуу орус падышасына К.П. Кауфман [50, 108-б.] 1877-

жылдын январь айында Петербургга Кокон хандыгынын бардык чөлкөмдөрүндөгү «толук жеңиш» менен аяктагандыгын билдирип, телеграмма жиберди. Тайманбас кокон кыргыз хандыгынын акыркы таянычы болгон, Алай кыргыздарын, орус оторчулары куралдын күчү менен гана баш ийдирди.

Бул турасында И. Ювачев [227, 968-б ]: «Кара кыргыздардын өз алдынчалуулук үчүн күрөшү жеңилүү менен аяктаган»,- деп жазган маалыматка караганда кыргыздар азаттык үчүн оторчуларга каршы күрөшкөнүн ачык тарыхый жактан ачык жазганын чындык катары кабыл алуу абзел.

Ал эми эр азаматтар кыргыз жерин, элин сүйгөн, элдин эркиндигин туу туткан, кыргыз элинин чыныгы патриоту экендигин Абдылдабек көрсөтө алды. Бул оюн аскер адамы катары кийин А.Н. Куропаткин [120, 119-б.] 1873-1876-жылдардагы кыргыздардын азаттык күрөшү туралуу: «Жергиликтүү деспоттук хандын каршылыгына караганда, биз биринчи ирет узакка созулган энергиялуу жоокер элдин каршылыгына туш келгенибизди сездик, эл менен күрөшүү абдан татаал болду», - деп кыргыздардын азаттык күрөшүнө так жана таамай баа берген.

Ойлорубузду жыйынтыктасак, кыргыз эли отор бийлигине каршы өз алдынча азаттык үчүн күрөшкөндөр Ормон хан, Үмөталы, Чаргын, Балбай жана Осмондор болушкан, ал эми кыргыз элинин азаттык азаттыкка умтулуусунун биринчи этабы 1860-68-жылдары башталып, алар азаттыкка умтулушканын элдик жана тарыхый маалыматтар да тастыктады.

Ал эми азаттыкка умутулунун экинчи этабы 1873-1876-жылдарды өз ичине камтыды. Бул аралыкта Анжиандык, Алайлык, Аксылык кыргыздар Кудаярдын бийлигин кулатууну жана кокон кыргыз хандыгында чыныгы, адилет хандыкты, мамлекетти түзүүнү көздөгөн жана оторчулардын басып алуу саясатына каршы турганын элдик оозеки ырлар жана тарыхый булактар да ырастады.

Ошентип, азаттык күрөштүн башында эки Полот хан болгон- биринчиси Аксыда хан шайланган Исхак Асан бий уулу-Кокон шаарында хан тарабынан дарга асылган, экинчиси Ботокарада хан шайланган-Полот бек Токтогул уулу

жана Момун Шамурзак уулу, Мамыр Мерген жана Абдылдабек датка сыяктуу инсандар кыргыз элинин азаттыгы, мамлекеттүүлүгү үчүн күрөшүп, эл башында турган инсандар болгонун элдик маалыматтар да ырастады.

Жыйынтыгында, Кыргыз эли азаттык үчүн каада-салтына, тарыхый мүнөзүнө жараша эркиндигин сактоо максатында, биринчиден кыргыз эли идентүүлүгүн сактоо максатын көздөгөн, ошондуктан 1855-1868-жылдарда аракеттеништи, экинчиден 1873-1876-жылдар азаттыкка умтулуунун курч учуру болду жана экинчи ирет азаттыгын, хандыктагы этносаясий ролун коргоо үчүн күрөштү. Ал эми Алайлык эр азаматтар, падышанын бийлигине аргасыздан идентүүлүктү сактоо максатында, аргасыздан баш ийгенин элдик оозеки чыгармалар да тарыхый маалыматтар да ар тараптуу далилдей алгандыгын белгилейбиз.

### 3.2. Орусия падышачылыгынын жергиликтүү элге карата жүргүзгөн отордук саясаты элдик оозеки чыгармаларда жана тарыхый-этнографиялык булактарда баяндалышы

Келгиндердин отурукташуусу жана экономикасы: Империялык орусияга караганда кыргыз элинин жашоосу феодалдык абалда болгон, ал эми падышалык Орусиянын экономикасы жогору турганын, элдик ырда [94, 187-б.]: *Он тогузунчу кылымда / Орусия жеринде / Биринчиси чийки зат / Орто-Азия жеринде / товарлары орустун / Арзан жана көп болгон,* - деп айтылат. Ырда айтылгандай, Орусиянын өнөр жайы XIX кылымдын 50-жылдарында капиталисттик агымга жаңыдан кадам таштаган, алар бизге орус товарларын алып келген болсо, бизден пахта, терилерди алып кетип турган. Россия падышалыгы кыргыз жериндеги чийки заттарга кызыккан, ал мезгилде орус соода сатыгы 40 пайызга жогорулаган [150, 7-б.]. Экономист Неболсондун маалыматында, «Азиаттык Түркияда орус товарлары европалык товарлар менен ат салышууда» [205,37-38-б.], - деп айтылган, чамасы кыргыз аймактарына орус товарларын көбүрөөк алып келүүнү пландаган. Бул маселе туралуу экономист Ф.Г. Тернердин айтуусунда: «1853-56-жылдардын аралыгында орус товарлары батышта азаюуда, ал эми чыгышта өсүүдө. Батышка темир ташуу өтө кыскарган, ал эми чыгышта көбөйгөн» [65, 25-26-б.], - деп жазган. Эгерде биздин капиталисттер Ташкентке, Ферганага кагаз чыгаруучу жана кездеме чыгаруучу ишканаларды курса Орусияга көп пайда алып келет эле [97, 287-288-бб], - деп эскерген. Ошондуктан Орусия

падышалыгы кыргыз жеринде экономикалык да, саясый да кызыкчылыкты ишке ашырууга ашыккан.

Кыргыз жерин жана элин басып алууда оторчулар элдин каршылыктарына туш келген. Басып алган аймактарында, оторчулар орус келгиндерин алып келип, отурукташтырууну ишке ашыра баштаган. Бул сыяктуу кабарды падышалык бийликтин бири 1905-жылдагы Жети-Суу аймагынын генерал-губернатору Ионов Ак падышага жазган билдирүүлөрүндө: «кыргыздын жерлерин мүмкүн болушунча *ээлей берүүнү* суранат». Анын ойлорун колдоп, падыша Николай биринчи «аймактагы ээликти өтө тырышкандык менен оторлоштура берүүнүн зарылдыгын баса белгилейт» ,-деп жазат А.Вамбери [61, 131-б.].

Орус падышалыгынын кыргыз жериндеги бийлигин: Орус бийлиги кыргыз жерине улам бекем орношкон сайын, кыргыз турмушунда бир топ өзгөрүүлөр боло баштаган. Алгачкы орус келгиндеринин айылы Ысык-Көлдө, Токмокто жана түштүктө Куршабда, Көк-Артта, Аксынын Жерге-Тал айылдарында негизделди. Бул тууралуу Калыгул олуя: *Акыр заман айылы жакын-деген ырында: Каапыр менен аралаш айыл конор / Ошол заман жакын болор,* - деп алдын ала так, таамай, так ырдаган. Ал эми жерлерди оторлоштурулганын Молдо Токторали Талканбай уулунун ырында [303]*: Сордукчу болгон орусуң / Кордукчу болгон болушуң / Арбак урса аларды / Не оңолсун конушуң, - деп* элдик ырда айтылгандай, орус соодагерлеринин кыргыз жерлерине улам келе башташы жаңы экономикалык маанидеги курулуштардын, мануфактуралардын пайда болушуна шарт жаратты.

Натуралдык чарбанын ордуна товардык чарбанын негизделишине багыт берди. XIX-кылымдын экинчи жарымынан башталган экономикадагы чукул өзгөрүүлөр, соода-сатык мамилелеринде малдын сатыкка чыга башташы, кыргыз элинин түшүнүгүндө «*малды сойсо эт, сатса пул, көчсө унаа, бакса байлык*», - деген түшүнүктүн пайда болушуна алып келди.

Калыгул олуя [237, 25-б.] бул өзгөрүүлөрдү мындайча баяндайт: *Үй пул болоор,* - деп айткан. Ошондой эле Арстанбек *Буйлаш уулу ырларында* [136, 38-б.]: *«Бир, эки деп санаган / Тыйын чыгат дечү эле»,* - деген ыр саптары баянда-

гандай орус келгиндеринин келиши менен орус акчасы, тыйыны соода-сатык иштеринде кенен колдонула баштады. Аны менен катар эле орус келгиндеринин келиши менен Ысык-Көлдө кайыктар пайда болгонун акын ырларында [136, 39-б]: «*Эки башы кайкайган / Кайык чыгат дечү эле*», - деп ырдаган. Чындыгында келгиндердин келиши менен 1902-жылы көлдө отун, жыгач, жүн ташыган соодагерлердин чакан парустары Жаргылчакта жана Пржевальскийде негизделген болсо, ал эми Балыкчыда 1910-жылы кайыктар пайда болгонун [98,154-б.] маалымдайт.

Байланыш түйүнү. Арстанбек Буйлаш уулу [135, 38-39-б.] келгиндердин келиши менен байланыш түйүнү пайда болорун мындайча баяндайт: *«Карагайдын башында / Чыны болот дечү эле / Чыны менен жүргүзгөн / Зымы болот дечү эле / Алты айчалык жолдордон / Алты күндө сүйлөшкөн / Бу капырдын сыры болот дечү эле»*, - деп ырдаган ырларында тарыхый чындыктар камтылган. Тарыхый маалыматтарда Орус падышалыгы басып алган аймактары менен орус аймактарын байланыштыруу максатында адегенде, Омск жана Ташкент, Алма-Ата аймактарын байланыштырган телеграфтарды түзгөн. Ал эми кыргыз жеринде байланыштыруучуну, кабар айтуучуну «узун кулак» деп аташкан [98, 155-б.]. Ошондой эле кыргыз элинде кабар айтуучуну [299] «чабарман, узун кулак, жер тыңшаар, кабарчы», - деп айтышкан. Ошентип, 1873-жылы келгин оторчулардын администрациясы тарабынан байланыш түйүнүн түзүү идеясы жактырылган, бирок телеграф түйүнү Пржевальский жана Токмок шаарларын гана байланыштырган, анын жалпы суммасы 35 мин сомду түзгөн, телеграф түйүнү 1900-жылы гана ишке аша баштаганын [98, 157-б.] маалымат булактары ырастайт.

Экономикалык өзгөрүүлөр. Орус келгиндери өздөрүнүн социалдык-экономикалык муктаждыктарын канааттандыруу үчүн, кичинекей кайра иштетүүчү цехтерди курушкан. Бул туралуу акын Калыгул олуя: «*Тегиз жерден тегирмен чыгаар»*, - деп ырдаган тарыхый маалыматтарда келгиндер буудайды кайра иштетүүчү цехтин зарылдыгын билишип, Ат-Башыда 3 тегирмен, 143 соода түйүнүн негиздешип, жалпы суммасы 270 миң рубль жүгүртүлгөн [98, 164-

165-б.], ага чейин деле кыргыздарда суу тегирмендери болгон. Бирок орус келгиндеринин келишин айрым жакыр кыргыздар колдоого алышып, алар менен жакшы мамиледе болушкан. Жарды адамдар акырындык менен соода-сатыкты, мал сатууну өздөштүрүп алышкан. Кедейлердин жашоосу жакшыра баштаган, ошондон улам элдик маалыматтарда: «*Жарды бай болоор*», - деп айтылып калган. Ал эми Арстанбек акын ырларында: «*Бага көр торпок танааны*»,- деп ырдаган. Себеби орус келгиндеринин келиши менен мал кыргыз элинин негизги байлыгы жана товар катары базарда сатууга болорун акын ырлырында баяндайт. Тарыхый маалыматта кыргыз эли 1886-жылы Токмок (Пишпек) уездиндеги мал базардан 751 миң рублдик [98, 172-173-б.] мал сатышкан, соодагерлер малды Орусияга жөнөтүп турушкан. Орус келгиндери тарабынан жылкыны аргындаштыруу колго алынган, мында орус, немец келгиндеринин ролу абдан зор мааниге ээ болгон. Атайын Өзгөндө жылкы базары да болгон. Бул да болсо соода-сатык байланыштын өнүгүшүнө жана элдин турмуш шартынын жакшыруусуна кенен жол ачкан.

Соода байлыныштын өнүгүшү элдин жашоо турмушунун жогорулашына шарт жараткан. Ошондой эле кыргыз элинин кийим кечесинде дагы кескин өзгөрүүлөр пайда болгонун акын Калыгул олуя [235, 26-б.]: *Алка жака салынган кийим чыгаар / Акча кагаз пул болуп тыйын чыгаар / Айылын тоодой аңдыган бирөө чыгаар*, - деп ырында баяндаган. Орус акчасы товар сатып алууда негизги эквивалент катары колдонулган. Ошол эле учурда соодада кыргыздар акча бирдиги катары «жамбы» күмүштөн куюлган, «бөйрөк жамбы, кара кулак жамбы» деген аталыштагы күмүштү соода ишинде колдонушканын Ч. Турдалиева [194, 185-б.] жазат. Алар экономикалык жактан гана эмес, саясий түзүмү жагынан да кыйла жогорку деңгээлде турган. Оторчулардын жүргүзгөн иштери мыйзамдарына негизделгенин Молдо Кылычтын [238, 60-б] төмөндөгү ыр саптары баяндайт: *Орустун пейли кең экен / Каапырлыгы тийбесе / Ынсап салган неме экен / Адамга жоктур залалы / Каапыр да болсо аяган / Бул замана тарыды / Жардынын көңүлүн караган / Каршылык кылбай диниңе / Ишенип калат сөзүнө.*

Мына ушул ыр саптарында акын оторчулардын бийлигине обьективдүү баалаганына макул болбой коюуга болбойт. Алардын дини христиан жана бөтөн тилде сүйлөсө да жакшы адамдары бар экенин, жардыларга да көмөк көрсөткөнүн, элге бирдей мамиле жасаганын баяндаган. Ошондой эле кыргыз элинин арасында уруулук араздашуулар токтоп, эл тынч жашай баштаган.

Ошол эле учурда орус оторчуларынын дыйканчылыкка ыңгайлуу жерлерди тартып алганы эле болбосо, жергиликтүү элге мыйзам ченеминде мамиле жасоого аракет жасаганын жана уруулук чабыштар токтоп калганын Молдо Кылыч ырларында баса белгилейт. Бул ойлорубузду В.В. Радловдун 1869-жылы кыргыз жерине келип, сарыбагыштар менен солтолор орустарга баш ийгенине 5 жыл болгондо барып, ал жерден бейпилдикти байкаганына макул болууга тура келет. Ушундай эле көз карашты А. Көчкүнов: [118, 32-б.] «Жаңы колониалдык административдик саясат уруулук чабыштарды, барымтага мал алуу тыкыр токтотулуп, кыргыз элинин жашоосунда жагымдуу шарттар жаралган», - деп жазат. Оточулук доорунда уруулук карама-каршылыктар негизинен токтогон. Бирок орус келгиндери ыңгайы келгенде кыргыздарды уруу-уруу кылып чабыштырып турган. Айрыкча кыргыздын баш көтөргөн тың уулдарынын көзүн тазалап турганын элдик айтымдар да ырастайт. Ошол эле учурда орус келгиндери кыргыз айылдарына коргоочусу жок эле бара алган, кыргыздардан душмандык мамилени туйган эмес.

Ушуга удаа эле «Кыргыздар орус башкаруучулугуна тез көнгөн, ар бир уруу мурдагы жерлерин сактап калышкан», - деп жазат В.В. Бартольд [51, 66-б.]. Мына ошентип орус келгиндеринин келиши менен уруулук кармаштар токтогон. Ушул пикирди Ч. Турдалиева [194, 165-б.] өз эмгегинде: «Чет элдик Э. Хантингтондун пикирин колдоп, орусиянын оторчулугу кыргыздарга тынчтык жана бейпилдик алып келди-деп тура баа бергенин», - так жазган. Ушундай эле пикирде В. Радлов 1869-жылы кыргыз жерине келип, бейпилдикти байкаган [51, 66-б.].

Ошентип, орус оторчулары акырындык менен орусташтырууунун иш пландарын иштеп чыгышканына тарыхчы Б. Жамгерчиновдун [98, 120-б]. пикирине

байкоо салсак, анда: 1) Орусиянын мыйзамдарын жергиликтүү чөлкөмгө киргизүү. 2) Түпкү калктын динин, улуттук баалуулуктарын одоно бузбастан, акырындык менен алардын арасына орус динин, орус маданиятын, орус менталитетин жайылтуу. 3) Аталган багыттарды ишке ашыруу багытында орус айылдарын түзүү.

Ал эми план боюнча орус айылдарын түзүү ишке ашкан жана орус мектептери түзүлгөн, жергиликтүү элдин балдары оторчулардын мектептеринде билим алышкандыктан оторчулардын идеологиясы алардын кан-жанына сиңе баштап, оторчулардын мыйзамдарын улуттук салттын мыйзамдарынан жогору боло баштаган. Ошондой эле элдин жашоо шартынын жогорулап жатканын сезген Молдо Кылычтын «арзан баа кылды эгинди» деген ыр саптары кабарлагандай келгин дыйкандардын келиши менен айдоо жерлер бир топ көбөйгөн жана базарда эгин арзандай баштаган. Маселен, Токмок уездинде 194 миңге 2,2 млн пуд буудай алган болсо, ал эми Олуя-Ата уездиндеги казак жана кыргыздар 287 миң пуд эгин эгип, 2 млн. пуд эгин жыйнашкан жана айдоо жерлер көбөйгөн, 447,5 миң. теше жер айдоого ылайыкташкан [98, 120-б.]. С.И. Ильясов [93, 346-б.] белгилегендей кыргыздардын негизги материалдык байлыгынын башаты-мал чарбачылыгы болгон жана эркектердин ролу жогору болгон. Ошондой эле орус падышасынын карамагына баш ийген кыргыз элинин турмушу бир топ жогорулоо жолуна түшкөн. Тегиз талааларга дарактар отургузула баштаган, себеби буудайды жана жерди шамалдан коргоо максатында дарактар отургузулганын Калыгул олуя: «Талаа токой болоор», - деп туура баамдаган. Ал эми ошол мезгилде да кыргыздарда мал, жер-үй мүлкү мураска калтырылган, аялдар эч кандай укукка ээ болбогон, -деп жазат А.И. Мякутин [128, 9-б.]. Бирок кыргыздарда аялдардын мал-мүлккө ээликти уулдарынын туну, эр жеткенге чейин үйдүн ээси катары ээлик кылганын эстен чыгарбашыбыз керек. Деги эле көчмөн кыргыздарда мал үй- бүлөнүн жеке менчиги, ал эми жайыт коомдук-уруулук менчик болуп эсептелген.

Орусташтыруу маселеси. Келгиндердин келиши менен орусташтыруу процесси акырындап ишке аша баштаган. Маселен, К.П. фон-Кауфмандын Таш-

кенттеги жергиликтүү калкка кайрылып сүйлөгөн сөзү туралуу Н. Веселовскийдин [66, 111-б.] эмгегинде: «Мусулмандар балдарыңар орус тилин үйрөнсүн», деп жакшы жолго салды. Ким бизден билим алса, Биз аларды чокундурбайбыз, Орус тилинде жазганды үйрөтөбүз! Биздин законду билишсин, Мусулмандар бизде окусун. Орустан кызмат алышсын, жакшы молдо болушсун, - деп элге кайрылганын элдик айтымдар ырастайт. Ошондуктан ал: «Түркестан аймагына орус цивилизациясын киргизүү керек, бирок жергиликтүү калкка эч бир убакта православие динин таңуулоого болбойт» [148,46-б], - деген.

Арийне, орус бийлиги келечекти сезип, орус-тузем мектептерин ачуу менен жергиликтүү калкты падышалык бийликке ак кызмат кылууга даярдаган. Ушул багытта К.П. Кауфман [147, 46-47-б.]: «жергиликтүү элдин балдары менен келгиндердин балдарын динине карабастан бир мектепте окутсак, анда биз орус өлкөсүнө чоң пайда алып келебиз», - деп айткан. Себеби, балдар биздин маданиятты үйрөнүп, мамлекетибиздин закондорун сыйлаганга көнүгөт, орусташа баштайт деп айткан. Орусташтыруунун бирден бир формасы – бул мектеп жана мектеп. Биз орустар курал менен бул элди эч бир мезгилде жеңе албайбыз, биз мектеп, билим берүү жолу менен жеңе алабыз, - деп мектепти биринчи орунга койгон. Падышалык бийликтин мындай аракети акырындап жемишин бере баштаган. Кыргыз элинин ак пейилдигин билген орус бийлиги жана К.П. Кауфмандын кыргыздар тууралуу жазган маалыматында: «Сарттарга караганда кыргыздар бир топ эле энергиялуу, маданиятту калк», - деп ишеним арткан. Отордук бийлик билим берүү менен жергиликтүү калкты орус падышасынын бийлигин кадырлоо, сыйлоо сезимин калыптандыруу иш пландарын ишке ашырган. Бул туралуу К.П. Кауфман [147, 47-б.]: «Орус бийлиги (жергиликтүү элди) ассимиляциялоо үчүн белгилүү деңгээлде орус маданиятын кан-жанына сиңирүү зарыл жана бул багытта орус мектептерин ачып, пайдалуу көп иштерди алып баруу зарыл», - деп эсептеген. Столыпиндик агрардык саясаттын натыйжасында орусиядан дыйкандарды көчүрүү саясаты XX кылымдын башында тездик менен ишке аша баштаган. Ошентип арка кыргыздарынын жеринде 1914-жылдын март айында 113 миң адам көчүп келип отуруштушкан [119, 38-б.]. Ал эми Орусsucc-

штыруу - бул жергиликтүү кыргыз элин тилинен акырындык менен ажыратуу жана кыргыздын жерлерине орустарды отурукташтыруу болуп саналган. Бул максаттарын акырындык менен ишке ашыра баштаган. Ал туралуу элдик ырда [7]*: Бузулган кедей конушуң / Бейадил болгон орусуң,* - деген ырлар так айтылган кыргыздардын конуштарынан ажыраган, натыйжада орус келгиндери Орусиянын Европалык аймактарынан атайын көчүрүлүп келген. 1916-жылга чейинки аралыкта Түркестанда орустардын 941 айылы уюшулган. Анын эң көбү Кыргызстандын түндүк аймактарында «Хутордо» жайгашкан. Ал туралуу элдик ырларда [8]: Кедейлердин жерлерин / Аштык айдаар жери жок / Кесип берип котурга / Азып жүрөт кайран эл / Көпөш болгон оруска / Шол кылганы дуруспу? / Айдап чыкты тоо-тоого / Аргасы кеткен эли-журт / Ашып көчтө эчен бел / Акыры түбү бир күнү / Бунт кылып салаар урушту, – деп берилген.

Ырда баян эткен орчундуу маселеге токтолсок, анда алгач орус бийлиги орусташтырууну тынчтык багытта келгиндерди жерге жайгаштырса, эми түндүк кыргыз жеринде бул процесс тездик менен кыргыз жерлерин оторлоштуруу, жергиликтүү калкты тоо тарапка көчүрүү менен байланышкан. Бул маселе тууралуу П.Г. Галузо [75, 46-б.] Падышачылыктын көчүрүү саясаты жергиликтүү калк менен келгиндердин ортосунда жаңы карам-каршылыктарды жараткан. Алар кыргыз жерлерин алгач уруксат, жоошутуу менен ишке ашырган. Бул процессти орус оторчулары толук ишке ашыруу максатында мамлекеттик деңгээлде орус келгиндери үчүн, отор фондун, мектептерин, айылдарын түзгөн. Бул фонддор, мектептер орус падышалыгынын орусташтыруу саясатын ишке ашыруучу мекеме болуп кызмат кылган. Оторчулардын калкынын демографиялык өсүшүнө байланыштуу орус келгиндеринин жерлери кыскарган, келгиндердин жеринин орду, кыргыздын жерлеринин эсебинен толтурулган. Ал эми кыргыз эли күчтөп, тоого сүрүлгөн, жергиликтүү кыргыздар мал багуудан кыйналган, жакырдана баштаган [70,107-б.].

Оторчулардын жер ченегичтери кыргыздардын жерлерин тартып ала баштаган, мындай ыкма элдин аябагандай наразылыгын жараткан. Муну илимий экспедицияга келген В.В. Бартольд [51, 196-б.] мындайча баяндаган: «Дээрлик бар-

дык жерлердеги кыргыздар бизди алардын жерлерин орус келгиндерине тартып берүү үчүн келген жер өлчөгүчтөр катары кабыл алышты», - деп жазган. Чындыгында оторчулардын жер ченегичтери ээнбаштык жана күч менен кыргыз жерлерин тартып алгандыктан, оторчуларды абдан жаман көрүшкөн. Маселен, Жети-Сууда 3500 түтүн кыргызды байыртан байыр алган жеринен, зордоп, көчүрүп жиберген. Келгиндер жерди гана ээлебестен, элдин мадниятына, каада-салтына да таасир эте баштаган. Биздин пикирди тура экендигин Ю.Д. Южаковдун «Кыргыз талааларына тереңирээк кирип, ээлеп, орус кызыкчылыгын, орус тартибин орнотуу керек», - деген пикири тарыхый факт болуп эсептелет. Деги эле бардык учурда колониалдык мамлекеттер, басып алган аймактарында тилин, маданиятын таанууулаган, ошондой эле орус бийлиги да тилин, маданиятын таңуулап ишке ашырган.

Ошентип, орусташтыруу кыргыз элинин түндүк аймагында, андан кийин түштүк Кыргызстандын аймагында тездик менен ишке ашып турган. Оторчулук доордо орусташтыруу курчуган, ал эми түштүк жакта болсо алгачкы орус кыштагы Куршабда 1893-жылы, Көк-Артта [70, 120-б.] 1899-жылы Абрамовдун колдоосу менен негизделип, андан ары күчөтүлгөн. Ушул эле жылдары Аксыда 1899-жылдары Жерге-Талда Успеновка айылы, христиан мечити негизделет. Мукурдан баштап Авлетимдин азыркы көпүрөгө чейинки аймагы Баранскийдин жери болгон болсо, ал жердеги «орус империясы» [299] деген таштагы жазуусу бар чек болгон жана анын ысымында жайлоосу болгон, азыркы учурда да анын ысымында аталат.

Бул багытта А. Алымбаевдин [299] эскерүүсү тастыктайт. *Жерге-Талда орустар / Жерди ээлеп басышты / Мечит куруп алышты / Баранды келип курганда Аблетим менен Мукурда / Келгиндер баарын кууганда,* - деп ырдалган ыр саптарында, Баранский сыяктуу орус келгиндери кыргыздын жайлоолорун ээлеп алышкан, ээлеген жеринде келгиндердин ысымдары менен жер-суу аталыштары аталып калганын жогорудагы ыр саптары тастыктайт.

Демек, орус келгиндери Аксы жергесинде Жерге-Талда орустар чиркөөнү 1880-90-жылдары салышкан. Келгиндер орус чиркөөсүн салууда, кыргыздарды

курал менен коркутушуп, элден ар дайым эчкинин майын чогулткан. Алар аны менен гана чектелбестен кырдагы бадалдарды, карагай арчаны кыйып келип, кирпичтерин бышырганын элдик айтымдар ырасташат. Ал чиркөө азыр да бар. (тиркемени караңыз.).

Келгиндерди отурукташтыруу максатында ченчилер иш алып барган. Орус келгиндеринин ченчилери туралуу Арстанбек акын [316, 71-б] *«Бул орусту карасан / Ченчи салып жерди алды / Бээден туулган керди алды / Кача турган жайды алды»,- д*еп ырдаган. Келгиндер келишип кыргыз жерлерин, адегенде ченчилери байкоо салып, жердин асылдыгына карап, жайыт катары пайдаланган жерлерге келгиндерди отурукташтырган (фотодокументтер да ырастайт). Жер маселесине келсек, жергиликтүү элдин колунан тартып алынып, отор фондусуна өткөрүлгөн [Ала Тоо. 1989. №1]. Анысы аз келгенсип, келгиндер тоолорду, жайлоолорду ээлей баштады. Маселен, 1900-жылдары Таран-Базарда 98 үйлүү орус жашаган, тоо суусу менен айдоо жерлерин суугарган, ал эми аларга кыргыздар тоскоолдук кылган, - деп жазылат орус маалымат булактарында [70, 130-б.] Ошентип, орустар орусташтырууну Анжиан козголоңунан соң күчөткөн, аймакка 32 жылдын ичинде 1874-1906-жылдын арасында 4800 үй-бүлө көчүп келген [70, 133-б.] Бул деген кыргыз жерин, элин орусташтыруу дегендик. Ошондуктан эл арасында [299]: *Орус деген келгенде / Котуруң менен турусуң / Котурун элге бергенде / Элдин башын айлантпа / Кыргызың качты тоо-ташка / Болушуң менен ыстарчын / Айласы кетип кедейдин / Балдырап орусча сүйлөгөн / Акыры жерин бергени / Тил билбеген кыргыз деп / Өз жеринен куулган / Жерим деп көнгөн кыргыздан / Кыргызды орус тебеди / Бир күнү көрүп калбагын /Орусуң деги курусун / Кедейдин көтөрүлүп чыкканын*, – деп ырдалып жүргөн.

Орусташтырууну падышалык бийлик адегенде тынчтык жол менен ишке ашырган. Ал эми В.А. Васильев [62, 65-б.] Жети-Сууга 1847-1867-жылдары Сибирден орус казактар көчүп келип, 14 казак айылы негизделет. Алар кыргыздарга көп жылдык чөптөрдү эгүүнү үйрөтүшкөн. Ал эми кыргыздардан арык казууну өздөштүргөн. Кийин келгиндер кыргыз жерин тартып алууну ишке ашыра баштаган. Ушундай такталган пландары менен империялык бийлик

келгиндердин кызыкчылыгын ишке ашырып турган. Бирок кыргыздардын карама-каршылыктарына карабастан, келгиндердин бийлиги кырдаалды жаап жашыра баштаган. А. Скальковский, А.Б. Вревскийдин пикири туура болгон. Орус башкаруучулары элдин салтына, динине доо кетирбей, алдап-солдоп мажбурлоо саясатын ишке ашырышкан. Каршы болгон кыргыздарга орус бийлиги «тымызын террорчулукка» өткөн. Алдыңкы катардагы кыргыздын мыктыларын, башчыларын куугунтуктаган жана тарыхый булактарга ылайык 1911-жылы 31-октябрдагы аймактын генерал-губернаторунун жазган катында [145, 283-б.]: «Жергиликтүү элге  орус калкын сыйлоону канына сиңирүү керек, эгерде кимде-ким орус бийлигине баш ийгиси келбесе, жеринен ажырап, жакырчылыкта өлөт, же кош айтышат», - деп жазган. Ошентип, кыргыз элинин улуттук руху акырындык менен өчө баштаган, орусташтыруу ачык да, тымызын да ишке ашырылган.

Башкаруусу. Ал эми келгиндердин келиши, алардын башкаруусу, антропологиясы турмуш тиричилиги жөнүндө Калыгул [237, 25-б.] акын кеңири маалымат бергенин төмөнкү ыр саптарынан байкоого болот: *Өңү сары, көзү көк / Болуш чыгат деп айткан / Орус чыгат деп айткан / Буйрук менен кондурган / Буйрук менен кондурган / Конуш чыгат деп айткан / Миң түтүнгө, бир түтүн.*

Бул саясый өзгөрүүлөрдү Калыгул олуя алдын ала көрөгөчтүк менен билип айткан. Анткени, 1000-*2000 [228, 101-б.] түтүнгө бир болуш, ал эми К.К. Юдахиндин сөздүгүндө «болуш - ист. волость, бир болуштун түтүнү үч жүз элүүгө жете болгон», - деп жазылган. Бир айылга бир старчын, алар үч жылда бир шайланган. «болуш» деген термин түпкүлүгүндө орустун «волость, волостное управление», - деген сөзүнөн алынган. Биздин тилде «болуш» деп колдонулуп, төл сөзгө айланган.* Демек, болуштук башкаруу жана болуш деген сөз, орустардын колониалдык башкаруу саясатынын негизинде пайда болгон. Болуштар уездин башчысына, алардын бийлик башындагысы губернатор деп аталган. «Болуштар, старчындар эң төмөнкү мамлекеттик аппарат болуп, падышалык бийликтин агентурасы жана таянычы болгон», - деп жазат Т. Айтбаев [21]. Падышалык бийлик орногондон баштап, бир да кыргыз өз элин толук башкара

алган эмес. Бул туралуу Молдо Ныяз [237, 57-б.]: *Осол болду элибиз / Орус кафир бегибиз / Азамат эрлер жок болду / Албарс кафир бек болду,* - деп ырдаган. Оторчуларга көз каранды жана алардын айтканынан жергиликтүү башкаруучулар чыга алган эмес. Бирок турмуш чындыгында граждандык башкаруу эмес, жарым-жартылай аскердик башкаруу болгон. Башкача атоосу мүмкүн эмес эле, ушунун өзү, орус падышасынын отордук саясатынын аскердик, басып алуучулук, күч менен каратып алышынын так белгиси болгон. Бул тууралуу элдик ырларда [306]: *Эптеп жемейге өтүштү / Колунда жок кедейди / Котурга деп айдады / Ачуусуна тийгенди/ Болуш, старчын биригип / Штраф салып жайлады / Тил албаган кедейди / Шиберге деп айдады,* – деген ыр саптары калктын жерин, элин, айрыкча кедейлердин жерлерин тартып алып, падышалык бийликке баш ийбегендер кыйноого алынган жана азаттыкка умтулган эр азаматтар айып пул төлөгөнүн элдик ыр кабарлайт.

Ошентип, орус падышачылыгы Кыргызстандын калкын 73 болуштукка бөлүшүп, үч жылдык мөөнөткө шайланган болуштар, старчындар башкарып турган. Кыргыз элин башкаруу жарым-жартылай аскердик тартипте «бөл-башкар», «союл жана токоч» деген сиситема менен башкарылган [108, 60-70-б.].

Бул окуяны Арстанбек Буйлаш уулу: *Аштык чыгар жерди алар,/ Ошондо менменсинген жерди алар./ Бузукту журтка көп салар/ Ушул заман тар заман,/ Бечарага зар заман./*

Алардын башында офицерлер жана участкалык приставдар башкарып, элдин салтына туура келбеген бузук иштер да орун алып, аштык айдоо жерлеренин келгиндер арендага деп алып, кийин коркутуп алып коюшкан.

Б. Солтоноев бул тууралу [186, 52-б]: Жер саткандар манаптар болду. Көбүнчө болуш болгон манапка жер сатуу кесип болду. Кичи Кеминдеги жерди манап Султан Далбай уулу 30 жылга деп жерлерди арендага саткан,-деп жазат. Мындай иш аракеттердин башында Орус падышасынын чиновниктери, падышалык орусиядан келген жашырун буйруктар  жана оторчуларга кызмат кылган кыргыздын бийлери, манаптары, болуштары да болгон.

Аларга падышалык бийлик финансылык каражатты аяган эмес, маселен 1897-жылдардагы жүргүзүлгөн каттоодо кыргыз жериндеги бир чиновник үчүн империянын аймагындагы жашаган башкаруучуга караганда көп каражат жумшалган. Бул жөнүндө тарыхчы, край таануучу М. Терентьевдин [190,166-б] маалыматында: ... Түркестандагы уезддердин башкаруу адмнистрациясынын курамы, мазмуну жагынан чоң орус кыштагын элестетет. Уездик башкарма, улук жардамчы жана төмөнкү жардамчысы жергиликтүүлөрдөн дайындалган, ошол эле кезде катчысы – баары ушулар болгон, - деп кыскача жазылат. Айрым уезддин аймагы Орусиянын губернияларынын аймагынан чоң болгон.

Деги орус администрациясынын адамдары, жергиликтүү болуш, ыстарчын, манаптар, полиция биригип, элдин канын соргон. Бул тууралуу Т. Кененсариев [108, 177-б] отордук башкаруу кызматкерлери «өз ара бири-бирин сатпаган, бири-бирин колдогон, тилектеш жана табакташ кадрлар болчу», - деп туура ба берген. Демек, оторчулук доордогу оторчулардын башкаруучулары падыша бийлигинин айтканын былк этпестен кыйшаюсуз ашыгы менен аткарышканын баамдоого болот.

Соттук системасы туралуу: Ал туралуу элдик ырда [252, 126-б.]: *Калп жеринен теңдик деп / Элге ичирген касамы / Калк чогултуп дубан деп / Карабаган убал деп / Касам ич деп колуна / Карматуучу куран деп Манап, бай, бий сот деген / Кедейге теңдик жок деген / Иш башында олтурган / Ыймам менен поп деген / Бий олтуруп болсо топ / Бай, манапка бала жок / Букараны ыйлаткан / Ат тарттырып, чапанды / Ыстарчын болуш бийлери / Көк таштай көңүл тийгени / Айыпка алып кийгени,* – деп айтылып кете берет.

Ар бир болуштуктарда айылдын калкынын, жамаатынын санына жараша бий менен казылардын аты оюлуп, фамилиясы толук түшкөн жана иштеген кызматы да толук жазылган мөөрү болгон (Алардын мөөрлөрү туралуу маалыматты тиркемеден караңыз). Бийлер негизинен жарым жана көчмөн кыргыздарда болгон. Булардын айырмачылыгы бийлер сот иштерин элдин салт-адаттарына таянган болсо, ал эми казылар сот иштерин Курандагы жазылган маалыматтарга негизделген. Сот иштери адамдардын байлыгына, аймактагы ээлеген кадыр-

баркына жараша болгон. Бирок бийлердин иштери тууралуу Т. Айтбаев [21] «жазылган шариаттын чечимдерине караганда, бийдин чечими адат-салтка негизделип, бир кыйла алгылыктуу болгонун», - баса белгилейт. Кыргыз элиндеги бийлердин бийлиги тууралуу Ч.Валиханов[59, 167-б]: Бий эч ким тарабынан бекитилбейт, шайланбайт. Бий болуш үчүн калк ичинде жеке кадыр-барк негизги мааниге ээ, Европада мындай кадыр-баркка окумуштуулар, адвокаттар эгедер,- деп так, таамай белгилеген.

Ал эми орус падышалыгына кошулганда бул сот системасы элдик сот деп атала баштаган. Бирок алар байлардын айтканын аткарууга тийиш эле. Орус сот сиситемасын Ч. Валиханов[59, 167-б]: Мировой суд же элдик деп аталган сот жеке кызыкчылыкка негизделип, ал чечимдерди өзү кабыл алат, ал эми бий эл алдында чечим кабыл алган,-деп туура баа берген. Алардын соту тууралуу эл ырларында: *Ат менен чапан айыпка / Тендик бербей зайыпка / Чолок, мунжу, майыпка* / *Көз салбаган мундуурга,* - деген ырдагы маалыматка караганда, карапаман кедейлердин, акыркы уюн, коюн жана да минген аттарын гана эмес, жакшы чапанын да тартып алышканын Талып Молдо [27] да эскерип жазган. Ал эми бул окуя тууралуу К. Үсөнбаевдин пикиринде: «Катардагы кыргызга жалаа жабуу жана ага жок жерден малды уурдады деп, кылмыш ишин козгоо же козголсо, анда бай адам утушка ээ болгон» , - деп жазат.

Ошентип, элдин арызын эч ким уккан эмес, манаптар, болуштар жана орус бийлиги карапайым калкты теңине албаган учурлар көп эле кездешкен. Мындай маалыматтардын бирин айта турган болсок, Шамшы болуштугундагы Пишпек уездинин бай адамы 1910-жылдын 23-апрелинде 374 боз үйдүн ээси катарында кедейдин үстүнөн бийге арызданат, натыйжада кедейге бий, «тогуз» кара мал айып салат. Мындай тогуздап айып төлөтүү, кыргыз кедейлерин жакырчылыктын чегине жеткирген. Ал эми элдин сабатсыздыгынан манаптар, орус башкаруучулары абдан ашкере пайдаланган.

Ошондуктан «оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн», - деген лакап эл арасында айтылып калган. Деги эле орус башкаруучулары тууралуу географ, саякатчы М. Венюков [63, 85-б.]: «Сан жагынан алып караганда, орус

офицерлери өтө көп болгон, алар орустардын жана мусулмандардын да мыйзамдарын жакшы билген эмес» [10], -деп жазган. Бул маалыматка караганда орус оторчу башкаруучулары мыйзам менен эмес кыргыздарды «күч, союл, токоч» менен башкарганын байкоого болот.

Орус башкаруучуларынын моралынын өтө төмөнкү деңгээли жана материалдык байлыктын жетишсиздигинен паракорлук күчөп кеткен. Ошондой эле оторчулук доордогу сот иштери тууралуу Т. Кененсариев [108, 160-б.]: «сот иштери салт боюнча акчалай же мал түрүндө кун төлөшкөн. Уруу башчылары - манаптар соттун эң жогорку инстанциясы деп эсептелген», - деп жазат. Манаптык болуш-тук башкаруунун укуктары менен да барабар болгон. Анткени манап, болуш, бий жана казылардын баарынын тили бир болгон. Бийлер менен казылардын кароосуна баасы 100 рублдан ашпаган жарандык иштер караган, - деп жазат тарыхчы Т. Кененсариев. Ал эми 1000 рублга чейинки талаш иштер казы менен бийлердин жалпы жыйындарында чечилген.

Шайлоо системасы. Оторчулук доордогу шайлоо системасы туралуу Тоголок Молдо [245,158]*: «Илгери шайлоо болчу эле / Кээде болбой койчу эле / Старчындар, болуштар / Чыгымын элден алчу эле / Уезд келип оолугуп / Манаптарга кончу эле / «Баланча болуш болот» деп / Колун шилтеп койчу эле / Шарактатып таш салып / Парага мыктап тойчу эле / Болуштан башка шайлоону / Бир да кыргыз көрбөгөн»,* - деген ыр саптарына караганда, оторчулук доордо бий менен болуштар, оторчу башкаруучулар менен биргелешип, карапайым элди каалагандай калчаган, алар байлыгына жана бийлигине таянышып мыйзамсыз иштерге, ар кандай жосунсуз жоруктарга барышкан.

Оторчулук мезгилдеги шайлоолор уруулук чабыштар менен барымтага алуу менен да коштолгонун элдик ырлар, эскерүүлөр жана айтымдар тарыхый жактан толук негиздер менен кабарлайт. Анткени, орус падышалыгы алгачкы күндөн баштап эле, кыргыздын башкаруучуларын өз тарабына тартышкан. Кыргыз элинде «болуштук» шайлоону практикалашкан. Ал эми шайлоону кыргыздын бай-манаптары башкарышкан. Ар бир он үйгө «он башы», 50

айылга «элүү башы», буларга карапайым калктан башчы боло албаган, «байлык бар жерде, бийлик бар», - деген принцип иштеген.

Элүү башылар болуштарды жана бийди үч жылдык мөөнөт менен шайлашкан. Шайлоо учурунда орус падышалыгынан участкалык пристав (өкүл) келип катышкан. Болуш, бий болуучу талапкердин тагдыры уезддик башкарма менен приставдын колунда болгон. Шайлоолор өтө курч мүнөздө өткөн, ар бир талапкер өзүнүн урук туугандарын, жек жааттарын жана куда сөөктөрүн издешкен.

Кээде шайлоо учурларында кан төгүлүүгө чейин барган учурлар да болгон [282]. Маселен:1915-жылы Кулжыгач болуштугундагы шайлоого катышкан орус чиновнигине 2150 рубль (сом) белек катары берилген. Ал эми ошол мезгилдеги Пишпек уездиндеги шайлоо тууралуу Г.И. Бройдо: “Шайлоо учурунда 2-3 миң рубль сарптабаган бир да бир болуштукту кездештирүүгө мүмкүн эмес» [200, 70-б.], - деп жазган. Шайлоодо утушка ээ болуш үчүн, болуш, бий, казы болууну каалагандар, орус чиновнигине чоң суммадагы пара берген. Анткени болуш болууну каалагандар паранын негизинде гана бекитилген. Ошондуктан эл ичинде «Пара бергенче, бара бер» деген сөз айтылып калган.

Болуштук башкаруу тууралуу Э. Маанаев, Б. Жумабаев [146, 145-б.] «Кыргыздардын арасында көп-чыр чатактар Волостук башкаруучуну шайлоо учурунда пайда болуп, демейде уруулардын арасында тигил же бул старшинага (башкаруучуга) баш ийбейбиз, биздин уруу башчыбыз бар деп уруулар арасында келишпестикти күчөткөн». Чындыгында Андижан уездиндеги Көк-Арт болуштугунун болушу, шайлоодон кийин баш ийген калктан 40 миң рубль жыйнап алган. Ушундай эле ыкма менен азыркы Аксы, ал кездеги Наманген уездиндеги Багыш болуштугунун болушу ар бир түтүндөн 5 рубль, жалпы суммасы 1200 рубль жыйнап алган.

Кыргыздардын арасында пара алуу кадимкидей көрүнүш- көнүмүш адатка айланган. Болуштар шайлоодон кийин кетирген акчасын, кайрадан ар кандай амал менен «чыгым», «журтчулук» деп жыйнап алышкан. Болуш болгондор

кээде той өткөргөн, той ээсине чапан кийгизген учурларын элдик маалыматтар да тастыктайт. Мисалы Чыныбек болуш, багыш болуштугунда болуш болуп шайланганда алыстан Рыскулбек, Сулайманкул болуштар катышат. Ошондо Ажымат эшен Чыныбек болушка Бухаранын эмири Насырулло берген чапанды белекке берген, - деп жазат А. Калбаев (тиркемеден караңыз чапандын сүрөтү). Ал учурда чинине байланыштуу мөөрү, чапаны, куру болгон. Шайлоодо жеңген уруулар деле жыргап кетпеген, бирок жеңилген тараптын шору болгон. Оторчулук доордо элдин эле шору болгон, ошондуктан алардын болуштук шайлоосун Б. Солтоноев [186, 47-бет]: Шайлоо өткөн соң, мурдагы берген карасын эки-үч кылып кедейлерден алышкан,- деп жазат.  Алганамесуруулук чабыштар болуп турган, ал тууралуу Тоголок Молдонун ырында [245,136-б]: *Миң тогуз жүз алтынчы / Тарыхтын өткөн жылында / Аалынын өлгөн жоругу / Маалым болду кылымга,* - деген ыр саптарына назар чаптырсак, анда ырда чыныгы окуяны жазганын А. Убукеев: «1906-жылы Нарын уездиндеги шайлоодо болуш болууну каалагандардын ортосунда «кара-черик, ак-черик» деп эки тарап болушуп, чыр-чатактар болгон. Болуштук кызматты талашуудан Аалы деген манап, киши колдуу болуп өлгөн. Ошого шылтоо кылып, Касымалы манап өзүнө каршы манаптын «букарасынын» баарын чаап алып, кун талап кылган. Чабылган, тонолгон, таланган «букаралар» тентип кетет», - деп айтылат элдик маалыматтарда. Жеңген тарап, женилгендерден кун талап кылышкан. Кунуна туткун алып, кул-күңгө айланган, «тогуздап» мал берүүсү, өлгөн адамдын кунуна мал берүү жана кун алуу кыргыз коомундагы адатка айланып, салт болуп саналган.

К.К. Юдахиндин эмгегинде: [228, 445-бет] «Кун…вира, пеня за убийство, за увечье (ответчиком являлся весь род виновником; см. күнкор) Сайышып өлгөн баатырга жеңгендин аты кун болот, кун куу, кун кубала, Алдыңа аш келсе, атаңдын кунунан кеч, Жигиттин куну жүз жылкы-ары миң жылкы, Чубактын кунундай кууду. Эрдин куну, нардын куну эмес. Эр өлтүрүп, кун тартпай, элимден келдим айдалып», - деп жазган элдик маалыматтар кун сөзүнүн

маанисин тастыктайт. Мындай жосунсуз жоруктар орус оторчулук доорунда, айрыкча болуштук шайлоо учурунда курчуган.

Ошентип, келгиндердин келиши менен падышанын болуштук шайлоо системасы карапайым калктын канын сүлүктөй соргон. Шайлоодо жеңишке жеткен тарап, жеңилген тараптан, кеткен чыгымдарын жыйнап алышкан. Оторчулук доорундагы болуштук шайлоолор «байлыгы бардын, бийлиги бар» деген принцип менен ишке ашып турган. Ошондон улам эл арасында: “Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн” - деген сөздөр сакталып калган.

Экономикалык өзгөрүүлөр. Ал эми Молдо Кылыч [238, 61-б.] төмөнкү ыр саптарында: *Таарыткан менен жериңди / Арзан баа кылды эгинди / Тындырып койду жайына / Чабышып жаткан элиңди,* - дейт акын.

Молдо Кылыч айткандай, эгиндин мол эгилип, буудай, арпа көп болуп, элдин жашоосу оңоло баштагандыгы жана картошка, тамеки, памидор, жүгөрү, беде, бадыраң, алма, кайналы сыяктуу мөмө жемиштер менен кыргыздар тааныша баштаган. Ырасында эле бул оюбузду акын А. Калбаев [102, 84-85-б.] да эмгегинде: орус келгиндеринин келиши менен Аксынын Авлетим айылында Орустар Раватка Жаңгактуу-Булакка отурукташканын, алардан кыргыздар картошка, памидор, балчелек кармаганды үйрөнүшкөндүгүн баса белгилеген. Ошондой эле Молдо Кылыч [238, 72-б.] орус келгиндеринин келиши менен кыргыз турмушундагы өзгөрүүлөрдү мындайча сүрөттөп жазган: ***А****байласаң Токмокту / Эки жерде орусу / Какол менен мужуктун / Барынын бир болушу / Кызыл суу менен Шамшыны.*

Демек, орус оторчуларынын келиши менен Токмок кааласына караштуу Шамшы Эгин талаасында буудай, арпаны эгишкен, ошондой эле алардын колго кармаган жылкылары, уйлары, чочколору кыргыздардын малынан бир кыйла сапаттуу болгон. Ал эми асыл тукумдуу жылкыларды кыргыздардын жылкылары менен аргындаштырып багышкан. Атайын дүкөндөрдү жана базарды уюштурган. Базардан бардык буюмдарды табууга болорун белгилешет [240,14-15-б.]. Ошону менен катар эле Молдо Кылыч [ 238,73-б]: Чырпыктан челек асынып / Төрт булуңдуу топусун / Төбөсүнүн кийишип / Чекесин күнгө

катырып / Жүрөт экен эрикпей / Өз тилинче чакырып, - деген ыр саптарында Токмоктогу базарда өз тилинде соода жүргүзгөн дунгандар тууралуу так маалыматты кабарлайт.

Чыгыш элдеринин базарында дубаналардын, деги кайырчылардын жүрүшү катардагы эле көрүнүш. Ар бир эл сооданы калыптанган адаты боюнча соода жүргүзгөн. Ал эми Токмок базарында элдин көптүгүн жана да орустун арабасы-чанасынын көптүгү жана базарда элдин жык жыймалыгынан баш адашаарын, дүкөндөрүндө кездеме, жакалуу чапан, булгаары, мата, бир тарабында бакылдап эл соода жүргүзсө, бир тарабында кол өнөрчү, чакан кустардык ишкананын ээлери, дагы бир тарабында усталардын бычак, орок, така, жүгөн, күрөк, кетмен, ушул сыяктууларды узанып жатканын акын өз ырында баян этет.

Айрыкча орус келгиндеринин түштүк Кыргызстанда отурукташкан айылдары Ачы, Мангыт, Көк-Жатык, Эрке-Кашка айылдары болгон. Байлардын айрымдары отурук жашоого каршы болушкан. 1907-жылы 4,2 миң казак жана кыргыз отурукташуу үчүн жер сурап кайрылышкан. Тилекке каршы, суроо-талабы канаатандырылбаган. XX кылымдын башында элдин турмушунда акча-товар мамилелери башталуу, өнүгүү жолунда турган, - деп жазган Г.К. Кронгардт [116, 59-б.]. Албетте акча-товар мамилелери эми гана өнүгүү жолуна түшкөн, себеби феодалдык-патриахалдык калдык өкүм сүрүп, өнүгүүгө тоскоолдук кылган. Ошол эле кезде кокондуктун күмүш тыйыны менен орус акчасы бирге жүргөн,-деп жазат Б. Солтоноев [186, 36-б].

Демек, кыргыз эли товар сатып алууда, сатууда орус оторчулары келгенге чейин эле тыйын, теңге, сом дегендерди колдонгонун байкоого болот.

Орус келгиндеринин келиши менен малды базарга алып чыгып сатуу колго алынган. *Түтүнгө «келе чыгым» деп келет го / Мал-башыңды каттап / эсеп менен тактап алат го / Он түтүнгө бирден тың чыгаар / Үй пул болоор / кул бий болор [235, 23-б], дейт.* Ошондой эле Бий, старчын, болушу, бечарага чоң ушу [276], - деген ырда баяндалгандай ар бир түтүндөн «келе чыгым» деп бийлер, старчындар, манаптар салык алып турушкан, ак падышага баш ийген

бугу уруусундагылар үч жыл, - деп жазат Т. Кененсариев салык төлөгөн эмес, кийин салык төлөй баштаган, ошондой эле колунда бар, колунда жок адамды жеп келерин акын кабарласа, ошол эле кезде базарларында 191 чарбанын мал-жандыктары сатылган. Бирок 12 пайызы гана сатылган. 3,6 ийри мүйүздүү малга орточо эсеп менен 30 рублдан турган, бери эле дегенде 100 рубль турган [70.70-б]. Семиз козу 40-50 тыйын, семиз кой 1 сом 50 тыйын. Жакшы ат 12-15сомдон өтпөгөн,-деп жазат Б.Солтоноев[186, 36-б]. Мындай маалымат биринчиден кыргыз эли базарда малды товар катары сатууга өтө баштаганын билдирсе, экинчиден чарба жүргүзүүнүн жаңы ыкмасын кыргыздар кадыресе өздөштүрүп калганын билдирет.

Ошентип, кыргыздын архаикалык чарба жүргүзүү ыкмасы, жаңы интенсивдүү орустардын чарба жүргүзүү ыкмасы менен алмаша баштаган. Ал эми Арстанбек Буйлаш уулу «Тар заман» деген ырында: Уламадан кеп уктук уктук, Ошондо орус келет дечү эле. Буйрук менен кондурган, Конуш чыгат дечү эле, - деп ырдаган ыры тарыхый жактан келгиндердин отурукташып жашаган оторчулук доорун жана кыргыздар да отурукташып жашоого акырындык менен өтө баштаган мезгилди ырында тура баяндап чагылдырган.

Башкача айтканда, кыргыз эли оторчулардын карамагына баш ийүү менен аргасыздан отурукташып жашоого өтө баштаган. Молдо Кылыч [238, 75-б.]: *Бышыкчылык маалында / Булу жеңил кадактын,* -деген ыр саптары соода иштериндеги алга жылуулар тууралуу баяндайт. Алардын бир кадагы 409,5 граммга барабар болгон. Андан ары акын элдин жашоосу жогорулаганын: *Буурчак менен жүгөрү / Жарды дебей бай дебей / Бул кылууга баарысы / Көп айдаптыр бедени /*, - деп акын эл бедени жана жүгөрүнү эге баштаганын баяндайт. Бул маалыматка караганда, кыргыз жерине орус келгин дыйкандарынын келиши менен беденин жаңы сорту жана жүгөрү жашоо тиричиликте кеңири колдонула баштаган. Жүгөрүнү түштүк кыргыз жеринде көп эгишкен, ошондой эле түндүктө болсо буурчак, эгин көп эгилген. Мисалы, Ысык-Көлдө 141 миң пуд буудайдан 1,5 млн. пуд эгин алынган [98,120-б.].

Базарда болсо «кереднемич коюптур», - ал дегени кредит берүүчү мекеме туралуу акын кабарлоодо.

Демек, кредит берүүчү ишкана базардын өзүндө же бери эле дегенде Токмок шаарында болгонун ырастайт. Чындыгында 1867-жылдары Токмокто уезддик кассалар, 1907-жылы 24-мартта Пишпекте банк ачылат, алар чакан кредит берүү кызматын аткарган [98, 168-б.]. Алакандай акча менен аркан да, кап да, өрүк, мейиз, бозо, арак жана манты да сатып алууга болорун акын ырында баяндайт.

Деги эле Арстанбек акын орустардын келиши менен чарбачылыктын жаны ыкмасы пайда болгонун ырында*: «Эмки байга мал бүтсө / Ит капырдын олжосу / Эгин айдап мал багып / Эми оокат кылынар / Тамды салып, бак тигип / Тамашаны курунар »,-* деген ыр саптары кабарлагандай дыйканчылык менен кесиптенүү негизги таяныч болгон. Бирок Н.А. Токторбекованын маалыматында «орус келгиндери кыргыздардын отурукташуусуна көп деле кызыккан эмес, ошондой чарба уюштурууга деп Базар-Коргон болуштугунан 140 адам оторчулардан жер сурап кайрылышкан, бирок жер берилген эмес [192, 32-б ], - деп жазат. Ал эми кыргыздар мал чарбасында жана эт багытындагы мал багышкан. Элдик ырда [276]*: Бий истарчин болушту / Килган ишин карачы / Көрүнгөнгө жем болгон / Акысын бербей кедейдин / Ийгин оттой күйгүзгөн,* - деп айтылган ырга караганда оторчулар кыгыздарды манаптар менен бирдикте жакырчылыктын абалында кармашкан.

Ал эми айтылуу Шабдандын [38, 169-б7] эң улуу баласы Исамедин (Хисамедин) 100 гектар жер алып, 82 гектар жерине айдама беде эккен, анын ичинен 18 гектар жерине жемиш бак тиккен. Жергиликтүү базарда ага суроо талап өтө жогору болгон, жерди ашар жолу менен кээде жалданма жумушчу пайдалануу менен иштеткен. Ал эми экинчи уулу Мөкүш өтө өтүмдүү деп эсептелген жылкычылык чарбасы менен алектенген, жылкы чарбасында 200 чамалуу асыл тукумдуу жылкылар багылган. Үчүнчү уулу Кемел аарычылык менен кесиптенген, 300 аары челеги болгон, алган продукциясы Ташкентке

жөнөтүлүп турган. Ал бир эле мезгилде алган балы же асели (бал) 11,5 тоннаны түзгөн.

Анын төртүнчү уулу Амандын тери заводу бир эле мезгилде 300 тери өндүрүп чыгарган, күзүндө гана иштеткен жана да капиталында товар жүгүртүүгө 3000 рубл болгон. Колунда бар манаптарды, орус бийлиги колдоп турган, маселен, 1913-жылы Романовдордун 300 жылдык бийлик жүргүзүү аземине Жети-Суу аймагынан, губерниясынан, Петербург шаарына барган Ысык-Көлдүк Байсары уулу Кыдыр аке, орус өлкөсүнүн өнүгүүсүн көрүп келип: «Ар бир калааларында кийим- кечек, идиш-аяк чыгарган зооттору (заводдору) айрыкча кызыктырды. Эптеп жан багып жүргөн эл экенбиз да», - деп өкүнгөн экен [246, 290-б.]. Ошентип, орус оторчуларынын келиши менен жайыттар жеке менчикке бирилип, малга жайыт тарый баштады. Эгин талаалар, тоотокойлор корукка алынып, элдин мал багууга болгон мамилеси кескин өзгөрдү. Кыргыз эли чарба жүргүзүүнүн жаңы эрежелерин ыкчам өздөштүрө баштады. Аларга бакбанчылык, балчылык-аары багуу, техникалык жана дан өсүмдүктөрүн атайын өстүрүү эрежелерин үйрөнүштү.

**Салык системасы**. Андан ары биз падышалык бийликтин салык жыйноо амалына токтолсок, бул туралуу элдик ырда [ 300]: *Кой козуга кол салдык / Мурдагыдан мол алдык / Муну да бир күн баалашар / Азамат баары кул болду / Ашык жар ана тул болду*. Бул ыр саптарына караганда салык жыйноо катуулаганын байкоого болот. Манаптар, бийлер элден жыйнап алган акчасын, малын кайра эле кедейге процентке берген, эгерде кедей өз убагында beралбаса, анда баласын, же аялын тартып алган, же өмүр бою манаптын кол алдында иштеп берген. Кыргыздын башкаруучулары кедейлерден тогуздап мал алган же орус келгиндеринин башкаруучулары, тилмечтери элден ашыкча салык алган, ыстарчыны, манаптары кошумча салыктарды жыйнап алып турушкан учурлар болгонун ырда баяндоодо.

Салык көчмөн жана отурукташкан калктан өзүнчө алынган. Көчмөндөрдөн салыктын «түтүн» салыгын алышкан, айылдын канча жашоочусу, канча боз үйү, түтүнү бар экенин айылдык администрация чечкен. 1867-

жылдагы «Маалымат» боюнча ар бир көчмөндүн жашоо турмушуна жараша салык алуу каралган болсо, ал эми 1886-жылдагы «Положение» же «Маалымат» боюнча отурукташкан калктар эгин талаасы үчүн «харадж», ал эми бак өстүргөндөргө, жашылча-жемиш үчүн танап салыгын төлөшкөн. Харадж салыгы эгин өстүргөндө алынган, түшүмдүн 10 пайызын натуралай алган, ал эми танаптык салык ар жылы акчалай төлөнгөндүктөн өзгөрүп турган. Харадж салыгы жери көп дыйкандар үчүн өтө ийкемдүү болгон.

Дыйкандар жерден алган түшүмүнө жараша жана базар баасына жараша салык төлөшкөн. Ал эми орус келгиндери жер салыгын төлөшкөн, айылдык жамаатка салынган, ал салыкты айыл башчысы староста чогултуп, ар бир үйдөн жыйнаган. Салыкты төлөө менен бирдикте көчмөн жана отурук жашаган калктар арыктарды, көпүрөлөрдү, жолдорду оңдоого катышкан. Мисалы Мурзакул болуш 1911-жылы Жалал-Абад шаарындагы Аюп-Булакка арабага ылайыкташтырып жол салган. Ошондой эле 500дөй кара коюн сарптап 1911-1912-жылдары курортко имарат салдырган [Акыйкат гезити.5.03.2007. №10] Мырзакул болуш, кийин имарат курууда да элден жардам алган, айрым маалыматтарда орус бийлиги кредитке акча берген деген ойлор да айтылат.

Мына ушундай милдетсиз салыктарды элден жыйнаган болуштардын бири Бекмурат Арсланбеков дегенболгон, ал Наманган шаарындагы Кара-Палван суусуна өз каражатынын эсебинен көпүрө салдырган, кийин ал Кетмен-Төбөгө 1883-жылы 19 жашында болуш болуп барат [Эркин Тоо. 20.07. 2007.]. Бул болуш да орус оторчуларынын арыгын чаап, жергиликтүү калктан салык алууну катуулаткан. Кээде карапайым элдин акыркы малын тартып алган байлар, бийлер болгонун [299] маалыматтар эл арасында айтылат. Манаптар, болуш-тар жана старшиналар, элүү башы, он башылар кызматтык абалынан пайдаланышкан. Уруулук-патриархалдык жашоонун калдыгынан кол үзгүсү келбеген кыргыздын башкаруучулары, элден өз алдынча «чыгым», «журтчулук», «кошумча», «союш» деп аталган салыктын түрлөрүн алып турушкан, чыныгы салык болуштун салыгында болгон. «Чыгым», - деп аталган салыкты айылдын жана болуштун кетирген чыгымдарын жаап-жашырууга багытталган, орус чи-

новниктеринен келген меймандарды, аскер адамдары, жер өлчөгүчтөр, сататисттер, комиссияларынын чарчоо бастысына жумшалган.

Ошондой чыгымдардын бири 1905-жылы Пржевальск уездинин №8 айылдагы старшинасы жана болушу биригип, ар бир түтүндөн бирден кой жана 3 рубль 50 тыйындан алган, бардык суммасы 9500 рублди түзгөн. «Журтчулук» салыгы негизинен элдин тигил же бул адамдардын жакшылыгы үчүн ыктыярдуу да, ыктярсыз да түрдө алынган. Башкы себептери биринчиден, туугандары негизинен той өткөрсө, анда ага уруулаштары, туугандары айылдаштары жардам берген. Экинчиден, колунда бар адамдар үчүн да болуштар атайын эле «журтчулук» салыгын алышкан, 1911-жылы Ысык-Ата болуштугунун башчысы 10 рубль жыйноого аракеттенген. Сокулуктун болушу болсо журтчулук деп 20 рубль жыйнаган. Мындай ашыкча, өз алдынча салык жыйноо абдан эле курчуп кеткен учурлар көп кездешкен.

Бул окуялар туралуу элдик ырларда [310]: *Беш-бештен сом пул алып / Пейили бузук болуштун / Он-он сомдон пул алып / Оюу бузук болуштун,* - деп эл арасында айтылган ыр саптарында бий менен болуштар элден каалагандай салык жыйнап турганын элдик ыр ырастайт. «Союш» салыгы кетирген малдын эсебин толтуруу максатында тигил же бул адамдан же жалпы элден жакшы союш алган. Бул окуяны Молдо Кылычтын ырында [238, 162-б.]: *Ошондо да орустун / Азоолак экен чыгымы / Түгөтүп койду элиңди / Кыргыздын ыгым-чыгымы,* - дейт. Ашыкч жыйналган чыгымдар, союш манаптардын, байлардын, орус чиновниктеринин чер жазып, эс алуусуна жумшалган. Бирок кыргыздын бий, болушуна караганда, орустардын чыгымы аз экен деп акын тура оюн билдирген.

Бул турасында айрыкча жерди саткандар кыргыздын бай-манаптары болушканын Б. Солтоноев [186, 52-б.] белгилейт. Мисалы, 1865-жылы бир түтүндөн 1 сом 50 тыйындан салык жыйналган болсо, ал эми 1868-жылы 3 сомдон, 1908-жылы 4 сомдон жыйналган. Бул маалыматты биз К.К. Палендин [153, 128-б.] «Отчет по ревизии Туркестанского края. Налоги и пошлины», - деген эмгектеринен кездештиребиз. Ал эми кыргыз эли отун үчүн да салык төлөгөн, салык-

тын көлөмү алгач ар бир түтүндөн 30 тыйындан алынган болсо, андан кийинки жылдары 90 тыйын болгон. Ал эми 1915-жылдары 3 сомду түзгөн. Кыргыз эли бул салыкты «карагай теңге», - деп аташкан. Ошондон улам бир бутагын сындырып, отун алып жакпагын, - деп ырдаган Алдаш Молдо [234, 710-б.]. Орус чиновниктери, кыргыздын манаптары менен биригип салыкты жашырышкан. Маселен: Кызыл крест уюму да элден жыйнаган 1800 сомун 1300 сом деп жашырган фактылар кездешкен[57, 25-б].. Сыртынан караганда уруулук түзүлүш салттар, эски осуяттарга баш ийүү жана катуу талаптарга негизделген менен ой жүгүртүүнүн, жүрүм-туруштун катуу нормасы катары көзөмөлгө алынып турган. Дал ушул маселенин тегерегинде Ж. Жаныбековдун [231, 65-б.] пикирине таянсак [221], анда: «Айрым индивиддин жана уруулук жамаатчылыктын мындай «ыктыярдуу баш ийүү» шарттарында уруучулук турмуш гана мүмкүн болгон, ал эми уруунун ар бир мүчөсүнүн аракетинин көрүнүшү жана ой пикири «жамаатык» болушу мүмкүн эле». Ооба башкача болушу да мүмкүн эмес эле, кыргыздын аң сезиминде уруулук аң сезим бийлеп турган. Ошондой эле феодалдык институттар кыргыз коомунун бардык чөйрөсүн өз кучагына алган. Укуктук мамилелер, моралдык нормалар, адаттык жоболордун системасы, уруу тукумдук байланыштардагы түшүнүктөр, аң сезимдеринде теңдик, эркиндик туралуу куру кыялдарды жараткан. Социалдык айырмачылыктар элдин жашоосун өтө эле кыйындаткан, ал тууралуу элдик ырларда [24]: *Бий, болуштар, ыстарчын / Бечара менен карыпты / Жектеп барат замана / Чарык кийген кедейлер / Чоң келтегин көтөрүп / Жектеп барат замана! / Калың элди тынчтыкка / Койбой барат замана,* - деп ырдалган.

Жогорудагы ырдын маанисине караганда орус бийлигинин келиши менен кыргыз элиндеги башкаруучулар бий, болуш, ыстарчындар элди башкаруу менен бирдикте эле, калктын эсебинен жашашкан, алар салыктарды эсепсиз жыйнап турушкан. Бул тууралуу ичкилик ыргыздардан чыккан айтылуу Туяк ырчы [248, 42-б.]: *Кедейлерди кем кылып / Мүңкүрөттүң замана / Манаптарды ашкере / Дүңгүрөттүң замана / Дара толгон элимди /*

*Алсыраттың замана,* - деп ырдаган ыры падышалык бийликтин залимдигин ачык сындаган ырлары тсатыктап турат.

Оторчулардын келиши менен отурукташуу маданияты, кол өнөрчүлүк, жолго салынган. Кыргыз эли Орто Азиядагы калктардын арасында килем токуу боюнча алдыңкы катарда турганын А.Филькерзам белгилейт. Алардын килемдеринин түсү кызыл, көк, жашыл болгон. Ичкилик кыргыздардын кыдырша уруусунда мыкты жолго коюлган. Килем токуунун негизги борборлору Анжиян уездине караштуу Коргон-Төбө, Жалал-Кудук, Айым, ошондой эле Ош уездиндеги Булак-Башы болуштуктарында килем токуу жогорку деңгээлде өнүккөн,-деп жазат барон А.Фелькерзам [330, 55-57-б ]

Социалдык курамында бир топ өзгөрүүлөр болгон, жаңы эмгектин кожоюндары пайда болду. Оторчулуктун башталышы менен социалдык жиктешүү курчуган. Ал туралуу Туяк ырчы [248, 40-б.]: *Бий болушка бийлетип / Биротоло ийилетип / Бечара болгон карыпты / Булдуратып сүйлөтүп / Кордоп алдың замана,* - деген ыры кабарлагандай бийлер, манаптар, болуштар жана байлардын жашоосу мыкты болуп, чор тамандардын канын соруп турган заман экенин айкындайт. Ошентип, падышалык бийликтин доорунда эл арасында аргасыздан дыйкан жер иштетүүчү, дыйкан малчы боло баштады. С. Хедин [152, 30-35-б ] бул туурасында, ал Алайда кыргыздарга жолугуп, алардын боз үйүндө жашап, үч кылдуу “комуз” деген музыкалык аспап тууралуу эскерет. Кыргыздардын жер-суу аталыштарында Муз-Арт, Кызыл-Арт, Катын-Арт, Калың-Арт, жана Ак-Арт деген ашуу аталыштары Памирге бара жаткан ашууларда кездешет. Кыргыздар “арт” сөзүн көп колдонушат,-деп жазган. Отор доорунда отуркташып жашап, мал багуу, дыйканчылык да жолго салынган. Биринчиси дейт Т. Айтбаев малы аз санда, экинчиси мал чарбасы да бар, жери да бар [21]. Биринчиси өз тиричилигин эптеп өткөргөн, эч кимге көз каранды болбогон, ал эми экинчиси орто бай болгон. 50-60 жылкысы, 100 жакын койлору 2-3 төөсү болгон. Кээде малы аз дыйкан байдын колунда убактылуу иштеген, көз каранды болгон эмес. Ал өзү жашаган болуштуктун аймагында жерин да иштетип, малын да караган. Аларды эгинчи жана жатакчы деп да

аташкан. Жатакчы-деген сөз кыргыз тилинде «Эгинин эгип, белгилүү жерде малын карап, жашаган адам», ал эми Эгинчи - «эгин, жер иштеткен дыйкан» деген маанини билдирет. Отурукташкандарды жатакчылар, кээде эгинчилер жана байларды - *кордолу бай, ордолуу бай, сасык бай* деп атай баштады. Бай-куш дыйкан, деп баяндайт Т. Айтбаев [21], байкуштар көбүнчө жетимдер, согушта, жана табияттын кырсыктарынан азап чеккендер, калыңга келгендер, колго түшкөн кулдар болгон. Кээде манаптар атайлап тигил же бул адамды жа-кырдантуу максатында талап-тоноп байкушка айланткан. Байкуш-термини биз-дин тилдеги мааниси «*байга байланган кул*» дегенди билдирет. Анын тагдырын бай менен манап гана чечкен, бирок европалык кулдай болгон эмес. Орус отор-чулук доорунда да кулдар болгон. Бирок алар тууралуу Г. Загряжский [92, 68-б.] «Кул өзүнүн кожоюнун уруксатысыз эч нерсеге укугу болбогон, жадагалса үй-бүлө курганга, турмушка чыкканга укуктары болгон эмес». Кулдун кожою-ну каалаunion аны байгеге сайган, калыңга берген. Аны үйлөгөн, кул болуп келип, мезгил арылаганда тигил же бул уруулардын арасына кошулуп сиңип кеткен. Анын теги кул экенин кыргыз эч качан унуткан эмес. Бирок кулдун балдары-нын тагдырын кожоюну чечкен. Ал эми кулдар байлардын малын караган, отун-суусун даярдаган, ошондой эле оторчулардын келиши менен жайыттар тарый баштаган. Эл отурукташуууга акырындык менен өтө баштады. Кыргы-здардын алгачкы отурукташкан айылдары Пржевальский уездиндеги Бозучук айылында 1238 кыргыз, ал эми Пишпек уездинде Таш-Төбө айылында 1238 түтүн кыргыз отурукташып жайшай баштаган. Кыргыздар улам отурукташуу маданиятына ылайыкташып, кызыгуусу арта баштаганын байкаган А.М. Терен-тьев [190, 384-б.] кыргыздар атайын кайрылып жазганы тууралуу «Алар бардык мамлекеттик жыйымдарды жана милдеттерди, анын ичинен аскердик милдет-тенмелерди аткарууга милдетенме алабыз. Аны менен катар эле мыйзамдуу жеңилдиктерди да берүүнү суранабыз», - деп жазганын эскерет. Анткени мамлекеттик Столыпиндик агрардык саясаттын натыйжасында берилип жаткан кредиттерден кыргыздар да кредит сураганын жогорудагы маалыматтан билүүгө болот. Тарыхчы А. Жапаров [333, 3-4-бб] да кыргыздар отор доорунда

да мал чарбасында «кыштоо» «жайлоо», «күздөө», «кыштоо», « журт-журтчулук», «жака» деген этносоциалдык терминдери болгонун жазаган. Ошентип, кыргыздар падышалык орусияга кошулуу менен отурукташууга акырындык менен өтө баштады. Кыргыздардын отурукташуусу уруулук белгилер боюнча «айыл» деп аталып түзүлгөнүн А.Көчкүнов баса белгилейт [118, 183-б.]. Айрымдары жумушчу кесиптерге ээ болуп, жаңы экономикалык мамилелерге өтүүгө аргасыз болушту.

Дин тутуу маселеси. Орус оторчуларынын келиши менен жагымдуу жагдайлар да жаралган, баса айтсак кыргыз элинин growth динанде, коомдук ойлорунда бир топ өзгөрүүлөр болгон. Айрыкча кат сабаты бар адамдардын түшүнүгүндө орус оторчуларынын саясатын сындаган, карама-каршы ойлор айтыла баштаган.

Ошондуктан Орус отордук бийлиги молдолордон колдоо табууга аракет кылган, бирок орус бийлигин айрым молдолор жактыра бербеген. Мындай абал диндик карама-каршылыктардын келип чыгышына себепкер болорун, орус падышалыгы сезген жана чочулаган. Бирок ошондой болсо да «чоң оюнчу» мамлекеттер дин ишениминдеги адамдарды кызыкчылыктарына пайдаланышкан,ошондой эле дин ишенимдерине эркиндик берген, -деп жазат Белоглазов А.В [54, 94-95-бб]. Ошол учурдагы кыргыздын дини туралуу Жумамүдүн Молдонун [235, 659-б] ырында: *Кудайдын досу Мукамбет / Ата менен энесин / Үмөтүм деп зарлаган / Досунан сурап албаган / Бакырга жүргөн кайрылып / Бай болдум деп желденбе / Камдап жүрүң боз бала / Акыреттин азыгын / Тартат экен барганда / Күнөө кылган жазыгын / Кор кылбагын диниңди / Шарияттын каршыгын / Акылдууга көп нуска / Жумаштын таппас жазыгын / Келме билсең тирүүңдө / Мусулмандын баласың / Келме билбес адамдын / Кетирээр барса айласын / Шарияттан сөз кылып / Акын Мөдөн сайрасын,* - деп берилген. Жогорудагы ырды баяндоо менен акын Жумамүдүн Молдо [136, 281-б] кыргыз элинин салттык динин бекем кармоого чакырык таштаган.

Ал эми кыргыздын молдо-акындары эл арасында ислам динииндеги келме, намаз, куран тууралуу, алардын жоболорун түшүндүрүүгө аракет кылган.

Жумамүдүн Молдо акын катары да мусулман динин билгенге, шариатты кармангангa, байларды карып менен жардыга жардам бергенге чакырган жана эл арасында дин аркылуу нраваны жайылткан. Жумамүдүн акын айткандай «келмени» билгиле деген. Келме - араптын шехадет деген сөзү, мусуман болууну каалаган Адам «Аллаадан башка теңирдин жолуна жана Азирети Мухаммед анын кулу жана элчиси экенине шехадет (келме) келтиремин» [96, 9-б.], - деген маанини билдирет. Ошондой эле молдолор мусулмандардын шариаты жөнүндө түшүндүрүүгө аракеттенишкен. «Шариат» - деген сөз араб тилинен которгондо түз жол, түз жүрүү, мыйзам, башкача айтканда куранда көрсөтүлгөндөрдү так аткаруу дегенди билдирет. Ошол эле кезде кыргыздардын ичинде кат сабаттуу молдолор сейрек кездешкен. Келме келтирүү сыяктуу көрүнүштөрдү кыргыздын карапайым калкы коркуу учурларында жана кудайдан коркуу керек, анткени кудай гана ааламдын кыймылдаткычы деген түшүнүк болгон. Ал эми кыргыздардын диний түшүнүгүндө Иисус Христос «Машайак, машайаксыңбы, машайактын баласы болсоң да [95, 3-б.]» - деген түшүнүктөр байыртан жана он тогузунчу кылымда да, кийнки коомдун бардык өнүгүү мерчеминде да, элдин аң сезиминде да жашап келген. Демек, «Машаяк» деген сөз, «Инжилде» Ыйса- Иисус Христосту кыргыздар Машаяк деп аташкан, тарыхый булакта, же Инжилде: Ыйык элчи Петирдин биринчи катында: «... Ыйса Машайак келгенде, сыналган ошол ишенимиңер силерди мактоого, урмат-сыйга, атак-даңкка ээ кылат», - дейт [95,3-4].

Демек, кыргыздар илгертен эле христиан дини менен тааныш болгон, бери эле дегенде алардын миссионерлери аркылуу же бери эле дегенде орус келгиндери аркылуу да таанышкан. Арийне бул мезгилде XIX кылымдын акырында кыргыз жеринде ислам дини жалпы кыргыздар үчүн негизги салттык дин болуп кызмат өтөп калган. Бирок, жалпысынан кыргыздар өздөрүн мусулманбыз деген менен ислам динин толук кабылдаган эмес, алар ата-бабаларынан калган теңирчилик түшүнүктөрүн бекем сактап калышкан.

Ошондуктан орус бийлиги атайын православие динине тартуу үчүн да, жана келгиндердин динин сактоо максатында, орус чиркөөлөрүн кура баштаган.

Молдо Кылыч [238, 160-б ] дин маселесине: *Каапырлык кылып адамга Каршылык кылбайт диниңе / Колумдан келип турат деп / Өкүмдүк кылбайт элиңе,* - деп акын орустардын дин саясатынын тууралыгын жана кыргыздын динине каршылык кылбаганын тура деп ачык баалаган. Ошол эле кезде Молдо Кылыч [238, 72-б.]: *«Буттарына табынды, Токмоктун калың орусу»,* - деп орус келгиндеринин атайын сыйынуучу жайлары бар экенин акын ырында баяндайт. Бирок, орус оторчулары үчүн кыргыздарды христиан динине өткөрүү идеясынан кайтышып, ислам динин колдоого алышкан. Оторчулар үчүн ислам жана христиан дининин айырмасы жок болгон. Бирок акырындык менен молдолорго болгон оторчулардын ишеними азая баштаган.

Падышалык бийлик администрациясы менен биргеликте жергиликтүү башкаруучуларды болуштар, казылар, бийлер  менен биригип элди эриш-аркак башкарышты. Орусиянынын басып алуучулук саясатынан улам элден падышалык бийлик салыктарды, манаптар болсо кошумча салыктарды алганын, эл жайыттарынан, жакшы айдоо жерлеринен айрылды жана келгиндер кыргыз жерлерин ээлеп алганын элдик оозеки ырлар тастыктады.

Натыйжада, орусташтыруу акырындык менен ишке ашып, орус-тузем мектептери негизделгенин Молдо Кылычтын, Арстанбек буйлаш уулунун жана элдик оозеки ырлар аркылуу ырастадык. Орус кыштактары жергиликтүү элдин жеринин эсебинен ишке ашты, кыргыздар тоо таянып кача баштады.

Россия падышалыгына кошулуу менен прогресске карай багыт алды. Жерлер корукка алынды, корук- жергиликтүү калктын эсебинен ишке ашканын элдик оозеки чыгармалар ар тараптуу баяндаганын тактадык. Молдолордун айрымдары падышалык бийликти колдосо, айрымдары падышалык бийликке наразы боло баштады. Экономикалык жактан кыргыз эли бир топ алдыга жылып, жер иштеткен жарым көчмөн, отурукташкан кыргыз айылдары негизделди.

# Төртүнчү бөлүм. Кыргыздардын оторчулукка каршы күрөшүнүн элдик оозеки чыгармаларда, фольклордун үлгүлөрүндө баяндалышы. Тарыхый-этнографиялык өңүттөгү иликтөө

## 4.1. Анжиян кыргыздарынын көтөрүлүшү - элдик оозеки чыгармаларда

Молдо Кылыч оторчуларга баш ийген мезгилди мындайча ырдаган экен:

*Жылдан-жылга салык деп / Закон баштап түгөнгүр / Заманаы тарытып, /*

*Истамбулдан беркини / Алды барын багынтып* [238, 158-б.], - деп. Орус падышалыгы Истамбулдан берки дегени орус падышачылыгы Крым аймагын тартып курал менен басып алганын акын ырында кабарлайт, себеби ал аймакта да кыргыз эли ошол учурда жашаган. Ал учурда Борбордук Азиянын бардык аймактары орус падышасына аргасыз баш ийгенин, ал эми кыргыз жеринде жыл санап салык жогорулаганын, падышанын мыйзамдары менен жашап жатканын ырында так баяндайт.

Ошондой эле Фергана аймагында кыргыздар басымдуу калк экендигин А.Северцов менен А.П.Федченко баса белгилейт [ 180, 5-б]. Орус оторчулары саясый кырдаалды байкашып, элдин кызыкчылыгын көздөгөн кыргыздын жергиликтүү бий-бектерин 80-90-жылдары саясий аренадан кетирүүгө кирише баштаган. Бул окуялар тууралуу Молдо Кылыч [238, 161-б.]: *Чала болот кыргызга / Жамандык чыкса жарашып,/ Өзүнчө салбай калыска / Үйөзгө барат арызга../ Күнөө түшсө мойнуңа,/ Саныңа салып кишенди,/ Шибердин айдайт жолуна/* - деп айрым учурларда келгиндердин келиши менен кыргыздын салты бузулуп, наркты эске албай калганын кыргыздар бири-бирин жамандап, болушка арызданышып, жыйынтыгында байлары эл жакшыларын сүргүнгө айдаткан учурлар болгонун акын Молдо Кылыч окуяны билген акын катары баяндайт, арсыз, намысыз окуялардын баарына биз кыргыздар күнөлүүбүз, себеби орус башкаруучуларынын дини бөлөк, алар кайдан билсин деп акын айткан экен.

Ошондуктан, элет кыргыздарынын жашоосу оорлогондуктан, эл жакшылары азаттык жолун изидей баштаган. Ошол маалда Чыйбыл болуш баштаган Көк-Арттык кыргыздар, орус отордук бийлигине каршы күрөштүн жолун издеп, даярдык көргөн.

Ошентип, Анжиан кыргыздарынын азаттык күрөшү башталат. Көтөрүлүштүн башчыларынын бири - Мадали эшен болгон. С.В. Сальков [173, 9-б.] Мадали эшендин тажик айылында, кайсы жерде туулганы күмөн жаратат деп жазган. Ошондой эле анын эл арасында 9 ысмы болгон эшен, уста, ийикчи, кожо, Магомед, Али, калпа, Сабыр, молдо деген ысымдарын атаган. Бул адам

жөнүндө тарыхчы Т. Кененсариев [112, 291-б.] анын миңдеген мүрүттөрүнүн басымдуу көпчүлүгү элеттик кыргыздар болушканын баяндайт.

Ал эми Э. Авазов [109, 43-б.]: «Элеттин колунда бар адамдары балдарын эшендерге берип окутушуп, эшен убак-убагы менен элеттик туугандарынын арасына барып турган. Кыргыздар Ийикчи эшенди аш-той, маарекелерге ызаат менен чакырышкан. Ал эл ичинде эмне кеп-сөз болуп жатканынан кабардар болуп турган». Анын эң жакын адамдары да кыргыздар болгон.

Натыйжада ал оторчулуктун азабын сезе баштаган элдин пикирин байкаган. Мындан улам кыргыздардын жашоосу оорлогонун сезген эл башчылары, падышалык бийликтен кутулуунун амалын издей баштаган жана пикирлерин, ойлорун бириктирген. Элдин арасында орус колониалдык бийлигине каршы үгүт иштер башталып кеткен. Ал туралуу Жеңижок акын [232.58-б.]: *Миң-Төбөлүк Ак эшен / Кесепети көп эшен / Быйыл колдойт пирим деп / Пирлигиңди билгин деп / Азыр колдойт пирим деп / Амириңди билгин деп / Он кулактуу казаны / Оту жок кайнап турат деп / Ойроттон бери талкалап / Орустун баарын кырат,* - деп баяндаган ыр саптары буга далил болот. Ырдын тарыхый маселесине назар таштасак, анда Анжиян кыргыздарынын көтөрүлүшүн акын уюмдашкан жерин так баяндоо менен бирге Мадалинин эл атаган атын Миң-Төбөлүк «Ак эшен» -деп акын так баяндайт, ал карапайым элди орус отордук бийлигине каршы турууга азаттыкка чакырат. Эшендин айткан кереметтүү күчү, жасаган ийиктери менен орус бийлигин кулатабыз деп элди алдап, ишендиргенин акын Жеңижок так айтып берүүдө. Ал эми бул кабар туралуу Молдо Ныяз [237, 99-б.] өзүнүн санаттарында: *Анжияннин үстүдө / Жоопкар адам көп барса / Араваннын астыда / Тогуздап сылап нан берип / Миң адам барса аш берип / Усталар урган балкасы / Билбейбиз кандай бай болгон / Төрүнөн чыккан калпасы / Акырет десе жан берип,* - деп айтылат. Кыргыздын эл башчылары биринчи жолу 1896-жылы Кетмен-Төбө, Көк-Артта жыйналышат. Андан кийин да 1897-жылы жыйналышат, анда шаардыктардын көтөрүлүштөн баш

тартып жатышканын Мадали эшен билдирет, ал эми кыргыздар көтөрүлүшкө жетекчи шайлоо керек деген маселени көтөрүп чыгат.

Ошол эле учурда отор бийлигине каршы Памылдык кыргыздар да катышкандыгын элдик жана тарых булактары кабарлайт. Натыйжада Мадали эшен көтөрүлүштүн жетекчиси катары тандалат. Анын башкы себеби биринчиден ал динди жакшы билген, экинчиден тейит уруусунун кызылбаш уругунан болгон. Нурбек Турандын эмгегинде [140, 240-б.] тейит уруусунун курамында кызылбаштар тууралуу жазат. Демек, Ак эшен кыргыздардан болгон. Ошондуктан ал Памирден келген деген элдик маалыматтар айтылат. Анын себеби «ТВ»-1898-№50 санында Памир кыргыздарынын Анжиян көтөрүлүшүнө тийгизген таасири», -деген макала жарыяланган, ошондо эскерилгенине караганда памирлик кыргыздардын тейит уруусунун курамында кызылбаштар кездешет, ал эми кызылбаш уруусу жети уруудан турат .

Ошондуктан кыргыздар Дукчи эшендин көтөрүлүшкө башчы болушуна макул болушкан, себеби анын кандаш, жакын экендигинен кабар берет. Мадали Эшендин атасы Мухамед Сабыр кедей болгон, ийик жасап жан бакчу. Кийин баласына өтүп, ал эшен болгон кезинде да кесибин таштаган эмес, ошол себептүү, ал Ийикчи эшен (Дукчи эшен) атка конгон, -деп жазат майор Далинский өзү жазган рапортунда [274, 35-б]. Ал эми анын энеси Аселбүбү Артыкбай кызы, кыргыз кызы болгон, ал эми Э.Авазов да Аравандагы кыргыздардын аралап изилдегенде Мадали эшендин энеси кыргыз экендигин, анын теги кыргыз болгондугун Анжияндык кыргыздардын тарыхый эс тутутумунда эл ичинде айтылаарын Э. Авазов эскерет.

Ошентип, көтөрүлүш 1898-жылдын май айында башталмак болот, Мадали эшен эл алдында ант берет. Маалыматтарда айтылгандай, жыйынды ар дайым кыргыз Зиябидин Максым өткөрүп турганын Ювачев [228, 662-б.] да өз эмгегинде: «Жыйындарга эшен өзү катышкан эмес, анын эң жакын жана казыначысы, устаты, атасы Молдо Зиябидин активдүү аракеттенген», -

деп жазат. Анын ишенимдүү калпасы болуп кыргыз Курбанбай Умарбаев, анын жакын адамы айылдашы Курбанкул Саттаровго мөөр басылган 190 чакыруу кат берилет, ал кат элге таратылганын Нурмолдо акын:[ 316, 121-б ] *Ат жетпеген алыска/ Жазыбатат саламны*/,-деп так маалымдайт. Анын эң жакын адамдары да кыргыздар болушканы, анын кыргыз экендигин дагы бир ирет тастыктайт. Мына ушул жыйын тууралуу Молдо Ныяздын [237, 95-96-б.] ырлары окуяны так баян этет: *Экинчи калпа жөн жүрбөй / Салганыны айтамын / Мусулманды кафирга / Кор кылганын айтамын / Экинчи калпа жөн жүрбөй / Жыйын кылды дешедир / Дүйүм журттун баарыга / Дайын кылды дешедир / Анжианда көп адам / Абак болду дешедир,-деп* Молдо Ныяз окуяны акын катары гана эмес, тарыхчы катары да так маалымат менен жазган. Ырдагы маалыматты өзбек тарыхчысы А. Эгамназаровдун [225, 28-33-б ] «*Кузголонни факат Андижон, Маргалон, ва Ушу ездининг халки эмас, Наманган уезди, Еттисув вилояти халки хам куллаб-кувватади*», - деп так таамай баяндайт. Бул ой-пикирди Б.Солтоноев [186, 52-б]: Чүйгө караганда, сырткы кыргыздардын эшен менен байланышы болгон, - деп жазат. Чындыгында көтөрүлүш тууралуу Теңир-Тоолук, Аксылык кыргыздар, Жети-Суулук кыргыздар да кабардар болуп турушкан. Көтөрүлүшкө 13 адамдын мөөрү коюлуп, кабар калкка таратылганын маалыматтар ырастайт, бирок тарыхый булактарда 12 адамдын колу турат. Бул окуяны М. Ныяз[237,96-б]: *Экинчи калпа жөн жүрбөй/ Жыйын кылды дешедир/*, - деп так баяндаса, ал эми Токтогул Анжиян окуясына ыктыярдуу киришкенин, ал 1897-жылдары эле молдо сарт Төрөхан Арифбай Агалаковдун үйүндө жыйындарга катышканын жана Суусамыр болуштугу Шадыбек калпага тапшырылды, - деп О. Сооронов [ 179, 63-79-бб] жазат. Ал эми чындыгында эл арасында отор саясатына каршылык туралуу маалыматты жайылтуу Токтогулга дайындалат, бул маалыматты Н.С. Ладушев Токтогулдун айтуусу боюнча жазып алган, ал Кетмен -Төбөнүн картасын, качканактардын санжырасын жазган экен. (чийме, санжыра тиркемеде- караңыз)

Ошентип, көтөрүлүш 17-майда башталат. Анын башчылары тейит уруусунун кызылбаш уругунан Мадали эшен, кыргыз Зиябидин Максым, кыргыз молдо Акмат болушкан. Мына ушул маалыматтын өзү, кыргыздардын Анжиан көтөрүлүшүндө активдүү катышканын кабарлайт. Мадали эшендин билдирүүлөрүндө шаардагы тажиктер, өзбектер колдобогонун бир нече ирет айткан экен.

«Ак эшендин» газавватка үндөгөн келишим баракчасынан мындай деген маалыматтарды байкоого болот, ал баракчага 12 журт башчысы кол койгон. Бул маалыматтар Аксыга да келип жеткен болушу ыктымал. Айрым маалыматтарда 13 адам кол койгон деп баяндалат. Чамасы өзү менен биргеликте 13 адам болсо керек. Анын эң жакын адамы, устаты кыргыз Зиябидин Максым Мамашарип уулу, Кокон хандыгынын тарыхын жазган, Кудаярхандын эң ишенимдүү адамдарынын бири деп эсептелген. Ал эми Мадали эшендин таянган адамдары Арзыкул, Өмүрбек датка, Чыйбыл болуш сыяктууларды атоого болот.

Ошентип, 12 кыргыз болуштугунун башкаруучулары кол коюп макулдашкан. Көтөрүлүш 18-майда болоорун белгилешкен. Чакырык кагаздар толук кыргыздар арасында колдоого алынган, себеби кыргыздар орус оторчуларынын мыйзамсыз аракеттерине, салтты бузгандыгына, жерлеринен ажыраганына, келгиндер эркиндик бербей жатканына наразы болушкан. М. Кылыч бул окуяны: *Болуштукту талашкан/ Эли кылар урушту/ Болуш, бийлердин чыгымы, /  Жайы, кышы бир алат/* , - деп так маалымдайт.  Элден алынган салыктан да, чыгымы ашып түшкөн, болуштук шайлоордон эл кээде урушкан, жеъилген тарап, талап-тонолгон.

Ошентип, элдин наразылыгы курчуган, кырдаалды так байкаган, окуяны башынан өткөргөн Нурмолдо акын [234, 631-б.]: *Мадаличе «маштансаң» / Кырылган бойдон каласың / Чайрактасаң келжиреп / Чарыгың бовойт «замбирек» / Балакетке каласың,* - деп ырдалган саптар баяндагандай Дукчи эшен карапайым калктын арасында өзүнүн мүрүддөрү менен орус бийлигине каршы кагаздарды тараткан. Элди орус падышасына

каршы багыттаган. «Силер чыксаңар эле жеңебиз» - деген ойдо болгон. Бирок Нурмолдо белгилегендей анын чарыгы, ийиги «замбирек» боло албады. Эшендин чакырыгын алдын ала сезген Курманжан датка бул чакырыкты туура көргөн эмес. Э. Авазов [109, 65-66-б.] бул маселени мындайча түшүндүрөт: «Алай ханышасы орус бийликтери менен жакшы алакада болгондугу үчүн эмес, бөөдө кан төгүлүүнүн пайдасыз экендигине көзү жеткендигинен улам Алай аймагын көтөрүлүшкө катыштырбай, алааматтан элин аман алып калган болуусу керек. Элеттин айрым эл башчылары да ушундай көз караште болушкан». Ошондон улам акын Жеңижок да эшендин туура эмес үгүт иштерин ачык эле сындап айтып чыккан. Бул көтөрүлүштү Наманган шаарынын тургуну эшен Бабахан Түри Хайхул Исламдын 1898-жылдын көтөрүлүшүнө арналган жана «Түркестанский ведомости» гезитинде көтөрүлүшкө катышкандарды «орокчу кыргыздар, каракчылар, уурулар, ант ургандар» деп атаган. Бабаханди Түринин айтканында караганда азаттык күрөшкө негизинен кыргыздар катышканын жана кыргыздар эгемендикти, азаттыкты баарынан жогору койгон эл экенин Бабахан эшен билгиси келбеген. Себеби кыргыздар орус падышалыгынын отордук саясатына каршы азаттык, теңдик үчүн, аттанып чыгышкан. Күч тең келбегенин кийин байкаган акын Токтогул төмөндөгү [247, 99-б.] ырында: *Убалын билбей эчендин / Бузулуп чыкты ак эшен / Ишендик эле эшенге / Казаны өзү кайнайт деп / Бир сөзүнөн тайбайт деп / Мынчалык шорго айдайт, - деп* ырында Токтогул акын ак эшенге ишенгенин, биз анын айынан кордук көрдүк, анын айткан ийиги курал болуп бере албады, биз алдандык, натыйжада далай эр азаматтар эл жеринен куулду деп арман кылып ырдаган экен.

Токтогул акын ырларында Мадали эшендин айткан сөзүнө ишенип, кордук көргөнүн айтуу менен бирге эле орус аскери менен болгон кармаш жөнүндө акын Токтогул [247,100-101]: *Ак эшен ачкан урушта / Агын суунун ордуна / Алты жүз киши атылды / Адамдын каны чачылды / Атууга буйрук кылганда / Алаамат болуп ушундай / Аралап солдат качырды / Ажыдаар*

*оозу ачылды,* - деп ырдаган.

Анжандык кыргыздардын көтөрүлүшү тарых булактарына караганда, бул топто 800 адамга жетип, алардын 600ү жөө, 250сү атчан болушкан. Анжианга багыт алганын Токтогул [1247, 52-б.] акын чамасы өзү катышкан 600 адамдын санын, андагы орус аскерлери тарабынан атылган элдин абалы, адамдын каны селдей агылды деп так айтып жатат.

Мына ушул кырдалды фольклор таанучу В.В. Виноградов мындайча айтат: [222, 15-б.] «Акындын же айтуучунун нравалык сезими, ошол кырдаалды сезип, жан дилинде кабыл алып, азаттыкты самап, мекенди сүйүүгө чакырат». Бул айтылган пикир акын катары Токтогулга да тиешелүү. Ал окуяга катышкан инсан катары азаттык үчүн күрөштө, орус оторчулары элди аёсуз атышканын, канын суудай агызганын ырында белгилеген, акын Токтогул окуяга катышкан адам катары айтууда, ошондуктан оторчулардын бул жоругун ырайымсыз «ажыдаарга» теңеген.

Көтөрүлүшчүлөр негизинен карапайым калк жана анын башчылары бий, бек, манаптар болушкан. Кыргыз эли ар дайым башына оор кайгы түшкөндө коомдо ээлеген статусуна карабастан биригип, душманга каршы турушкан.

Ошондуктан кыргыз эли бирдиктүү күч менен көтөрүлүшкө чыккан. Атчандар негизинен Көк-Арттан келген эшендин мүрүддөрү болгондугун Т.Кененсариев баса көрсөтөт. Көтөрүлүшкө атчан кыргыздар гана эмес ошол аймактагы жашаган карапйым кыргыздар да колдоп чыгышкан. Алар саясый талаптар менен чыгышкан. Аны менен катар эле дин, экономикалык эркиндик, салык саясаты туралуу маселени коюшкан.

Бул окуя 1898-жылдын 17-майында кечки саат сегиздерде башталган. Ал окуя туралуу Токтогул акын 600 киши атылды деп ырында так кабарлайт, Ал эми дал ошол Мадали эшен баш болгон жөө жалаң куралданган көтөрүлүшчүлөрдүн курамында акын Токтогул болгондуктан, 600 адам деп айтууда, булар да орус аскерлери менен кагылышкан жана кан төгүлгөн. Ал эми акын Токтогул «Азапка түштү өмүрүм» аттуу ырында, жазыксыз жерден

кармалып бара жатам деген оюн айтат, анын Ак падышадан кечирим сурап жазган катына караганда, «Арзмизни мазмуниң баян кыламын. Тиланип аягыңызга башымды коюп хузур тиленип, тутуп, кол кушуруп арзоом (арызым) ушбудур (ушул). 1898-жылдын май айында катышып, Шибер болгон эдим. Жети жылга актаан кеткен эдим [КТ.5-8.12ай.2003 ]», –деп жазган катына, бир жыл мурда эле соодагер Төрөхандын үйүндө даярданышканына караганда, Токтогул чындап эле бул көтөрүлүшкө катышканын тарыхый маалыматтар жана акын анын бул ойлорун, акындын төмөндөгү ырлары да ырастайт*: Теңчилик кылып күүнадыр Текшерген жок арызымды, Элимден чыккан Керимбай. Эзелден мага* жабышты [247, 48-б.],- деп ырдаган экен. Элдик айтымдар боюнча орус генерал губернаторун-кыргыздар «күүнадыр, жарым пааша» [299] деп аташкан, ошондон улам акын Токтогул жазган арызында жана ырында орус губернаторун-күүнадыр деп айтып жатат. Ал эми акын Анжиандык кыргыздардын көтөрүлүшүнө катышкан деп жазыксыз айыпталып, акын Токтогул Шиберге айдалган, ал жөнүндө Т. Кененсариев, Э. Авазовдун жазгандарына караганда, Токтогул ырдап жүргөн «Бешкаман» ырында да аларды өтө эле катуу сындаган [247, 36-б.]: *Жети ата таш бараң / Керимбай менен Мырзакан / Таш бараңга батпаган / Келсең кардың жарылды / Чаап, талап, жеп көнгөн / Төрт миң үйлүү жети ата / Рыскулбектин беш жаман / Төкпөй койбойт каныңды.*

Мына ушул маселенин тегерегинде изилдөө жүргүзгөн жогорудагы илимпоздор репрессияны жергиликтүү болуш, бий, старчындар күчөтүп жиберген, алар өздөрүнө жакпаган адамдарды көтөрүлүшкө катышы бар деп жалган жалаа менен далай эр азаматтарды каматып кутулушкан. Ошондой кара тизменин ичинде Токтогул акын да болгон. Илим чөйрөсүндө акынды көтөрүлүштүн демөөрчүсү же эч кандай катышы жок деген эки көз караш бар. Бирок акындын ырларына караганда, Токтогул акын окуяга катышканмын деген таризде ырдайт. Ш. Абдрамановдун [37, 62-б.] «Анжиян көтөрүлүшү жана Токтогул» аттуу макаласында акын келгиндер көп отурукташкан Көк-Арт өрөөнүнө келип, тоо-ташка сүрүлгөн элдин оор

тагдырына зээни кейип, Чыйбыл болушка кайрылып ырдаган, ырды Жалал, Калдар деген комузчулардан жазып алганын баса белгилеген [109, 122-123-б.]: *Алладан болсо бир парман / Доңуздар жүрөт коркулдап / Чак түштө урат чагылган / Мас мужук жүрөт корсулдап / Ташкенден «жарым паашанын» / Канакей Карачологуң? / Жарлыгы келди жазылган / Канакей Таранбазарың? / Аралап өтүп Акбашты / Канакей жайлоо тунук суу / Азапка салдым как башты / Канакей көңүл жазаарың? / Көргөндө Каракынаны / Аш-тойлор берип дүңгүрөп / Көңүлгө кайгы ынады / Кайсы жер ат чабарың? / Карасам төшкү Көлмөнү / Жолдоруң неге тосулду / Көзүмдүн жашы көлдөдү / Угулбай түзүк кабарың / Кадырдан достун бири жок / Ак селде салган сопунун / Калдайган айыл түрү жок / Укпадым саар азанын,-деп ырдаган.*

Көк-Арт өрөөнүнө орустар 1905-жылдан баштап оторлошууну уюштурган болсо да, орус келгиндеринин Таран-Базар, Көлмө, Кара-Чолок, Ак-Башты деген жерлерди орус оторчуларынын ээлеп алганын жан кейип ырга салган. Келгиндердин ат чабар жердин, жайлоолордун, керектүү жолдордун тосулуп калганын акын ырга салган. Анын ырлары элди азаттыкка, тарыхый эс тутумун ойготууга чоң жардам берген. Дегеле ар дайым кыргыз элинде акындар, акылмандар, эл башчылары элдин идеологу катары, элдин өзүн-өзү таанууга багыт берген. 1922-жылдары К. Мифтаков жазып алган ырда Токтогул акын [109,125-б]: *Айланайын эшенден / Калкым тапкан пайда ошол / Кагылайын эшенден,* - деген ыр саптарына караганда, акын ак Эшендин идеясын тура деп эсептеп, колдоп, ак жеримен, камалдым деп айтууда. Токтогул акындан бул ыр саптарын, К. Мифтаков көзү тирүү кезинде эле жазып алганын, ал акын жөнүндө: «бул зат (Токтогул) кыргыз ичинде атактуу акындардан саналат. Кетмен-Төбөдө турат. Бул эшендин кыргыз ичинде да көп мүрүддөрү болгон. Алайда, Кетмен-Төбөдө жана Таласта. Эшендин бунтунан соң көбү Шиберге айдалган», - деп так жазган. Ошондуктан акын Токтогул ырында : *Кол берген эшен пирибиз / Кайтмакпыз андан кимибиз / Колдойт деп ислам динибиз / Кайтмакпыз андан кимибиз /*

*Мусулман бүткүл калкына / Кааба ташка сыйынып / Келиптир сурап билдик биз / Жакындап келип калды дейт,* - деп ырдаган. *Тагдырды чечээр күнүбүз,* - ырдын мазмунуна караганда акын Мадали эшен менен бир пикирлеш экендиги мүмкүнбү? - деген маселеге жооп табуу керек деген ойду Ш. Абдраманов өзүнүн эмгегинде жазат. Ошондон улам Т. Кененсариев менен Э. Авазов төмөнкүдөй жыйынтык оюн айткан: «Токтогулга көтөрүлүштүн идеялык дем берүүчүсү катары айып тагылып, сүргүнгө айдалган деп жыйынтыктоого болот». Бул ойду туура жана негиздүү деп атоо менен бирдикте эле, биздин көз караштa Токтогул көтөрүлүштүн саясий идеологдордун бири деп айтууга толук негиз бар. Анткени акын катары, окуянын катышуучусу катары, окуяны индивидуалдуу айтуучу катары так баяндаган жана кыргыз элинин улуттук сезимин ойготкон. Анткени акындар элдин сезимин, жашоосун мыкты анализдеп, иргей алышат, ошондой акын – бул Токтогул. Ал эми Токтогул Сибирден келгенде Эшмамбет менен учурашкандагы ырында Эшмамбет мындай деп суроо берет [249, 106-107-б.]: *Кетмен-Төбө кең жерден / Берекеси тең жерден / Өзүң менен айдалган / Алтымыш эки кишинин Адатын айтчы Токтогул / Аманы канча калды экен? /* - деп бир нече адамдардын аттарын атап ырдаган. Негизи Кетмен-Төбө аймагынан 62 адам эмес, 64 адам жоопко тартылган, себеби Суусамыр болуштугунан башка Арым, Муз-Төр, Кеъ-Кол, Кара-Кыр болуштуктары болгондугун О. Сооронов [179, 62-б] белгилейт. Өзгөчө Сары устанын айыпталып, сүргүндө жүрүп, карып калгандыгын өтө кейиштүү ырдайт. *Алтымыш эки кишиден / Айдалган элдин ичинен / Кутубай, Бакай качканаак / Качып чыккан баштараак,* - деп ырда айтылгандай, Кетмен-Төбө өрөөнүнөн 64 киши кармалгандыгын тарыхый булактар дагы тастыктайт. Түркстан округу боюнча 1898-жылдын 29-июлундагы №270-буйругунда 64 адам деп берилет. (Тиркемени караңыз). Себеби, Токтогул айткан Бакай бул 70 жаштагы Бакайбек Булатов болушу мүмкүн жана анын карылыгы эске алынып, Сибирге сүргүнгө айдалган. Ал эми Кыргызбай Адаевдин жашы 18ге толо элек болгондуктан өлүм жазасы абакка камоо

менен алмаштырылган. Жогорудагы экөөнү кошпогондо Наманганга кармалып баргандардын саны 62 киши болгонун акын Токтогул таасын айтып жатат. Ал эми маалыматтарда «Анжиандык кыргыздардын көтөрүлүшүнө» катышы бар деп Акмат Рыскулбеков 36 адамды камоого жетишкен. Булактарда Суусамыр болуштугунан 64 адам кармалган, анын ичинен 25 катарда Токтогул Сатылгановдун тизмеси бар [202, 123-б.].

Мындай ыкма Аксыда да болуп өткөн. Ал жөнүндө Жеңижок акын [232, 48-б.]: *Бу тапта иниңден бийлик талашып / Карматып бердиң Султан бий / Жатындаш Төрө баланы,* - деп ырдаган. Ошентип, Султан бий Төрө аттуу тууганын Шиберге айдатып жиберген. Мына ушундан Анжиандык кыргыздардын көтөрүлүшүнө кайсы бир деңгээлде Аксылыктар да катышканын же бери эле дегенде пикирлеш, санаалаш болгонун билсек болот. Тарыхый булактарда, бардыгыбызга белгилүү болгондой демократ акын Токтогул Сатылганов менен бирге 1898-жылдын 3-августунда Суусамыр болуштугунан 64 киши Анжиян көтөрүлүшүнө катышты деген айып тагуулар менен сот жообуна тартылып, сурак беришкен. 23 киши адегенде атууга өкүм болуп, андан соң ал 7 жылдык сүргүнгө айдоого кайрадан чечим чыккан.

Кетмен-Төбөлүктөр азаттык күрөшкө бир жыл алдын, 1897-жылы чоъ соодагер молдо Төрөхан Арифбай Агалаковдун "сарттын" үйүндө Токтогул Шадыбек калпага, Т. Бешкемпировго, Ү. Багышбековго, К. Салбановго жолугат. Ушул жерден алар азаттыкка чыгуу туралуу ойлор айтылат, кабарларга караганда оторчулардан кутулуу, азаттык маселеси козголгонун, О.Сооронов [179, 65-б] маалымдайт. Кетмен-Төбөлүктөрдөн Анжиан кыргыздарынын көтөрүлүшүнө катышкан деп 64 адам сот жообуна тартылат. Ал чечим ошол эле жылдын 4-августунда бекилип жана күчүнө кирип, ага Түркстан округдук аскер сотунун төрагасы генерал-майор Лобавский кол койгон. биздин колубузда ошол өкүмдө көрсөтүлгөн 64 кишинин архивдик документте сакталып калган 21 кишинин тизмеси жана уруусу, жашаган жери бар.

Ал эми 64 адамдын ичинде Карталы Салбанов жок, Нурмат Салманов деген гана ысымы бар. Эмне үчүн экени белгисиз-деп жазат О. Сооронов [179, 78-б]. Материалдын мааниси жоголуп калбас үчүн орусча жазылган өкүмдү жана андагы тизмени, Кетмен-Төбөнүн Н.С. Ладушев түзгөн картасынын көчүрмөсүн бердик (Тиркемени караңыз!). Бул тизмеде Токтогул 27-болуп катталган. Акыркы маалыматтарга караганда Токтогул эч качан Керимбайды жамандаган эмес экенин О. Сооронов [ 179, 76-78-бб] маалыматтар менен тастыктайт. Жогорудагы малыматтар тастыктагандай Токтогул Анжиан кыргыздарынын азаттык көтөрүлүшүнө саясий идеолог катары катышканын баамдоого болот. Алар отор бийлигинен бошонууга, кокон кыргыз хандыгын тикелегенге бел байлашканын элдик маалыматтар кабарлайт.

Токтогулдун ырына токтолсок, анда Сары устаны “көтөрүлүшкө жарактын баарын сен камдагансың” деп Рыскулбектин тобу каматкандыгын айтып өтөт. Орчундуу окуялардын катарында Үмөтаалынын качып келгендиги жөнүндө Токтогул ырында айткан: *Үмөтаалы, Мырзабек / Мурун качып келди эле / Аркасынан Кулданбай / Куба качып келди эле / Молдо Асан менен Карабаш / Айдалып барган аралаш / Бетимди жууду кара жаш,*- деп акын ырдаган [247,114-б ]. Жогорудагы Үмөтаалы, тарыхый булактарда Үмөтаалыбек Багышбаев болушу мүмкүн. Буларды «шадыбекчилер» деп, алты адамды 1898-жылы Наманган шаарынын убактылуу аскер сотуна камаган. Кийинчерээк 20 жылдык мөөнөт менен каторгага айдаган. Ал эми акын Токтогул Өмүрбек датка жөнүндө төмөндөгүдөй ыр саптарын баяндаган [249, 115-б.]: *Адыгине Өмүрбек / Сексен бир жашка барыптыр / Сакалында кара жок / Куудай болуп калыптыр / Акылынан таныптыр / Анын да сөөгү көмүлбөй / Ара жолдо калыптыр / Карыны жаштай кыйнаган / Падыша залим тарыптыр.*

Өмүрбек датканын өмүр таржымалына кыскача кайрыла турган болсок, Кушбек Үсөнбаев өзүнүн изилдөөлөрүндө Курманжан датканын жээни катарында көрсөткөн. Ал эми кээ бир маалыматтарда Алымбек

датканын иниси деп айтылат. Акыркы кездердеги Т. Кененсариев менен Э. Авазовдун жазган маалыматтарына таяна турган болсок, Алымбек датка менен Өмүрбек датка уруулаш[109, 133-б.]. Кокон хандыгындагы саясий күрөштөрдө сыртта калган эмес. Анжиян көтөрүлүшүндө абакка алынганда орус бийликтери анын сүрөтүн тартып алышып, Умарбек датка Алимов деп жазып коюшкан. Бул жөнүндө кеңири маалыматтарды жогорудагы авторлордун «Анжиян көтөрүлүшү жана кыргыздар» деген эмгегинен окуса болот. Бул карыядан орус солдаттары эки жүз балак алганда да чыдап тургандыгы жөнүндө Ю.Д. Головнина мындайча эскерет: «Ушул карыя гана бир дагы добуш чыгарбастан, ачууланган солдаттардын жаалданып урган эки жүз балагына чыдап турду», - деп жазат.

Андан кийин Өмүрбек датканын айылын орус аскерлеринен аесуз талагандыгын жана жазалоолордон жапа чеккен эл жөнүндө акын Молдо Нияз*: Зиябүдүн Максымдар / Жок болгонго күйөмүн / Өмөрбек журту атылып / Кырылганга күйөмүн [237,96-97], – деген.* Зыябүдүн Максым - дамылла Шарип уулу, кыргыздын өз мезгилиндеги көрүнүктүү адамы болгон. Кокон хандыгында таасирдүү адамдардын бири. Мадали эшендин эң жакын адамы жана устаты, кагаз иштерин жүргүзгөн инсан. Чыйбыл болуш- анын тагдыры белгисиз-деп жазышат кыргыз тарыхчылары, ал эми *Фазилбек Атабек өз ырында: «Кугарт булиси бошлиги / Чибилни Андижонда осиб улдирилган* [202,52-53 ] деген маалымат берген. Өмүрбек датка Бекмурат уулу - Түркестан аскер бөлүмүнүн №246-буйругунда Умарбек датка Бекмуратов деп жазылган. Өмүрүнүн акырына чейин сүргүнгө айдалган. Анын кийинки тагдыры жөнүндө талаш-тартыштуу пикирлер бар. Туугандарынын айтымында, анын сөөгү Кетмен-Төбө өрөөнүнө коюлган. Рүстөмбек - Анжияндык соодагер Сатыбалдыбек уулу жана Мырза тууралуу М.Ныяз*[237,96-97-бб]:*: *Сатыбалды, Мурзалар/ Асылганга күйөмүн/. Экинчини асылып,/ Өлүп калды дешедир/*-деп так окуяны баяндайт. Сатыбалды кыргыз Анжияндагы аскер бөлүмүндөгү маалыматтарды көтөрүлүшчүлөргө маалымдап турган, ошондуктан ал дагы

өлүм жазасына тартылган. Экинчи деп Молдо Нияз Мадали эшенди атаган жана аны дарга асылып өлгөнүн так маалымдайт. Чыйбыл болуш - бул көтөрүлүштүн мезгилинде Көк-Арттан чыккан Чыйбыл болуш тууралуу Эшманбет мындай деп сурайт*: Көрдүң бекен Токтогул / Көгарттан кеткен Чыйбылды / Күүнадир келип кармаган / Күмүш боолуу туйгунду* [247, 109-б.].

Азыркы кездеги тарыхый изилдөөлөргө караганда, 1898-жылы чыккан Түркестан аскер округу боюнча №278-буйрукту карап чыкканыбызда Чыйбыл болуш менен катар эле анын тууган уруктары кошо кармалганы айтылат. Аларга назар сала турган болсок, Галча Абдуллабиев, Мурат Али Нусупов, Төрөгелди Чыйбылов деген кишилер. Булар Көк-Арттын «ага-ини арстандары», - деп аталгандыгын Э. Авазов, Т. Кененсариев жазышат [109, 117-б.]. Анын кийинки тагдыры жөнүндө Токтогул төмөндөгүдөй ыр саптарында айткан: *Күмүш боолуу туйгунду / Көрүп жүрдүк өлгөнчө / Көгарттан барган Чыйбылды / Айдалып кетип баратып / Жолдо калды өлгөндө / Жору-кузгун жеди окшойт / Адам чыкпай көмгөнг*ө [249,115-б],- деп Токтогул жооп берген. Демек, Чыйбыл болуш Т.Сатылганов менен бирге Сибирге айдалгандыгын, анын тагдыры кейиштүү болгондугун жогорудагы фактылар айтып турат. Айрым булактарда Чыйбыл болуш сүргүндө Иркутскидеги темир жол туннелинде иштеп жатып каттуу ооруугa учурап, 1907-1908-жылы сибир жарасынан көз жумуп, анын сөөгү ошол жердеги токойдун четине мекендештеринин катышуусу менен коюлгандыгы айтылат.

Ал эми Сибирден кайтып келген Токтогул 1906-жылы Эшмамбетке жолукканда*: Айдараалы тирүү келди / Өзүм менен бирге келди / Аралап көрөт силерди [247,114-115-б],* - деп ырдаган. Бул ырында айтылгандай, Кетмен-Төбөдөн Сибирге айдалган 64 кишинин бири Айдараалы Калмырзаевдин 1905-жылы качып келгенин архивдик маалыматтар да ырастайт. Бирок акыркы маалыматтарда 64 киши айыпталган деген расмий маалыматтар кездешет.

Демек, Анжиандык көтөрүлүшүкө кыргыз эли активдүү катышуу менен оторчулук саясатка каршылыгын билдирген. Ошол себептен элет элинин эркиндиги үчүн, мамлекеттүүлүк үчүн күрөшкөндөр кыргыздар болгон. Ошондон улам М. Ныяз*[237,96-б]: Анжийанда көп адам,/ Абак болду дешедир./*-, деп ырында окуяны так кабарлаган, маалыматттарда соттолгондордун 257 си кыргыз, 112си өзбек, 20сы түрк, 17 уйгур, 5 тажик, 3 кыпчак жана 1 каракалпак болгон. 80 пайыз кыргыздар көтөрүлүштүн катышуучусу гана эмес, Э. Авазов белгилегендей аткаруучусу болгон.

А. Хасановдун пикиринде, 208 Сибирге сүргүнгө айдалгандардын 136сы азаттыкка умтулган кыргыздар, башкача айтканда 70% кыргыздар [210, 205-б.] жана кыргыздар колониалдык эзүүгө каршы күрөштү, - деп баса белгилеген. Ушундай эле пикирди тарыхчылар Г.А Мохова, К.Үсөнбаев колдогон. Ал эми Н. Веселовскийдин пикиринде, «Мусулмандардын жан дүйнөсүн түшүнүү керек. Саясый өлүм оор, ал эми жан дүйнөнүн өлүмү андан да оор», - деп тура баа берген. Ошондой эле кыргыздар тууралуу А.Е. Филькерзам [330, 55-б] «кыргыздар сунниттер.. жоокердик мүнөзү жана улуттук аң-сезими күчтүү эл. Алар меймандос жана поэзияга өтө жакын жана фантазиясы күчтүү эл», деп баса белгилеген. Бул көтөрүлүш 1873-76-жылдардагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн уландысы болгон. Демек, Анжиан көтөрүлүшүн, «Анжиандык кыргыздардын көтөрүлүшү» деп атасак тарыхый жактан туура баа берилген болот. Анткени Манас эпосунда Манас «атамдан калган Анжиан, Анжианды албасам», - деген ыр саптары далилдүү факт болуп саналат.

Чет элдик тарыхчы Д.Г. Проер: [156, 92-б] «Кыргыздардын этникалык тарыхында арка кыргыздары, Анжиан кыргыздары жана Кашкар кыргыздары» деп аталган, алардын баары бир эле кыргыз болгон. Ал эми атайын орус оторчулары кыргыздарды бириктирбей, аймактарга, болуштуктарга бөлүп салган», - деп жазган. Чындыгында кыргыз эли Орто Азияда бир эл катары байыртан жашап келген эл болушкан. Орто Азия калктары-

нын отордук бийликке каршы күрөшүндө кыргыз эли жана Анжиан кыргыздары эркиндикти, азаттыкты жогору койгон эркин эл экенин көрсөтө алды.

Бул азаттык күрөштө кыргыз эли падышалык бийликтин отордук саясатынын бетин ачты, алардын отордук бийлигинин тамырын бошоңдотту. Анжиандагы кыргыздардын азаттыкка чыгуу күрөшүнөн кийин орус падышалыгы орус-тузем мектептерин ачууну тездеткен жана башкаруусун катуу көзөмөлгө алган. Ошондой эле орус падышалыгынын каратып алуулары ички жана тышкы карама-каршылыктарды убактылуу токтоткон жана тынчтыкты алып келген. Бирок ислам дининдегилердин арасында оторчуларга болгон ишеним азая берген жана элдин арасында орус башкаруучуларына болгон мамиле солгундаган. Ал эми акын Токтогул анжиан кыргыздарынын азаттык күрөшүнө, атайын саясий даярдык менен кошулганын тарыхый, элдик маалыматтар тактады, ошондой эле кыргыз эли мамлекеттүүлүккө, азаттыкка карай умтулушту.

Ошентип, бул көтөрүлүштө Анжиандык кыргыздар орус отордук бийлигине каршы азаттыкка чыгуу максатында күрөштү. Ошондуктан «Анжиан кыргыздарынын азаттык көтөрүлүшү», - деп атоо тарыхый жактан тура чечим болот. Анткени тарыхый булактар, соттук маалыматтар, элдик ырлар, Манас эпосунда байыртан кыргыздын жери болгондугун “Атамдан калган Анжиян, Анжиянды албасам”,-деген кабар айтылат, ошондой эле тарыхый булактарда “Araник” деп айтылат жана акындар Жеңижок, Токтогулдун, Молдо Ныяздын ырлары да ырастарын дагы бир жолу белгилеп, төмөндөгүдөй жыйынтыктарды сунуштайбыз:

Биринчиден, Анжиан кыргыздарынын азаттыкка чыгуу козголоңунан соң, отор бийлиги келгиндерди куралдандырууну жана азатыкка умтулган элди, жакшыларды кемсинтүүнү күчөтүшкөн.

Экинчиден, Анжиан кыргыздарынын азаттыкка чыгуу көтөрүлүшүн тейит уруусундагы кызылбаш уругунан Дукчи эшен жана Чыйбыл болуш, Өмүрбек датка, З. Магзуми, акын Токтогул сыяктуу кыргыздын инсандары жетекчиси, уюштуруучусу болушкандыктан, “Анжиан кыргыздарынын

улуттук-боштондук көтөрүлүшү” экендигин фольклордук жана тарыхый булактар бекемдейт.

## 2.2. 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштүн элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышы

Чындыгында 1916-жылы падышанын бөтөн калктын эр бүлөлөрүн фронтторго чектеш жерлердеги оорук жумуштарына зордоп мобилизациялоо жөнүндөгү Указы (1916-жыл 25-июнда жарыяланган, биринчи дүйнөлүк согуш мезгили). Указ боюнча коргонуу жумуштарына жана аскердик байланышка 19 жаштан 43 жашка чейинки эркектер чакырылган [71, 6-б.]. Бул маалыматка байланыштуу Кыргыз Улуттук

Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусунда Иманалы Жангазы уулунун ырында [26]: *Отузунчу июлда, буйрук чыкты жыйынга / Орустун өз элинин баарына чыкты кысымга,* - деп берилет. Элдик ырда 30-июлда буйрук чыккан деп айтылууда. Бир аз гана чаташуу бар. Балким кабар ушул айда жеткен болушу ыктымал. Буга кошул-ташыл жеринен айрылган кыргыздардын, келгиндерге болгон нааразылыгы улам курчуп турган жана алардын ата-бабадан калган жерлери туралуу В. Лаврентьев [123, 30-б.] «Орус келгиндери кыргыздын жерлерин ээлеп алышкан», - деп жазган. Ошентип согуштун учурунда жайытынан ажыраган эл, башкаруучулардын мал, жер салыгын ашыкча алганына нааразылыгы курчуп турган чак болгон. Бул окуяны кыргыз элинин атактуу жазуучусу Аалы Токомбаев [248, 42-б.] өзүнүн «Кандуу жылдар» повестинде минтип жазат: *Пашаага ат да бердик, тон да бердик / Аргамжы, байпак, мээлей, чом да бердик / Көпчүлүк көйнөгү жок, калса дагы / Чыдадык, баарын сатып, сом да бердик. Кыргыздар «ак пашаа-деп Николайды айтышкан. Жарым паша деп К.П. фон Кауфман атаган»* [308]. Жогорудагы ой-пикирлерди тарыхый маалыматтар менен салыштырып көрсөк, ноябрь-декабрь айларында 1914-жылы Кызыл-Крест уюмунун эсеби боюнча, Бишкек уездинен гана 30 миң сом, миңге жакын тон, он миңдей байпак жыйналган эле [72, 101-б.]. Демек, жогорудагы маалыматтар ырастагандай эле кыргыз элинен салык жыйноо абдан курчуганын жана падышанын буйругу көтөрүлүштүн чыгышына кошумча гана себепкер болгон. Падыша Николайдын 25-июндагы буйругун элдик ырда: *О, калайык, калың журт! / Уктуңарбы бир шумдук? / Караколдун оезу / Приказ окуп угузган: / «Он төрт жаштан өөдөнү / Кырк эки жаштан төмөнкү / Ак падышалык кызматка / Бересиң балаң солдатка! [136,197*], - деп айтылат. Бул ыр саптар менен катар эле кырдаалдын курчуй турганын, алдын ала байкаган Калыгул олуя [237, 20-б.]: *Келип калса кокустан / Сактайсың сары талааны / Солдаттыкка бересиң / Ичиңден чыккан баланы,* - деп ырдаган. Чындыгында эл аралык кырдаал улам курчуп турган. Себеби Антанта жана

үчтүктөр уюмунун ортосунда болуп жаткан биринчи дүйнөлүк согуш курчуп, падышалык орусиянын жеңилүү жана чегинүү абалы курчуп турган чак эле. Ошондуктан орус отордук бийлигине кошумча аскер адамдары керек болгон.

Отордук бийликтин адамдары бардык эле аймактарда жергиликтүү элдин балдарын оорук жумуштарына тартуу максатын көздөшүп 14 жаштан жогору жана 42 жаштан төмөнкү деген жалган маалыматты болуштар бергенин ырда ачык айтылууда. Ушуга удаа эле Нурманбет акын төмөндөгүдөй деп ырдаган: *Жүрөктүн башын дарт алды / Мал-садага, жан кайыл / Бала сурап какшатты / Ата-эне кантсин, оңойбу,* -деп ырдаган ырында мал салыгына да чыдайбыз,бирок балдарыбызды согушка албаса экен деп ырдаса, ал эми Чагатай уулу Муса: *Ойдо жок солдат алам деп / Элди буздун Никелей / Оруска алып берем деп / Жерди буздуң Никелей* [КМ.22.08.91], - деп ырдаган акындын ыр саптарында орус падышалыгы кыргыз жерлерин тартып алып, салтын бузуп оторчулар падыша Николай I дин саясатын ишке ашырып жатканын маалымдайт. Ошол эле кезде жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү өз кызыкчылыктарын көздөп, орус бийлиги менен биригип салык жана элден ашыкча жыйым жана оорук жумушка баруучу адамдардын жашын жаап жашырган учурлар күчөп кеткен. Бул абалды эл арасында: Отуз бирден ашкан деп, Жашын буруп жаздырган.

Мына ушул маалыматтан эле байкоого болот жергиликтүү манаптар, уездик башкаруучулар өз кызыкчылыктары үчүн, 31 жаштан деп манаптар туура эмес маалыматты жакын туугандарын, согуштан алып калуу максатында жашыруун аракеттерин жасаган. Ошол эле мезгилде В. Лаврентьев билдиргендей [123, 31-б.]: «Орус оторчулары жергиликтүү калктын жерлерин, жайыттарын ачыктан-ачык эле тартып ала баштаган. Ошондой эле келгиндердин ушунчалык кемсинтүүлөрү аябай күчөгөн. Келгиндердин нравалык касиети ушунчалык төмөн болгон», - деп жазат. Мындан улам келгиндердин кыргыздарды эксплуатциялоосу күчөгөн жана падышанын буйругунун калкка тура эмес кабарланышы, салыктын 2 рублдан 4 рублга

алымга көбөйүшү, кыргыз элинин азыктуу жерден ажыроосу [71, 164-б.], карапайым элди кемсинтүү, жакшы буюмун тартып алуу, кыргыз элинин этносаясий жактан азаттыкка умтулууга жагдай жараткан. Ошентип, аймактарда наразылыктарды улам курчуткан.

Аксыдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш. Наманган уездинде жаз айларында Аксылык, Чаткалдык кыргыз аялдар буга дейре эле митингдерге чыгып турган. Анын башкы себептери бир жагынан, элден эсепсиз салыктардын жыйналышы, экинчиден майлуу жерлерди орус келгиндеринин тартып алышы, Үчүнчүдөн ак падышанын биринчи дүйнөлүк согушка катышып жаткандыгына байланыштуу, жергиликтүү калктын 19 жана 43 жаштагы эркектерин оорук жумуштарына тартуу боюнча буйругуна байланыштуу болгон.

Ал эми Аксыда Осмонкул болуштун уулу, айтылуу А. Осмонбеков [299] «кедей туугандарым орус тилин билбейт, мен согушка кошо барам», - деп, согушка кошо баргандыгын эл эскерет. Ал эми айрым байлар балдарын акча берип алып калганын калк кабарлайт.

Натыйжада эл арасында ар кандай талаш пикирлерди, наараазылыктарды пайда кылган. Ошентип, түштүк кыргыз жеринин бардык аймактары сыяктуу эле Аксы аймагында элдин наараазылыгы күн санап курчуган. Кыргыздардын майлуу, сүттүү жайыт, айдоо аянттары орус келгиндеринин колуна өткөн. Аксынын Кара-Суу айылына караштуу Кож-Ата айылынын аркы өйүзүндөгү, Кара-Гүп (Топ-Жаңгак айылынын жанында Кожо-Ата дарыясынын жанындагы жалгыз түп жаңгактын жанында ар жылы бай-манаптар, бийлер жаз келгенде чогулуп алып, элден өз алдынча «…туяк пул, чыгым, кошумча, жардам» [299], - деп кедейлердин жакшы аттарын, семиз койлорун, жылкысын тартып алып турган, мындай көрүнүшкө эл наараазы боло баштайт, акыры наараазылык ачыкка чыгат.

Маалыматтарга караганда, Кызыл-Жар болуштугунан 400 адамды тыл жумуштарына алууга туура келген [1], демейде бул аракетке Т. Алыбаев баш болгондор каршы чыккан. Бул тек гана шылтоо болгон, оторчу-

лардын жазалоочу аскери менен Түрдүктүн сайында чоң салгылашуу болгон, ал жерде күнү бүгүн да коргонуу үчүн курулган таштын ордулары турат. Ал эми Авлетимде да орус падышасынын тыл жумуштарына каршы чыгып, жигиттер Мечиттин үңкүрүндө, Алаң, Муз-Төр тарапта каршылык көрсөткөнүн укканын тарыхчы А. Алымбаев [299] эскерет. Ошол учурдагы кедейлердин арманын, муңун Нарке Анарбек [299] ошол окуя тууралуу: *Келе деп кедейден туяк пул Кедей байкуш кыйналды / Бек, болуш алым жыйнады / Элге кабар келгени / Акпашадан буйрук бериптир / Он алтынчы жылында / Алыбайдын Таласы / Оруска каршы чыкканда / Эл жыйылып айылда / Карасуу менен Сыныда Оруска каршы барабыз / Эр жигиттер топтолду / Курал-жарак октолду / Түрдүк менен Сарайда / Жалын менен от болду / Орустан элди коргойм деп / Алыбай уулу кор болду / Оттуу жигит жок болду*, – деп ырдалат.

Аксылыктардан болуш, манаптар айрыкча Кара-Суу жайлоосуна көчкөн калктан кечүү салыгын алган, анткени, Кожо-Ата суусунан малын айдап өткөндө, малдын туягынан 50 тыйындан салык алышып турган. Андан башка Сатыбай Дөөлаталиевдин: «Кулманбет 1916-жылы Нуралы сүткордун 16 сомун төлөй албай 1 гектар жерин ага берген, өзү мендикерге кеткен жана Кара-Суудан эле оорук жумуштарына миңден ашык адам кеткен», - деп айтат [1]. Ал эми К.Усенбаевдин эмгегинде [196, 245-б] Кызыл-Жар болуштугуна караштуу Чины (Сыны) айылынын тургуну, кедей Таласбай Алыбаев элди ачык эле азаттык күрөшкө чакыргандыгын жазат. Алар орустардын башкаруучуларына бий, болуштарга баш ийген эмес, башкача айтканда болуштарга каршылык көрсөтүп, орус жазалоочу аскерлеринен коргонуу үчүн бийик тоолуу Түрдүк жайлоосундагы Сарай деген өрөөнгө качып кетишет. Бул күрөш Аксы аймагын кучагына алганын элдик ырлар маалымдайт [299]: *Оездон отуз кат келди / Кабактын жолун каз деди / Каяша кылаган кишинин / Жонуна камчы тарс деди / Экөө ара бир атка учкашкандар көп болду / Өлармандык кылышып / Мушташкан-*

*дар көп болду / Үчөө ара бир атка / Учкашкандар көп болду / Үйүн таштап кеталбай / Мушташкандар көп болду.*

Элдик маалыматтарда айтылгандай, Наманген уездинен Авлетим айылына 30 орус казак аскери келген. Ырда айтылган «Кабактын жолун каз деди» - дегени Кабактын жолу элдик айтымдарга караганда, Кетмен-Төбө менен Жалал-Абадды байланыштырган араба жолду падышалык доордо ушундайча аташкан. Ошол жолду курууга элди ишке айдагандыгын кабарлап жатат. Ошол эле кезде каршылык кылгандар тоо таянып кеткенге аргасыз болушкан. Т. Алыбаев баш болгон топ орустун куралдуу аскерине туруштук бере албай, Сарай тоосуна жашынган.  Ал жерде кышка чейин болот, кышында аларды орус жазалоочу аскерлери колго түшүрүп, анын ишенимдүү адамдары Чыныкбай, Саркулду кармап алышып, өтө ырайымсыздык менен  өлгөнчө тепкилеп сабаган [299]. Анын жигиттеринин курамы алгач 30, кийин 100-150 гө жеткен [299]. Ал эми Чонор, Чоробай, Жумаш, Наркелерди Алымкул болуш жазалаган жана өлөрчө сабаткан. Ошол учурда Т. Алыбаевди Алымкул болуш Шералы деген жигитине тепкилетип, сабатып кыйноо менен өлтүрткөн. Аксы аймагына бери эле дегенде 100дөн ашык орус аскери Намангандан келген, ал эми Кара-Суу болуштугуна - 30, Сыныга - 30, Жаңы-Жолго - 30, ал эми жергиликтүү старчын, жигиттери менен жүз адам болгон, алар каршылык көрсөткөн кыргыздарды талкалашкан, жазалаган.

Элдик маалыматтарда Т. Алыбаев Чонор аттуу бир жигитин Кетмен-Төбөлүктөргө жөнөткөн. Себеби, алар менен биргеликте оруска каршы күрөшүү, андан Талас кыргыздарына, ошондой эле Чүй жана Нарын, Ысык-Көл кыргыздары  менен биригүү керектигин чабармандарынан айттырууга аракеттер болгонун элдик кабарлар ырастайт.

Бул ойду элдик айтымдар жана Чүкөтаев Таанбайдын айткандары да ырастайт [299]. Элдин азаттык үчүн күрөшү оторчулар тарабынан куралдын күчү менен басылган. Аны менен катар эле орус келгиндери кыргыздардан коргонуу максатында согушка даярданышкан, баш көтөргөн кыр-

гыздардын көзүн тазалоо аракеттери ишке аша баштаган. Натыйжада ак падыша орус келгиндерин куралдандыруу максатында [73, 10-12-б.] 1891-жылы 29-ноябрда падыша өкмөтү келгин дыйкандарды куралдандыруу жөнүндө документ кабыл алат. 1897-жылы келгиндерге 1231 мылтык таратылат, себеби орус тургундарын империяны коргоо керек дешкен жана 1891- жылдан 1908-жылга чейин келгиндерге тынымсыз курал берип турган.

Орус дыйкандарын куралдандыруу Анжиян көтөрүлүшүнөн кийин күчөгөн. Жети-Суулук келгиндерге 1898-жылы 300 мылтык ок даарысы менен таратылган [73, 12-б.]. Демек, орус падышасы кыргыздардан коргонуу, кыргыз элин кырып-жоюу үчүн алдын ала даярдана баштаган. Ошондуктан бардык орус айылдарынын тургундарына курал таратылган. Бул биринчиден орус бийлигинин коргонуу плацдармы болсо, экинчиден, кыргыздарды күч менен баш ийдирүүгө жасаган саясат болгон.

Элдин арыз муңун түшүнгөн ошол кездеги Нүзүп бийдин чебереси Бердикожо 22 жашында орус бийлигинин атайын даярдалган колунан каза болгон. Мына ушул окуядан соң баласынын орус бийлигинин колунан өлгөнүн угуп азап чегип, кайгыдан Сулайманкул болуш ооруп калат да, ошол жылы көз жумат. Ошондо анын Байыскан деген кызы төмөнкүдөй кошок кошот [299]: *Он эки атам кан өткөн / Ойлонбой баары кан өткөн / Тогуздап атам кан өткөн / Токтолбой баары даана өткөн / Жети атам катар кан өткөн / Жеткилең баары даана өткөн / Катарлап атам кан өткөн / Кайраты журтка даана өткөн / Кан атам кайрылып келсечи / Орустун сазайын берсечи / Жети атам кайрылып келсечи / Орустун жетесине жетсечи,* - деп баяндайт Нүзүп бийдин урпагы, 85 жаштагы Темирбек аксакал.

Бердикожо туралуу айта турган болсок, ал Наманган уездине караштуу Авлетим айылынан чыккан Нүзүп бийдин небереси Бердикожо орус мектебинде билим алып, андан кийин ал уезддин 12 болуштугунун үстүнөн тескөөчү болуп иштеп жүргөндө, ал кыргыз элинин

кызыкчылыгын көздөп орус келгиндеринин туура эмес иштерине каршылык көрсөтө баштаган, кыргыздар аны колдоп турган. Жергиликтүү кыргыздар көтөрүлүп кетпесин деп элди токтотуу максатында орус бийлигинин өкүлү Баранский бир оруска Бердикожону атып өлтүрткөн, ошол эле замат орус бийлигинин тапшырмасы менен ал орус дароо атып өлтүрүлөт [299].

Натыйжада канга-кан деген шылтоо менен орус бийлиги Авлетим айылынын жашоочуларын тынчтандырат. Элдин азаттык үчүн күрөшү оторчулар тарабынан куралдын күчү менен басылган. Ошондон улам эл арасында [299]: *«бала ыйлаганда, орус келе жатат», «орус менен дос болсоң, мылтыгынды ала жүр», «жамандан жаскан, иштен иймен», «орустан корун, орус сыйлаганына чочко тартат»,* - деген оторчулардын бийлигине аргасыздан баш ийгенин да лакап сөздөр тастыктайт. Демек, Аксылыктар да четте калбастан, улуттук-боштондукка чыгуу үчүн күрөштү, эл эркиндиги ата журттун биримдиги, мамлекеттүүлүк үчүн орус падышасынын отордук бийлигине каршы азаттыкка умтулушкан.

Кетмен-Төбөдөгү элдин наразылыгы. Тоо арасында жашаган Кетмен-Төбөдөгү кыргыздар буга дейре орус оторчуларынын азабын абдан эле катуу тартышкан. Айрыкча 1898-жылдагы Анжиян кыргыздарынын улуттук-боштондук көтөрүлүшүндө катышкан калк катары тажрыйбалуу болуп калышкан. [ ,114-б]. Карапайым калктын арыз-муңун ар дайым акындар элге кабарлап жеткирип берип турган идеолог болушкан. Ошондуктан орус оторчуларынын запкысын тарткан Анжиян кыргыздарынын улуттук-боштондук көтөрүлүшүнүн активдүү катышуучусу, идеологу, үч ирет кыргыз элинин азаттык күрөшүнүн катышуучусу акын Токтогул Сатылганов экинчи ирет улуттук - боштондук көтөрүлүштү жетектеп, эл аралап бай-манаптарга каршы туруууга чакырган жана анын ырында (Коргол Досуевден 1953-жылы жазылып алынган) көңүл бөлсөк [250, 258-б.]: *Падыша менен бий, болуш / Жөнөтөм дейт мендикерге / Өзүңдүн кара башыңды / Ошолордон сен коркуп / Бересиңби мендикер? / Ок дарыны мол*

*алып / Бет келгенин бүт кырып / Бай, манап туусун жыксаңчы! / Кара таман кедейлер / Зулумдуктан кутулуп / Бейкапардан жатсаңчы.*

Токтогулдун бул ырын уккан калк, чакырыкты колдоп, колдоруна курал алып 150 кедей чогулган. Анын башында Жаныш Какиев, жардамчысы Борудай Жакыпов, Молдалы Шоруков жетекчи болушуп, жергиликтүү башкаруучулардан тизмени алып жок кылган жана малды айдап бийик тоолуу Сары-Дөбө тоосуна чыгып кетишет. Ал эми жазалоочу отряд артынан бара алган эмес, алар айласыздан тамак-ашы түгөнүп, кышында гана түшүп келген,-деп жазат Б.Ураимов [194, 114-б].. Аларды жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү өз кызыкчылыктары үчүн айып төлөтүп, мал мүлкүн тартып алуу менен чектелген.

Түштүк кыргыз жеринин аймагындагы элдик көтөрүлүш негизинен бир аз чачкын күрөшүү менен гана чектелип, жеңилген. Бул аймактан оорук жумуштарына кедейлердин балдары оорук жумуштарына алынган. Элдик жашыруун жыйындарда, Кетмен-Төбөлүк кыргыздар Чүйдөгү боордош туугандарына чабармандарын жөнөтүшкөн.

Ошентип, улуттук боштондук көтөрүлүш эл тарабынан ачык да, жашыруун да наразылыктары курчуй берген. Түштүк кыргыз жеринде Араванда, Алайда, Аксыда элдин наразылыгы азаттыкка умтулуунун, этносаясий сезимдеринин бышып жетилгендигин жана этнократтардын кыргыз мамлкетин түзүүгө аракеттер болгонун элдик ырлар тастыктайт.

Чүйдөгү элдик жашыруун курултай. 1916-жылы падышанын буйругунан кийин, эл арасындагы жакшылар жашыруун курултайга жыйналган. Каркыра курултайын казак-кыргыздар [304, 305-б.] 15 чакырым алыста жайгашкан Каман-Карагайды деген жерде өткөргөн баш ийбөө чечимин кабыл алышкан. Эл билемандары эл менен бирдикте болгон, бу тууралуу элдик ырда: *Балдарынын Шабдандын / «Бербейли деп салдатын» / Бугуга айткан кеби бар / Салам айтып кат жазып / Тил жиберген жери бар,* -деп ырдалат.

Шабдан баатырдын уулу Мөкүш орус империясынын 1916-жылдагы буйругуна каршы чыгып, алгачкылардан болуп эл менен бирдикте көтөрүлүшкө чыккан. Чүйдө жашыруун жыйын Токмокто уйгур Турдакун Алмасбековдун үйүндө болот. Жыйынга кыргыздын алгачкы тарыхчысы «Чар Осмонаалы» - Осмонаалы Сыдыков (Кыдыков) катышкан деген пикирди элдик маалыматтын негизинде Р. Жолдошов жазат [267], ошондой эле алар тымызын тез-тез маалымат алып турушкан. Мисалы Шабдандын уулу Исамидин Нарындагы Касымаалыга чабарманын жиберген.

Ал эми хан Мөкүштүн жетекчилигинде 600 жигити менен куралдуу орус падышалык аскерине каршы күрөшкөн, жамгырдай жааган окко туруштук беришкен. Бирок маалыматтарга караганда, 100дөн ашык адам курман болгон. Ошондой оор кырдаалда элди, орус аскеринен коргоп калган.  Ушул жерде айта кетүү керек Кеминдеги азаттык кыймылынын жетекчилери бири Султан Далбаев жана эл тарабынан шайланган хан Шабданов Мөкүш [71, 157-б.] чогулган эле кайрылып «Ыйык өлүм үчүн, чечим кабыл алабыз!», - деп сүйлөгөн. Ал эми Белек Солтоноев: «Ушинтип жашаганча, келгин орустарды Ташкентке чейин кубалайбыз», -деп кайрылганда, эл колдоого алган. Алардын колунда желеги, 500 даана мылтыгы, 550 огу болгон [71,157-б].

Оторчулар менен келгин орустар менен калктын карама-каршылыктары курчуй баштаган. Түндүктө жашаган кыргыздар 6-11- август күндөрү бир убакта, бир мезгилде орус оторчуларына каршы чыгышкан. Кыргыздар кадыр-барктуу адамдарды «хан» шайлашып, оторчуларга каршы күрөшкөн. Ал эми кыргыздар Р. Жолдошов жазгандай: «1916-жылдагы эл шайлаган хандар» көтөрүлүштүн жетекчи кол башчылары гана болушкан», - деген оюн айтат. Чындыгында айткан пикири тура, бирок «хан» титулу кыргыз үчүн кол башчы да, эл башчы да катары кабыл алынат. Бул окуя жөнүндө тарыхчы Б.Солтоноев да Шабдандын уулдары түн жамынып, көлдүк кандаш туугандары бугу уруусуна өзүнүн чабарманын

жөнөткөнүн, бай-манаптардын көбү көтөрүлүш чыгарууга ыктыяр болду деп жазган [186, 95-б.].

Бирок кээ бир маалыматтарда: Атаке болуштугунан жаштардын ичинен Алымкул Табалдин [71, 156-б.] «Согушка барганча / согушуп жатып өлөбүз»,-деген. Султан Далбаев жана анын колдоочулары Шабдандын уулдары экендигин кабарлайт [267]. Тарыхчы Р. Жолдошов расмий «хан» шайлангандардын саны жети болгон деп жазат:1) Keминде - Мөкүш Шабдан уулу, 2) Кочкордун күн батышы жана Токмокто - Канат Ыбыке уулу 3) Кочкордун күн чыгышында - Тезекбай Түлкү уулу 4) Жумгалдын чыгышында - Көкүмбай Чыны уулу 5) Нарындын түндүк аймагында - Байзак Мырза уулу 6) Ысык-Көлдүн тескейинде - Баатыркан Райымбеков 7) Ысык-Көлдүн күнгөйүндө - Баатыркан Ногоев. Булардын баары азаттыка чыгуу үчүн күрөштүн кол башчылары жана жол башчылары болушкан. Ошондой эле тынымсейит уругу менен сарыбагыш уруктары хан шайлаган- Тезекбай Түлкү уулу менен Көкүмбай Чыны уулу тууралуу алгач ирет малыматтар айтылып жазылууда.

Алар менен катар эле Нарындын батышында Касымаалы ажы Мамбетов жана Тогуз-Тородон Чолук Курманкожо уулу да хан шайланган. Деги эле кыргыз элинин 1916-жылдагы каршылыктары элдин биригип, Чүй, Ысык-Көл, Кочкор аймактарында хан шайлоосу – элдин мындай чекиндүү аракеттерин, колониалдык бийликтен кутулуу, азаттыкка чыгуу, кыргыз элин сактап калуу жана кыргыз мамлекетүүлүгүн түзүү аракеттери катары сыпаттоо керек. Бул азаттык күрөштү Т. Шейшеканов белгилегендей: кыргыздын белгилүү бай манаптары, диний адамдары ж.б. социалдык топтору кыргыз этносун, орус падышалыгынын тукум курут саясатынан кантип сактап калабыз деген проблеманын үстүндө аракет кылышып, көтөрүлүшкө түздөн-түз катышкан, колбашчы, жолбашчы болушкан [127, 98-б ]. Демек, кыргыздын эл башчылары азаттык үчүн күрөштө, ар дайым эл менен бирге оторчуларга каршы турганын далилдей алышты.

Кыргыз менен казактын оторчуларга каршы биргелешкен аракеттери. Анын бир далили катары казак боордоштор Бекболот Ашекеев, Серикбай Аманжоловду Шабдандын элинен кабар алып келсин жибергенин айтсак болот. Буга чейин эле казак-кыргыздар Шабдандын 11 баптан турган петиция-сын жана Б.Сыртаковдун 28 баптан турган петициясын орус бийлигине жөнөтүүнү көздөшкөн [97, 259-б.].

Ушул сыяктуу окуядан соң орус оторчу бийлиги Шабдандын уулу Мөкүштү жалган жалаа менен камакка алат. Ал эми Самүдүн болсо кызматынан алынат. 1912-жылы Шабдандын ашынан түшкөн 200 миң сомдун 3 миңин Б. Сыртаковго, 2 миңин Э. Аблайхановго жол кире кылып эки канатташ элдин петициясын бириктирип, орус бийлигине жеткирүүнү ишке ашырышат [97, 259-б.]. Эл арасында ага чейин эле көтөрүлүшкө же бери эле дегенде талаптар менен чыгуу керек экенин калк арасында казактын жана кыргыз акындарынын ырлары, айрыкча М. Дулатовдун «Ойгон казагым» деген ырын таратышкан. Ошондуктан эл арасында төмөндөгүдөй ыр саптары сакталып, ырдалган [Эркин Тоо. 29.09.2006]: *Мандикер сурап Ак пааша / Кыргызга түштү мүшкүлү / Бул не алаамат, не балаа / Көрөр белек бул күндү / Орус чыкты качырып / Аскерге элди жыйдырып / Орус чыкты шаштырып / Аскерге элди жаздырып.*

Ал эми кыргыз эли Ак пааша [299], – деп орус падышасын аташкан. Бул буйруктан соң жер-жерлерде манаптар, бий, болуштар мендикерге деп элден ачык эле жаап-жашырып, алдоо менен оорук жумуштарына тизме даярдашкан.

Кээ бири эл тарабында болушкан. Нарындын Онарча болуштугунун тургуну Борсунбаевдин айтуусуна караганда, көтөрүлүшкө 12 болуштук катышкан, Онарча, Ажы, Субан, Шатен, Шаркыратма, Эсенгул (Атбашы), Чештөбө, Жоонарык, Боркучу, Ниязбек сыяктуу болуштуктар катышкан [97, 259-б.]. Жалаң кедейлердин балдары мендикерге барган, ушундай эле көрүнүштү башынан кечирген Таластын Покровка районунун тургуну Турдалиев башынан өткөргөн. «Баары болуп кедейлерден 300 адам чогул-

дук, аларга эл 300 сомдон акча, кийим камдашты, анын арасында мен да бар элем деп кабарлайт [97, 244-б.]. Козголоң чыгаргандарды бий, болуштар жазалаган. Алым жыйноо күчөгөн, ошондуктан кыргыздардын турмушу күн санап оорлогон. Кыргыздар Кытайга контрабанда жолу менен апийимдин ар бир фунтун 100 сомдон сатып, орус бийлигине 50 сомун төгүп туруууга мажбур болгонун тарыхчы А.Ш. Махаева баса белгилейт [269, 135-б]. Казак менен кыргыздар көтөрүлүш болор алдында бири-бирине бардык кабарды жеткирип турушкан. Мисалы, 5-августта Абды Ажы деген казак аркылуу кыргыздарга кабар берилген, ал кабар Боронбай Сазан уулуна жеткенде, көтөрүлүшкө даяр турган Чүй боорундагы кыргыздар жана Атаке-Сарыбагышта жана Кочкордо жашаган кыргыздар колдоп кетишкен.

Канат Ыбыке уулунун хан шайланышы жана анын аракеттери: «Канат хандын Байдалы деген иниси билимдүү болгондуктан Орустар көп, алар менен урушуп, бөөдө өлүмгө учурабагыла, токтоткула десе Канат хан орусча окугандар коркок болушат, - деп укпай коёт. Чүй, Кемин, Жумгал, Кетмен-Төбө тараптка Шамейдин уулу Борончуну чаптырат [28]. Аны Бөрүбайдын сеңиринде дагы бир жолу хан шайлашат. Канат Ыбыке уулунун колуна ага Кочкордогу манаптар Надирбек, Көбөгөн, Сарыбай, Жумгалдык манаптар Курман, Көкүнбай, Мырзабектер кошулат [28]. Канат ханга Пишпек уездинин Жаныш болуштугунун казактары да кошулуп аракеттенген. Көтөрүлүшчүлөр бири-бирине белгилүү болсун деп бирдей кийим же белгилүү болсун деп ак же көк, кызыл чүпүрөктү баштарына ар бир уруунун адамы байлашкан. Канат хан баштаган азаттыкка чыгууну каалагандар, оторчулар менен катуу кармашат. Бир топ ийгиликтерге жеткен менен тишине чейин куралданган оторчулардан жеңилет. Кийин Канат ханды манап Исхак Курманов оторчуларга кармап берген. Канат хан Верныйдагы абакта суракта[71,144-б]: «Менин кызыл желегим болгон, бизде бардыгы 24 желек бар болгон», - деп сыймыктануу менен сотто жооп берген. Нарындын Улаколундагы Актеректе оторчулар тарабынан дарга

асылган. Азаттыкка умтулган кыргыздар туу көтөрүп күрөшкөн. Кыргыздардын асабасы тууралуу А.К. Гейнс[77, 72-б]: Ар бир уруунун өзүнчө түстөгү желеги болгон. Ар бир уруунун мүчөсү алыс жерде жүрсө да ал желектин түсүн жанында алып жүргөн. Ошондой туунун бири - чапыраштı уруусунун карышкырдын башы тартылган туу бөрүлүү байрагы жөнүндө Сүйүнбай акындын [270]: *Бөрүлүү байрак алдында / Туу түшүрүп жоо алган / Казыбек, Каштек атабыз / Бөрүлүү байрак көтөрүп / Жокту жонуп табабыз,* - деген ыр саптары бул эркиндикти эңсеген элдин ата-бабалардан калган ыйык байракка кыршкырдын сүрөтүнүн берилиши, кыргыздардын тотеми бөрү –карышкыр экенин жана да карышкырдай азаттыкты талап кылган, өжөр, тайманбай, азаттыкка умтулушкандыктан асабага карышкырдын сүрөтү түшүрүлгөн. Тарыхчы А. Махаеванын [269,155-б] маалыматына караганда, кыргыз эли да 28ден ашык туу көтөрүп чыгышкан экен. Туу-кыргыз эносаясатынын жана мамлекеттүүлүгүнүн бир формасы болуп эсептелет.

Ошентип, оторчу бийлик Кыргыз элин жазалоо максатында, орус келгиндеринин аскерлери күн мурунтан даярданып келгенин эл арасында [271]: *Бий болуштун баласы / Бул согуштан калабы / Бечарага түн түштү / Бий, болуш баласы калабы? / Кан согушка барабы? / Качан болот кыргызда / Ак падыша адилет / Падышанын буйругу / Тилгирим келди крайга / Кыргызды карай ок атып / Солдаттар келди бир айда,* - деп айтылып жүрөт.

Мисалы, Куропаткин козголоңчуларды басууга 35 рота, 24 казак орус жүздүгү, 240 атчан чалгынчы, 16 замбирек, 17 пулемет жетиштүү болорун билдирген [283]. Деги эле көтөрүлүш алдында келгиндердин 43 пайызы куралданган эле. Ырда баяндалгандай, падышанын буйругун болуштар бурмалап, балдарын согуштан алып калган, нааразы болгон элге падышанын куралдуу жазалоочу аскерлери келгенин да ырда так баяндоодо.

Натыйжада, көтөрүлүш июлдун башында башталып, август айларында күчөгөн. Ошол учурдагы кагылышуулардан бир топ чоң кыйроолор болгонун элдик ырды Касымбеков Байсултандын айтуусунда [302]: *Карыптын баласы калабы / Кан согушка барабы / Качан болот кыргызда / Ак падыша адилет,* - деген ыр саптары менен катар эле, азаттыкка умтулган элдин оор абалын элдик ырда [250, 194-б.]: *Аркасынан отряд / Кан агызды кырып сел / Беш атар атып үн чыкты / Замбирек үнү куп чыкты / Кара наадан кыргызга / Ал деле кара түн чыкты / Миңден-миңден кой калды / Кой айдаган бой калды / Карды салык бий калды / Кашаң баскан төө калды / Катындардан жөө калды / Сойлотту солдат көп жанды / Көч жүрө албай буйдалды / Жасалга менен үй калды / Киндик кесип кир жууган / Асыл кайран Чүй калды,* - деп ырда баяндалгандай эл оторчулардын куралдуу армиясына туруштук бералбай, азаттыкка умтулган эл, айласыздан жан сактоо үчүн мал - мүлкүн таштап качкан. Ошол эле учурда Каракол уездинин Чааркудук деген айылында туз алганы барган 33 кишини (арык тукуму) Пасковдун аскери отуз бирин өлтүрүп, экөөн Кара-Колго алып келген. Анын бири атактуу манасчы Саякбай Каралаев болгон [199, 127-б.]. Демек, теңири Манастын руху өзү колдоп улуу манасчы С. Каралаев аман калган.

Мындай окуялардын бири Ак-Суу айылында Грибановскийдин күчтөрү 500гө жакын кыргызды алдап, Кербен сарайына киргизип алып, аларды айры, таяк, таш менен кыйнап өлтүргөнүн, калганын Эмен багында музыканын коштоосунда өлтүрүшкөнүн Осмон Ибраимов эскерет, [Кыргызстан Маданияты. 6-июль,1989]. Ушундай эле жол менен Луговой айылында орустар кыргыздарды шылдыңдап, камчы, таяк менен ургулашып, чала жан кылып, суу боюндагы жарга түртүп жиберип өлтүрүшкөн. Мындай ырайымсыз Падышалык бийликтин саясаты туралуу Т. Шейшеканов [218, 126-б]. «Падыша өкмөтү колониялардан ажырап калуусу мүмкүн экендигин сезип, көтөрүлүшчүлөргө

каршы варвардык методдорду, тукум-курут саясатын иштеп чыккан», - деп белгилеген.

Ошондуктан оторчулардын келгин орус дыйкандары жана жазалоочу аскерлер менен биригип алып, кыргыз элин курал менен аёосуз жазалаган, кырган. Айласы куруган эл ар тарапка качкан. Ал эми кыргыз калкынын негизги тилеги падышалык колониялык бийликтен кутулуу жана эгемендигин камсыздоо болгон. Элдин арзуу тилеги, азаттыкка умтулуусу кырылуу, кыйроо, качуу менен коштолуп жеңилген. Учурдан пайдаланган оторчулар тишине чейин куралданган орус казактары куралсыз элди, күч менен тоо тарапка сүрүп салганын төмөндөгү ыр саптары ырастап турат: *Замбирегин сүйрөтүп / Ар кайсы жерге бир түнөп / Пулемет үнүн укканда / Биз качтык тоого дүркүрөп / Тобуңа кыстоо келгенде / Тоого качпай нетесиң / Томолото атышып / Тоздурду элдин чекесин* [Эркин Тоо. 10.10.2006]

Чындыгында көтөрүлүш учурунда орустардын жазалоочу аскери замбирек, пулемет менен куралсыз элди атышкан. Оторчулардын жазалоочу аскерлери казактын ботбай уруусуна караштуу 3 айылын түгөлү менен кырып салган. Ал эми кыргыздын Ордон, Рыспай, Такиш сыяктуу чакан уруктарын кырып салышкан. Ыр саптары тарыхый чындыкты баяндоодо, анткени фольклор да искусство сыяктуу тарыхтын чындыгынан жаралат, - дейт В.Я. Пропп [165, 56-б.]. Чүй аймагындагы казактардын башында Тилепберген Сарманбетов, мурдагы болуш Мусапыр Кожомбердиев, Тилеке Телибаев жана Сарманбек Эстимбетовдор болушкан. Токмоктогу кыргыздар көтөрүлүшкө чыкканда аларга казак жана кыргыздар кошулуп баары 5 миңге жеткен. Аларга Кара-Колдук кыргыздарга атайын кат жөнөтүү менен бирге эле 60 төө курал-жарак жиберишкенин билдиришет. Кыргыздар орус келгиндери басып алган жерлерди кайтарып алууга аракеттенишкен. Бирок күчтөр тең келбегендиктен, азаттыктын канаты жана ишеними Канат Ыбыке уулу колго түшүрүлүп, Алма-Атада камакта кайтыш болгон.

Азаттыктын символу -Ыбырайым Төлө уулу. Бул инсан туралуу элдик маалыматтарга караганда Ыбырайым Төлө уулу-бул кадимки Жантайдын небереси болгон. Төлө ажы Шабдандын бир тууганы болгон деп жазат Р. Жолдошов [267]. Анын эрдиги туралуу элдик ырда: *Каршы туруп атышып / Кайран Мөкүш сактады / Ыбырайым, Мөкүш болбосо / Кыйратат эле ал кезде / Катын менен баланы / Ыйлатат эле ал кезде / Мылтык менен жыга атып / Кыргыздан мал калган жок / Көрдүк далай Кызыл чок / Орустун малын союп жеп / Карыныбыз болду ток,* - деп айтылат.

Ыбырайым оторчулардын тишине чейин куралданган аскерин Кетмалдыда 30 миң ок дарысы, 170 куралы менен бараткан арабасын колго түшүрүп, андан соң 100 чамалуу орус аскери, 40 жигит менен Көкжондо 360 чамалуу элди коргоп согушканын Б.Солтоноев жазган [186, 159-160-б.]. Ал эми маалыматтарда [71, 366-б.] Шабдандын уулу Мөкүш тарабынан 178 мылтык, 35миң ок тартып алынган. Бул окуяга хан катары Шабдандын уулу Мөкүш катышкан. Орустар аргасыздан чегинишет, бир жоокердин чөнтөгүнөн Фольбаумдун: «Көтөрүлүш чыгарган кыргыздарды аябагыла, аларга кечирим жок», - деген жазуу табып алышат. Анын мындай эрдиги элдин тарыхый эстутумунда кыттай сакталып ырга айланып эл оозунда сакталган. Мындай тайманбай эрдик көрсөткөн Ыбырайым Төлө сыяктуу инсандар азаттыктын символуу болуп эсептелет.

Ысык-Көлдөгү азаттык үчүн күрөштөр. Ысык-Көлдөгү көтөрүлүштү негизинен 32 болуштун башчылары, анын ичинен «хан шайланган» Баатыркан Ногоев сыяктуулар эл башында турушкан, ал туралуу Иманалы Жангазы уулунун ырында [26]*: «Батыркан деген хан болду / Талаанын бары чаң болду / Тарсылдатып атышып / Урушкан жери кан болду»,* – дейт. Алар падышанын колониалык бийлигине жана жазалоочу аскерлерине каршы күрөшкөн. Оторчулар аргасыздан чегинишет, бир жоокеринин чөнтөгүнөн жандаралы Фольбаумдун: «Көтөрүлүш чыгарган кыргыздарды аябагыла, аларга кечирим жок» деген колу коюлган буйрук бар экен [186, 160-162-б.]. Бул окуянын себептерин К. Карасай уулунун айтуусуна

караганда алар: «Биз Отрадный кыштагына чабуул койдук. Анткени, башында ал жер биздики болуп, кийин украиналыктар кыштак салып алышкан», - деп эскерет [186, 162-б]. Чындыгында кыргыздардын жерин басып алышып, орус казактар кыштактарды куруп алышканы чындык, ошондуктан кыргыздар ата-бабасынан калган жерди кайрадан ээлик кылууга аракеттенген. Кырдаал татаалдашып кеткендиктен, айрым кыргыздын Кыдыр аке, Сооронбай Дүр сыяктуу инсандарыбыз, орус бийлиги менен сүйлөшүп, элди аман сактап калган. Ал туралуу элдик ырда [250,193-194-б]: *Чоң болуптур Дүр манап / Отряд алып миң санап / Уезд менен Чочкобай (учуастковой) / Кол баштады бек каалап / Көрүп калды кыйын кеп / Пилумут менен замбирек / Пишпектен чыгып Токмокко / Бир күндө келди отряд / Кара кыргыз калың эл / Көрүп калды кыйын кеп / Арабасын сүйрөтүп / Калдыр-кулдур сүйрөшүп / Казак-орус шаң менен / Аргымагын үйрөтүп / Кайнак баатыр Дүр болду / Кылган иши оң болду / Чүйгө келген отряд / Так беш алты миң болду / Чоңкемин көздөй жер толду / Унаасы жок жардылар / Колго түшүп кор болду / Оюп казып жатышты / Замбирек коюп атышты / Такаат кылып туралбай / Жалпы аламан качышты*, - деп ырдалат.

Ал эми орус аскерлеринин жалпы санын ырда беш-алты миң деп айтылса, чындыгында Жети-Суу аймагына 6530 орус аскери келген [146, 288-б.]. Падышанын жазалоочу аскерлери Ак-Суудагы көтөрүлүшчүлөрдү ырайымсыздык менен жазалаган. Бир түндө эле 30 адам аба жетпей өлгөн. 12-августта аларды эшикке алып чыгып, эң алдын баатыр Эгемберди Сарыковдун колун, бутун кесип салышкан, ал баатырларча курман болгон. Камалгандардын 167синин ичинен 13 качып кутулган. Ал эми 154 көтөрүлүшчүнү, оторчулардын жазалоочу аскерлери кыйнап өлтүргөн.

Азаттыктын азабын тарткан качкын кыргыздар. Улуттук-боштондук көтөрүлүштө куралсыз жеңилген 70 миңдей кыргыз качкындары Ысык-Көлдүн түштүк аймагынан, аларга Кемин, Ак-Суу оазистеринин эли да кошулуп, Кытай тарапты көздөй качкан. Маалыматтарга караганда 164

миң качкын, анын ичинен 130 миңден ашыгы кыргыздар болушкан. Өтө бийик тоолор, капчыгайлар аркылуу качышкан, элдин 10 пайыз жылкысы, 25 пайыз койлору калган, көпчүлүгү жазалоочу отряддын колунда калган [196,79-б].

Оторчулар Пишпек уездинин кыргыздарынан [17] 826 жууркан, 50 жаздык, 251улуттук кап, 263 улуттук чепкен, 183 аркан, 96 килем, 8 кийим тигүүчү машина, 141 тон, 29 кийиз чепкен,13 пуд буудай жана 27 миң рубль тартып алынган. Элдин абалы өтө оорлошкон, орус падышалыгы эч кандай колдоо көрсөткөн эмес. Бул окуя тууралуу Ы. Шайбеков [199,126-б]: *Бир жүз сомдун аттарын / Сээрге сатты, кайран эл / Алган сээрин бир конгон / Жерге сатты, кайран эл / Ала кийиз, төшөк жок / Жерге жатты кайран эл,* – деп жазат.

Кырдаалдын курчуп кеткенин байкаган элдин уулу Дүр Сооронбай уулу, Кыдыр аке сыяктуу инсандар падышанын куралдуу аскерлеринен 400-500 түтүн элди сактап калган учурлар кездешет. Бирок Кыргыз элинин көпчүлүгү жазалоочу аскерлердин кыргынынан кутула алган эмес. Бедел, Иштыксай, Кашкасуу ашууларында сөөктөрү көмүлбөй калып кетти. 2007-жылы гана алардын сөөктөрү жерге берилди. Кытайга Жети-Суу аймагынан 332 миң кыргыз качып барган. Алар өтө оор турмушту, кордукту, кемсинтүүнү көргөн. Алар өзүнүн кара жанын гана ойлоп калганын жогорудагы маалымат да айкын мисал болуп берет. Ошол эле кезде ал жактагы оор турмуш, кээ бири өз элине, журтуна арамдык ойлогон Күчүк деген бай тууралуу акын Алдаш Молдо [250, 193-б.]: *Сен, убара Күчүк болбогун / Биз орустун элибиз / Жетисуу биздин жерибиз / Кесир тийип германдын / Убара тартып уруштан / Николай тактан кыйшайды,*- деп акын биринчи дүйнөлүк согуш-тун күнөөкөрү катары герман мамлекетин жана Күчүк деген саткынды айыптоо менен германдыктарды да айыптаган. Мына ушундай биринчи алааматтык согуш гана бизди ушундай азапка салды. Биздин жер, эл кыргыз жери Ала-Тоо ээн калды, оруска эл болдук, эртели

кеч кетебиз, Орус падышасы Николай тактан кулаптыр, - деп акын Алдаш Молдо ырдаган экен.

Азаттыкка умтулган кыргыздар келгиндерге каршылык кылуу менен бирге эле, колго түшкөн орус туткундарын, маселен, туткун Прасковья Мячинага кыргыз кедейи Кыдыралы, аялына жакшы мамиле жасоо керек дегенин өзү эскерип айткан [196, 288-289-б.]. Демек, кыргыздар орус туткундарына аяр, айкөлдүк мамиле жасаганын ушундан эле байкасак болот. Көтөрүлүш жеңилгенден кийин да орус жазалоочулары манап Исхак Курманов, Канат хандын уулу Ысак жана аны менен бирге бир нече адамды Нарындын Ула-Кол деген жериндеги Ак-Теректе дарга асышкан [196, 292-б]. Ошентип, Ата Журт үчүн күрөшкөн азаматтардын тагдыры кейиштүү аяктаган. Канчалаган азаматтардын, ата-бабаларыбыздын сөөгү көмүлбөй тоо-таштын арасында калып кетти. Бул биздин эл үчүн эң чоң трагедия болду. Кыргыздардын урпактары эркиндиктин баркын, элдин келечеги үчүн күрөшкөн ата-бабалардан үйрөнүшү зарыл.

Натыйжада, 1916-жылдагы улуттук боштондук көтөрүлүшүндө 200 миңге жакын кыргыздар ата журтунун эркиндиги үчүн курман болгон, башкача айтканда Түндүк Кыргызстандын калкы 41,4% га азайган [145, 290-б]. Орус оторчуларынын бийлиги кыргыздарды кырып жоюу сасятын ишке ашырган, алар кыргыздарды тоо тарапка сүрүү жана резервацияга алуу пландарын ишке ашырууга аракеттенген. Кыргыздын эл жакшылары эл менен бирдикте болушкан жана ар дайым азаттыктын туусун бийик кармашкан.

Чыккынчылар оторчулар тарабынан сыйлык алышкан, аларга: Булар тууралуу элдик ырда [250,192-б]: *Акылың болсо ойлогун / Ата журтуң элиңе / Арамдык кылсаң оңбойсуң / Артыңды байкап болжогун*, - деп ырдаган экен Алдаш Молдо. Эл азаттыгын эсине албаган тарыхтагы саткындар Нарындын Куланагынан саяк манабы Калпа Келдибек, Ак-Талаалык чоро саягынан Касымбек Баатаев, Кудайберген Ырайымбеков азаттыкка чыккандарды басууда орус аскерлерине жардам берген. Курман Лепес уулу

азаттык чыгуу аракеттенгендердин абалы тууралуу оторчуларга кабарлап турган.

Чыккынчыларды орус оторчулары сыйлык менен сыйлаган алардын жалпы саны он болгон. Казы Чокин - Владимир тасмасындагы чон күмүш медал менен сыйланган. Касен Каныбеков - Анна тасмасындагы чон күмүш медал менен сыйланган, Иткара Ырысбеков - Станислав тасмасындагы кичи күмүш медал менен сыйланган. Осмон Данаев сый халат менен, Исхак Курманов - Владимир тасмасындагы таза күмүш медал менен сыйланган, Курман Лепесов - Владимир тасмасындагы чон күмүш медал менен сыйланган, Султангазы Касымбеков - Владимир тасмасындагы чон күмүш медал менен сыйланган. Зарбат Байзаков -Анна тасмасындагы чон күмүш медал менен сыйланган. Демек, азаттыкка умтулган элдин ички душмандарын тарых эч качан унутбайт. Ошентип, кыргыз эли азаттыкка умутулду. Натыйжада, кыргыздар азаттыка умтулуп эл жакшыларын «хан шайлоосу», 28 туусу кыргыз мамлекетин кайра жандандыруунун бир формасы катары кароо керек. Алар, мамлекеттүүлүк, жер, элдин биримдиги үчүн күрөш жүргүзгөн. Эл жакшыларын үч топко бөлсөк болот.

1-топ: мекенчилдер: Ыбырайым Төлө уулу, Батырхан Ногоев, Канат Абукин, Мөкүш Шабдан уулу, Таласбай Алыбаев сыяктуу инсандар ат журтун, элин, жерин сыйлаган мекенчил инсандар экендигин элдик оозеки жана тарыхый булактар да ырастады.

2-топ: азаттык үчүн күрөштө бейтараптыкты карманган инсандар: Ысык-Көлдөн Түргөн болуштугу - Кыдыр Байсары уулу, Токмоктон Дүр Сооронбаев, солто манабы Чолпонкул Тынаалы уулу, Нарындан Эсенгул Байгазиев, Жумгалдан Түркмөн Сарыпбек уулу, Биялы Максым уулу, Мырзабек Дыйканбаев орус оторчулары менен тил табышкан.

3-топтогу манаптар-булар жеке кызыкчылыгын ойлоп, оторчуларга азык оокат менен жардам берген.

Ошентип, 1916-жылдагы көтөрүлүш 20-кылымдын башындагы кыргыз элинин басып өткөн тарыхындагы эң белгилүү жана кайгылуу боштондукка чыгууга аракеттенген «Улуу күрөш» болду. Бул азаттык күрөш 1873-1876-жылдардагы жана 1898-жылдагы көтөрүлүштүн 1916-жылдагы жаңы мазмундагы формасы, мекенчил «кыргыздардын Улуу» эркиндик күрөшү катары эсептелет. Алар жердин, элдин эркиндигинин, улуулугун даңазалашты жана азаттыкка көнгөн элдин улуттук рухунун пассионардуулугун тарыхта калтырды.

Жыйынтыктасак, Орус оторчулары XIX кылымдын экинчи жарымынан-XX кылымдын башында кыргыз жерлерин ыктыярдуу жана куралдуу басып алгандыгына каршы азаттык үчүн Осмон датканын, Үмөтаалынын азаттыкка умтулуусу, ошондой эле 1873-1876-жылдардагы кыргыз элинин оторчуларга каршы кыргыз кокон хандыгын тикелөө максатында элдин азаттык күрөштөрүндө Исхак Асан уулунун, Полотбек Токтогул уулунун, Мамыр Мерген, Момун Шамырза уулунун азаттыккаумтулуусу, азаттыктын кыргыз жолун баштап чыккандыгын, кыргыз эли идентүүлүгүн сактап калууга умтулушканын тарыхый булактар жана элдик оозеки чыгармаларда да тасын баяндалганын ырастадык.

Натыйжада кыргыз эли азаттыкка умтулууунун биринчи этабы Теңир-Тоолук кыргыздардын 1860-1868-жылдардагы күрөшү болгон болсо, ал эми азаттыкка умтулуунун экинчи баскычы 1873-1876-жылдары ишке ашкан. Ошондой эле азаттыкка умтулуунун үчүнчү мезгили 1898-жылдарга «Анжиян кыргыздарынын» азаттыкка умтулуусу катары тарыхый аренадан орун алган, ал эми азаттыкка умутулуусу «1916-жылдагы азаттыктын улуу күрөшү» катары элдик маалыматтар, тарыхый маалыматтар да ырастады.

Ошентип, кыргыз элинин азаттыкка умтулуусун кыргыз элинин «азаттык күрөшүнүн кыргыз ыкмасы» деп атасак тарыхый, этносаясий жактан туура болот деп эсептейбиз. Анткени кыргыз эли ар дайым азат-

тыкты жогору койгон эл экендигин тарыхый аренада толук тастыктай алды.

## КОРУТУНДУ

Падышалык оторлук бийлик Фергана аймагындагы жашаган кыргыздарды, алардын жерлерин, элин салтына, динине карабастан куралдын күчү менен басып алды.  Анжиан, Аксы, Алай аймагындагы кыргыздар азаттык үчүн каршылык көрсөтүштү, аймактагы жашаган кыргыздар орус падышачылыгынын баскынчыл саясатына каршы жана адилеттүү хан бийлигин орнотууга белсенип киришти. Кыргыздар Кокон-Кыргыз хандыгында бийликтин монархиялык мураскорлук эрежесине түбөлүккө каршы чыгуу идеясын, Орто Азия чөлкөмүндө алгачкылардан жар салып, баштап чыкты.

Орус падышасынын бийлигинин адилетсиздигин, баскынчылыгына каршы туруудa кокон  хандыгында кыргыздар саясий максаттарды, саясий идентүүлүктү сактап калууну көздөп, этносаясатын ишке ашырышкан. Азаттыктын башында этнократтар  Алымбек датка, Алымкул аталык, Исхак Асанбий уулу, Полотбек Токтогул уулу жана Мамыр Мерген сыяктуулардын эркиндик, ата журттун келечеги үчүн душманга каршы турганын элдик ырлар жана тарыхый булактар да тастыктады.

Ошол эле учурда биз чийеленишкен тарыхый инсандардын ысымдарын тактоого аракеттендик. Мисалы: эки Момун болгон, бири курамалык Абдымомун, Абдымомун- бул инсан  санжыра боюнча кытай уруусунан болгон, атасынын көзү өткөндөн кийин, таякелерине кеткен, ошол жакта тарбияланган деген көз караш бар, экинчиси, багыш уруусунан Момун Шамурзак уулу, Момун датканын небереси, ошондой Исхак Асан бий уулу Аксыда 1873-жылы  хан шайланган, экинчи Полот бек Токтогул уулу өз ысымы менен Анжияндын Ботокарада (Ботокара- кыргыздын саяк уруусунун Асакара жана Ботокара деген аталаш эки уруусу байыртан жашап келген) элдик курултайдан негизинде  хан шайланган. Курултай кыргыз элинин өз алдынчалуулугун жана идентүүлүгүн жана этносаясий биримдигин сактап калган таяныч болуп саналат.

Ошол эле кезде Курманжан датка жана анын уулу Абдылдабек сыяктуулар  кыргыз элинде  бирдиктүү эл, мамлекет болуу идеясын

жаратып кетишти. Булар азаттык үчүн кокон кыргыз мамлекетин сактап калууга жана азаттык, этносаясий өз алдынчалуулук үчүн күрөштү жана падышалык бийликти аргысыздан тааныганын фольклордук, тарыхый булактар да тастыктап берди.

Ал эми Орусия падышалыгына кошулуу менен кыргыз жериндеги турмуштук өзгөрүүлөр башталды, малды сатыкка чыгарылды, базарлар негизделди, акча-тыйын соодада колдонду, базарда атайын кредиттик мекемелер, Столыпиндик агрардык саясат толугу менен иштей баштады.

Элдин турмуш шарты жогорулады. Айрыкча эгиндин арзандашы, жерди иштетүүдө беде, кызылча, картошка, буудай өстүрүү, багбанчылык кыргыз элинде жолго салынды. Мал чарбачылыкта асыл тукумдуу уйлар, жылкылар пайда болгонун М. Носковдун 1908-1913-жылдары жазган маалыматтары, фотодокументтери ырастайт [тиркемеде сүрөттөрү]. Бул ойлорубузду акын Молдо Кылычтын ырында: *Кызыл-Суу менен Шамшыны/ Эгин жайы кылганы/.Отор барган жылкыдай/ орустардын уйлары/. Өгүздөрү дөбөдөй/*,-деп ырдаган ырлары тарыхый жактан так баяндалганын жогорудагы фотоматериалдар да ырастайт.

Ошентип, келгиндердин келиши менен кыргыз элинин жашоо турмушунда бир топ алга жылуулар башталды. Бирок падышалык оторчулар келгиндердин гана жашоосуна дыкат көңүл бөлгөнүн фольклордук маалыматтар менен бирге тарыхый булактар да ар тараптуу далилдей алганын белгиледик.

Орус падышачылыгынын администрациясы менен биргеликте жергиликтүү башкаруучулар болуштар, казылар, бийлер элди эриш–аркак башкарышты. Бирок алардын элден кошумча салыктарды алуусу, “чыгым” , “мал кесим” деген айыптар, салыктар акырындап күчөдү. Мындай аракеттер карапайым элдин наараазылыгын пайда кылды. Орусиянын басып алуучулук саясатынан улам элден падышалык бийлик салыктарды, манаптар болсо кошумча салыктарды алганын, эл жайыттарынан, жакшы

айдоо жерлеринен айрылды жана келгиндер кыргыз жерлерин ээлеп алды. Элдин нааразылыгы курчуп жатты.

Орусташтыруу акырындык менен ишке ашты, ошондуктан орус-тузем мектептери, кыштактары негизделди. Келгиндер ачкан мектептерде колунда бар адамдардын балдары билим ала баштады. Орус кыштактары жергиликтүү элдин жеринин эсебинен ишке ашып, кыргыздар тоо таянып, качууга аргасыз болду. Россия падышалыгына кошулуу менен өндүрүштөгү тери иштетүүчү, май чыгаруучу заводдордун курулушу жана токой талаанын корукка алынышы сыяктуу көрүнүштөр прогрессивдүү боло баштады.

Бирок жерлердин корукка алынышы жергиликтүү калктын эсебинен ишке ашты. Корукчулардын ээнбаштыгы жана отун пул, жайлоо пул, малын эгин талаага, корукка түштү деп карапайым элди жазалоо, салык алуу курчуду. Орус оторчуларынын келиши менен элдин дин ишеними сакталды.

Бирок, келгиндердин администрациясы жалпы калкты көзөмөлгө алуу менен бирге эле молдолорго маяна берип, оторчуларга кызмат кылат деген ишенимде болгон. Бирок алар ойлогондой болбоду. Себеби молдолордун айрымдары падышалык бийликти колдосо, айрымдары падышалык бийликке нааразы болду. Элдин каада-салтында чоочун элементтер пайда болду.

Ал эми 1898-жылдагы Анжиан көтөрүлүшү элдин тарыхый эс тутумунда «Анжиандык кыргыздардын көтөрүлүшү», - деп аталды. Себеби Манас эпосунда Манасунда: «Атамдан калган Анжиан, Анжианды албасам», - деген ыр саптары далилдүү факт. Ошондой эле Аксылык, Алайлык, Теңир-Тоолук, Кашкарлык кыргыздар деген элдин тарыхый эс тутуму бар. Ошондуктан кыргыз элинде «анжиандык кыргыз», «анжиан кыргыздары» деп ал аймакка жакын аймактарды аташкан жана ал жерлер кыргыздардын кышкы конушу болгон. Орто Азия калктарынын арасынан отордук бийликке каршы күрөштө кыргыз элинин Анжиан кыргыздары эркиндикти, азаттыкты жогору койгон эркин эл экенин көрсөтө алды.

Бул көтөрүлүштү Анжиан аймагындагы кыргыздар, орус отордук бийлигине каршы күрөшкөн, көтөрүлүштүн курамында да кыргыздар

басымдуулук кылган, негизги башкаруучулар да кыргыздар болгонун тарыхый булактар да, соттук маалыматтар да, элдик ырлар да, акындар Жеңижок, Токтогулдун ырлары да ырастады. Анжиандагы азаттык кыймылынан кийин орус падышасынын бийлиги кыргыздарга карата, айрыкча баш көтөргөн башчыларына сын көз менен карап, келгиндерди куралдандырууну падышалык бийлик тездеткен жана азатыкка чыккан элди, жакшыларды кемсинтүүнү уланта беришкен.

Алым жыйноо күчөй баштаган, кыргыздарды жеринен сүрүп чыгуу адатка айланган, манаптардын кээ бири, келгиндерге жардам берген. Натыйжада, элдин улам наразылыгын курчуткан жана кыргыздар ачык да, жашыруун да эл жакшылары менен бирдикте наразы ойлорун билдире баштакан.

Ошентип, азаттыктын эволюциялык өнүгүү жолу, Орус оторчуларынын 1860-1868-жылдардагы түндүк кыргызстандын аймагындагы басып алуу аракеттеринде Осмон датканын, Үмөталынын азаттыкка умтулуусу менен башталды, бирок, булар аргасыздан падышалык бийликти тааныды.

Ошол эле мезгилде түштүк Кыргызстандын аймагында азаттыкка умтулуусу 1873-1876-жылдардагы кыргыз элинин улуттук-боштондук көтөрүлүшкө чыгуусу менен коштолду. Анын сап башында Исхак Асанбий уулу Кыргыз кокон хандыгын, мамлекеттүүлүгүн түзүү аракети болгон, ошол эле мезгилде Анжиан кыргыздарынын 1898-жылдары азаттыкка чыгуу көтөрүлүшү азаттыкка умтулган Анжиан кыргыздарынын көтөрүлүшү катары белгиледик.

Ал эми 1916-жылдагы улуттук-боштондук күрөш азаттыкка умтулууда «элдин хан шайлоосу, туусу, адат, салт» менен азаттыкка умтулуу, кыргыз мамлекетин кайра жандандыруунун формасы катары эсептесек болот. Алар башында чачкын болуп кийин уюмдашып, Кыргыз элинин ата журту, мамлекеттүүлүк, жер, элдин биримдиги үчүн күрөш жүргүздү. Ошентип, 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүш бардык көтөрүлүштөрдүн эъ

кайгылуусу жана Кыргыз элинин улуу азаттыкка умтулуусу катары эсептелинет.

Ал эми "азаттыкка умутулуунун кыргыз ыкмасы" – дегендик бул кыргыз эли жай турмушта ар бир уруу өз алдынча конуштарында эркин жашайт, ал эми душман басып киргенде, же адилетсиз бийлик болсо, ар бир уруу өз ойлорун ачык-так айтып чыгышкан. Эгерде душман же хан бийлиги адилетсиз болсо, колдоруна курал алып акыр аягына дейре адилеттик, азаттык үчүн күрөшкөн. Ал эми душман кыргыз жерине басып кирсе, кыргыз уруулары ата-бабадан калган жерди коргоого бардыгы "бир жеңден кол, бир жакадан баш чыгарып" душманга каршы туруп жердин, элдин биримдигин сактоого бел байлашкан.

Ошондой эле кыргыз уруулары жылына бир жолу кээде уруулук айрым маселелерди чечүү максатында курултай өткөрүшкөн. Ошондой курултайлар туралуу Т.Кененсариев [108, 161-б]: «Пишпекте жыл сайын ар бир уруудан бирден бий » жана анын бир нече кеңешчиси катышкан курултай өткөрүп турган",-деп жазат. Ал курултайларда элдин талылуу маселелерин чечип келишкен.

Ал эми уруу башчылыкка уруунун жакшыларын ар бир уруу уруулук жыйындарында акылдуусун, чеченин, кыраакысын гана уруу башчысы болууга уруулук жыйындарында гана чечим кабыл алышкан. Уруу башчысы чечимдерди уруу аксакалдары менен бирдикте тигил же бул чечимди кабыл алышкан. Уруу арасындагы терс көрүнүштөрдү уруу арасында катуу уяткаруу менен, жазалоо менен чечишкен жана жазага тартышкан. Ошондуктан ар бир уруунун мүчөсү өз уруусун башка уруулар арасында кадырын кетирбегенге, мыкты болгонго аракеттенишкен.

Демек, ар бир кыргыз уруусунун ички тартиби, жазалоо ыкмасы болгон. Ошондой эле кыргыз уруулары урууларынын ичиндеги салтты, наркты жана динди бекем сакташкан жана ар кандай чечимдер уруу ичинде кынтыксыз аткарылган. Аны менен бирдикте эле Кыргыз уруулары ата-

бабадан калган буюмду, жерди, ата-бабалардын рухун-арбагын “ыйык” сакташкан.

Ал эми кыргыздар ар дайым душмандарына каршы согушканда, тууган –уругу, куда-сөөгү, жек-жааттары, санаалаштары менен биргеликте каршы турган. Ошондуктан күрөшө кыргыз эли өз алдынча, өз ыкмасы менен азаттыкка умтулган деп белгилейбиз. Оторчулардын кыргыздын жакшыларын, баатырларын, азаттыкка умтулгандарын оторчу бийликтин кемсинтүүсү, ар дайым карам-каршылыктарды жаратып келген.

Натыйжада XIX кылымдын 1860-1868-жылдардагы жана 1873-1876-жылдардагы, 1898-жылдардагы жана 1916-жылдагы улуттук-боштондук көтөрүлүштөрүн кыргыз элинин «Азаттык күрөштүн кыргыз ыкмасы» катары атоо туура болот. Себеби азаттыкка умутулуунун «кыргыз ыкмасы» тарыхый жолун, азыркы мезгилде да уланууда.

Анын башкы мисалы катары 2005-жылдагы март, 2010-жылдагы апрель революциясында да ар бир уруу жайгашкан жерлери, уруунун жакшылары менен бирдикте болуп, азаттыкка умтулушту, тилектерин ишке ашырууга аракеттенип келүүдө. Бул азаттыкка чыгуу күрөштөр «Мекенчил кыргыздардын» азаттыкка умтулуусунун кыргыз ыкмасы катары бааланат.

Ошентип, азаттыкка умтулган кыргыздар жердин, элдин эркиндигин, улуулугун, мамлекеттүүлүктүн бирдиктүү идеясын даңазалашты жана азаттыкка көнгөн элдин улуттук рухунун пассионардуулугун тарыхта алтын тамгалар менен калтырды.

Корутунду чыгаруу менен төмөндөгүдөй **практикалык кеңештерди** сунуштайбыз:

Анда XIX кылымдын экинчи жарымы-XX кылымдын башындагы орус оторчулугунун элдик оозеки чыгармалар аркылуу изилдеп чыккандан кийин төмөндөгүдөй **практикалык сунуштар берилет:**

- Орусия падышачылыгынын Кыргызстандын аймактарын каратып алуусунун элдик оозеки чыгармаларда чагылдырылышын тарыхый-этнографиялык багытта терең жана ар тараптуу изилдөө, окуу китеби

болгон Ата Мекен тарыхына өз алдынча тема катары киргизүүнү сунуштоо;

- диссертациядагы илимий жаңылыктардын жыйынтыктарын жана сунуштарды Кыргызстандын тарыхы боюнча жалпылаштырылган эмгектерге киргизүү;
- жогорку жана орто кесиптик окуу жайларында атайын «Тарыхый фольклор жана край таануу» аталышындагы курстарды уюштуруу;
- кыргыздын белгилүү тарыхый инсандарынын(Исхак Асан бий, хан Полотбек Токтогул уулу, Момун Шамурзак уулу, Мадали эшен) тагдарылары менен бейнелерин кайрадан изилдеп, тактоолорду киргизүү;
- элдик оозеки чыгармалар, фольклордун үлгүлөрү илимде тарыхый-этнографиялык булак катары кызмат кылары сыпатталды;
- тарыхый-этнографиялык булак болгон элдик оозеки чыгармалар аркылуу такталган тарыхый маалыматтарды окурманга жеткирүү үчүн түрдүү форматтагы илимий-практикалык конференцияларды, тегерек үстөлдөрдү, дикуссияларды уюштуруу максатка ылайыктуу болот;
- орто мектептердин лкуу программаларына «тарыхый фольклор жана анын тарыхты, этнографияны изилдөөдөгү ролу, орду» жана «фольклор жана этносаясат» аттуу факультативдик кошумча дарстарды сунуш этүү;
- бул багыттагы факультативдик сабактарды край таануу багытында да пайдалануу жаш жеткинчектерди патриоттуулукка, элди, жерди сүйүүгө чакырары ырас;
- тарыхый-этнографиялык, этнополитологиялык булак катары кызмат өтөгөн элдик оозеки чыгармаларда кыргыздардын кошуна элдер менен болгон этногенетикалык жана этномаданий байланыштары чагылдырылат. Ириде бул маалыматтар кошуна элдер менен достук жана ынтымакта жашоого чакырары ырас;

- Элдик оозеки чыгармалар, фольклордун айрым жанрларынын тарыхый окуяларды жана кубулуштарды изилдөөдө тарыхый-этнографиялык этносаясий таануу тармагында булак болуп калат;
- тарыхый-этнографиялык булактардын бир тарабы болгон элдик оозеки чыгармалар, фольклордун үлгүлөрү менен тарыхый жазма булактарды айкалыштырып изилдөө иштери аталган проблема боюнча олуттуу натыйжаларын берери ырас;
- фольклордун бир жанры болгон генеалогиялык баяндар (санжыралар, болмуштар, тарыхый баяндар) XIX к. орто чени - XX к. биринчи жарымы боюнча тастыкталган тарыхый булак катары кызмат өтөй алат;
- элдик оозеки чыгармалардын үлгүлөрүндөгү өткөн тарыхый доорлордун урунтуу тарыхый окуялары, белгилүү тарыхый инсандары жана алардын тагдырлары боюнча маанилүү булак болуп калат;
- XIX кылымдын экинчи жарымы - XIX кылымдын башында кыргыздардын "үч чоң державалардын" (Орусия, Англия, Цинь Кытайы) стратегиялык талашына айлануусу, кыргыздардын саясий бытырандуулугу булактаануучулук адабияттарда жана элдик оозеки чыгармаларда, фольклордо бирдей тастыкталат жана болочок изилдөөлөргө булак катары кызмат кылат;
- диссертациялык иште орус падышалыгынын колониялдык жана баскынчы саясатына каршы күрөштү жетектеген, айрым себептер менен эскерилбей келген инсандардын тарыхый орду тастыкталып, ишмердүүлүтөрү такталды, тарыхый жана этнографиялык булактардын негизинде илимий чөйрөгө сунуш этилди;
- колониялдык саясатка каршы күрөштү чагылдырган, мурда илимге белгисиз болуп келген фольклордук, тарыхый-этнографиялык маалыматтардын жаңы үлгүлөрү табылып, иликтенди, жыйнактарга киргизүүгө сунуш этилди;

- заманчы - философ акындардын боштондук, теңчилик, тынчтык жана кыргыздын болочок жашоосу тууралуу айткан, жазган чыгармаларына тарыхый-этнографиялык багытта тереңдетип изилдөө сунуш этилди;
- түштүк кыргыз урууларынын башкаруучулары Алымбек датка, Алымкул аталык, Исхак Асан уулу, Полотбек Токтогул уулу, Шер датка, Шамырза датка, Миңбай датка, Момун даткалар Кокон хандыгын кыргыз мамлекети катары кабыл алышып, ордо саясатына активдүү катышкандыгын элдик оозеки чыгармалардын маалыматтарында, фольклордун үлгүлөрүндө такталары аныкталды жана бул илимий пикирди кеңири жайылтуу сунуш этилди;
- диссертациядагы изилдөөлөрдүн негизги объектиси болгон элдик оозеки чыгармалар, фольклорун айрым жанрларындагы (мисалы, санжыралык маалыматтар) маалыматтар менен тарыхый окуялар жана элдик оозеки чыгармалардын ортосунда тарыхый-этнографиялык параллелдүү жалпылыктар аныкталып, илимде кеңири изилдөөлөрдү жүргүзүүгө болору сунуш этилди.

# ТИРКЕМЕЛЕР

## Тиркеме 1. 1898-жылдагы Анжиан кыргыздарынын азаттык көтөрүлүшүнө катышкандар тууралуу жалпы маалыматтар

ПРИГОВОР

По указу его императорского Величества
1898 года августа третьего дня, Временный Военный Суд г. Намангань под представительствомъ Председателя Суда Генераль-Майора Лобавского въ закрытомъ судебном заседании, въ котором присутствовали:
Временные члены:

7-го Туркестанского линейнего батальона. Командир: полковникъ Полонский, подполковникъ Савицкий, 4-го Туркестанского линейного батальёна Подполковникъ Рукин и 18-го Туркестанского линейного батальёна Подполковникъ Кузовичъ при участии Военном Прокуроръ Генералъ-Майора Деминскомъ и при исполнении обязанности секретаря Коллегии Владимирова слушали дъело о туземцах Ферганской области 1, Сусамырской волости:

1. Шадыбекъ Хальфа Шир Газиев, киргиз, рода **багышъ**, 70 лет
2. Умметъ Али бекъ Багышъ Теков, киргиз, рода саяк

..............................................

45. Ибрагим Бакиев, киргиз, рода кутунай, 27 лет
47. Барчынь Исмаилов, киргиз, рода **багыш**, 37 лет
47. Куль Сасык Байсалов, киргиз, рода кутынай, 47 лет
48. Бакай-Бек Булатов, киргиз, рода кутынай, 70 лет
49. Бектанъ Яращев, (Жарашев болушу мүмкүн. М.Ө.), киргиз, рода сары-багыш, 59 лет.
50. Баитъ Яращев, рода сары-багыш, 44 лет
51. Куль-Назар (Жобасаров болушу мүмкүн М.Ө.), киргиз, рода сарыбагыш,

25 лет

52. Нусуп-Али Мадъ Амиров, киргиз, рода сарыбагыш, 25 лет

53. Мамыр Бай Яращев, киргиз, рода сарыбагыш, 60 лет

54. Суран Яркинбаев (Жаркынбаев болушу мүмкүн М.Ө.), 25 лет

55. Киргиз-Бай (он же Бечель) Адыев, 25 лет

56. Маймылъ Джанузаков, киргиз, рода сарыбагыш, 30 лет.

57. Умыкеъ (он же Эмике) Яращев, киргиз, рода сарыбагыш, 48 лет

58. Яркынбай Даирбеков (Жаркынбай болушу мүмкүн М.Ө.), киргиз, рода сарыбагыш, 58 лет

59. Шамшыр Найманов, киргиз, рода сарыбагыш, 56 лет

60. Джанузакъ Бакчиев, киргиз, рода сарыбагыш, 52 лет

61. Маакэ Яращевъ, киргиз, рода сарыбагыш, 44 лет

62. Якубъ Токтаров, киргиз, 40 лет.

63. Уста-Анаръ-бай Бердибековъ, киргиз, рода сарыбагыш, 28 лет

64. Нуръ-Метъ Салмановъ, киргиз, рода бегеть, 14 лет, преданным военному суду

Командующим войсками Туркестанского военного округа по обвинению в участию в заговоре с целью ниспровергнуть русское владычество в крае. Выслущивь дело суд признал виновными: 1, подсудимых: 1, Шадыбека Хальфа Шир Газиева, 2, Уммать Али-бек Багыш-бекова, 3, Тюра бий Бешкампирова, 4, Мирза Бек Наркозыева, 5, Мулла Тюрахан Арифбай Агалыкова, 6, Игамберды Халыбекова, 7, Карабашъ Садырова, 8, Стам Эдиль Макачиева, 9, Кулдамбай Истамбекова, 10, Багышбек Акимбекова, 11, Хаджибек Атамбаева, 12, Дакы Сатылганова, 13, Мамаке Макашева, 14, Итбай Осмонова, 15, Усамед Али Бекмурзаева, 16, Мамбет Али Букиева, 17, Мулла Асан Бекиева, 18, Умур-Али Ярашева, 19, Маки Башкампирова, 20, Мулла…Не виновными по не доказанности этих дйяний и Судом постановлень приговорь. Подлинную подписали начальник штаба Генерал-майор Бибямский заведующий Судного частъю Зубков. С подлинной верно:

Председатель Туркестанского Военно окружного Суда Генерал-Майор Сверял и.д. помощника секретаря Владимиров. Подпись Мындан тышкары, өлүм жазасына өкүм чыгып, бирок Улуу Императордун боорукерлиги менен кечирим берилип, өлүм жазасын 7 жылдык сүргүнгө айдоо менен алмаштырууга өкүм чыккан толук эмес 27 кишинин тизмеси менин колумда бар.

Алар төмөнкүлөр: Игамберды Халыбеков, Карабашъ Садыров, ..5. Стам Эдил Макашев, Кулдамбай Истамбеков, Багышбек Акимбеков, Хаджибек Атамбаев, Дакы Сатылганов. 10. Мамаке Макешов,Итбай Осмонов,Уммет Али Бекмурзаев, Мамбет Али Букиев, Мулла Асан Бекиев, 15. Умур Али Ярашев, Моки Бишкампиров, Мулла Сувхан, Кул Буганаев,Умар Бишкампиров, Даулат Акимбеков 20. Мурад Акимбеков, Мулла Джаникул Карачаев, Бий Наркеев, Бабабек Дивана, Мир Адилов, 25.Тохтакул Сатылганов, Али Чибильев, Кипчакбай Тюляганов, Мулла Хайдар Али, Мулла Халмурзаев.

